№ 3(26)
2013

Вестник БГУ

К.КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ

НАУЧНЫЙ ЖУРНАЛ БИШКЕКСКОГО ГУМАНИТАРНОГО УНИВЕРСИТЕТА им. К.КАРАСАЕВА

Научный журнал основан
в 2003 г.

РЕДАКЦИОННЫЙ СОВЕТ

САДЫКОВ К.Ж., ПЛОСКИХ В.М., АКМАТАЛИЕВ А.А., БӨРҮБАЕВ А.И., САДЫКОВ А.С., ИСАЕВ К.И., БАЙГАЗИЕВ С.Б.

Главный редактор

МУСАЕВ А.И.
д.ф.н., профессор

Зам. главного редактора

ИСКЕНДЕРОВА С. И.
д. ф. н., профессор

ЧЛЕНЫ РЕДАКЦИОННОЙ КОЛЛЕГИИ

ОРМОНБЕКОВА А.О., ЧОГУЛДУРОВ М.Д., ИСМАИЛОВА Э.И., САВИН В.Е., КОЗУЕВ Д.И., ЕЛЕБЕСОВА С.А., МАШРАПОВ Т.Т., РЫСКУЛОВ Т.М., КАРЫМШАКОВ С., КАДЫРКУЛОВА Ф., АСАНОВА А.А., АБДУЖАБАРОВ Х., ДЫЛДАЕВ М.М., ТОКСОНБАЕВ Р.Н., ИШЕМКУЛОВ Т.И.

Журнал зарегистрирован в Министерстве юстиции КР
Свидетельство о регистрации № 504
от 2 марта 2001 г.

ISBN 9967-410-59-0

© Бишкекский гуманитарный университет

СОДЕРЖАНИЕ:

СОЦИОЛОГИЯ

Урматтуу окурмандар!....4
Исаев К. Кыргыз улуттук социологиясы: калыптанышы, абалы жана келечеги....5
Эдилова М.М. Гендер жана гендердик саясат....7
Нурова С. С. Институционализация социологии в Кыргызстане (персоналии)....9
Салморбекова Р. Б. Модификация социально-демографических процессов в антропосоциетальном изменении....11
Асан уулу К., Өмуралиева Д.К. Социологиялык иликтөөлөрдүн негизинде жайыттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдору....13
Малтабаров Б.А. Прикладная социология ислама в Кыргызской Республике....16
Шайылдаева А.К. Миграциянын аялдарга тийгизген орчундуу көйгөйлөрү....19
Сыргабаев С. Образ современного "кыргыза" в пространстве этнической идентичности кыргызстанцев....21
Боконтаева Дж.К. Предпринимательство как форма реализации женской активности и самостоятельности....24
Сейитбаев Б.Т. Кыргызстанда элита социологиясы: абалы жана келечеги....26
Мендибаев Н. Айыл - антропосоциеталдык бүтүндүк катары....28
Шайдуллаева Т.Ж. Феномен "ОБОН" и его неслучайный характер в кыргызском обществе....31
Мадалиев М.М. Проблемы демократизации политической власти в республике....34
Тайлакова А. Социокультурные условия формирования экологического благополучия Кыргызстана....36
Жунушова С. О. Особенности воздействия средств массовой информации на трансформации социальной идентичности студенческой молодежи Кыргызстана в современных условиях....38
Жусубалиев А.Р. Жалпы кыргызстандык жарандык идентүүлүктүн социологиялык өңүтү....40
Тайлакова С.Дж. Юриспруденция и социология: их взаимосвязь и соотношение....42
Малтабаров Б. А. Теоретическая социология ислама в Кыргызстане...45
Алымбаева Н. Н. Сознательное одинокое материнство: социологический анализ....46
Казак кызы Н. Понятие "элита" в социологических исследованиях и особенности ее изучения в Кыргызстане....48
Ашмалиева Г. Бедность как социальная проблема и роль предпринимательства в ее преодолении....50
Джигитеков К. Саясий элитаны парламент аркылуу калыптандыруудагы шайлоочулардын ролу жана өз ара мамиле көйгөйлөрү....53
Чырчыкбаева Э. Ж. Понятие "детства" в современных социальных науках....58
Казак к.Н. Особенности исследования элиты в политической науке....61
Токтоналиева С.И. Кыргызстандагы инсандардын социалдык укуктары....63
Эшанкулова Н.А. Состояние политической элиты Кыргызстана: история и современность (Социологический анализ)....65
Сейитбаев Б.Т., Абасбекова Г. А. Политико-философские взгляды Средневековых мыслителей Жусуп Баласагына и Махмуда Кашгари о правлении....68
Торогельдиева Б.М. Социальный диалог гражданского общества и власти в борьбе против коррупции....71

Усенова К. Б., Омуралиев Н.А. Методологические проблемы разработки регулирования межэтнических отношений в постконфликтный период на уровне местных органов власти и местных сообществ.....74
Кулубаев М.А. Тревожность и эмоциональное выгорание.....76
Окенаева М. Ж. Влияние региональных элит на формирование и функционирование политической власти в республике.....79
Жандолотова А.Т. Социологическое образование в БГУ им. К. Карасаева.....82
Каримова К. Өспүрүм балдардын социалдык-педагогикалык маселелерин жоюу боюнча борборлор.....84
Арстанбек М. Кыргыстандагы исламафобия.....86
Таштобаева Б.Э. Влияние глобализации на процесс получения технического образования: проблемы и противоречия.....88
Каримова Д.Кыргызстандагы наркоманиянын учурдагы маселелери жана алардын чечилиши.....90
Асаналиев У. А. Анализ и прогнозировани угроз развития кризисных политических процессов в Кыргызской Республике.....93
Аширалиев Д.А. Особенности социологии в условиях глобальной научной революции.....95
Уркунчиева Р. Ж. Особенности молодежной культуры кыргызстанского общества.....97
Арстанбек М. Саясат оюну же мусулман ресурсу.....100
Мусаева А.К. Сиротство как социальная проблема...102
Каримова К.Ү.Балдардын девианттык жүрүм-туруму жана анын алдын алуу.....104
Ибайдуллаев Х. Музей социалдык-маданий тарбия берүүнүн очогу катарындагы айрым маселелери.....106
Айтбаева П.М. Кыргызстандагы кесиптик социалдык ишкерлерди даярдоо спецификасы.....108
Канафина Г. Е. Особенности проведения социальной политики в отношении ЛОВЗ в Казахстане.....111
Казак кызы Н. Особенности исследования элиты в политической науке.....113
Усенова К. Б. Методологические вопросы социологического анализа межэтнических конфликтов.....115
Кашкароева А.А. Социологический анализ ИКТ и перспективы их развития в Кыргызстане.....117
Кошбакова Б.М. Концепции и идеи социокультурного процесса в социологии и их актуализация в современных условиях.....120
Айменов А. Ж. Методика изучения преступности среди молодежи.....122
Федорова С.В. Феномен одиночества в современном обществе.....124
Усубалиева А.А. Изменение семейно-брачных отношений молодежи в условиях глобализации.....126
Токтогонова К.Д. Влияние глобализации на формирование культурной идентичности личности и ее самосознание.....129
Арабаев А.А. Правовая политика Кыргызстана: роль науки в формировании и реализации.....131
Үнал А. Кыргызстанда үй-бүлө социологиясы: илимий иштер.....133
Аширалиева Э.Д. Социология экологии в переориентации общественного сознания.....136
Каримова Д. Мектеп жашындагы балдардын социалдык дезадаптациясы.....138
Сабирова В.К. Лирические мотивы "Московских припевов"(Москва кайрыктары).....140
Качиева А.Е. Мектептин таалим-тарбия системасынын заманбап концепциялары.....142
Жунусова Г. Т. Личность как социальная проблема.....144
Токтобаев К.А. Психолого-педагогический аспект готовности студентов к самостоятельной учебной деятельности.....147
Мамырканов М.А. Социокультурные последствия миграционных процессов в Кыргызской Республике.....150

ТИЛ ИЛИМИ

Марченко Е.И. Особенности регионального русского языка в Кыргызстане через призму словотворческого процесса.....153
ЖаанбаеваК.Б., НаркееваА. "Манас" эпосундагы фразеологизмдер көркөм сүрөттөөнүн каражаты катары.....155
Жумалиев Ж. Оозеки тил менен жазма тилдин карым-катышы жөнүндө.....158
Осмонкулова Ж.А. Использование пословиц и поговорок в обучении английскому языку.....159
Садыков Т., Гүлбахар Ө. Түрк жана кыргыз тилиндеги сын атоочтун даражалары жөнүндө.....161
КарымшаковаА., Турмаханбетова А. Кыргыз жана түрк тилиндеги алкыш жана каргышты туюндурган лексика.....162
Жумалиева Р.Б. Оксюморондук сөз айкашындагы сөздөрдүн байланыш жолдору.....166
Эркинбек кызы Н. Фразеологические единицы с компонентом "неделя".....168
Moldogazieva N. The usage of alliteration in epic "Manas".....172
Жумалиев С.С. Орто кылымдык кыргыз-түрк доорунда кабыл алынган Иран-араб сөздөрүнүн катмары.....175
Шакенбаева Г.К. Этнолингвистика илиминин тарыхынан.....178
Даньдань Ли Способы выражания сравнительной и превосходной степеней прилагательных в современном китайском языке.....181
Жумалиев С. «Манас» эпосундагы айрым мал чарбачылык термининин этимологиясы.....184
Болот А. Возникновение новых фразеологических единиц.....188
Садыков Т., Күчүк М. Мамиле категориясынын кыргыз жана түрк тилиндеги контексти жөнүндө.....190
Кенан Я. Мамлюк-кыпчак жазма эстелиги.....192
Жумалиев Ж. Б. М.Юнусалиевдин Кыргыз диалектилерине берген классификациясынын өзгөчөлүктөрү.....194
Садыков Т., Яйла О. Түк тилиндеги этиштин жаксыз формалары.жөнүндө.....198

АДАБИЯТ

Акматов Б. Мухтар Ауэзовдун адабий-эстетикалык көз карашынын калыптануусуна карата XX кылымдын башындагы кыргыз жана казак адабиятындагы абалды изилдөөнүн теориялык жана методологиялык маселелери.....202
Танаева Н. Салттык окуялардын башаты - улуу манасчылардын вариантгарында 205
Акматов Б. Мухтар Ауэзовдун алгачкы

адабий-эстетикалык дүйнө таанымы жана XX кылымдын башындагы кыргыз адабиятындагы абалды изилдөөнүн методологиялык маселелери.....207
Шенгун А. Каада-салт ырларынын кыргыз адабият таануу илиминде изилдениши.....209
Өзайдын Х. Ихсан Октай Анардын "Афрасияб аңгемелери" романындагы мифтердин жаңыча интерпретацияланышы.....212
Шенгун А. Каада-салт ырларынын түрк адабият таануу илиминде классификацияланышы.....214
Өзайдын Х. Ихсан Октай Анардын романдарындагы жакшылык жана жамандык жөрөлгөлөрү.....217
Күчүк И. Чынгыз Айтматов жана Орхан Кемалдын «Жамиля»аттуу чыгармаларынын окшоштуктары жана айрымачылыктары.....220
Ибраимов К. Балдар фольклорундагы оюн айтымдары.....224
Кеклик М. «Ак Кеме» повести туурасында үч көз караш.....227
Ибраимов К. Балдар фольклорундагы сөз оюндары.....230
КекликМ. Омор Сооронбдун "Кыргызым ай, кыргызым!" ыр китеби туурасында.....231
Эшмамбетова Н. Эрнист Турсуновдун романдарын изилдөө маселесине таандык методологиялык принциптер.....234

ПЕДАГОГИКА

Омуралиева К. Как научить иностранных студентов использовать синонимыв русской речи..237
Жумалиева Р. Кыргыз тилинин инновациялык метод менен окутуу ыкмасынан).....239
Сыдыкбаева М. Глобалдаштыруу шартында ар кандай адистиктердеги студенттерге мамлекеттик тилди окутууну оптималдаштыруу.....241
Кунанбаева М.Ш. Поликультурное образование на уроках русского языка в средних общеобразовательных учебных заведениях Республики Казахстан.....242
Муаммер Г. Формирование готовности будущих учителей математики к работе с одаренными детьми Казахстана.....245
Токторбаева.Ф. Использование компьютерной технологии в обучении иностранному языку.....247
Сабырова Э. Башталгыч класстагы окуучулардын социалдык активдүүлүгүн калыптандыруунун ыкмалары.....249
Токтоназарова К. Компетентность учителя иностранного языка.....251
Инанды О. Окутуу парадигмаларын өзгөртүүнүн зарылдыгы.....253
Токтоназарова К. Особенности лингвистического общения.....255
Инанды О. Инновациялык ишмердикке активдүү кошулуу: талаптар, жолдор, натыйжалар.....257
Султанова Г. Развитие творческих способностей студентов на занятиях по русскому языку и культуре речи.....259
Сураналиева К. Т. Сатылгановдун биографиясын тарыхый окуялар менен байланыштырып окутуу.....261
Гөле М. Австриянын билим берүү системасы.....263
Касымбекова Н.Ж. Оюн технологиясын кыргыз тили сабагында колдонуу.....268
ОсмонкуловаЖ.А. Keeping discipline the classroom..269
Сагынбаева Г.И. Эки баскычтуу билим берүү шартында студенттердин тексттин эң кичине бирдиги болгон сүйлөмдөрдүн түрлөрүнө үйрөтүүнүн айрым ыкмалары.....271
Исаева Н.К. Студенттердин Жогорку окуу жайына көнүүсүндөгү көйгөйлөр.....273
Елкуван Ф. Ислам доорундагы түрк тарыхынын булактары жана медреселерде тарыхый билим берүү.....276
Суранова Н.Р. Колледждин студенттерине кыргыз тилин окутууда колдонулуучу текстти тандоо маселеси.....278
Елкуван Ф. Исламга чейинки түрк тарыхынын булактары жана тарыхты окутуп үйрөтүү 280
Султанова Н. Кыргыз тили сабагында текстти колдонуунун тарыхынан.....282
Оздемир Ж. О некоторых вопросах изучения турецкого языка в Казахстане.....283

ПСИХОЛОГИЯ

Азбергенова Г.А. Феномен обратного культурного шока в поликультурном образавательном пространстве: к постановке проблемы.....286
Айткулова Ж.Д. Переживание одиночества молодежью в ситуации отрыва от семьи.....287
Джолбулакова Ч.А. Понятие тревожности.....289

ТАРЫХ

Omirkuliyeva M. Geçmişten Bugüne Kadar Türkmenlerin Yomut Boyu.....293
Yeter A.R. Kırgızstandakı ilk ılmı incelemelerde 1916 halk haracetin yansılmaları (1920-1936).....295

ПОЛИТОЛОГИЯ

Казакова Н. Влияние глобализации на формирования региональной интеграции в Центральной Азии.....298
Мадалиев М., О необходимости знания проблем гражданского общества 300
Дуйшеналиева А. Перспективы развития местного самоуправления в Кыргызской Республике.....303
Дуйшеналиева А. Взаимодействие и взаимосвязь органов государственного управления и местного самоуправления в КР.....305
Дюшекеев Д.С. Демократическая консолидация как тенденция политического процесса в современном Кыргызстане.....308

ЭКОНОМИКА

Ибраева В. Факторы, влияющие на состояние рынка труда.....311
Бортоева Э. Инновационный путь развития: предпосылки, необходимость и перспективы.....313

ЭКОЛОГИЯ

Меркулов П.И., Меркулова С.В., Чогулдуров М.Д., Чогулдурова Э.К. Климатические условия как фактор развития туризма в Республике Мордовия.....316
Дылдаев М.М.,Чотиев Ж.Б. Экологическая безопасность Кыргызской Республика и тенденция устойчивого развития.....320

УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!

Үстүбүздөгү жылдын 29-ноябрында, К.Карасаев атындагы БГУнун социология кафедрасынын түзүлгөндүгүнүн 20 жылдык жана социологиялык изилдөөлөр кызматынын 30 жылдык маракесине арналган "30+20: улуттук социологиянын өнүгүү тажрыйбасы" аттуу илимий-практикалык конференция болуп өттү. Мааракелүү иш-чарага өлкөнүн илимий жана эксперттик коомчулуктарынын кеңири чөйрөсү: борбор калаанын жана республиканын аймактарынын (Баткен, Ош, Жалал-Абад, Нарын, Талас, Ысык-Көл ж.б.) жогорку окуу жайларынан, илимий мекемелерден, изилдөө (консалтинг) уюмдарынан келген көрүнүктүү окумуштуу социологдор менен бирге эле философтор, политологдор ж. б.гуманитардык илимдердин өкүлдөрү, жаш окумуштуулар, аспиранттар жана студенттер катышты. Мамлекеттик түзүмдөрдөн конференцияга КР Жогорку Кеңешинин, КР Билим берүү жана илим министрлигинин, КР Эмгек, миграция жана жаштар министрлигинин өкүлдөрү, ошондой эле массалык маалымат каражаттарынын журналисттери катышты.

"30+20: улуттук социологиянын өнүгүү тажрыйбасы" аттуу илимий-практикалык конференцияны К. Карасаев атындагы БГУнун илимий, эл-аралык байланыш жана мамлекеттик тил иштери боюнча проректору, филология илимдеринин доктору проф.С.И.Искендерова ачты. Конференциянын пленардык ишинде Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Философия жана Саясий-укуктук изилдөө институтунун директору, философия илимдеринин доктору, УИА мүчө-корреспонденти проф. О.А.Тогузаков, Кыргызстан Социологиялык Ассоциациясынын президенти, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин социология бөлүмүнүн башчысы проф.,К. Исаев, КР УИА ФСИИнин бөлүм башчысы, философия илимдеринин доктору, проф. М.Ж.Жумагулов, КР УИА окумуштуу катчысы Г.У.Сооронкулов, С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин илимий жана инновациялык технологиялар иштери боюнча проректору, КСАнын Нарын аймагы боюнча координатору экономика илимдеринин доктору, проф., Д.К. Омуралиева ж. б. белгилүү окумуштуулар катышышты.

Конференциянын алкагында үч секция иш алпарып, аларда Кыргызстандагы социологиялык билимдин жана илимдин калыптануу, өнүгүү маселелери, улуттук социологиянын ааламдашуу шарттарындагы келечек багыттары, социологиялык билим берүүдөгү инновациялык тажрыйбаларды алмашуу, кесипкөй социологдордун, эксперттик коомчулуктун ортосундагы алаканы түзүү ж.б.актуалдуу маселелер боюнча 120дан ашык илимий баяндамалар каралды. Конференциянын жүрүшүндө жалпы социалдык-гуманитардык илимдердин орду жана мааниси, аларды заманбап Кыргызстандын коомун илимий башкаруу үчүн колдонуу көгөйлөрү да талкууланды. Өзгөчө кызыгууну - "Жаш изилдөөчүлөр" секциясы жаратты. Анткени бул секция ушул өңдүү илимий жыйындардын тажрыйбасында биринчи жолу уюштурулуп, анын алкагында жаш окумуштуулар, аспиранттар жана студенттер кызыктуу жана маанилүү темаларда илимий баяндамаларын жасашты.Конференцияда төмөнкүдөй резолюция кабыл адынды.

- *Социология адистигине абитуриентерди кабыл алууда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан К. Карасаев атындагы БГУнун "Социология" кафедрасына гранттык, б.а. бюджеттик орундарды берүү зарыл;*
- *Дүйнөлүк жемиштүү практикага ылайык, Бишкек шаарындагы, ошондой эле республиканын аймактарындагы бардык профилдеги ЖОЖдордо, кесиптик-техникалык окуу жайларында "социология" дисциплинасын милдеттүү сабак катары киргизүү абзел. Бул болочоктогу кесип ээлеринин коом тууралуу билимин, дүйнөтаанымын, ой-жүгүртүүсүн, социалдык-саясий маданиятын өстүрүүгө, активдүү жарандык позициядагы инсанды калыптандырууга шарттарды түзөт;*
- *Социология илими боюнча кыргыз тилиндеги окуу куралдарынын (мис., жалпы социология, саясат социологиясы, инсан социологиясы, жаштар социологиясы, дин социологиясы, этносоциология, билим берүү социологиясы, башкаруу социологиясы, айыл социологиясы ж.б.), ошондой эле окумуштуулардын илимий басылмаларынын, изилдөөлөрүнүн жарык көрүшүнө мамлекеттик колдоо көрсөтүү зарылдыгы;*
- *Социолог-студенттердин жогорку окуу жайлар аралык кызматташуусун (мис., дебаттар, диспуттар, кереге-кеңештер ж.б. илимий-маданияттык иш-чараларды) күчөтүү аркылуу илимий социологиялык коомчулуктун өнүгүшүнө, эң негизгиси жаштардын илимге тартылышына шарттарды түзүү;*
- *Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясында социология бөлүмүн (түзүмүн, институтун) ачуу жана социология боюнча корреспондент-мүчө ордун бөлүү маселесин чечүү сунушталат;*
- *Социологиялык изилдөөлөрдү (өзгөчө улуттар аралык мамилелерге, жалпы мамлекеттик коопсуздукка, коомдук-саясий туруктуулукка, кыргыз элинин биримдигин бекемдөөгө байланышкан) жүргүзүү жана анын жыйынтыктарын өлкө деңгээлиндеги чечимдерди кабыл алууда, жалпы эле мамлекеттик саясатта, стратегиялык пландарды иштеп чыгууда колдонуу тайрыйбасын кеңири жайылтуу учурдун бирден-бир талабы болуп эсептелет.*

Кусеин Исаев,
Кыргыз эл мугалими,
философия илимдеринин доктору,
социология жана философия илимдеринин профессору,
Кыргыз социологиялык Ассоциациясынын Президенти

КЫРГЫЗ УЛУТТУК СОЦИОЛОГИЯСЫ: КАЛЫПТАНЫШЫ, АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ

I. "Социология" деген түшүнүктүн пайда болгонуна бир жарым кылым болду. Алгач Францияда 1838-жылы пайда болгон. Социология илим катары - жаңы индустриялык Европага ылайыкташкан илимий байкоону, тажрыйбаны жана салыштырууну пайдаланган. Огюст Конттун пикири боюнча социология - илимдин төбөсү катары социалдык динамиканын жана социалдык статиканын көз карашында талдоо аркылуу өнүгүшү зарыл эле. Кийин социология тарыхый социалдык түзүлүштөрдүн, коомдордун атайын социалдык мыйзамдарын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн ошондой эле бул мыйзамдардын калктардын, таптардын, социалдык топтордун жана инсандардын иш-аракеттериндеги көрүнүштөрүн изилдей турган илим катары калыптанып өнүгө баштаган. Азыркы убакта жер жүзүнүн бардык материктеринде социология толук кандуу жарандык укуктагы илим катары өзүнүн методологиясы, теориясы жана ыкмалары менен кеңири жайылган. 1901-жылы 14-ноябрда Париж шаарында "Бүткүл дүйнөлүк социология күнү" деп жарыялап, Европа, Америка, Азия мамлекеттеринде майрамдап жүрүшөт. 2014-жылы 14-ноябрда К. Карасаев атындагы гуманитардык университеттин социология кафедрасы кыргыз социологиялык Ассоциациясынын атынан майрамдап, мындан ары 14-ноябрды социологиянын дүйнөлүк күнү катары белгилеп жүрүүгө чечим кабыл алышты.

II. 1917-жылы большевиктер уюштурган социалисттик революцияны ошол кездеги орус гуманитар окумуштуулары кабыл алган эмес. Ошондо В.И. Ленин орустун мыкты социологдору, философтору, тарыхчыларын, экономисттерин - 126 кишини параходго отургузуп, чет мамлекетке кууп чыккан. Ошолор Франциянга барып француз тилинде, Германияга барып немис тилинде, Америкага барып орустардын англис тилинде гуманитардык илимдерин өнүктүрүшкөн. Россияда социология илимине "жалган буржуазиялык илим" деп тыюу салган. Ошентип, 1985-жылга чейин социология илими Советтер Союзуна келген эмес. Ошол жылы Горбачевдун, "Жаңылануу" деген саясат болбоду беле, ошол саясаттын учурунда Орусияга келип, адегенде колдонмо социология - лаборатория, цехтер катары уюшулган. Анан СССР тарап, азаттык, демократия, боштондук келгени 1991-жылдан баштап социология ар тараптан Россияда жана жаңы пайда болгон улуттук мамлекеттерде жана Кыргыз Республикасында дагы өнүгө баштаган.

III. Мен 20-кылымдын 60 - 70-жылдарында Москвада кандидаттык, доктордук диссертацияларды коргодум. Европа, Америка, Азия мамлекеттерде илимий конференцияларга катыштым. "Социология" эмне экендигин түшүнүп келдим. Биринчи Политехникалык институтта 1983-жылы социологиялык илимий изилдөө лабораториясын уюштурдук. Колдонмо, социологиялык ыкмалар менен изилдөөлөрдү жүргүздүк жана республиканын элиталарынын бейнесин баалоонун салтын түптөдүк. Мамлекеттик Кара-Көлдөгү заводдун, Калинин районундагы совхоздун социалдык өнүгүү пландарын түздүк. Айылдардан келген кыргыз жаштарынын шаардын жана завод-фабрикалардын шарттарына, жашоо-тиричиликтин өзгөчөлүктөрүнө көнүү мүмкүнчүлүктөрүн социологиялык изилдөө жүргүзүлүп, тажрыйбалык жыйынтыктар корутундуланган. Ошол изилдөөнү жүргүзгөн Кыргыз Республикасынын жаштары илимий-ыкмалык жагынан күчтүү болушкан. Эмил Ниязов, Карабек Жигитеков, Азис Жусупбеков, Чынара Сейдакматова, Гүлмира Маатказимова жана мен Кыргыз Республикасынын жаштарынын сыйлыгын алганбыз. Ошондон кийин Политехникалык институтта 10 жыл иштедим. Кыргызстан 1990-жылы азаттыкка чыкканда атактуу ФПИни жасалма түрдө үчкө бөлүп жиберишти. Ошондон кийин мен дагы Гуманитардык университетке кетүүгө аргасыз болдум. БГУда "Башкаруу жана социология" факультетин ачтык. Андан көптөгөн билимдүү, кесипкөй социологдор, политологдор чыкты. Азыр көрүнүктүү, элге таанымал болуп калган алгачкы политологдор - Назира Аалы кызы, Нурзат Наматбекова. Аалы кызы Назира КТРдин маданият жагын тейлеп, кыргыздын рухун, духун, жан дүйнөсүн көтөрүүгө болгон далалаты мактоого татыйт. Ал эми Нурзат Наматбекова болсо Республикалык Дипакадемиянын проректору. Билимдүү, дилгир атактууларды эл аралык дипломаттыкка окутуп жатат. Азыркы Кыргызстандын социологдорду үч муунга бөлүүгө болот. Биринчи мууну Россиянын Москва, Санкт-Петербург, Екатеринбург ж.б. шаарларында окугандар, социологиядан, философиядан, экономикадан билими бар адамдар. Алар: Мелис Артыкбаев, Анвар Бугазов, Эрик Орозалиев, Айнура Элебаева, Рахат Ачылова, Мира Жангарачева, Саида Нурова, Үмүт Асанова, Айганыш Абылгазиева, Адаш Токтосунова, Айнура Сагымбаева, Мукай Асанбеков ж.б. Булар БГУнун "Башкаруу жана социология" факультетинде ж.б. ЖОЖдордо мугалим болуп жана айрымдары мамлекеттик башкарууда иштешкен.

Андан кийин экинчи муун пайда болду. Атай кетсем: Гүлнара Ибраева (азыр Америка университетинде профессор), Авас Иваков, Кубан Бектурганов, Нурбек Өмүралиев, Рая Осмоналиева, Топчугүл Шайдулдаева, Сайкал Жунушова, Таалай Шаршембиева, Жаркын Шадыманова, Анара Алдашева, Бакытбек Малтабаров, Кубат Коконбаев, Нуратбек Мендибаев ж.б. Алардын бир тобу башка жактан билим алып келишип, Кыргызстанда социология илимдеринин кандидаты болушкан. Ал эми 3 - муун Кыргызстанда билим алышып, илимий ишке аралашкандар: Рита Салморбекова,

Нурбек Өмүралиев, Болот Матукеев Республиканын өзүндө биринчи социология илимдеринин доктору болушту, ал эми социология илимдеринин кандидаттары жана кызматкерлер: Жеңишкүл Молдокеева, Самарбек Сыргабаев, Мира Алиева, Чолпон Кошоева, Феруза Мамашева, Нурзада Картанбаева, Галина Горборукова, Чынара Өмүркулова, Чынара Батракеева, Майрам Молдосанова, Абдыкайим Жусубалиев, Асель Шайылдаева, Батма Кошбакова, Динара Өмүркулова, Талант Эркинбеков, Элиза Чырчыкбаева ж.б. Азыр республика боюнча жыйырмадай социологиялык жогорку билимдүү уул-кыздар социология илимдери боюнча аспирантурада жана докторантурада илимий изилдөө жүргүзүүдө.

Кыргызстанда **"Саясаттын социологиясы"** деген кесип боюнча диссертация коргошуп жана аспиранттар илимий кесипчиликтер өзүнчө адистешкен топ калыптанууда. Алар: Бакыт Сейитбаев, Алмаз Акматалиев, Мухтар Мадалиев, Курманбек Темирбаев, Асыкбек Оморов, Темирбек Токтогазиев, Айсалкын Укуева, Бакыт Орунбеков, Карыбек Байбосунов, Талантаалы Бакчиев, Карабек Жигитеков, Гүлмира Маатккеримова, Кубат Чекиров, Гүлзат Майчинова, Кубанычбек Кенжебаев, Назгүл Токтоболотова, Бегимай Абишева, Айжан Токтосунова ж.б. Ошентип, Кыргыз Республикасы дүйнөлүк илим болгон -көп тармактуу социологияны өзүнө сиңирип, анын теориясы жана ыкмалары боюнча заманына татыктуу кесипкөйлөрдү даярдоодо.

IV. Социология илими жана илимий кадрлардын салыштырмалуу көптүгүнө карабастан алар анчалык байкалбайт. Кейпи бардык нерсени коомдун кабыл алышына жараша болсо керек. Коомдун ой-пикирин оңдоп, жакшырта албасак, анда илимдин "өлгөнү" ошол. Анда илимдин кандай зарылчылыгы бар? Мисалы, илимдин чордону болгон Улуттук Илимдер Академиясында ушул кезге чейин "Социология" дегендин татыктуу орду белгиленбеген.Социология илиминде өзүнүн теориялары, парадигмалары жана изилдөөнүн ыкмалары жана социология өзү ааламдашуунун ылайыгына жараша социалдык - гуманитардык илимдерден эң ыкчам жана ар түрдүү болуп өнүгүшүүдө. Тилекке каршы, биз элге, мамлекетибизге колубуздан келген жардамыбызды бере албай жатабыз. Себеби, мамлекет жана анын жетекчилери пайдалана билишпейт, анткени азыркы татаал коом жөнүндө илимий билими начар. Мисалы, 2010-жылдын 6-7-апрелиндеги Ош, Жалал-Абад облустарында болгон кайгылуу окуялар, 87 баланын атылышы, мин деген кишилердин жарадар болушу, мына ушунун бардыгы улуттук саясат социологиялык илимий изилдөөлөрдү алдын ала жүргүзбөгөндүктөн жана эсепке алынбагандыгынан болуп жатат. Натыйжада толгон-токой мамлекеттик кызматчылар, уюмдар, "көзү ачыктар" болсо да коомдун бышып-жетилген маселелерин, кысталыш абалдарын алдын-ала билип, чара көрүү тажрыйбасы байкалбайт.

V. Социология илиминин Республикабыздын өнүгүшүнө анчалык салым кошо албай жатканына карабастан социология боюнча адистерди даярдоо 4 жогорку окуу жайында жүрүүдө. БГУда, Улуттук университетте, Орто Азиядагы Америка университетинде жана Кыргыз - Түрк "Манас" университетинде жогорку билимдүү социологдор жаңы дүйнөлүк үлгү жана ыкма менен даярдалып жатат. Бирок бүгүнкү күнү социологиялык кадрларды даярдоо өтө начарлап кетти. Себеби, мамлекеттин жогорку билимдүү кесипкөйлөрдү даярдоо боюнча ачык-айрым стратегия жок, демек, эч кандай көңүл бурулбайт жана ачык-айрым көзөмөлдөө, пландаштыруу жана кайсы кесип канча керек деген пландаштыруу да артта калган. Европада жана базарлык мамилеге өткөн өлкөлөрдө бир дагы ишкана социологсуз иш алып барбайт. Бизде болсо ушул күнгө чейин социолог адиси пайдаланып, социалдык шарттарды жакшыртууга чечкиндүү чаралар кабыл алынган эмес. Биз ар кандай илимий конгресстерге катышып, кыргыз социологиясынын изилдөөлөрү боюнча пикир алышып жүрөбүз. Мисалы мен, 1998-жылы Канаданын Монреаль шаарында Бүткүл Дүйнөлүк социологиялык ассоциациянын 14-конгресси болгон, ошого чакырылып катышкам. Анда кыргыздардын жергиликтүү башкаруусунун өзгөчөлүктөрү жана көчмөнчүлүктөн кийинки заманда кандай пайда болгону тууралуу доклад жасагам. Ал англис, орус кыргыз тилдеринде Канадада, Россияда жана кыргыз Республикасында жарыяланган. Кийин Биз бүткүл дүйнөлүк социологдордун 15, 16,17- Конгресстерине жана андан тышкары конгресстер аралык эл аралык илимий жыйындарга (мисалы: Испанияда-Барселон шаарында, Аргентинада-Буэнэс Айрес шаарында, Түркияда-Анкара, Стамбул, Кожоэли шаарларында, Словенияда-Любляна шаарында ж.б.) да катыштык. Бардыгында доклад жасап, алар англис тилинде журналдарга, китептерге жарыяланган. Кыргыз социологиялык Ассоциациясы 2010-жылы Бүткүл дүйнөлүк социология Ассоциациясына мүчө болгон. 2014-жылы июль айында Японияда (Йокогаме шаарында) "Теңсиздиктин жана жакырчылыктын социологиясы" деген темада өтүүчү ЭСАнын XVIII Конгрессине Кыргыз Республикасында иденттүүлүк жана иденттешүү маселелери жөнүндө илимий доклад сунушталат.

Эл аралык социологиянын дүйнөлүк эки борбору бар. Бир борбору Парижде, 1919-жылы "Эл аралык социологиялык институт" деп түзүлгөн. Экинчи борбору Мадридде, ал жерде 1949-жылы "Дүйнөлүк социологиялык Ассосация" деп БУУнун ЮНЕСКОнун жардамы менен түзүлгөн. Пекинде болуп өткөн Эл аралык социологиялык Институттун 36-Конгрессине мени чакырышты. Ошондо мен "Кыргыз элинин дүйнөлүк социологиялык казынага кошкон салымы" деген доклад жасап, Кыргыздын дүйнөлүк социалдык байлыкка кошкон 8 руханый дөөлөтүн чечмелегем. Алар 1) Теңирлик; 2) Кыргыз рухунун туу чокусу болгон. Манас эпосу; 2012-жылдын декабрь айында дүйнөлүк 196 мамлекет мүчө болгон ЮНЕСКОнун чечими менен "Манас", "Семетей", "Сейтек" - үчилтиги материалдык эмес маданый мурас катары дүйнөлүк ааламда тарыхый ордун ташка тамга баскандай татыктуу ээледи. Бул кыргыз элинин улуу жеңиштеринен - зор сыймыктанууга татыктуу! 3) Тармактык эпостор; "Эр Төштүк", "Курманбек", "Эр Табылды", "Олжобай менен Кишимжан" ж.б. 4) Кыргыздын санжырасы тирүү тарых. Бул да анын өзгөчөлүгү. Кыргыздар эч качан санжырасын унуткан эмес. Санжырасы аркылуу тарыхын көпчүлүк салттарын, эрежелерин сактап келген. Кыргыздын салты боюнча 7 атасына чейин никелешүүгө тыюу салынган. Советтик мезгилдин айрым "атка минерлери" уруучулукту саясатташтырып жатышканы зарыл өтө өкүнүчтүү. Көп кылымдардан кийин бирдиктүү мамлекеттүүлүккө жетишкен кыргыздарга бүтүндүк, бирикккендик, ынтымак көздүн карегиндей керек. Баш-

кача мамилелердин баары кыргыздын мамлекеттүүлүккө чыккынчылык катары бааланышы керек. 5) Комузду алсак, анын күүсү эми кайталангыс нерсе. Үч кыл менен эле америкалык, европалык симфониялардын деңгээлинде ойноп койгон. 6) Макал-лакаптар. Макал-лакаптардын саны боюнча дүйнө жүзүндө кыргыздарга жеткен эч бир калк жок. 15 миң макал-лакап, накыл сөздөрү бар ушул тапта. Аны билесиңерби? Кайсы кыргыз билет? 7) Аттын жабдыктары, ээр токум ж.б. 8) Боз үй анын укмуштуудай кооз жана мазмундагы эмеректери жана үй оокатынын оймо-чиймелери. Бул дагы дүйнө жүзүндө эч бир жерде кайталангыс көрүнүш. Кыргызга рухый байлыктарынын көптүгү жана ар түрдүүлүгү боюнча тең келген дүйнөдө бир да калк болбосо керек!

Ошентип, кыргыз социологиясынын акыркы 14-15 жылдан бери эл аралык жана дүйнөлүк илимий Конгресстерде үнү угулуп, зарыл жана актуалдуу коомдук маселелерди талкууга коюп келүүдө. Эл аралык ири илимий жыйындардын, симпозиумдардын катышуучусу катары дүйнөлүк деңгээлдеги окумуштуулар менен илимий жылуу мамиле түзүлүп, чыгармачылык алакалардын өөрчүшүнө шарт ачылган жана тең ата өнөктүккө социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү тажрыйбаланган.

Тилекке каршы, болгон жана социологиялык илимдин жетишкендиктерин кыргыз жаш мамлекетинин толук кандуу өнүгүшүнө жумшай албаганыбыз өтө армандуу. Анткени, ички муктаждык болбогон жана саясый элита эмнени кантип "ойроңдоп", бир канча муундун эмгеги жана аракети менен чочулаган мүлктүк байлыктарды менчигине айландырууну мыкты өздөштүрүшкөндөй... Бул "жапайычылык" качан бүтөт?

М.М.Эдилова,
Эл аралык "Ататүрк-Алатоо" университети

ГЕНДЕР ЖАНА ГЕНДЕРДИК САЯСАТ
(Кыргызстандын мисалында)

Гендер приоритеттүү проблема катары дүйнөдөгү көпчүлүк мамлекеттердин көңүл борборунда. Ошондуктан 2000-жылы сентябрда БУУ өткөргөн Миң жылдыктын Саммитинде дүйнөлүк лидерлер, анын ичиндеги Кыргызстандын да өкүлү, Миң жылдыктын максаттарынын комплексин кабыл алышкан. Ал документте башка максаттар менен катар эле гендердик теңчиликке жетүү максаты, атап айтканда, жыныстар ортосунда теңчилик орнотууга, аялдардын укук жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жардам берүү максаты көрсөтүлгөн .

Кыргызстан Борбордук Азиядагы Казахстан, Тажикистан, Туркменистан жана Узбекистан сыяктуу өлкөлөрдүн бири. Болжол менен 70 жылдай мезгилде Кыргызстан башка союздук республикалар менен катар (баары 15) тоталитардык чоң держава СССРдин курамында болгон. Бегилүү болгондой, СССРдин саясый системасы административдик - тоталитардык мүнөздө болуп, коомдук турмушту мамлекет жанан анын өкмөтү монополизациялап алган. Мамлекеттин стратегиялык максаты коммунисттик коомду куруу эле. Ал коомдо ар кылдуулук жана индивидуалдуулукка эмес, иденттүүлүккө жана бирдейликке/окшоштукка артыкчылык берилмек.

Өзүбүз күбө болуп жаткандай, СССР жоюлуп, Кыргызстан өз суверенитетине жетишкенден бери (1991) коомдук турмуштун баардык чөйрөлөрүндө кардиналдуу өзгөрүүлөр болууда. Кыргызстандын баш мыйзамы болгон Конституцияда көрсөтүлгөндөй, мамлекеттин стратегиялык максаты граждандык коомду жана укуктук мамлекетти куруу болуп эсептелет. Мисалга алсак, пландуу экономикадан рынок экономикасына өтүү, социалдык-саясый чөйрөдө демократиялык реформалар жүзөгө ашырылып жатат.

Кыргыз Республикасындагы демократиялык процесстер шартында гендердик проблемаларды чечүү боюнча да иштер жүргүзүлүп жатат. Белгилей кетүү керек, "гендер" түшүнүгү постсоветтик республикалар, анын ичинде Кыргызстан, үчүн жаңы түшүнүк. Демек, гендердик концепция да салыштырмалуу жаш, жаңы концепция, ал батыш феминизминен келип чыккан, негизинен Батышта жана АКШда өнүккөн.

Феминизм - эки деңгээлдеги аныктаманы талап кылган түшүнүк, бир жагынан, аялдардын укуктары үчүн коомдук кыймыл, экинчи жагынан, коомдогу аялдардын абалын анализдеген социалдык-философиялык, социологиялык, психологиялык, культурологиялык теориялардын комплекси. XX кылымдын аягында аялдар маселеси өзүнүн экзистенциалдык статусун радикалдуу түрдө өзгөртөт. Дүйнөгө болгон көз караштагы бул фундаменталдык жылыш дүйнө картинасын кайрадан аңдап тааный баштаган *гендер* илиминде чагылдырылган .

СССР, анын курамындагы Кыргызстанда, феминизм башкача өнүккөн. Аталган мейкиндикте аялдардын укуктары үчүн кыймыл **"аялдар маселеси"** деп аталган. "Аялдар маселеси" кыймылынын тарапкерлери аялдардын тең укуктуулугу идеясын өзгөчө өңүттөн карашкан. Алар аялдардын эркектер менен тең укуктуулук маселесин социалдык эзүү жана эксплуатацияга каршы күрөшүү максаттары менен байланышта карашкан... Кыргызстанда "аялдар маселесин" чечүү натыйжасы эки мүнөздө болгон. Бир жагынан, аялдар билимге, саламаттыкты сактоо кызматтарынан пайдалануу га, коомдук турмушка катышуу мүмкүнчүлүгүнө жетишишти, ошондой эле турмуш-тиричилик кызматтар тармактарынын жана балдар мекемелеринин ачылышы, сөзсүз түрдө, аялдардын абалын радикалдуу жакшырткан/оңогон.

Экинчи жагынан, социалисттик коомдун тоталитардык режими, декларацияланган принциптердин светтик мүнөзүнө карабастан, иш жүзүндө аялдардын мамлекеттин коомдук-саясый ишине формалдуу гана катышуусуна көмөктөшкөн.

Ошондуктан коомдо аталган стратегияга карата аялдар маселесин чечүүгө калп эле, көргөзмө мамиле/өңүт деген критикалык-ишенбөөчүлүк мамиле калыптанган. Ушуну менен СССРде, анын ичинде Кыргызстанда, аялдар менен эркектердин тең укуктуулугу туура-

луу маселе (башка баардык маселелер сыяктуу эле, мисалы улуттар ортосундагы маселе ж.б.) биротоло чечилди деп эсептелинген.

Эми болсо, Батышта иштелип чыккан гендер концепциясы Кыргызстандын постсоветтик турмушуна кийирилсе, коомдо көпчүлүк адамдар аны "аялдар маселеси" катары кароодо. Анын негизги себеби советтик мезгилден бери сакталып келаткан стереотиптерде эркектерге артыкчылык берилип, аларда проблема жок деп эсептелинген. Ошондуктан "гендердик саясат" аялдардын гана проблемаларын чечүү менен байланыштырылган саясат деген туура эмес талкуулоо болууда.

Биринчинден, гендер-бул социалдык жыныс. Аял менен эркектин ортосундагы биологиялык гана өзгөчөлүктү эмес, коомду жыныска ажыратуунун социалдык жана маданий мүнөздөмөлөрүнүн бүткүл комплексин эсепке алган түшүнүк; экинчиден, гендер-эркектерге жана аялдарга байланыштуу социалдык шартталган жүрүм-турум жана күтүүлөр. "Гендер" (gender) деген термин биринчи жолу 1972 - жылы англис лексикасында биологиялык жыныстан (sex) социалдык жыныстыайырмалоо үчүн колдонулган, 1995-жылы эл аралык статус алган. Терминологиялык жактан гендер түшүнүгү феминизмдин, андан соң гендердик изилдөөлөрдүн теориялык өнүгүү процессинде калыптанган.

Адамдын генетикалык жактан берилген анатомиялык-физиологиялык белгилеринин топтомун билдирген биологиялык жыныстан (анг.sex), айырмаланып, гендер конкреттүү социомаданий контексте белгилүү бир тарыхый мезгилде калыптанып, убакыт менен мейкиндикке жараша өзгөрүлүп турат. Гендер-социалдаштыруунун продуктусу, жыныс - эволюциялык өнүгүүнүн продуктусу.

Демек, **гендердик саясат** - коомдук турмуштун баардык чөйрөсүндө эркектер менен аялдардын теңчилигин орнотууга багытталган мамлекеттин ишмердиги.

Азыркы учурда Кыргызстан постсоветтик мейкиндикте гендердик саясатты жүзөгө ашыруу процессине активдүү катышып жаткан өлкөлөрдүн бири болуп эсептелет. Анткени Кыргызстан эгемендүүлүккө жетишкенден кийинки социалдык системанын алмамышы менен коштолгон өткөөл мезгилдеги көйгөйлүү проблемалар (жакырчылык, жумушсуздук, инфляция ж.б.) аялдарга гана эмес эркектерге да таасир этүүдө. Ошондуктан Кыргызстандын өкмөтү экономика, саясат, мыйзам чыгаруу жаатында, ошондой эле кабыл алынып жаткан ар бир чечимдерде аялдар менен эркектердин өзгөчөлүгүн эске алууга аракеттенүүдө.

Кыргыз Республикасында 1991-жылдан бери ишке ашырылып жаткан демократиялаштыруу процессинде гендердик теңчиликке жетишүү жана аялдардын укуктарын коргоо боюнча көрүлүп жаткан иш чаралар жетишерлик тажрыйба топтогонго негиз болду. Мисалы үчүн, Кыргызстан 1996 -жылы Аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенцияга (CEDAW, 1979) кол койгон жана бул жылы аялдардын абалын жакшыртуу боюнча бир катар башка чечимдер да кабыл алынган.

1995-жылы Кыргызстаном Иш аракеттердин Пекин Платформасына кол койгон, ал эми 1996-жылы КР Өкмөтүнө караштуу Үй-бүлө, аялдар жана жаштар иштери боюнча мамлекеттик комиссия түзүлгөн. Бир катар кайрадан уюштуруулардын натыйжасында мамлекеттик гендер саясатынын чөйрөсүндө институционалдык өзгөрүүлүр болуп, бул орган КР Президентине караштуу Аялдар, үй-бүлө жана гендердик өнүгүү улуттук кеңеши болуп аталып калган (2001).

Биздин республикада гендердик саясатты жана аялдардын укуктарын жүзөгө ашыруучун олуттуу мыйзам негизи бар, атап айтканда, гендердик теңчилик төмөнкү документтерде гарантияланган:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- Граждандык кодекс;
- Кылмыш кодекси;
- Эмгек кодекси;

Ошондой эле төмөнкү мыйзамдарда каралган:

- Репродуктивдик укуктар жөнүндө (2000);
- Үй-бүлөдө зордук-зомбулуктан жапа чеккендерди социалдык-укуктук коргоо жөнүндө (2003);
- Гендердик теңчиликти камсыздоо боюнча мамлекеттик гарантиялар жөнүндө (2003).

Кыргызстанда гендердик концепцияны реализациялоого мамлекет менен катар эле граждандык коомдун институттары да активдүү иш жүргүзүүдө. Кыргызстанда өкмөттүк эмес уюмдар (өлкөдө 5 миңден ашуун ӨЭУ бар) эл аралык уюмдардын колдоосу менен көптөгөн семинар, тренинг, гендердик мектептерди өткөрүп, долбоор жана программаларды реализациялап жатышат, алардын баары Кыргыз Республикасында гендердик саясатты өнүктүрүүдө чоң роль ойноодо.

Кыргызстанда гендердик саясатты ишке ашыруу да жогоруда саналып өткөн ийгиликтер менен катар проблемалар да аз эмес. БУУнун Өнүктүрүү программасынын (ПРООН) колдоосу менен жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүнө гендердик өнүттү же комплекстүү өнүттү кийирүү (баардык иш-чараларды эркек менен аялдарга тийгизген таасирине карата баалоо) гендердик теңчиликке жетүүгө жардам берет. Бул изилдөөнүн рамкасында коомдун төмөнкүдөй чөйрөлөрүндө гендердик теңчиликке жетүү проблемалары каралган:

- экономикалык;
- социалдык (билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык коргоо);
- саясый.

Биздин коомдо калыптанып калган традициялар аялзатынын экономикалык ишмердигин (өзгөчө макроэкономика чөйрөсүндөгү) көп кубаттабайт, ошондой болсо да өткөөл мезгилде аялдар өтө мобилдүүлүктү көрсөтүп, жаңы шартка бат ыңгайлашууда. Эркектер экономиканын жогорку кирешелүү тармактарында, аялдар болсо, тескерисинче, анчейин кирешелүү эмес тармактарында алектенишет. Мунун баары эмгектин "эркектики" жана "аялдыкы" деп гендердик бөлүнүшүнүн сакталып келатканынан кабар берет. Эркек менен аялдын ортосундагы экономикалык теңсиздиктин күчөшү төмөндөгүдөй бир катар факторлор менен шартталган: кирешелерге мүмкүнчүлүктүн бирдей эместиги, жумушсуздук, маданий-социалдык практика (рынок шарттарына психологиялык жактан көнүү, акысыз эмгектин аял менен эркек ортосунда тең эмес бөлүштүрүлүшү) ж.б.

Гендердик теңчиликке жетишүүнүн чөйрөлөрүнүн бири билим берүү системасы эсептелет. Кыргызстанда совет мезгилинде билим берүү акысыз болгон. Ошондуктан Кыргызстанда коомдун көпчүлүк чөйрөлөрүндө аялдар эркектер менен бирдей билимге жана кесиптик даярдыкка ээ. Бирок билим берүү системасында азыркы учурда жүргүзүлүп жаткан реформа гендердик стереотиптердин сакталышына шарт түзүүдө.

Бул жагдай жогоруда аталган изилдөөнүн жыйынтыктары жана статистикалык материалдар менен тастыкталды десек болот. Мектепте кыз балага караганда эркек балдарды көп колдошот, дагы эле традициялык кесиптик так ориентация сакталууда. Мектептерде эркек мугалимдер аз, эгер болсо, алар жетекчи позицияларды ээлешет, эркек балдарды негизинен контрактык бөлүмдөрдө, ал эми кыздарды көбүнчө акысыз (бюджеттик) бөлүмдөрдө окутушат, демек, кыздар сапатсыз билим алышат да, ишке орношууда да мүмкүнчүлүктөрү чектелүү .

Кыргызстанда саясат тармагында 2007-жылга чейин гендердик дисбаланс болду эркектердин пайдасы үчүн. Электораттын 52 процентин түзгөн аялдардан парламентте бир да өкүл болбоду.

Кыргызстанда 2007-жылы 16-декабрда Шайлоо жөнүндө кодекстин Жаңы редакциясына ылайык шайлоолор болуп өттү. Шайлоо партиялык система менен болду, кандидаттардын тизмесин аныктоодо бардык 12 партия бир жыныс өкүлдөрүнөн 70% тен көп болбосун деген принципти эске алышты. Натыйжада КР Парламентиндеги 95 орундун болжол менен 25% тин аялдар ээледи. 2010-жылдын 10-октябрында болуп өткөн КР Парламентине шайлоо да партиялык система менен өттү, 29 партия шайлоого катышып, 5 партия белгиленген чектен өткөн, баардык депутаттардын 30 % ин аялдар түзгөн.

Белгилей кетүү зарыл, 2010-жылы апрелде бийлик алмашкандан кийин референдум аркылуу (2010-жылы 27- июнда) Кыргызстандын өткөөл мезгилдеги президенттигине 2011-жылдын декабрына чейин аял киши шайлаган. Ал мөөнөт аяктаганда Президент Р.И. Отунбаева өзүнөн кийин шайланган президент А.Ш. Атамбаевге бийликти тынчтык жол менен өткөрүп берди.

Бириккен Улуттар Уюму (БУУ) тигил же бул өлкөнүн парламентинде аялдар 20%тен көптү түзгөндө депутаттар чындап балдардын кызыкчылыгы үчүн мыйзамдарды жарата башташат, ал эми алардын үлүшү 30% ке жакындаганда аялдардын өтө зарыл таламдарына жооп берген мыйзамдар жана мамлекеттик программалар жарала баштайт деп эсептейт.

Социологиялык изилдөөлөрдүн натыйжалары көрсөткөндөй, аялдардын саясаттагы ийгиликтерине төмөнкү факторлор кедерги болушат:

- туруктуу коомдук пикир (49%);
- үй-бүлө жана аялдардын үй-бүлөдөгү милдеттери (61%);
- аялдардын пассивдүүлүгү (62%);
- бийлик институту жана аялдарга карата дискриминация менен байланышкан себептер (55%0).

Белгилей кетүү зарыл, бул баардык себептердин негизинде гендердик стереотиптер жатат, ага ылайык аялдар негизинен өз репродукциялык жана тарбиялык функциялары менен алектениши керек.

Биздин оюбузча, кыргыз коомунда демократиялаштыруу процессинин алкагында гендердик саясат жана аялдардын укугун коргоо ишке ашырылып жатат. Ошондуктан коомдун бардык секторлорунун аракеттерин, баардык прогрессчил күчтөрүн бириктирүү керек:

- Гендердик проблема менен алектенген ӨЭУ лардын тармагынын жайылышына көмөктөшүү;
- Аялдардын лидерлигин өнүктүрүү, коомдун саясый чөйрөсүндө аялдарды жылдырууга көмөктөшүү;
- Калк арасында системалуу түрдө гендердик окууларды өткөрүү ж.б.у.с.

Нурова С. С.,
БГУ им. К.Карасаева

ИНСТИТУЦИОНАЛИЗАЦИЯ СОЦИОЛОГИИ В КЫРГЫЗСТАНЕ

(персоналии)

Можно с уверенностью сказать, что становление социологии в Кыргыстане неразрывно связано с именем выдающегося кыргызского ученого-энциклопедиста А.Табалдиева. Об этом очень хорошо говорится в статьях К. Исаева, К.Бектурганова, Б.Малтабарова, С.Нуровой, А. Тишина и др. Обратиться к этой теме нас побудило желание внести свою лепту в этот вопрос, ведь всякое новое имеет много разных сторон и нюансов. К тому же, становление социологии в Кыргызстане пока не стало объектом серьезного монои сследования.

В своей статье, опубликованной в интернете, К Исаев разделяет процесс возникновения, становления и развития социологии в Кыргызстане на два этапа: советский и постсоветский, об этом пишут и другие исследователи. Долгое время на первом этапе социология не имела научного статуса, она отождествлялась с историческим материализмом или социальной философией. В самом деле, социология в условиях СССР возникла не на пустом месте: она опиралась на данные советского доталитарного периода и методологию социальной философии. Выдающийся башкирский социолог Нариман Аитов совершенно справедливо, на наш взгляд, считал, что между социологией и социальной философией нет "китайской стены", особенно в современное время, в век интеграции наук. Но что касается исторического материализма, то эта составная часть марксистской философии наиболее близка к социологии, не случайно именно на базе этой кафедры, когда ее возглавлял А. Табалдиев, возникла первая в республике социологическая лаборатория и начались первые эмпирические исследования. Об этом хорошо написал А.Тишин в учебном пособии "Краткий курс лекций по социологии". Этого не отрицает и К.Исаев, выдающийся социолог современного Кыргызстана с мировым именем.По его словам, "социология", как термин, научное понятие и метод изучения социальной реальности появилась в Кыргызстане в 60-х годах XX столетия в публикациях талантливого исследователя, ученого от бога Асанбека Табалдиева1/. Можно полностью согласиться и со следующим его тезисом: «В условиях нового суверен-

ного кыргызстанского государства становление социологии как самостоятельной области научного знания, учебного предмета и профессии происходит медленно». Однако при всей объективности оценки А.Табалдиева, в работах К.Исаева допущены ряд неточностей, особенно в рассмотрении школы этого замечательного человека и талантливого педагога. Так, среди его учеников не назван его первый аспирант А.Карыпкулов, кандидат и доктор философских наук, академик, Тишин Алеша, как наш учитель его называл, тоже кандидат и доктор наук, внесший значительный вклад в социологическую науку, автор учебного пособия "Методика преподавания социологии в вузе", которое, к сожалению, так и не было опубликовано.

Говорить об истории становления социологии без упоминания имени Рахат Ачыловой невозможно. Хотя ее научным руководителем был Харчев, один из видных российских социологов, и она защитила кандидатскую диссертацию в Ленинграде, но она считается представителем табалдиевской школы и внесла большой вклад в развитие социологии в Кыргызстане. Именно она была заведующей первой социологической лаборатории в КР под непосредственным патронажем Табалдиева. У нее своя школа, и Асанова Умут, ныне доктор философии - ее ученица, хотя К.Исаев включил ее в список 8 аспирантов Табалдиева кстати, из более 20 учеников нашего общего учителя он отобрал лишь 8, неизвестно, по каким критериям.

В своих выступлениях и газетных статьях, перечисляя поколения социологов, Исаев даже не упоминает одну из первых его учениц, позже первого в Кыргызстане доктора социологических наук, три поколения в семье, которой социологи: дочь - магистр социологии, внучка - студентка отделения социологии АУЦА, ею подготовлены четыре кандидата социологических наук уже в современный период. Конечно, ее вклад в развитие социологии в КР не сравним с работой в этом направлении Исаева Кусеина, который защитил докторскую диссертацию по научному коммунизму, но стал первым профессором социологии в нашей республике, но речь идет о табадиевской научной школе.

Не могу не коснуться и еще одного момента: по некоторым источникам считается, что семья Табалдиева после его безвременного ухода из жизни состояла из его вдовы и дочери, тогда как в его семье были и есть две дочери и сын.

Но вернемся к теме. В силу исторических условий, формирование социологической школы в Кыргызстане началось после второго "рождения" этой науки, после "хрущевской оттепели". В 1966 году А. Табалдиев одним из первых в Советском Союзе открыл при КГУ социологическую лабораторию. Сотрудники этого научного центра и молодые преподаватели кафедры стали его аспирантами, число которых превысило 20 человек. Они и составили основной костяк его научной школы, среди которых его первые аспиранты: Карыпкулов Аман , будучи заведующим отделом науки в ЦК Кирг. ССР, открыл социологический отдел на гостелевидении. Среди его учеников 5 докторов наук, 1 академик, более 10 кандидатов наук. Особенность научной школы А. Табалдиева была в том, что, хотя большинство его учеников писали диссертации по социологии, но получали ученые степени кандидатов и докторов философских наук, так как тогда социология еще не имела своего статуса как самостоятельной науки. Так, к примеру, тема кандидатской диссертации Нуровой С. "Закономерности развития малых народов в социалистическом обществе, на примере Кыргызстана и Казахстана" была выполнена по данным социологического исследования методом анкетного опроса и защищена в 1969году. Артыкбаева М. Т. "Преодоление культурно-бытовых различий в социальной сфере социалистических наций" защитил в 1974году. Тема его докторской диссертации "Социологические проблемы совершенствования единого социалистического образа жизни народов Советского Союза" защищена в 1986году. Тема кандидатской диссертации Бектурганова К. "Формирование информационной системы управления сельскими регионами", который защищал работу в МГУ. Диссертация утверждена по шифру 00090 - прикладная социология на ученую степень кандидата философских наук. Бектурганов К. - второй доктор социологических наук из табалдиевской школы получил степень уже после возрождения социологии как самостоятельной науки.Этот список представителей школы А. Табалдиева можно было бы еще продолжить.

Первые массовые социологические исследования в КР начали проводиться под руководством Табалдиева лабораторией соц. исследований в КГУ. В основном изучались межнациональные отношения по результатам, которых была написана коллективная монография в 35 п.л., сигнальный экземпляр которой с большим энтузиазмом мы правили, но книга, наш общий труд, так и не вышла в свет, а мы еще долго надеялись, что где-то в подвалах Главлита цензурного органа советского времени она пылится и ждет своего часа. По результатам этих эмпирических исследований были написаны кандидатские и одна докторская диссертации по философии.

Анализ социологических данных показал, что основными "точками" координат, с помощью которых идентифицируется понятие (этнос) "кыргыз" для опрошенного массива является суждения "тот, кто себя считает кыргызом", "тот, кто хорошо знаком с кыргызской культурой и уважает ее", "тот, у кого родители кыргызы" и "тот, кто любит Кыргызстан". Сопоставление эмпирических данных свидетельствует, что самоидентификация кыргызов, то есть распределение мнений самих респондентов-кыргызов по данному вопросу практически аналогично с центральной тенденцией, которая наблюдается в вышеприведенной диаграмме 1.

Таблица 1.

Какие материальные ценности, исторические памятники ассоциируются у Вас с "кыргызом"? (данные в %)

Колпак (головной убор)	80,1
Боз уй (юрта)	69,2
Элечек (женский головной убор, тюрбан)	23,7
Эпос «Манас»	62,9
Озеро Иссык-Куль	20,9
Минарет «Бурана»	6,5
горы Сулайман Тоо	19,3
Другое: Ала-Тоо, Ч.Айтматов и др.	2,6

Данные, приведенные в таблице 1, дают возможность еще больше конкретизировать особенности этнической идентификации кыргызов. Так, кыргызы в массовом сознании ассоциируются, прежде всего, с колпаком (национальным головным убором), юртой и эпосом "Манас". Далее, согласно мнению опрошенных, тройку наиболее положительных черт национального характера кыргызского народа формируют "гостеприимство", "патриотизм" и "уважение старших".

Диаграмма 2.

Назовите положительные черты, присущие кыргызскому народу? (данные в %)




Диаграмма 2 отражает распределение мнений всего массива опрошенных. Однако, насколько отличается самооценка кыргызов от других национальностей? К примеру, от мнения узбеков (занимающих второе место после кыргызов по численности в составе населения республики). Ответ на этот вопрос мы получим в рамках сравнительного анализа данных в ракурсе отдельных этносов.

Диаграмма 3.

Положительные черты кыргызов в оценке самих кыргызов и узбеков (данные в %)




Диаграмма 3 иллюстрирует, что национальная саморефлексия кыргызов практически мало отличается от оценок, данных респондентами-узбеками. Тем не менее, имеет место небольшая вариация (в пределах до 8-9%) данных. Так, кыргызы считают себя более "гостеприимными", "образованными", "прилежными" и больше "уважают старших". Узбеки, напротив, считают кыргызов более "патриотичными", "дисциплинированными", а также "националистами".

Как известно, наряду с положительным всегда присутствует отрицательное. Какие же негативные черты присущи кыргызам? Своеобразный "рейтинг" отрицательных национальных черт, характерных кыргызскому народу наглядно отражается в следующей диаграмме.

Диаграмма 4.
Назовите отрицательные черты, присущие кыргызскому народу? (данные в %)



Сопоставительный анализ данных показывает, что на фоне оценок представителей других этносов самооценка кыргызов-респондентов является весьма реалистичной и объективной. Кыргызы "признаются" в своей "ленивости", "завистливости" и считают их наряду с другими национальными меньшинствами наиболее негативными чертами национального характера, которые не раз становились причиной появления народных анекдотов.

Далее респондентам был адресован открытый вопрос о том, с представителями каких национальностей хотели бы жить. Следует отметить, что на распределение ответов преимущественно влияла сама структура выборки исследования, где кыргызы составили 72,6%. Так, согласно результатам исследования, наиболее предпочтительными этносами с точки зрения совместного проживания являются русские (63,6%), турки (28,7%), казахи (26,1%), кыргызы (14,2%) и узбеки (9,4%). Вместе с тем 7,9% опрошенных не хотели жить рядом с представителями других национальностей кроме своей. Примерно такой же доле респондентов все равно с кем находиться вместе.

Анализ данных в разрезе национальностей, которые главным образом сформировали выборку социологического исследования, обнаруживает, что узбеки в немалой степени, чем кыргызы изъявляют желание видеть себя рядом с русскими. В то же время русские предпочитают больше своих.

Таб. 1. Рядом с представителями каких этносов Вы хотели бы себя видеть? (данные в %)

	Национальные предпочтения						
	Русские	Казахи	Турки	Только со своими	Со всеми этносами	Кыргызы	Узбеки
Кыргызы	67,7	29,6	31,2	7,2	5,7	8,3	10,7
Русские	40,5	16,2	10,8	8,1	13,5	24,3	5,4
Узбеки	54,8	17,6	21,8	11,7	9,6	28,2	6,4

Таким образом, в разрезе социологических данных мы попытались взглянуть на образ современного кыргыза в массовом сознании жителей южных регионов республики. Исследование наглядно демонстрирует, что понятие национального образа тесно переплетается с еще более сложной категорией "этническая идентичность". Конечно, в рамках вышеприведенного анализа дать всеобъемлющие и однозначные ответы на поставленные вопросы невозможно. Для этого требуется консолидация данных по всем регионам республики. Но это уже направление дальнейших исследований. Тем не менее, обозначим ряд выводов, сделанных на основе социологических данных, которые мы рассмотрели в рамках настоящей статьи:

1. В понятие "кыргыз" респонденты относят преимущественно "того, кто считает себя кыргызом", "того, кто хорошо знаком с кыргызской культурой и уважает ее", а также "того, у кого родители кыргызы". Самоидентификация кыргызов-респондентов практически совпадает с доминирующим мнением опрошенного массива. В массовом сознании кыргызы ассоциируются главным образом с колпаком, юртой и эпосом "Манас".

2. В качестве наиболее положительных черт национального характера современных кыргызов являются "гостеприимство", "патриотизм" и "уважение старших". Их наиболее сильными антиподами выступают "ленивость", "завистливость" и "трайбализм" (родоплеменные отношения, клановость). Сравнительный анализ показал, что кыргызы в самооценке национального менталитета проявляют объективность, честно "признавая" свои сильные и слабые стороны.

3. Наиболее предпочтительными этническими группами для кыргызов в аспекте совместного жития являются русские. Русским отдают предпочтение и узбеки, которые являются второй после кыргызов основной категорией, сформировавшей выборку социологического исследования. Далее этот список дополнился турками и казахами. Им кыргызы отдают большее предпочтения, нежели представителям узбекской национальности.

Боконтаева Дж.К.,
ИГУ

ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВО КАК ФОРМА РЕАЛИЗАЦИИ ЖЕНСКОЙ АКТИВНОСТИ И САМОСТОЯТЕЛЬНОСТИ

Малый и средний бизнес в Кыргызстане развивается стремительными темпами, создавая новые возможности для трудоустройства. Благодаря данному процессу предпринимательство, является не только главным источником доходов для женщин в Кыргызстане, но и формой реализации управленческих способностей, самостоятельности и активности при открытии своего собственного бизнеса в разных отраслях нашей экономики.

Становление рыночных отношений в Кыргызстане повышает роль собственности, которая реально выступает в качестве критерия социальной дифференциации. Появляются новые социальные группы, в частности, женщины-предприниматели во всех отраслях народного хозяйства. В данной связи становится актуальной проблема "женщина и бизнес".

До перехода к рыночным отношениям в Кыргызстане была распространена всеобщая обязательность труда. Население страны было занято, в основном, в государственном секторе и в схожем с ним по своей сути колхозно-кооперативном секторе. Для работающих женщин была предусмотрена система льгот, связанная с рождением и воспитанием детей, такие как отпуска по беременности и родам и по уходу за ребенком до достижения им определенного возраста. Широкое развитие получила система детских дошкольных учреждений, которые высвобождала женщин и давала им возможность трудиться. Преобладающее большинство женщин, так же, как и мужчины, всю свою взрослую жизнь занимались трудовой деятельностью.

Основными факторами, побуждающим женщин трудиться, был и остается низкий уровень доходов семей. Вклад женщин в семейный бюджет в большинстве случаев является желательным и необходимым условием для поддержания семейного дохода. С другой стороны, трудовая деятельность придает женщинам определенный статус, экономическую независимость и возможность реализовать свои способности.

Отраслевое распределение женской и мужской занятости имеет существенные отличия, обусловленные их разными физиологическими возможностями и сложившимися традициями. Большое влияние на гендерное распределение оказала система оплаты труда, существующая в период плановой экономики. Сравнительно низкий уровень заработной платы в бюджетной сфере (образовании, здравоохранении, культуре и искусстве), финансовой деятельности, торговле, общественном питании, информационно-вычислительном обслуживании не привлекал мужчин в эти отрасли, и здесь преобладала женская занятость.

Рассмотрение отраслевой структуры занятости, сложившейся в 1999 г., показывает, что женщины занимали три четверти рабочих мест в образовании, здравоохранении и социальных услугах, две трети - в гостиничном и ресторанном бизнесе и около половины - в финансовой деятельности и розничной торговле. Довольно значительной остается занятость женщин в обрабатывающей промышленности (43,9 %), а в таких ее видах, как производство текстильных изделий, одежды, выделка и крашения меха доля женщин достигла 60-85 % [3, с.32].

Занятость мужчин преобладала в промышленности, строительстве, сельском хозяйстве, на транспорте и в государственном управлении. Создание правовой основы для развития предпринимательской и самостоятельной занятости, передача земли в частную собственность определили новые экономические условия для занятого населения.

Следует отметить, что определенные меры в поддержку женского предпринимательства осуществляются и у нас в стране, вследствие чего принята Национальная программа "Аялзат", в которой заложены условия, гарантирующие максимальную реализацию бизнес-проектов женщин.

При проведении переписи населения в 1999 г. в Кыргызстане распределение занятого населения по статусу занятости показал, что в городах, как среди мужчин, так и среди женщин преобладала доля лиц, работающих по найму, при этом у женщин она была более значительна (75,1 % против 87,5 %). Так же в городской местности среди лиц, работающих не по найму, наибольший удельный вес составляли индивидуальные предприниматели, из них на долю женщин приходилось около 39 %. Индивидуальная трудовая деятельность женщин сосредоточена, в основном, в торговле, где их доля в общей численности занятого населения, составляла 43,7 %, в производстве одежды (89,8 %), текстильных изделий (85,5 %), пищевых продуктов (27,9 %), предоставлении индивидуальных услуг (16,2 %). Следует отметить, что наиболее значительная доля женщин, занятых индивидуальным предпринимательством в торговле Чуйской, Иссык-Кульской областей [3, с.34].

Индивидуальная трудовая деятельность мужчин получила большое распространение в торговле, ремонте автомобилей и предметов домашнего пользования, на транспорте, в строительстве, предоставлении индивидуальных услуг. На транспорте она приобрела форму частного извоза, как одного из наиболее доступных способов получения дохода. В строительстве после закрытия многих специализированных строительных организаций, сформировались бригады рабочих, которые предлагают свои услуги по строительству индивидуальных домов и отделке квартир.

Из среды наиболее успешных индивидуальных предпринимателей сформировалась группа частных собственников малого бизнеса (работодателей). Численность владельцев собственных предприятий в городах сравнительно невелика (1,2 % от общей численности занятых). Женщины составляли среди них менее трети и они являлись, в основном, владельцами предприятий по производству пищевых продуктов и

одежды, предоставлению услуг, торговых предприятий, гостиниц, ресторанов. Сфера частных предприятий мужчин более обширная и включает в себя промышленные предприятия разного профиля - торговли, транспорта, строительства, по ремонту и продаже автомобилей, гостиницы и рестораны. Более трех четвертей всех владельцев банков и страховых компаний - мужчины [3, с.35].

Социологическое исследование (устные жизненные истории методом интервью в 2002г. и в 2010г.) проведенное автором в Иссык-Кульской области среди женщин-предпринимателей позволило выделить 3 основные группы женщин по базовым экономическим характеристикам (по числу занятых, по обороту, по отраслевой принадлежности) и поведенческим моделям в бизнесе.

К первой группе относятся женщины-директора, которые возглавляли предприятия, на которых работали раньше. Предпринимательской деятельностью стали заниматься вследствие преобразования бывшего государственного предприятия в акционерное общество. К ним относятся АО "Иссык-Куль суть", АО "Ак жалга", ОсОО "Тоштук". Акционерное общество - это коллективно-частная собственность, дающая членам трудового коллектива стать совладельцами собственности через владение акциями, а следовательно, контролировать деятельность данного предприятия. Акционерное общество способствует безболезненно переходить от общественной, государственной собственности, существовавшей в бывшем СССР в другие формы собственности. Женщины этой группы зарекомендовали себя достаточно хорошо, так как работают по наработанным связям. У них высокий профессионализм и авторитет в коллективе. В АО число занятых от 50 человек и выше. Оборот капитала составляет от 500 тыс. сом и выше. Мотивы по которым женщины-директора стали заниматься бизнесом - это "по убеждению", т.е. проверить свои силы, способность занятия интересным делом, также получить удовольствие от своей работы в сфере избранной предпринимательской деятельности.

Ко второй группе относятся женщины-предприниматели "традиционно женских отраслей", где женщины чувствуют себя более комфортно за счет прошлого, в том числе и домашнего опыта. К таким отраслям относятся общественное питание, розничная торговля, гостиничное хозяйство. А также к этой группе примыкают женщины, открывшие свой бизнес в медицине и образовании. Частные предприятия, создаваемые в этих отраслях, относятся к разряду мелких. Численность занятых от 5 до 30 человек и более.

Оборот капитала от 50 тыс. сом и более. Причины создания своего бизнеса различные. В основном доминируют потребности "в выживании", стремлении самоутвердиться, а также "по случаю", так как все знакомые, родственники вокруг так делали. Среди этой группы есть женщины, которые пришли в бизнес как бы "поневоле", т.е. вынужденные открыть свое дело в силу различных причин, но, в действительности, стимулировавшими их деловую активность.

К третьей группе относятся женщины-предприниматели, которые открыли частные предприятия в сфере туризма, компьютерных услуг и в сельском хозяйстве (фермерстве). Женщины этой группы имели интерес именно к этим видам деятельности, так как осознавали широкие возможности и намерение добиться успеха с целью дальнейшего расширения своего бизнеса. Численность занятых и оборот капитала, в основном, как и во второй группе. Однако, женщины этой группы, отличаются от второй группы лидерскими качествами, которые они приобрели на прежней работе, независимостью и стремлением сделать свое предприятие семейным, чтобы дальше передать по наследству.

Анализ становления и развития женского предпринимательства на основе качественных методов исследования позволил выделить следующие особенности.

Во-первых, способность и умение женщин перестроиться психологически; во-вторых, преодолеть нерешительность и мобилизовать весь имеющий потенциал способностей; в-третьих, отказаться от привычного стиля жизни, гибко реагировать на меняющуюся ситуацию, проявить способность владеть этой ситуацией, а не безвольно ей подчиняться. Эти качества дали женщинам-предпринимателям Иссык-Куля сохранить-ся как личности, выдержать все трудности переходного периода и утвердиться на равных в условиях рыночной конкуренции.

Три группы женщин-предпринимателей Иссык-Кульской области, выделенных в ходе социологического исследования, нуждаются в государственной поддержке на региональном уровне, которая включает в себя:

- целенаправленное обучение женщин основам предпринимательской деятельности;
- льготное кредитование;
- предоставление льгот по местному налогообложению;
- участие государства в соучредительстве по организации новых предприятий;
- формирование и регулирование рынка труда;
- предоставление выгодных региональных госзаказов;
- упрощенную регистрацию и лицензирование деятельности; в том числе в сфере внешнеэкономических операций;
- юридический и экономический льготный консалтинт;
- обеспечение правовых льгот предпринимательской деятельности в свободных экономических зонах;
- содействие и координацию деятельности союзов и ассоциаций предпринимателей.

Но главное - чтобы все это происходило на основе объективных критериев, с должной "прозрачностью" и гласностью, а не стало еще одной питательной средой для развития коррумпированности [4, с.58].

При разработке нормативно-правовой базы предпринимательства необходимо учитывать специфику республики, а именно то, что в численности населения и составе безработных налицо преобладание женщин трудоспособного возраста.

Необходим закон о поддержке женского предпринимательства. Опыт развитых стран показывает, что женское предпринимательство выделяется в отдельную категорию. Для развития женского бизнеса принимаются специальные законы, например, в США принят закон о поддержке женщин, занимающихся малым бизнесом [5, с.56].

Однако целенаправленная государственная политика в области предпринимательской деятельности в республике должна быть поддержана усилиями самих

женщин, чтобы активно включиться в процесс радикальных экономических реформ, происходящих в обществе.

Если говорить о желаемых перспективах развития женского предпринимательства в Иссык-Кульской области и в целом по Кыргызстану это нормальное функционирование экономики, в котором малый, средний и крупный бизнес займет свою достойную нишу, и будет способствовать повышению благосостояния всего населения страны.

Литература

1. Шумпетер И. Теория экономического развития.- М.:Прогресс, 1982, с.400.

2. Хайек Ф. Конкуренция как процедура открытия. //Мировая экономика и международные отношения. 1989, №12, с.48-60.

3. Гендерные отношения в Кыргызстане. Фонд народонаселения ООН в Кыргызстане. - Б., 2001, с.94.

4. Боконтаева Д.К. Государственное регулирование малого и среднего бизнеса в Кыргызстане. //Вестник ИГУ, 2001, №5.

5. Малый и средний бизнес в Кыргызстане: состояние, проблемы и перспективы. - Б., 2001, с.72.

6. Women's Stories about fife under the Soviet Union and during Post-Soviet transition.

Women's oral histories from the Former Soviet Union. New York, USA. 2002. p.30-31.

7. Боконтаева Д.К. Женщины-предприниматели Иссык-Куля. Устные истории успеха. - Б., 2003, 180с.

8. Гендерная социализация личности в системе экономических отношений. (Учебно-методическое пособие по социологии и гендерной социологии для студентов 1- 2 курсов вузов). - Каракол, 2011, 43 с.

Б.Т. Сейитбаев,
К. Карасаев атындагы БГУ

КЫРГЫЗСТАНДА ЭЛИТА СОЦИОЛОГИЯСЫ: АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ

Кыргызстандагы социология илим катары жайылуусу менен бирге, социологиянын имлимий тармагы катары коомдун социалдык структурасынын, институттарынын жараяндарынын көп түрдүүлүгүн жана татаалдыгын талдоо менен саясаттын көрүнүшүн изилдеген саясий социология илими да жолго коюла баштады. Саясий социология - саясат таануу, саясий психология илимдери менен катарлаш бирдиктүү саясий илимдин бир бөлүгү экендиги баардыгыбызга белгилүү. Мисалга алсак, америкалык саясат таануучу, социолог Сеймур Липсет белгилегендей саясат таануу илиминин изилдөөсүнүн негизин мамлекет менен саясий бийлик аркылуу коомду илиздөө түзсө, саясат социологиясында болсо коомдун социалдык түзүлүшүн, коомдук пикирди, социалдык-саясий жүрүштөрдүн эрежелерин, жараяндардын жүрүм-турумун, алардын психологиялык жана социомаданий абалдарын талдоо аркылуу мамлекет менен саясий бийлик изилденет. Ошентип, бул эки илим тең мамлекет менен коомдун өз ара мамилесин изилдеп келет. Заманбаптагы коомдук турмуштун саясатташуусу катуу жүрүп жаткан шарттарды Макс Вебердин учурундагыдай эле саясаттын баардык жагдайларын тереңирээк негиздүү илимий талдоо аркылуу изилдөөгө муктаждыктар кыйла өсө баштады. Бул изилдөөлөр саясат таануу илими менен катар - саясат социологиясына тиешелүү бийлик социологиясы, бюрократия социологиясы, конфликт социологиясы же конфликтология, башкаруу социологиясы, этнократия, элита социологиясы же элитология аркылуу ишке ашырыла баштады. Ушулардын арасынан жеке өзүм илимий жактан изилдөөчүлөрдүн бири катары аралашып келе жаткан саясий лидерлердин калыптануусун изилдеген элита социологиясынын же илимий түрдө айтканда, элитологиянын өлкөбүздөгү өнүгүү абалы тууралуу белгилей кетсек, бул илим Кыргызстандагы саясий элитанын калыптануусунун изилдөгө багытталган.

Адегенде "элита" деген эмне? Бул илимий термин эмнени билдирет деген суроого жооп издесек: "Элита" деген сөздүн өзү француз тилинен алганда "мыктылар", "тандалмалар" деген маанини билдирет. Коомго карата бул сөздү пайдалануу элдин арасынан чыккан кадыр барктуу касиеттери менен калкты башкарууга болгон сапаттарга ээ инсандар үчүн колдонулган аталма. Элитанын курамына коомдогу жетекчи кызматкерлер же үстөмдүк кылуучу, таасирдүү адамдар кирет. Элита теориясынын негизинде коомдун байыртадан эле улуулар жана кичүүлөр, ак сөөктөр жана карапайымдар, башкача айтканда башкаруучу азчылыкка жана башкарылуучу көпчүлүккө бөлүнүп турган. Мисалы байыркы учурдагы "аристос" деген аталма "мыкты" деген маанини билдирип, "аристократия" - мыктылардын бийлиги болгон. Аристократия идеясы тууралуу өзгөчө бир багыттагы түшүнүк Конфуций, Платон, Макиавелли, Ницше тарабынан негизге ээ болгон. Азыркы учурдагы элита тууралуу классикалык көз караш XIX кылымдын аягында - XX кылымдын башында толук теория катары Гаэтано Моска, Вильфредо Парето, Роберт Михельс тарабынан иштелип чыккан. Бул теорияларга ылайык, элитага кирүү үчүн өзгөчө жеке сапаттар биринчи кезекте уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү жана интеллектуалдык артыкчылыктардын болуусу зарыл. Азыркы мезгилде элитанын бир нече теориялары бар. Ушулардын ичинен саясий элита тууралуу айта кетсек - өзүнүн таасири, ээлеген ордунун артыкчылыгы менен коомдун калган бөлүгүнөн айырмаланып турган, мамлекеттик бийликти пайдалануу же ага таасир этүү менен байланышкан чечимдерди кабыл алууга тикелей жана ар дайым катышып турган топ.

Мына ушул саясий топтун Кыргызстанда да болушу бардык мамлекеттердей эле классикалык көрүнүшкө ээ. Республикабыз эркиндикке ээ болуп, демократиялык өнүгүүгө багыт алгандан бери, коомубуздагы саясий элитанын калыптанышы менен өнүгүшүнө болгон илимий кызыгуу элитаны изилдөөчү социологдор менен саясат таануучулар тарабынан күч ала баштаган. Ушул процессти социоло-

гиялык негизде изилдөө биздин өлкөбүздө биринчи жолу 90-жылдардын башында Фрунзе политехникалык институтунун (азыркы И. Разаков атындагы КТУ) "Социология жана инженердик психология" кафедрасы менен социологиялык илимий изилдөө лабораториясынын негизинде мударис Кусеин Исаевдин жетекчилиги алдында жүргүзүлүп баштаган. Ал мезгил тууралуу изилдөөнүн жетекчили мындай деп тастыктайт: "Кыргызстанда колдонмо социологиянын ыкмалары менен Республиканын элитасынын беделин изилдөө, калктын социалдык маанайын ченөө сыяктуу изилдөөлөр 1991-жылдын башынан башталып, ушул убакка чейин жүргүзүлүүдө. (Мисалы, "Саясий элитанын коомдук беделi" деген колдонмо социологиянын ыкмасы менен изилденип, биринчи жолу 1991-жылдын 9-февралында "Советская Киргизия", Кыргыз Туусу, "Ленинчил жаш" ж. б.) кыргыз, орус тилиндеги гезиттерге жарыяланган. Ошондон баштап жалпысынан ар жылы гезиттерге 150дөн ашык макалалар жарыяланган жана дагы эле улануда" .

Кыргызстандын цивилизациялык демократия менен рынок мамилелерине багыт алуусундагы өткөөл мезгилде жарандык коомдун пайда болушу, саясий реформалардын жараяндарын жана андагы саясий элитанын калыптанышын комплекстүү түрдө изилдөө Бишкек гуманитардык университетинин "Башкаруу жана социология" факультетинде жогоруда аталган илимпоздун жетекчилиги астында улантылып келди. Изилдөө социологиялык иликтөөлөрдүн жыйынтыктарына негизделип, системалуу түрдө ар бир эки ай сайын өлкөбүздүн саясий элитасынын саясий беделин аныктоого негизделип, иликтөө тобунда жигердүү түрдө мударис К. Исаевдин жетекчилиги астында социологдор Э. Ниязов, К. Жигитеков, Б. Сейитбаев, М. Мадалиев ж.б. иштешкен. XXI кылымдын баш ченинде Республикабызда авторитардык үй-бүлөлүк жеке бийлик орной баштаган мезгилдерде бийлик тарабынан изилдөөчүлөргө кысым көрсөтүлгөн учурлар болуп, изилдөөлөрдү үзгүлтүккө учуратууга аракет жасалган. Бул тууралуу бийлик тарабынан кысымга учураган изилдөө жетекчиси К. Исаев мындай деп эскерет: "Элитанын, анын лидерлерини калк арасындагы беделi өйдө-ылдый болуп турушу толук мыйзамдуу көрүнүш экендигин турмуш да,изилдөөлүк тажрыйба да толук көрсөттү. Тилекке каршы, мындай көрүнүштү лидерлер өтө чычалоо менен кабылдап изилдөөчүлөргө каршы ар кандай агрессиялык чараларды уюштурушат экен. Мисалы, Кыргызстан азттыкка аттанган XX кылымдын 90-жылдарынын башында Республиканын мурунку Президенти А. Акаевдин беделi эң жогору болгону толук түшүнүктүү эле. Бирок, 1994-95-жылдардан баштап Республиканын экономикалык-социалдык абалы төмөндөп, коомдук менчикти өзүмдөштүрүүгө адилетсиздик күчөп бараткан учурда Президенттин беделi төмөндөй баштады. Анын беделинин ченөлчөмү тизмеде 3 орунга, андан кийин 13 орунга түшүп кетти. Мына ошондон баштап, Президенттин администрациясынын жетекчиси тарабынан мага каршы репрессия уюштуруу күчөдү. Ар кандай коркутуулар, телефон аркылуу "жашоо ашыкча болуудабы?", "балдарындын тагдырын ойлойсуңбу?" деген сыяктуу корддуктоо жана эскертүүлөр болду" .

Мындай кырдаалдар кийинки президенттин тушунда да, анын аткаминерлери тарабынан изилдөө мүчөлөрүнө таасирин тийгизбей койгон жок. Мисалы КТРдын "Замана" берүүсүндөгү "Социологиялык иликтөө" рубрикасын коммерциялык берүү кылабыз деген шылтоо менен 2006-жылдын декабрь айынын аягында жабылып калышы да буга далил боло алат (акыркы берүү 2006-жылдын 23-декабрында ХИПИКке эл каршы экендиги аныкталганы берүүнүн Социологиялык иликтөөнүн жыйынтыгынын далилдөөлөрү менен бүткөн эле).

Бирок, ошого карабастан илимий жетекчинин кайратмандыгынын негизинде көпчүлүк маалымат каражаттарына изилдөөлөрдүн жыйынтыктары жарыяланып, илимий диссертациялар жакталган. Азыркы учурда да элита социологиясына болгон кызыгуу токтоп калбастан социологиянын профессору, мударис Кусеин Исаевдин жетекчилиги астында саясий социологиядагы коомдук-саясий изилдөөдөгү социология илимини жаңы технологиялык ыкмаларын киргизип жаткан жаш демилгелүү социолог Самар Сыргабаев менен бирге элитолог Бактыбек Сейитбаев, социолог Бакыт Малтабаров тарабынан эксперттик социологиялык изилдөөлөр жүргүзүлүп Кыргызстандагы саясий элитанын калыптанышына уруучулук менен жердешчиликтин тийгизген таасири, жана коомдук-саясий көз караштар сыяктуу актуалдуу маселелер каралып келүүдө.

90-жылдардын башында Кыргызстанда коомду түптамырынан бери кайра куруу жана анын бардык чөйрөсүн демократиялаштыруу процесси жүрө баштагандан тартып, Республикабыздын жарандары анча-мынча өзүлөрүн эркин сезе башташып, оюндагысын тайманбай айтып, өткөндөгү тарыхы абалы жөнүндө чындыкты билүүгө далалаттанып кулчулуктан, манкуртчулуктан, жуйкурчулуктан, камырабастыктан жана патерналисттик психологиядан арылып ар бир инсан өз акылы менен күн көрүү сезими ойгонуу башталды десек болот.

Коомдук пикирдин тигил же бул кубулуштун же процесстин калыптанышы, өнүгүшү жана өсүшү ар кандай чөлкөмдө ар кандай деңгээлде болушу ыктымал. Ошондуктан анын аймактык-социалдык чек араларында мисалы айылда, райондо, облуста жумурияттта, жалпы өлкөдө же дүйнөдө өзгөчөлүктөрү болот.

Коомдук пикирди изилдөөдө социология илими өзгөчө мааниге ээ экендиги биздин баарыбызга аттын кашкасындай белгилүү эмеспи. Социология илиминин коомдук пикирди иликтеп үйрөнүү бөлүмүндө **саясий рейтинг** башкача айтканда **белгилүүлүктүн** рейтинги көрүнүктүү орунду ээлейт. Бул илим кеңири жана терең өнүккөн батыштын жогорку индустриалдык жана укуктук өлкөлөрүндө саясий белгилүүлүктүн рейтинги саясаттын социологиясында массалык коммуникациянын социологиясында эң кеңири пайдаланылат.

Социология илиминде беш баллдык шкала боюнча баа коюу (же андан жогору же төмөнкү сандар менен деле болот) саясий ишмерлердин белгилүүлүгүн аныктоонун ыкмасы катары эң кеңири пайдаланылат. Социолгия илиминдеги ыкма боюнча "жашыруун" түрдө да анын ишмердүүлүгү бааланат. 1991-жылдын жылдын январь айынын үчүнчү он күндүгүндө жана февраль айынын биринчи он күндүгүндө профессор К. Исаевдин жетекчилиги алдында биринчи жолу жумурияттын Президентинин, партиялык, советтик жана чарбалык жетекчилеринин белгилүүлүгүн аныктоо үчүн беш баллдык шкала менен иликтөө жүргүзүлүп баштаган.

Бул иш ошол боюнча токтотулуп калбастан мударис К. Исаев жетектеген көз карандысыз социологдордун чыгармачыл тобу тарабынан ошол мезгилден тартып ушул мезгилге чейин эксперттердин бааларынын негизинде республикабыздагы таасири күчтүү 50 саяа

сатчыны аныктоочу социологиялык изилдөөсү жүргүзүлүп келе жатат. Саясий инсандардын беделин (рейтингин) аныктоого республикадагы массалык-маалымат каражаттарыны өкүлдөрү, саясий баяндамачылар, Улуттук Илимдер Академиясынын жана жогорку окуу жайлардын аалымдары жана ошондой эле саясий партиялардын, коомдук уюмдардын өкүлдөрүнөн турган компетенттүү эксперттер катышууда. Биз оппоненттеribиздин пикирин эске алып, саясий инсандарга баа берүүдө алардын компетентүүлүгүнө, ишмердүүлүгүнө, жоопкерчиликтүүлүгүнө, кесипкөйлүгүнө, акыйкатчылдыгына, чынчылдыгына талап этип, чөлкөмдүк, партиялык жана кландык кызыкчылыкка көз каранды болбоону эксперттерден өтүнгөнбүз.

Саясатчыларды баалоодо 5 баллдык ченөө колдонулуп, "5" деген баа эң жогорку, ал эми "1" деген баа эң төмөнкү болуп эсептелип тигил же бул мамлекеттик жана коомдук ишмердин республиканын ички жана тышкы саясатына тийгизген таасиринин даражасы аныкталган.

Коомдук пикир деген тоңуп калган муз же катып калган таш эмес. Ал абдан элпек, өзгөрүлмө болот. Тиги же бул саясый ишмердин бедели коомчулуктун көз алдында өзгөрүп турушу толук мыйзам ченемдүү көрүнүш. Социологиялык иликтөөнүн жыйынтыгында ошол коомдук пикир канчалык деңгээлде так, айкын, калыс жана чындыкты чагылдырат - маселенин түпкү маңызы ушунда эмеспи. Ошого байланыштуу көз каранды эмес социологиялык топ эч бир партияга, кыймылга же жетекчиге жан тартпастан иликтөөлөрдү жүргүзүп келди.

Ошол мезгилден азыркы учурга .чейинки жүргүзүлүп келе жаткан эксперттик социологиялык иликтөөнү этаптарга бөлүп карасак кыргызстандагы саясий элитанын калыптанышын социологиялык изилдөө төмөнкүдөй мезгилдерге бөлүнөт:

1. Азаттыктагы Кыргызстан жана анын саясий элитасынын калыптаныш мезгили - 1991-1995-жылда;
2. Кош палаталуу парламент жана өлкөбүздөгү саясий элитанын өзгөрүү жүрүштөрү - 1995-2000-жылдар;
3. Үй-бүлөлүк кландык башкаруу мезгилиндеги саясий элитанын беделi - 2000-2005-жылдар.
4. 2005-жылдагы мартган кийин элита алмашуудабы же "жаңы элитанын" абалы кандай?

Ушул тууралуу толук маалыматты мударис Кусейин Исаевдин жетекчилиги алдында даярдалган "Кыргызстандагы саясий элита жана алардын коомдогу беделi социология күзгүсүндө" деп аталган илимий жыйнактан толук таанышууга болот.

Келечекте саясий элитанын калыптанышы, дегеле жалпы Кыргызстандагы элитанын абалы жана алардын калыптанышына социалдык-экономикалык абал менен коомдук саясий жараяндын тийгизген таасирин социологиялык жактан изилдөө улантыла бермекчи.

Эксперттик иликтөөлөргө интервьюер катары жигердүү катышкандарды белгилей кетсек, алгачыкылардын катарында 90-жылдардагы БГУнун аспиранты Асан уулу Кубат, инжерен-социологдор Канат Токтобаев, Каныбек Атамкулов, студент-социологдор - Мирлан Зарипбеков, Мурат Садагылиев, Алмаз Батиловдорду, региондордогу волонтерлорубуз Акылбек Султанов (Каракол ш.), Марат Ниязалиев (Талас ш.), Нуратбек Мендибаев (Ош ш.) ал эми эксперт катары изилдөө башталгандан бери туруктуу катышып келе жаткан окумуштуулардан Осмон Тогусаков, Макен Жумагулов, Айнура Элебаева, Токонай Ожукеева, Мелис Артыкбаев, Жумакан Омукеева, Акылбек Жуманалиев, Азис Жусупбеков, Жеңиш Жунушалиев, Нурбек Омуралиевдерди, кийинки муундагы окумуштуулардан - Марат Егиналиев, Амантур Жапаров, Жеңиш Ашыралиев, Расул Авазбек уулун, Дамира Омуралиеваны, журналисттерден - Азимжан Ибраимов, Кубат Чекиров, Бакыт Орунбековдорду баса белгилеп, элитологиянын Кыргызстандагы элитологиянын өнүгүүсүнө саясий эксперт катары салым кошуп татканыктар үчүн аларга терең ыраазычылыгыбызды билдирип кетишибиз абзел.

Адабияттар

1. Вебер М. Избр. Произведения. -М., 1990.
2. Исаев К. \Кыргыз социологиясынын: өткөнү, түптөлүшү, келечеги. -Б., 2009.
3. Исаев К. Политическая социология. -Б., 1997.
4. Тощенко Ж.Т. Социология. Жалпы курс. /Котор. К. Исаев, Э. Кылычев. -Б.: КЭнин башкы редакциясы. 1997.
5. Сейитбаев Б.Т., Саралаев Т.О. Теория политической элиты и власти. -Б., 2009.

Н. Меңдибаев,
ОШТУ

АЙЫЛ - АНТРОПОСОЦИЕТАЛДЫК БҮТҮНДҮК КАТАРЫ

XX кылымдын аягынан баштап дүйнөлүк социология илими "социеталдык", "социалдык топтор" "антропосоциеталдык өзгөрүүлөр" сыяктуу татаал социалдык биримдик сыпатындагы жаңы парадигмалык түшүнүктөр менен толукталып кирди. Бул түшүнүктөр көптөгөн илимий жыйындарда айтылган жана талкууланган, алардын теориялык, практикалык көйгөйлөрү каралган, алардын практикалык баалуулугу, интеграциялык мүмкүнчүлүктөрү ар түрдүү социалдык коомдук бүтүндүктөрдүн курамындагы орду, мааниси аныкталган.

Жергиликтүү башкаруунун өзөгүн түзгөн жергиликтүү социалдык бүтүндүктөр - айыл, район, шаар жана башка калктуу антропосоциеталдык аймактык бүтүндүктөр социалдык экономикалык көйгөйлөрдү өз ордуна коюп чечүүдө, жаңы тарыхый шарттарда аймактык башкарууну өнүктүрүүдө, өз ара тыгыз байланышта, максаттын комплекстүү стратегиялык чечилүүсүнө жооп берет. Акыйкаттык үчүн белгилеп өтүүбүз керек коомчулуктун антропосоциеталдык интегралдык биримдиги катары өлчөм, баалуулук, коомчулук жана аймак эсептелет. Эгер мунун баарын

жалпыласак, анда коом чыныгы жашоодо жашайт, себеби атуулдардын социалдык жалпы өз ара кыймыл аракеттери, социалдык аракеттенүүсү ар кандай коомдун өзөгүн түзөт.

Жаңы социологиялык теориялык иштерде (Америкада, Европада, Россияда) "антропосоциеталдык жыйынтыктоочу түшүнүктөр" инсандын ролунун жана ордунун маанисин түшүндүрүү менен башталат. Албетте, инсанга мындай мамиле мыйзамдуу деп эсептелет. Бирок, тилекке каршы, Кыргызстандын социалдык илимдеринде, айрыкча социологияда бул маселе азыркыга чейин өзүнүн тарыхый ордун таба элек.

Ошондуктан антропосоциеталдык бүтүндүк жайгашкан аймак жашап турган жерден, курчап турган айлана-чөйрөдөн, адамдын өзүнөн жана маданиятынан ажыратылбастан туруп изилденүүсү абзел. Коомдун социалдык-экономикалык жана руханий көйгөйлөрүн чечүүдө мындай ыкма керектүү илимий чечимдерди туура жасоого жардам берет. Андыктан, биздин оюбузча, аймактык шарттарда антропосоциеталдык бүтүндүк төрт элементтен турат: адам, жер, маданият жана экология (табият). Алар бири-бирин толуктоо менен бири-бири менен тыгыз байланышта болушат. Кыргызстан өз эгемендүүлүгүн жарыялагандан кийин азыркы мезгилде байыркы кыргыздардын салттуу ой жүгүртүү образынын системасына барып такалган тарыхый тектерин таануу процесси жүрүп жатат. Бул процесс кыргыз маданиятынын өзүн аныктоосундагы карама-каршылыктарды көрсөттү, ошол эле убакта бул белгиленген жагдайлар азыркы мезгилдин социомаданий чындыгынын жалпы кризисинин контекстинде табигый нерсе катары ойлонулаарын да белгилеп кетүү керек. Ушуга байланыштуу улуттук маданияттын өнүгүүсүнө маданияттын жана коомдун тарыхый өтмүшү менен азыркы абалынын ортосундагы диалог таасир берет. Бул - дүйнө таанымдын түпкү принциптерин калыбына келтирүү процесси. Ошентсе да тарыхыйлуулук жагдайын эске алуу керек: маданияттын тарыхынын өткөн мезгилдердеги баалуулуктары толук түрдө калыбына келбейт бул өнүгүүнүн объективдүү процесси.

Ой жүгүртүүнүн улуттук стереотиби антропосоциеталдык бүтүндүктү жана өз алдынча жеткиликтүүлүктү кыйгап өткөн өз алдынчалуулуктун сыртқы көрүнүштөрүнө гана келип такалат [1].

Жер - бул аймактык антропосоциеталдык бүтүндүктү пайдалануунун эң негизги элементи катары мамлекеттин жана коомдун негизи.

Айылдык жашоочулардын көпчүлүк бөлүгү натуралдык чарба жүргүзүүгө өтүп кетишкен жана жакырчылыктын чегинен сырткары жашашат. Экономикалык жана илимий жактан негизделген айдап себүү колдонулбайт. Мунун баары топурактын түшүмдүүлүгүнүн кескин төмөндөшүнө алып келди. Айдоо жерлеринин деградация процесстери коркунучтуу деңгээлге жетти. Саздак жерлердин көбөйүшү, туз каптоо, топуракта натрийдин азайышы, топурактын суу жана аба эрозиясынан айдоо жерлеринин аянттарынын кыскарышына алып келет. Көп жерлердин мелиорациялык абалы канааттандырарлык эмес, себеби аларды жакшыртуу үчүн каражат бөлүнбейт, ошондой эле ал жерлердин аянты кичинекей, а мелиорациялык иш чаралардын технологиясы боюнча мындай жумуштар ири массивдерде жүргүзүлүшүн талап кылат. Бийик тоолуу райондордун айдоо аянттары 272,9 миң гектарды түзөт, анын ичинен 52% - дан өсүмдүктөрү, 38% - тоют өсүмдүктөрү. Вегетациялык мезгилдин кыскалыгынан дан өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү төмөн - гектарынан 20 - 25 ц гана көрсөтөт [2].

Тоолуу райондордо өз өндүрүшүндөгү азыктык дан менен камсыз болуу өтө эле төмөн. Андан сырткары, дан өсүмдүктөрүнүн өстүрүүгө кеткен чыгымга караганда сатуу баасынын төмөндүгү чарбачылыкты рентабелдүү жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк бербейт. Ушунун айынан көптөгөн жашоочулар жакырчылыктын чегинде жашашат, алардын жашоосунун узактыгы төмөн, балдар нормага ылайык өсүү жана өнүгүү үчүн талап кылынгандай тамактанышпайт.

Тоолуу областтарда дан чарбалары дан өсүмдүктөрүнүн уруктарынын 26% гана берет, калган 74% урукту дыйкандар өздөрү беришет. Ошол эле учурда алар төмөнкү сапаттагы уруктарды даярдашат жана мунун кесепетинен дыйкан ар бир гектардан 10 центнерге чейин дан жоготот. Даярдоочу дан чарбаларынын саны деле анча көп эмес. Тоолуу райондордун чарбаларынын бир бөлүгү көп жылдык чөптөрдү 5-10 жыл колдонуунун аркасында гана керектүү салмактуулукту сактап турушат, алардан өтө чектелген көлөмдөгү, негизинен чөптөн гана турган тоют түшүмүн алышат. Отоо чөптөр баскан, көптөгөн зыянкечтер жана өсүмдүктөрдүн оорулары пайда болгон талаалардын фитосанитариялык абалы өтө жагымсыз. Бир түрдүү гана дан эгинин эгүүдөн жана минералдык жер семирткичтердин жоктугунан топуракты арыктоосу башталды. Өстүрүлгөн айыл чарба продукциясынын түшүмүн жыйноо маселеси абдан татаал бойдон калууда. Оруп жыйноочу техника жетишпейт, айрыкча тоолуу райондордо бул көрүнүш чыңалган туруктуу мүнөзгө ээ. Жыйынтыгында түшүмдүн бир бөлүгү түбүнөн жоголот же болбосо жыйналбай калат.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында жер рыногунун калыптануусу жүрүүдө, жер участокторун пайдалануу укуктарын сатуу боюнча аукциондор өткөрүлүүдө.

Тоолуу райондордун айылдык өндүрүүчүлөрү төмөндөгүдөй маселелерге дуушар болушууда.

1 - маселе. Сугат жерлериндеги айыл чарба өсүмдүктөрүнүн орточо түшүмдүүлүгү өтө төмөн;

2 - маселе. Айдап себүү системасы ар дайым колдонулбайт;

3 - маселе. Айдоо жерлеринин эрозиясы, деградациясы жана топурактын түшүмдүүлүгүнүн төмөндөшү (30-70% га) жетти;

4 - маселе. Айыл чарба техникасынын көп бөлүгү өз мүмкүнчүлүгүн иштеп бүттү, башкача айтканда өз мөөнөтүн өтөп бүттү жаңысы алынбай келет;

5- маселе. Күйүүчү майлоочу материалдарынын кымбаттыгы жана курч жетишсиздиги;

6- маселе. Фермерлердин продукциясы жергиликтүү базарларда сатууга начар кетет, башка региондорго сатуу системасы түзүлгөн эмес;

7- маселе. Айыл чарба продукцияларына баанын төмөндүгү жана өндүрүш ресурстарына жана кызматтарына болгон баанын бийиктиги;

8 - маселе. Насыя алуунун жетишсиз мүмкүнчүлүктөрү;

9 - маселе. Сапаттуу уруктардын, жер семирткичтердин, гербициддердин курч жетишсиздиги;

Азыркы убакта айыл жергесинде жашаган калктын жеке чарбасынын жалпы санынын 30% жакынынын малы жок. 40% жакын чарбалар ири мүйүздүү малдарды кармашпайт, 42% чейин -кой, 70 % чейин- жылкы кармашпайт, жалаң чочко кармагандар- 6% чейин,

эчки -20% чейин. Малдын жана канаттуунун жалпы башынын 10,3%- 38,6% чейинкиси тоо зонасына туура келет [3].

Акыркы жылдары энергияга, аралашма тоютка, унаа кызматтарына болгон баанын кескин көтөрүлүшүнөн улам мал чарбачылыгынын бир катар тармактары чыгымга кириптер болууда. Тоолуу зоналарда айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү боюнча цехтер, заводдор жана ишканалар тармагы дээрлик жок.

Маселелерди чечүүнүн жолдору:

- жаңы заманбап чакан цехтерди жана чакан заводдорду түзүү;
- туруктуу тоют базасын түзүү;
- тоют өсүмдүктөрүнүн айдоо аянттарын чоңойтуу (беде, эспарцет жана башка белогу көп жана ширелүү тоюттарды себүүнүн эсебинен);
- тоо мал чарбачылыгын өркүндөтүү, жайыттарды жакшыртуу жана пайдалануунун эсебинен жашыл тоюттар менен камсыз кылуу;
- тоолуу райондордун малчыларынын инфраструктурасын жана социалдык турмуштук шарттарын жакшыртуу;
- ар бир айыл өкмөтүндө жана калктуу пункттарда ветеринардык тейлөө кызматтарын түзүү;
- ветеринардык препараттарды, айыл чарбасындагы малдарды жасалма уруктандыруу пункттары үчүн инвентарларды жана материалдарды сатуучу магазиндерди жеке кампаларды ачуу;
- асыл тукум койлордун генофондун сактоо;
- экономикалык, финансылык жана юридикалык мүнөздөгү, ошондой эле материалдык-техникалык камсыздоо боюнча маселелерди чечүү үчүн тоолуу региондордо фермер-малчылардын Ассоциациясын түзүү.

Республикада 9,0 млн гектарга жакын жайыттар бар, анын ичинен 5,6 млн га бийик тоолуу алыскы жайыттуу зоналарда жайгашкан, 2,1 млн гектарга жакыны гана айылга жакын жерлер менен бийик тоолуу жайыттуу зоналардын ортосунда жайгашкан. Алдын ала эсептөөлөр боюнча, жайыттык -шалбаа чөптөрүн жакшыртуунун эсебинен мал чарбасы үчүн эң арзан тоют катары кошумча 3- 4 млн тонна тоют бирдигинде алса болот. Жер жерлерде жайыттарды пайдалануунун прогрессивдүү технологиясынын жоктугунан улам республиканын мал чарбачылыгы бүгүнкү күндө бар болгону 0,5 млн гана тонна тоют бирдигин пайдаланат, мындайча айтканда жайыт аянттарынын 86% иш жүзүндө продукция бербейт [4]. Дыйкан жана фермердик чарбалар малды айдап жеткирүүгө кеткен чоң чыгымдардын айынан эң мыкты жайлоо жайыттарын пайдалануу токтотуп коюшту. Малчылар үчүн тоодогу турак жайларда маданий борборлор жоюлган. Жолдор капиталдык ремонтту талап кылат, чоң тоо дарыяларындагы кээ бир өтмөк көпүрөлөр бузулган.

Жаңы объектилердин курулушу токтоп турат. Жайыттардагы бар курулуштарды оңдоп - түздөө токтотулган. Жогоруда айтылгандардан улам жыйынтык чыгарсак, мал жандыктарды багуунун технологиясын түп-тамырынан өзгөртүү керек. Жаңы технологияларга өтүү акыр аягы жайыттарды максималдуу пайдалануунга жана арзан, экологиялык жактан таза мал чарба продукциясын алууга зор мүмкүнчүлүктөрдү берет.

Бийик тоолуу зоналарда мал чарбачылыгын өнүктүрүүнүн негизги максаты болуп топоз чарбасын кайра жандандыруу, андан ары өнүктүрүү жана анын продукциясын тышкы рынокко чыгаруу эсептелет. Акыркы жылдарда топоз чарбасына көңүл буруу начарлап кеткендиктен жана топоздун чаржайыт көбөйүшүнөн алардын майдалануусу жана башынын кыскаруусу келип чыкты. Топоздор эт, сүт жана жүн өндүрүмдүүлүгүнө ээ, ошондой эле өндүрүлүп жаткан продукцияга өтө аз чыгым кетирүү менен баалуу тери үчүн чийки зат берет. Бул жаныбарлар өздөрүнүн багылуусу үчүн турак-жай, тоют, каржылап кароо талап кылынбайт, себеби жыл бою туягы менен тоют таап жейт. Топоздун эти жогорку калориялуу, экологиялык жактан таза, анын сиңимдүүлүгү 60% чейин жетет. Кыргыз Республикасында топоз чарбасын өнүктүрүү мурда республикада өндүрүлбөгөн продукциянын ассортиментин кеңейтүүгө чыныгы мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берет. Канын жана быштагын кайра иштетүү, ички дүйнөлүк рынокто чоң талапка ээ продукцияны алууга мүмкүнчүлүк берет. Топоздун санын келечекте 88 миң башка жеткирүүгө болот. Жылкы чарбасы:

а) эл аралык рынокто соңкусун сатуу үчүн спорттук, асыл тукум жана эт багытындагы жылкыларды багуу үчүн биргелешкен ишканаларды түзүү керек;

б) эл аралык рынокко чыгаруу үчүн таза кандуу күлүктөрдү, асыл тукум жана эт багытындагы жылкыларды багууну жолго коюу;

в) туристтерге тейлөө кызматын көрсөтүү үчүн Ассоциацияларды түзүү;

г) эс алуучуларды кымыз жана жылкы этинен жасалган продукциялар менен камсыздоо системасын түзүү;

д) ипподром жана башка оюн-зоок спорттук курулуштардын тармагын кеңейтүү.

Тоолуу областтарда бээ сүтүн өндүрүштүк кайра иштетүүнү жана баалуу дарылык касиети бар кымызды алууну жолго коюу керек. Кымыз дарылык ичимдик болуп эсептелет ошондой болсо да ал сезондуу мүнөзгө ээ, ошондуктан бээ сүтүн кургатып алуу менен республиканын калкын гана эмес, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн калкын да жыл бою кымыз менен камсыз кылып туруу маселеси чечилмек.

Мал чарбачылыгынын маселелери:

1 - маселе. Мал башынын кескин кыскаруусу;

2 - маселе. Алыскы мал жайыт -жайлоо чарбачылыгынын системасынын бузулушу;

3 - маселе. Селекциялык асыл тукум мал чарбачылыгы өз өнүгүүсүндө артта калган;

4 - маселе. Малдын башын калыбына келтирүү алыскы мал жайыт жайлоо жана селекциялык асыл тукум мал чарбачылыгын өнүктүрүү ошондой эле продукцияны кайра иштетүү жана сатуу боюнча татаал маселелерди чечүү үчүн фермер чарбаларынын кооперацияларынын эффективдүү системасы али иштелип чыккан эмес;

5 - маселе. Республиканын тоолуу райондорунда мал чарбачылыгынын материалдык-техникалык базасы жана инфраструктурасы бузулган, эскирген жана калыбына келтирилбей жатат.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын фермердик чарбалары материалдык-техникалык, финансылык каражаттардын кескин жетишсиздигин баштан кечиришүүдө, бул нерсе айыл чарбасын ийгиликтүү жүргүзүүгө жана жерлердин айыл чарба ресурсунун 2/3сине чейин пайдалануга мүмкүнчүлүк бербейт [5].

Кыргызстандык адистер тарабынан тоолуу жерлердеги айыл чарба өндүрүшүндө колдонууга боло турган биоинтенсивдүү сугат жерлердин өркүндөтүлгөн

системалары жана технологиялары иштелип чыккан. Бул системаларда топурактын нымдуу аба менен табигый жана жасалма аэрациялоонун, топурактын оптималдуу суу-аба жана жылуулук режимдерин түзүүнүн жана кармап туруунун жаңы чечмелөөлөрү жана ыкмалары сунуш кылынат. Жер иштетүү кол эмгегинин эсебинен же аз механизация каражаттары менен ишке ашуусу мүмкүн жана экологиялык абалга терс таасирин тийгизбейт.

Нымдын топуракка акырындык менен, тегиз түшүшү жана топуракта нымдуулуктун оптималдуу деңгээлин кармап туруу үчүн бул ыкмада аз норма менен сугаруу колдонулат.

Маселелерди чечүүнүн жолдору:

-тоолуу шарттарда биоинтенсивдүү сугат жерлердин өркүндөтүлгөн технологияларын жана мелиорациялык системаларын практикага киргизүү;

- топуракты рационалдуу нымдаштыруу жана нымдуулукту оптималдуу кармап туруу системасын колдонуу;

- топурактын жылуулук режиминин башкаруу системасын иштеп чыгуу;

- топурактагы физикалык, химиялык жана биологиялык процесстерди, топурактагы суунун буулануу процессин, топуракка нымдын абанын жерге жакын катмарынан топтолуусун иштеп чыгуу.

Күтүлүүчү жыйынтыктар:

- айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жогорулайт, топурактын асылдуулугу жакшырат, бууланууга жана сугарууга суунун чыгымдалышы азаят, топурактын эрозиясы азаят;

- минералдык жер семирткичтерди колдонуу эң төмөнкү чекке жетет;

- фермердик чарбаларда жер иштетүү кол эмгегинин негизинде жана аз механизация каражаттары менен ишке ашырылат;

- Борбор Азиянын фермерлери үчүн тоо шарттарында биоинтенсивдүү сугат жерлерди колдонуу системасы боюнча сунуштар иштелип чыгат [6].

Мындай шарттарда ар бир антропосоциеталдык бүтүндүк өзүн үлгүлүү жана өз алдынча сактап калуусу зарыл.

Жогоруда белгиленип өткөн бардык ой сунуштар өзүнүн түрүн, түзүлүшүн, динамикасын, интегралдык ченемин жана социалдык формасын өзгөртүү менен келечектеги Кыргызстандын бүтүндөй коомдук өнүгүүсүнүн жаңы деңгээлине көтөрүлүүсүнө өз жардамын берет. Ар тараптан терең талданып, изилденип айтылган ой-сунуштар, болуп жаткан өзгөрүүлөр келечектеги стратегиялык башкаруунун маанилүү жыйынтыгы болуп кала берет деген үмүттү көрсөтөт.

Адабияттар

1. Бакиева Г.А. Социальная память и современность. - Б., 2000.

2. Кыргызская Республика: Профиль и динамика бедности и неравенства, 2009.

3. КР Улуттук статистика комитети. Кыргыз республикасынын айыл чарбасы. -Б., 2009.

4. КР Улуттук статистика комитети. Кыргыз Республикасынын статистикалык жылдыгы. -Б., 2010.

Т.Ж.Шайдуллаева,
г. Бишкек, Кыргызстан

ФЕНОМЕН "ОБОН" И ЕГО НЕСЛУЧАЙНЫЙ ХАРАКТЕР В КЫРГЫЗСКОМ ОБЩЕСТВЕ

Активизация политических событий в последние годы в Кыргызстане принесла немало изменений в поведении женщин. Особенно в последние 7-8 лет появление групп "ОБОН" (отряд баб особого назначения)обратило на себя внимание, превратившись в предмет для игр определенных политических сил. Напомню, что на территории Кыргызстана в 2005 и в 2010 годах произошли 2 политических переворота. Немалую роль в них сыграло участие групп "ОБОН". До этого в кыргызском обществе говорили о появлении среди девушек и женщин слоев челночниц, мигранток, производительниц, правозащитниц. Теперь общественность Кыргызстана действительно беспокоится о находящихся в первых рядах революционеров, состоящих из одних женщин, групп "ОБОНа".Они активны, бесстрашны, сильны, довольно многочисленны, могут показать все на что способны, защищая чьи-то интересы, не отступают от намеченного, добросовестно выполняют требования заказчика. Конечно, у них нет никаких принципов, работают только за деньги, для выполнения других интересов могут диктовать заказчикам свои условия. Если договоренная сумма не будет выплачена, или не выполнят их требования, они в тот же миг уходят к другому "клиенту". Таким образом, они решают материальные и всякие другие проблемы своих семей. Они - неустанные агитаторы на выборах, способные до хрипоты орать на митингах. Если необходимо, готовы "скинуть" кого-нибудь из кресла и посадить "заказчика", иначе говоря, это особая группа, всегда готовая для выполнения любого заказа имущих.

Происхождение термина "ОБОН". С трибуны парламента известныйдепутат и кино-режиссер Доорон-бек Садырбаев когда-то иронично и по аналогии с известной аббревиатурой ОМОН (отряд милиции особого назначения) окрестил эти группы "отрядом баб особого назначения", или ОБОН. Эта терминология сегодня прочно вошла в повседневный лексикон, широко используется СМИ и общественностью.

Кыргыз тилинен айырмаланып, түркчөдөгү салыштырма даражаны уюштуруучу *-ыраак* мүчөсү өтө эле сейрек колдонулат: *acı - ачуу, acırak - ачуурак, ince - ичке, incerek - ичкерээк ж.б.*

Басаңдатма даража. Заттын белгисинин нормадагы абалга жете бербегендигин билдирет. Кыргыз тилинде бул даража төмөнкү мүчөлөр аркылуу берилет [1:154]:

1. *-ыш: ак - агыш, көк - көгүш;*
2. *-гыл: кир - киргил;*
3. *-ылжым / -ылжын; көк - көгүлжүм / көгүжүн;*
4. *-ылтыр: көк - көгүлтүр;*
5. *-гыч: сары - саргыч;*
6. *-гылт: сары - саргылт, кызгылт;*
7. *-гылтым: кызгылтым.*

Кыргыз тилинде басаңдатма даражаны туюндуруучу каражаттар дээрлик аз, алардын колдонушу да чектелүү. Ал эми түрк тилинде, кыргыз тилинен айырмаланып, сапаттык сын атоочтордун баары тең басаңдатма даражада айтыла берет: *kalın, kalınca - калың, бир аз калың, калыңыраак.*

Түрк тилинде басаңдатма даража төмөнкү мөчөлөр менен берилет:

-ca мүчөсү. Бул мүчө сын атоочторго уланып сапат, өлчөм жагынан баа берүү маанисин туюндурат: *uzunca - ортодон узун же кичине узунураак, uzunca boylu bir adam - узунча бойлуу (өтө узун эмес) адам, tatlıca - таттуураак, uzakça - узагыраак, өтө узак эмес, güzelce - сулуураак.*

Кыргызчада басаңдатма даражанын ***-ыраак*** мүчөсү негизге уланып, берилген даражанын кадимкиден бир аз төмөнүрөөк, жетишпеген абалда экендигин билдирет: *кичүүрөөк, сертирээк, кыскараак, арыгыраак, жумшагыраак, таттуураак ж.б.*

-sı мүчөсү. Бул мүчө көпчүлүк учурда өң-түстү билдирген сын атоочторго уланып, негизде берилген сапаттык берилерди солгундатып, кичирейтип көрсөтөт: *kızılsı - кызгылт, yeşilsi - жашылтым.*

-(ı)msı мүчөсү. Бул мүчө жогорудагы *-sı* мүчөсү менен бирдей эле маанини билдирет: *yeşilimsi / yeşilsi - жашылтым, kızılımsı / kızılsı - кызгылтым, sarımsı - саргылтым, mavimsi - көгүш, көгүлтүр, tatlımsı - анча деле таттуу эмес.*

-(ı)mtrak мүчөсү. Бул да жогорудагы *-sı, -msı* мүчөлөрү менен маанилеш: *yeşisi / yeşilimsi / yeşilımtrak, sarısı / sarımsı / sarımtrak.*

-çıl мүчөсү. Бул мүчө айрым гана сөздөрдө сакталып калган: *akçıl - агыш, gökçül - көгүш.*

-ça/-ca мүчөсү. *kolayca bir iş - оңой иш.*

-çık/-cık мүчөсү: *incecik ip - ипичке жип, azıcık yemek - аз гана тамак.*

Өйдөкү мүчөлөр көбүнчө эркелетүү, кичирейтүү, басандатуу маанилерин туюндурат да, айрым белгилери боюнча кыргыз тилиндеги сын атоочтун басандатма даражасына дал келет. Бирок түрк тилинде бул даражанын маанилери кыргыз тилиндегиге караганда кенен. Кыргыз тилинде өйдөкү маанилерди туюндуруучу өзүнчө каражат жок. Ошондуктан мындай маанилерди контекст аркылуу сыпаттап түшүндүрүү зарыл: *darcık - тарыраак, güzelcik - сулууча, tatlıcık - таптаттуу ж.б.*

Кыргыз тилинде *жакшынакай, татынакай, апапакай, апакай, бытыкый* сыяктуу аз сандагы сөздөргө кичирейтүү, эркелетүү мааниси туюндурулат. Бирок мындай маанини туюндурган мүчө сын атооч жасоочу өнүмсүз курандылардан деп табылат.

Күчөтмө даража. Заттагы белги нормалдуу белгиден өтө айырмалуу (өтө көп же аз) экендигин билгизет да, төмөнкүдөй жолдор аркылуу жасалат:

1. *en* күчөткүч бөлүкчөсүнүн жардамы менен: *en iyi - эң жакшы, en ufak - эң майда, en güçlü - эң күчтүү.*

en' дин ордуна башка сөздөр да колдонулушу мүмкүн: *çok - көп, абдан, өтө, az - аз, pek - өтө, эң, gayet - абдан, аябай, өтө ж.б.*

Кыргыз тилинде да түркчөдөй эле сөздөр колдонулат: *эң, абдан, өтө, аябай, чымкый, чылк ж.б.* Мисалы: *çok / pek güzel - абдан / өтө сулуу, çok büyük - аябай чоң, pek ince - абдан ичке.*

2. Бир эле сөздү кайталоо аркылуу. Бул жол төмөнкүдөй бөтөнчөлүктөрү менен ишке ашырылат:

а) толук кайталоо;

б) толук эмес кайталоо;

в) *mı* бөлүкчөсүн кошуп кайталоо.

Толук кайталоо: *kara kara gözler - абдан кара көздөр, büyük büyük evler - бийик бийик үйлөр, ince ince bel - ичке бел, uzun uzun yol -өтө узун жол, yeni yeni aykkabı - жапжаңы өтүк.*

Ince ince beline kadar uzanan saçları Ипичке белине чейин жеткен чачы.

Altında küçük küçük ter taneleri belirmişti Чекесинде майда тер тамчылары пайда болду.

Толук эмес кайталоо. Мында сын атооч сөздүн башкы мууну кыскартылып, ага *m, p, r, s* тыбыштарынын бирөө уланат да, андан соң сын атооч айтылат: *uzun - узун, upuzun - упузун, boş - бош, bomboş - бопбош, temiz - таза, tertemiz - мамаза, katı - катуу, kaskatı - капкатуу, sıcak - ысык, sımsıcak - ыпысык, çabuk - тез, çarçabuk -тептез.*

Күчөтмө сын атоочтун жогоркудай формасын жасоодо түрк тилинде *m, p, r, s* тыбыштары колдонулса, кыргыз тилинде п тыбышы гана колдонулат.

1) *mı* бөлүкчөсүн кошуп кайталоо: *kara mı kara / çok kara - аябай кара, эң кара, güzel mi güzel - эң сулуу, аябай сулуу, korkunç mu korkunç - өтө коркунучтуу, gülünç mü gülünü - аябай күлкүлүү.*

2) Изафеттин биринчи түрү аркылуу: *güzellerin güzeli - сулуунун сулуусу, iyilerin iyisi - мыктының мыктысы.*

3) Изафеттин экинчи түрү аркылуу: *güzelleri güzeli - güzellerin güzeli.*

Кыргыз тилинде, түркчөдөн айырмаланып, мындай форма колдонулбайт.

Адабияттар

1. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили: Морфология. -Б., 1997.

2. Кондаков А.И. Логический словарь. -М., 1975.

3. Кириллов В.И. Логика познания сущности. -М., 1980.

4. Banguoğlu T. Türkçenin grameri. Ankara:1995.

5. Ergin M. Türkçe dil bilgisi. Ankara:1994.

А. Карымшакова, А.Турмаханбетова,
К.Карасаев атындагы БГУ

КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮРК ТИЛИНДЕГИ АЛКЫШ ЖАНА КАРГЫШТЫ ТУЮНДУРГАН ЛЕКСИКА

Элибиздеги алкыш сөздөр - ата-бабадан муундарга калган мурас. "Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет"; "жакшы сөз - жарым ырыс", же "дубада, батада күч бар"; "жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт"; "улуулардын батасын ал"; "каргыш албай, алкыш ал"; "жаштын тилегин берет"; "жети өлчөп, бир кес"; "айтылган сөз - атылган ок, кайра ала албайсың"; "бир нерсени тилегенден мурда ойлонуп, анан тиле, тилегиң жүзөгө ашса, өкүнүп калба"; "ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө"; "бычак жарасы бүтөт, сөз жарасы бүтпөйт"; "көңүл калуу"; "жүрөгүнүн үшүн алуу" ж.б.у.с. сөздөрдү көп эле угуп жүрөбүз. Бул сөздөрдүн баары күнүмдүк жашообузда өтө маанилүү экенин баарыбыз эле этибарга ала бербейбиз.

Ал эми биздин эзелки ата-бабаларыбыз жогоруда айтылгандар менен бирге, "ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө" деген накыл кеп аркылуу ар бир айткан сөзүбүзгө этият мамиле кылуубуз зарылдыгын эскертип келишсе керек. Себеби жаштар улуулардан бата алып, жакшы каалоолорун угуп, анан гана олуттуу ишке белсенишкен. Бата аркылуу ишинин оңунан чыгарына ишенишкен. Сөздө жана ойдо энергия бар. Эч болбосо, ар түрдүү динге ишенген, алардын ичинен такыбаа даражасына жеткен кишилерден сураганда, алар да сөздүн күчүн, касиетин тастыкташат. Эзелтеден ар бүткөндүн баарысын жандуу деп түшүнүп, анын колдоочусу, ээси бар деген түшүнүк өкүм сүрүп келген. Ашуу, тоо, суу, от, шамал, кийик, дарак, канаттуу - баары жандуу, баары адамдын ой-пикирин, санаасын, тилин билген сыйкыры бар касиеттүү нерселер көрүнгөн. Өздөрүнөн өйдө санап, алардын каарынан коркуп, табынып, сыйынып келген. Кыргыздар мусулман динин кабыл алганча отко, сууга, тоого,

көккө, мазарга, жерге жана ата-бабанын арбагына сыйынган, көңүлдө күткөн тилегимди берсе деп, талап-тилегин айткан. Жанды жаратуучу, аны тазартуучу от деп билишкен. Көк Көкө-Теңир катары таанылган. Көңүлдөгү нерсе Көкө-Теңирдин колунда, көктүн кулагында. Күн - кудайдын көзү деп билишкен. Кыргыз үчүн тоо - өмүрдүн тиреги, жашоонун булагы.

Кыргыз ак баталарында, тилектеринде төмөнкүлөрдү суранып, мындай сөздөрдү колдонгон:

1. Өмүр, ден-соолук суранган сөздөр - узак өмүр бер, көп жашат, башын таштан кыл, саламаттык бер, эсен-соолук болсун, жанын аман кыл.

2. Акыл, куч-кубат суранган сөздөр - акыл бер, кыраандык бер, эстүү кыл, өнөрлүү кыл, илим бер, уз кыл, эрдик бер, эр кыл, күчтүү кыл, дем бер, кубат бер.

3. Дөөлөт-ырыскы суранган сөздөр - кенч бер, өрүштү кенен кыл, олжолуу кыл, кетпес дөөлөт бер, ырыс бер, ырыскылуу кыл, берекет бер, кешик бер, шыбага бер, доор сүргүз, дүнүйөлүү кыл, даам бер, аштуу кыл.

4. Мартаба, ахлак суранган сөздөр - намыстуу кыл, абийир бер, адеп бер, айлалуу кыл, дил бер, тилектүү кыл, уят бер, мээрмандуу кыл, күйүмдүү кыл, кайрымдуу кыл, адилдик бер, так бер, сый бер, бакыт бер, кубаныч, урмат, адамгерчилик бер, мартаба, атак, аброй бер, мандайлуу кыл, даражасын көтөр, өркөнүн өстүр жана башка.

5. Ак жолтойлук суранган сөздөр - куттуу кыл, ак жолтойлук бер, оң жолго сал, перзент, уул бер, жолду шыдыр кыл, жубайлуу кыл, дос бер.

6. Көрк, келбет суранган сөздөр - сулуулук бер, көрк бер, ажар ач, ажарлуу кыл, сымбат бер.

7. Диндик тилек сөздөр - бейиш бер, ыйман бер, акырет бер, топурагын торколуу кыл.

8. "Манастан" тилек кылынган сөздөр - Манастын эрдигин бер, Кошойдун жашын бер, Каныкейдин уздуулугун бер, Айчүрөктүн сулуулугун бер, Алмамбеттин акылын бер. Жогоркулардан улам мисал катары, "Манас" эпосунан алынган ак батаны карап көрөлү:

Бакай ата батасы

Айтылуу шумкар көздүү бол,
Адам таппас сөздүү бол.
Байсалдуу артык үзүлбөс,
Бак баштаган күчтүү бол.
Балага балтыр бешик бол,
Бакытка ачык эшик бол.
Улууну сыйлап жетик бол,
Кичүүгө өмүр кешик бол.
Аккан суунун шары бол,
Балбандардын алы бол.
Оорулууга дары бол,
Опол тоодой кары бол.
Кыдыр болсун жолдошуң,
Кыйын күн башта болбосун.
Ыйык тут Манас ордосун,
Оомийин, кудай колдосун!

("Кыргыз маданияты" газ.)

Бул ак батада жакшы тилек, каалоону берүү үчүн төмөнкүдөй оң маанидеги сөз айкаштары колдонулган: шумкар көздүү бол, сөздүү бол, күчтүү бол, жетик бол, суунун шары бол, дары бол ж.б. Аталган батада буйрук ыңгайдагы, негизги мамиледеги, экинчи жактагы, жекелик сандагы бол этиши текстте оң маанини туюндурган бешик, жетик, суунун шары, опол тоодой, кыдыр сөздөрү, сөз айкаштары менен он бир жолу айкалышып келүү аркылуу эле эмес, сын атоочту уюштуруучу *-луу* мүчөсү аркылуу да жакшы тилекти туюнткан семантика жаралганын байкоого болот:

Айтылуу шумкар көздүү бол,
Адам таппас сөздүү бол.
...Бак баштаган күчтүү бол

Ал эми батанын күчүнө ишенүү сыяктуу эле каргыштын күчүнө ишенүү да ошончолук маанилүү. Эмнеге элден бата алуу аркылуу кээ бир жүгүбүз жеңилдеп, ишибиздин, ден соолугубуздун оңоло турганына ишенебиз да, каргышка ишенгибиз келбейт же ага көңүл бурбайбыз?! Антип айтканыбыздын себеби, батанын күчү сыяктуу эле каргыштын да күчү бар. Биз билбей же билип туруп, туура эмес сөздөрдү колдонуу аркылуу мандайыбыздагы кишиге оң же терс энергия жолдошубуз мүмкүн. Муну билүү зарыл. Каргоо жана сөгүнүү эч качан жакшы натыйжа бербегени ыйык Куран китебинде да (Енам сүрөөсү 6:32, Араф сүрөөсү) берилет. Жаман сөз айтуу, көңүл калтыруу, каргоо, сөгүнүү булардын катарына кирет. Түрктөр динге көбүрөөк ишенгендиктен, абдан ачуусу келип турса да "Аллах билет", "Аллахынан тапсын", "ниетинен тапсын" - деп коюшат. Өнүккөн өлкөлөрдө же динге көбүрөөк ишенген элдерде каргоодон мурда анын таасири тууралуу ойлонушабы, айтор каргыш сөздөрдү көп колдонушпайт.

Каргыш бул батанын тескери жана карама-каршысы экени белгилүү. Наалат, балээ, кайгы, кырсык түшүнүктөрүн берген терс сөздөр фарсча "bed" жана арапча "dua" (çağırma) сөздөрүнөн келип чыккан. Эң алгачкы түрк булактарында, XIX кылымга чейинки адабий чыгармаларда жана сөздүктөрдө көбүнчө "kargış" жана "ilenç" сөздөрү колдонулат. Каргыш адамдын өзүнө, үй-бүлөсүнө, коомго жана диний мекемелерге карата ошол эле адамзаты тарабынан айтылган күчтүү бир каяша жооп. Анда эмесе кыргыз элинин уламышынан жаралган төмөнкү ыр саптарына кайрылалы:

О, канкор, окко учсун менчилеп жалгыз балаң,
Тыптыйпыл өрттөнсүн элиң, калааң,
Жериңе эч нерсе өспөй,
Караган, тикенек өссүн жалаң.
О, канкор, кара мышык араласын,
Досторуңдун ортосун.
Кескелдирик уя кылсын,
Жүрөгүңдүн толтосун.
Ой, кудай! Канкор эч качан,
Жакшылык дегенди көрбөсүн.
Сөөгү куурап калса да,
Эч убакта өлүм келбесин (Т.Кожомбердиев).

Бул күчтүү ыр саптарында каргыш мааниси батадан айырмаланып, төмөндөгүдөй сөз, сөз айкаштары, сүйлөмдөр аркылуу берилген: канкор, тыптыйпыл, өрттөнсүн, караган, тикенек өссүн, кара мышык араласын, кескелдирик уя кылсын, жакшылык көрбөсүн, сөөгү куурап өлүм келбесин ж.б. Бул жерде канкор, өрттөнсүн, кара мышык, сөөгү куурап, өлүм сыяктуу берилген түшүнүктөрдүн өзүндө эле терс семантика жатса, караган, тикенек сөздөрү жапжашыл жайкалып өскөн көптөгөн бак-даректардан айырмалуу болуп тикендүү, кунарсыз болгондуктан, терс маани жаратуу максатында акын тарабынан текст ичинде колдонулган. Ошондой эле жандыктын бир түрүн билдирген жөнөкөй эле кескелдирик сөзүн төмөнкүдөй

сүйлөм контекстинде колдонуу аркылуу күчтүү терс эмоцияны билдирген каргыш маанисин туюнтуу үчүн автор кылдат пайдалана алган: Кескелдирик уя кылсын, Жүрөгүндүн толтосун.

Ошондой эле бул ыр саптарында *-сын* мүчөсү буйрук - каалоо ыңгайдын 3-жагы аркылуу берилип, каргышты туюндурган маанилерде активдүү колдонулган: окко учсун, өрттөнсүн, жакшылык көрбөсүн ж.б.

Жогорудагы тилдик каражаттар чыгарманын эмоция-экспрессиясын жаратуу үчүн, жогорку чеберчиликтеги көркөмдүк түзүү максатында колдонулган.

Ал эми түрк эли жөнүндө сөз кылсак, өткөн замандарда сыйкыр, дуба жана төлгөлөргө ишенишкен. Каалоо-тилек, баталар төмөнкү учурларда айтылган.

-Ооруп жатып, ден-соолук сураганда;

-Жыйын-териндин учурунда;

-Жамгыр жаап жатканда;

-Коркунуч жана балекеттин мал-мүлккө келгенинде;

-Төрөлгөндөн өлгөнгө чейинки болгон салтанаттарда айтылган.

Түрк коомчулугунда бул баталар, алкыш сөздөр шаманизм, буддизм маданий коомчулугунан өтүп исламийетте толукталып, жаңы бир көз караштa уланып, муундан муунга өтүп келе жатат. Түрк эли ислам дининин негизинде тенирге карата каалоо-тилек жана жалынуу-жалбарууларын эне- тилинде ыр түзүлүшүндө жана кара сөз түрүндө жеткирген. Жалпысынан руханий, экономикалык, социалдык жана диний муктаждыктарды пайда кылган бул баталар макал-ылакаптар сыяктуу жакшы тилекти билдирген ой-түшүнүктөр болуп эсептелет. Эски түрк тилинде алкыш сөзү "öğme" деген термин менен айтылган.

Байыртадан бери кыргыз элинде да, түрктөрдө да атадан балага, укумдан тукумга ак тилек, алкоо, бата айтылып келген. Бата - баасы, баркы, кадыры, касиети, кудурети, деми, турмуш жагдайдын миң бир кырдаалына карай, жүрөк тереңинен миң бир түрлөнүп, сызылып чыгар адеми түрлөрү кудум жер тамырынан тарам-тарам балкып чыккан даамы-дарылыгы ар башка арашан булак сыңары. Ал эми сөз кыла турган нерселер - дегеле түрк элдеринин күндөлүк турмушунда кеңири колдонулуп, айтылып жүргөн, негизинен улуттук каада-салт, үрп-адат, адеп-ахлак, диний ишенимдер менен байланышта каралган, ар дайым адамдарга жакшылык каалоо иретинде айтылган алкыш, бата, тилек сөздөр.

Тектеш тилдердеги алкыш, каргыш маанисиндеги лексиканы (фразеологизмдерди) салыштырып изилдөөдө, алардын жалпылыгын, окшоштугун таануу менен бирге, алардын ортосундагы айырмачылыктарды талдоого алуу маанилүү экендиги талашсыз. Ал окшоштуктарды таанып жана алардын айырмачылыктарын талдоого алуу үчүн, эки тилдеги маанилик жактан төп келишкен фразеологизмдерди бөлүп кароону туура деп таптык:

1. Ак жолун ачылсын! [КТФС,1980, 27] - **Жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун!** [КТФС.1980,105] - **Көч байсалдуу болсун!** [КТФС.1980,189] - **Uğur (-lar) ola!** (угур (-лар) ола) (Сөзмө-сөз кырг.: жакшылык болсун) [T.D.S. I.,2002,S.653.] - **Yolun açık olsun!** (йолун ачык олсун) (Сөзмө-сөз кырг.: Жолуң ачык болсун)[T.D.S. I.,2002, S.704] Ишиң оңолсун, сапарың ийгиликтүү болсун, көздөгөн максатына жеткин деген сыяктуу алкоо маанисинде айтылат.

2. Иш илгери! [КТФС, 1980,226] - **Kolay gelsin** (колай гелсин) (Сөзмө-сөз кырг.: Женил келсин)[T.D.S. I.,2002,S.476] Иш илгери! Иш илгерилесин, ишиңер ийгиликтүү болсун. Иштеп жаткандарга, иш үстүндегүлөргө каалоо-тилек катарында айтылат.

3. Өмүр берсин! [КТФС, 1980, 405] - **Өмүрлүү бол!** [КТФС, 1980, 242] - Allah gecinden versin! (аллах гежинден версин) (Сөзмө-сөз кырг.: алла кечинен берсин) [T.D.S. I.,2002, S.74] - Ömrüne bereket! (өмрүне берекет) (Сөзмө-сөз кырг.: өмүрүнө береке) [T.D.S. I.,2002,S.546] Өмүрүң узун болсун, көп жаша деген мааниде көбүнчө алкоо иретинде колдонулат.

4. Балекет баскыр! [КТФС, 1980, 48] - **Yuf evrahına!** (йуф эврахына) (Сөзмө-сөз кырг.: түф каргыш тийгир) [T.D.S. I.,2002, S.707.] Балекет баскыр!

Өкүнүчтүү, аянычтуу болсун; наалат тийсин деген маанидеги каргыш сөзү.

5. Кара башыңды жуткур! [КТФС, 1980, 145] - İpe gelesice (ипе гелесиже) (Сөзмө-сөз кырг.: жипке келүү) [T.D.S. I.,2002, S.398] Өлгүр, өлүп кеткир, өлүп калгыр деген маанидеги каргыш.

6. Оозуңа таш! [КТФС, 1980, 233] - Dilini eşek arısı soksun (дилини эшек арысы соксун) (Сөзмө-сөз кырг.: тилин эшек аары чаксын) [T.D.S. I.,2002, S.236] - Оозуңа таш.

Жаман кабар же жагымсыз сөз айтып жибергенде "антпе", "андай дебе" деп кагуу, наалат айтуу маанисинде колдонулат.

7. Өлүгүңдү көрөйүн! [КТФС, 1980, 241] - Чыгыңа кол салайын! [КТФС, 1980, 304] - **Boynu altında kalsın!** (бойну алтында калсын) (Сөзмө-сөз кырг.: арка мойну алдында калсын) [T.D.S. I.,2002, S.165] Өлүгүн көрөйүн! Арам өлсүн! Ачуусу келгенде аялдар тарабынан айтылуучу акаарат кеп.

Кыргыз жана түрк тилиндеги карама-каршы мааниде келген фразеологизмдерди да кездештирдик:

Алкыш маанисинде	*Каргыш маанисинде*
Арбак колдосун! [КТФС, 1980, 37] Кандайдыр бир кыйынчылыктан чыгууга ата-бабанын касиети жардам берсин деген сыяктуу каалоо-тилөө маанисинде колдонулат.	**Арбак ургур!** [КТФС, 1980, 37] Бирөөнү тилдегенде, наалат айтканда колдонулат.
Оозуңа май! [КТФС, 1980, 233] Кандайдыр бир жакшылык же жакшы кабар жөнүндө билгизген кишиге карата сүйүнүү, толкунданууменен алкоо маанисинде колдонулат.	**Оозуңа таш!** [КТФС, 1980, 233] Жаман кабар же жагымсыз сөз айтып жибергенде «антпе», «андай дебе» деп кагуу, наалат айтуу маанисинде колдонулат.
Yağ bal olsun! (йаг бал олсун) (Сөзмө-сөз кырг.: май бал болсун) [T.D.S. İ.,2002, S.672.] Жегениң сары май болсун, ар тарабың мыкты болсун, жепичкендеribиз адал болсун, аш болсун.	**Zehir zıkkım olsun (Yediği).** (зехир зыккым олсун (йедиги) (Сөзмө-сөз кырг.: уу болсун (жегенин) [T.D.S. İ.,2002, S.724] Жегениң уу болсун! Каргыш иретинде колдонулат ж.б.у.с. фразеологизмдер бар.

Кыргыз жана түрк тилинде алкыш жана каргыш маанисиндеги фразеологизмдер синонимдик катышта да келе берери аныкталды. Кыргыз тилиндеги алкыш маанисиндеги синонимдик фразеологизмдерге төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

1. Ак жолун ачылсын! [КТФС, 1980, 27] - **Жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун!** [КТФС, 1980, 105] - **Көч байсалдуу болсун!** [КТФС, 1980, 189] Бир жерден экинчи жерге көчүп бара жатканда көчүнөр ийгиликтүү болсун, бараткан жерине тынч, убарасыз жетсин деген сыяктуу каалоо, жакшы тилек айтуу маанисинде колдонулат.

2. Ак жоолугун башыңан түшпөсүн! [КТФС, 1980, 27] - **Көшөгөн көгөрсүн!** [КТФС, 1980, 189] Бакты-таалайга жетишкин, ишиң оңолсун, өмүрлүк жолдошуң менен бактылуу жаша деген алкоо, ыраазы болуу маанисинде көбүнчө жаңы үйлөнгөндөргө же жаштарга карата колдонулат. Келиндерге карата: бактылуу бол, алганың менен тең кары деген алкоо маанисинде колдонулат.

3. Кудай жалгасын! [КТФС, 1980, 192] - **Кудай кут кылсын!** [КТФС, 1980, 192] Көбүнчө келиндерди алкоо же бирөөлөргө ыраазы болуу маанисинде колдонулат.

4. Өмүр берсин! [КТФС, 1980, 405] - **Өмүрлүү бол!** [КТФС, 1980, 242] Өмүрүң узун болсун, көп жаша деген мааниде көбүнчө алкоо иретинде колдонулат.

5. Теңир жалгасын! [КТФС, 1980, 282] - **Уучуң узарсын!** [КТФС, 1980, 295] Ишиң оңолсун, жакшылыкка жет деген сыяктуу алкоо маанисинде колдонулат.

6. Топурагы торко болсун! [КТФС, 1980, 283] - **Ыймаңы жолдош болсун!** [КТФС, 1980, 497] Өлгөн адамды көмгөндө, аны эскергенде жаткан жери жайлуу болсун деген кайрат айтуу жакшы тилегин билдирүү максатында айтылат.

Ал эми каргыш маанисиндегилери төмөнкүлөр:

1. Башыңа көрүнгүр! [КТФС, 1980, 93] - **Жаагыңа жылан уялагыр!** [КТФС, 1980, 136] - **Кара башыңды жуткур!** [КТФС, 1980, 145] - **Оозуңа келгир!** [КТФС, 1980, 233] - **Оозуңа жылан уялагыр!** [КТФС, 1980, 233] Кандайдыр жагымсыз, өтө суук сөз айткан, тили заар кишиге карата каргоо, наалат айтуу, абдан нааразы болуп күйүнүү маанисинде колдонулат.

2. Жаагыңа таш! [КТФС, 1980, 82] - **Жаагыңды жап!** [КТФС, 1980, 82] Кимдир бирөөнүн кандайдыр бир суук кабар, жагымсыз кеп чыгарып жиберишине карата "андай дебе", "антпе" деген мааниде кагуу, наалат айтуу иретинде колдонулат.

3. Балекет баскыр! [КТФС, 1980, 48] - **Как баш!** [КТФС, 1980, 138] Бирөөгө наалат айтуу, каргоо маанисинде колдонулат.

4. Көзүң аккыр! [КТФС, 1980, 178] - **Көзүнө көр топурак тыгылсын!** [КТФС, 1980, 301] "Көзүң аккыр", "көзүң кашайгыр" деген сыяктуу каргоо, тилдөө, жемелөө маанисинде колдонулат.

5. Ырыскың каткыр! [КТФС, 1980, 311] - **Ырысыңды жегир!** [КТФС, 1980, 312] - **Эгерим эки болбо!** [КТФС, 1980, 313] Эч качан жакшылык көрбө, жарыба деген сыяктуу каргоо, жек көрүү маанисинде колдонулат.

Ал эми түрк тилинде:

1. Allah gecinden versin! (аллах гежинден версин) (Сөзмө-сөз кырг.: алла кечинен берсин) [T.D.S. I.,2002, S.74] - **Ömrüne bereket!** (өмрүне берекет) (Сөзмө-сөз кырг.: өмүрүнө береке) [T.D.S. I.,2002,S.546] Жараткан өмүр берсин! Көп жаша, Теңир сага өлүмдү кечинен берсин.

2. Dostlar başına (достлар башына) (Сөзмө-сөз кырг.: Достор башына) [T.D.S. I.,2002, S.245] - **Dostlar başından ırak!** (достлар башындан ырак) (Сөзмө-сөз кырг.: Достор башынан алыс) [T.D.S.I.,2002, S.245] Жакшылык болсун! Досторумдун да бактылуу болушун каалайм.

3. Uğur (-lar) ola! (угур (-лар) ола) (Сөзмө-сөз кырг.: жакшылык болсун) [T.D.S. ?.,2002,S.653.] - **Yolun açık olsun!** (йолун ачык олсун) (Сөзмө-сөз кырг.: жолуң ачык болсун)[[T.D.S. I.,2002, S.704] Ишиң оңолсун, сапарың ийгиликтүү болсун, көздөгөн максатына жеткин деген сыяктуу алкоо маанисинде айтылат.

4. Bereket versin! (берекет версин) [T.D.S. I.,2002, S.139] (Сөзмө-сөз, кырг.: береке берсин!) - **Ziyade olsun!** (зийаде олсун) (Сөзмө-сөз кырг.: көп болсун) [T.D.S. I.,2002, S.730] - Молчулук болсун! Жараткан дасторконго береке берсин деген маанидеги каалоо-тилек сөзү.

5. Boynu altında kalsın! (бойну алтында калсын) (Сөзмө-сөз кырг.: арка мойну алдында калсын) [T.D.S. I.,2002, S.165]- **Ipe gelesice** (ипе гелесиже) [T.D.S. I.,2002, S.398] Өлүгүн көрөйүн! Арам өлсүн!

Жогоруда айтылгандардан улам ак бата улуттук рухтун - улуу касиети, даанышмандыгы, акыл оюнун мөл булагы болуп саналат. Ошондуктан алкыш маанисиндеги фразеологизмдерди, дегеле ак баталарды, тилектерди кыргыз эли байыртадан бери атадан-балага, укумдан-тукумга айтып келишкен. Түрк эли да эч качан жамандыкты каалашпайт, жада калса жамандыкта да жакшы тилектерди айтышары биз таанышкан булактардан маалым болду.

Каргыш фразеологизмдерин ала турган болсок, кыргыз тилинде алкыш фразеологизмдери канчалык колдонулса, каргыш фразеологизмдери да ошондой эле көп колдонулары аныкталды.

Эки тилдеги фразеологизмдерди салыштыруу аркылуу түрк элдеринин көркөм маданияты, салты, жашоо-турмушу, дүйнөгө болгон көз-караштары жөнүндө бир топ маалыматтарды ала алабыз. Мындай изилдөөлөр түрк элдеринин оозеки чыгармачылыгы менен кененирээк таанышууга өбөлгө түзөт. Топтолгон материалдарды салыштырууда маанилик, формалык жактан дал келген 2 гана фразеологизмди кездештире алдык. Алар: **Bereket versin!** (берекет версин) [T.D.S. I.,2002, S.139] - **Береке берсин! Yüzünü şeytan görsün!** (йүзүнү шейтан гөрсүн) [T.D.S. I.,2002, S.721.] - Жүзүңдү шайтан көрсүн!

Мындан сырткары эки тилде бата берүүдөгү бир канча окшоштуктарды кезиктирдик. Маселен, ак батаны берүүдө эки элде тең алакан жайган адам канча көп болсо, кадыр-баркы чоң адамдар бата берсе, бата алып жаткандардын тилеген тилектери орундалат деп айтылат.

Жыйынтыктап айтканда, эки тилдеги алкыш жана каргыш маанисиндеги лексика (фразеологизмдер) эки элдин тең казынасына, башкача айтканда, элдик оозеки чыгармачылыгына тиешелүү. Кылымдардан кылымдарга жашай бере турган мурас катары эсептесек болот.

Адабияттар

1. Бообекова К. Каргыш албай, бата ал. - Б., 2008.

2. Жамшитова Г.Ж. Кыргызча-орусча, орусча-кыргызча тематикалык фразеологиялык сөздүк. - Б., 2000.

3. Жусупов К., Өмүралиева С. Ак бата. -Б., 2002.

4. Кыргыз тилиндеги алкоо, каалоо-тилек айтууда колдонулуучу фразеологизмдер. /А.Жапаровдун туулган күнүнүн 70 жылдыгына арналган "Профессор

Абдыкул Жапаров жана тил илими" аттуу илимий-теориялык конференциянын материалдары. - Б., 2002.

5. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү. - Ф.,1980.

6. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү. -Б., 2001.

7. Мукамбаев Ж. Кыргыз диалектологиясы жана фразеология.- Б.,1998.

8. Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы.- Б.,1997.

9. Эгембердиев Р. Кыргыз тилиндеги фразеологизмдердин семантикасы жана лексикографияланышы. - Б.,2009.

10. Ertugul Saraçbaşı, Ibrahim Minnetoğlu. Türk deyimler sözlüğü.-I,2002.

11. Kaya Doğan. Dualar ve Beddualar.-I.,1997.

12. Kaya Doğan. Alkışlar ve Kargışlar.-I., 2003.

13. Sevim O. Açıklamalı deyimler sözlüğü.-I.,2005.

14. Ömer Asım Aksoy. Gaziantep Ağzı. Deyimler, meşhur, sözler, atasözleri, dualar, beddualar.-I., 1945.

15. Unal Ertan. Deyimlerimiz ve öyküleri., -I. 1996.

Р.Б.Жумалиева,
К.Карасаев атындагы БГУ

ОКСЮМОРОНДУК СӨЗ АЙКАШЫНДАГЫ СӨЗДӨРДҮН БАЙЛАНЫШ ЖОЛДОРУ

Оксюморон жөнүндөгү азыркы теориялык түшүнүк, анын тилдик табияты, стилистикалык түзүлүшү, семасиологиядагы логикалык жана тилдик байланыштары, антонимдердин негизинде бир бүтүндүктү түзгөн жана бир бүтүндүктүн ичиндеги логикалык карама-каршылыктардын болушунан келип чыгат. Бир бүтүндүктүн ички жана сырткы логикалык жана тилдик карама-каршылыктары, анын касиетинде, сапатында, кыймыл-аракетинде, мамилелеринде болуп жана башка процесстерде болуп жүрүп отурат.

Оксюморондун компоненттерин философиялык, логикалык аспектиде анализдөө:

1) анын лингвистикалык маанисин;

2) антонимиянын проблемасын башкача айтканда, окюморондун компоненттерин антонимдер түзөрүн ачып көрсөтөт.

Оксюморон-антонимдердин негизинде пайда болгон эң оригиналдуу ыкма, ал карама-каршы мааниде-ги сөздөрдүн айкашынан пайда болот.

Оксюморондун негизги белгилери:

1) Түгөйлөрүнүн бири-бирине карама-каршы болушу.

2) Түгөйлөрүнүн бири экинчисинин маанисин ачып-тактап көрсөтүп турушу.

Маселен, күнөөсүз күнөөлүү, тилдүү дудук, суудан кургак чыгуу ж.б.

"Оксюморонду окутуу антонимдердин стилдик функциясын гана эмес, муну менен катар тил менен ойлоонун, тил илими менен логиканын өз ара карым-катышын терең түшүнүүгө өбөлгө түзүп, окуучулардын тилге болгон ышкысын, ой жүгүртүүдөгү өз алдынчалыгын арттырат. Ошондуктан төмөнкүдөй маселелер көңүлдүн чордонунда турууга тийиш: оксюморондун негизги белгилери, анын маанилеринин реализацияланышы жана аныкталып, такталышы, оксюморондун түзүлүшү, өзгөчөлүгү, стилдик функциясы" [1.]

"Парадигматикадагы лексемалардын карама-каршылык типтеринин кеңири жайылышы антонимдик мамилелер эсептелет" [2.]

Оксюморондук сөз айкаштары бири-бири менен карама-каршы туру мамилелери менен байланышын, жалпы семантикалык бирдикке ээ болот. Мында бир эле учурда бир компонентке экинчи компоненттин карама-каршылык сапаты таандык болуп, ошондой эле бул эки компоненттин ортосунда байланыш күчөйт. Маселен, кейиштүү жылмаю, жумурткадан кыр чыгаруу, кайгылуу кубаныч, суудан кургак чыгуу, жоктон барды жаратуу. Жогоруда келтирилген мисалдардагы оксюморондордо тилдик бирдиктер жалпы мааниге ээ болуу менен бирге, бири-бирине карама-каршы мааниде турат. Бул оксюморондук сөз айкаштарынын ар бирин өзүнчө карап көрсөк биздин сүйлөө речибизде өз-өзүнчө мааниге ээ жана активдүү колдонууда болуп, кайра айкашып бирдиктүү бир мааниге ээ болгон бир бүтүндүктү түзүп жатат. Мындай оксюморондук сөз айкаштары бүгүнкү күндө адам баласынын философиялык, логикалык ой жүгүртүүсүн, көз карашын чагылдыруучу активдүү каражатына айланды. Коомдун өсүп-өнүгүшү менен бирге оксюморонду колдонуу мүмкүнчүлүгү да өстү. Кийинки учурларда оксюморонду оозеки речте да, көркөм чыгармада да кеңири колдонобуз. Бизге белгилүү болгондой адамдын кубануусунда же кайгыруусунда оң жана терс карым-катышы (мамиле)орун алат. Мына ушуга байланыштуу адамдын мындай эмоциялык абалы бир эле учурда канааттануу, же канааттанбоону өз ичине камтыйт. Бирок, канааттануу (кубануу, ыраазы болуу) адамдын эмоциялык абалынын бир жагы, канааттанбоо (кайгыруу, нааразы болуу) адамдын эмоциялык абалынын экинчи жагы, ошондуктан, кандайдыр бир деңгээлде, предметке карата биз канааттаышыбыз (кубануубуз, ыраазы болушубуз) мүмкүн, экинчи жагынан алып караганда канааттанбашыбыз (кайгыруубуз, нааразы болушубуз) мүмкүн. Бирок, бир эле учурда, бир эле предмет боюнча бирдей эле мааниде же карым-катышта канааттанышыбыз дагы жана канааттанбашыбыз дагы реалдуу чындыкка жатпайт. Адамдын мындай эмоциялык абалын проф. Б. М. Теплов өзүнүн эмгектеринде көрсөткөн.

"Өткөн бактылуу турмушту эскерүү жок дегенде адамдын оюнда, кыялында дагы бир ирет жашап өтөт, бирок бир жагынан бул бактылуу күндөрдүн өтүп кеткендиги кайгырууну да пайда кылат. Себеби, ошол бакыт азыр жок.

Оорчулукту, кыйынчылыктарды жеңүү менен байланышкан сезимдердин адатта оң жагы жана терс жагы дагы болот. Кыйынчылыктарды жеңүүдө эч кандай

жагымсыз оор кырдаал жок, канааттануу гана берген кырдаалдар бар деп айта албайбыз.

Кыйынчылыкты жеңүүдө адам баласы бир кыйла жагымсыз, атүгүл азаптуу кырдаалдарды жашап өтөт. Ошентсе да оорчулукту, азапты, кыйынчылыкты жеңе билген адамда, кыйынчылыкка каршы күрөшүүнү танбаган адамдагы оор кырдаалдар өзүнө-өзү ишенүүчүлүк, максатка жетүү үчүн кубаныч жана намыс сыяктуу сезимдер менен байланышта" (Б. М. Теплов-Психология, 1958, 45-46-бет.)

Демек, оксюморондор адамдагы эмоциялык абалдын түрдүү кырдаалын, турмуштагы кубулуштарды, предметтерди так даана сүрөттөп, ойду элестүү курч берип, оригиналдуулукту, бөтөнчөлүктү, адаттан тышкарычылыкты жаратат. Оксюморондор оозеки речте, жазууда, кыргыз поэзиясында, прозасында гана колдонулбастан, илимий эмгектерде, публицистикалык макалаларда да колдонуп, өзүнүн колдонуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүдө. Маселен, филология илимдеринин доктору, окумуштуу Б. Усубалиев "Көркөм чыгармага лингвистикалык илик" деген илимий эмгегинде: "Анткени, чыгарма чу дегенде эле жумуру түшөт, тактап айтканда, башталбай жатып аяктайт, жаралбай жатып пада болот." (Б. Усубалиев. Көркөм чыгармага лингвистикалык илик. Бишкек. (1994. 13-б.).

"Башталбай жатып аяктайт, жаралбай жатып пайда болот" деген оксюморондук сөз айкашы аркылуу көркөм чыгармадагы тилдин ролу жөнүндөгү ой пикирин, илимий көз карашын берген. "Башталбай жатып аяктайт, жаралбай жатып пайда болот". Мында оксюморондук айкаштын семантикалык маанисинин көлөмү сөздүн семантикалык көлөмүнөн көп.

Эгер, лексикалык маани морфемалардын жардамы менен аныкталса, ал эми оксюморондук сөз айкашы компоненттердин лексикалык маанисине көз каранды болот. Себеби алар бири-бирине дайыма антонимдик мамиледе болот. Демек, бул оксюморондук эки сөз айкашы- бир бүтүндүктү билдирген маанини берип жатат, анткени мааниси боюнча карама-каршы турган эки компонент үчүнчү бир бүтүндүктүн элементи катары берилип, бир компонент экинчи бир компонентти аныктап, тактап, ал эми оксюморондук айкаш үчүнчү фигуралык маанини алып жатат. Бул оксюморондук сөз айкашынын ички түзүлүшүн алсак, анда карама-каршы маанидеги сөздөр айкашып үчүнчү бир мааниге ээ болгонун байкайбыз. Компоненттердин лексикалык мааниси бир бүтүндүктү ички формасы аркылуу түзүп жатат. Ал эми карама-каршылык оксюморондук сөз айкашынын ички формасын жандандырып жатат. Оксюморондун компоненттеринин лексикалык мааниси жана компоненттердин оксюморондук мааниси речтик бирдиктин эмоционалдуулугун, экспрессивдүүлүгүн белгилейт. Бул оксюморондук сөз айкашындагы синтаксистик сөз айкашынын түзүлүш эрежелерине туура келет. Оксюморондук сөз айкашынын бирдигин синтаксистик сөз айкашын түзүп жатат. Тактап айтканда "башталбай жатып аяктайт, жаралбай жатып пайда болот" оксюморонунда эки бөлөк сөз айкашы өнчөй этиштик сөз айкашынан туруп жатат жана бир предметтин өзгөчөлүгүн чагылдыруу үчүн үчүнчү жаңы мааниге ээ болду. Ошондой эле бул оксюморондук сөз айкашты синтаксистик сөз айкашынын аспектисинде алып караганда сөздөрдүн ортосундагы байланыш бекем грамматикалык байланышты түзүп жатат. Тактап айтканда "башталбай жатып аяктайт, жаралбай жатып пайда болот" оксюморонунда эки бөлөк сөз айкашы өнчөй этиштик сөз айкашынан туруп жатат жана бир предметтин өзгөчөлүгүн чагылдыруу үчүн үчүнчү жаңы мааниге ээ болду. Ошондой эле бул оксюморондук сөз айкашты, синтаксистик сөз айкашынан аспектисинде алып караганда сөздөрдүн ортосундагы байланыш бекем грамматикалык байланышты түзүп жатат.

Мындан сырткары, оксюморондук маанини түзүүдө байламталар жана жандоочтор чоң роль ойношот жана алар оксюморондук форманын түзүлүшүнө чоң өбөлгө түзүшөт жана байламталар менен жандоочтордун жардамы менен да бирикпегендер биригип, айкашпагандар айкашат. Ошентип, оксюморондун негизги бирдиги - сөз айкашы. Бул оксюморондук бирдиктердин эң белгилүүсү жана кеңири жайылган. Жана ошондой эле сөз айкашы - оксюморондун жалгыз модели. Сөз айкашында грамматикалык жактан багынынкы сөз жана багындыруучу сөз бар. Оксюморондук сөз айкашында да негизги белгини, байланышты маанини алып жүргөн сөз бар. Мындай сөздөр сөз түркүмүнүн тигил же бул түрүнө кирип, ошону менен катар оксюморондук сөз айкашын түзүүгө катышат. Оксюморондук сөз айкашынын түзүлүшүндөгү чоң роль - грамматикалык фактор эсептелет. Оксюморондук айкаштардагы синтаксистик байланыштар биринчиден, сөз түркүмдөрүнүн айкашынын жалпы лексико - грамматикалык касиетинен болот. Маселен, эскинин жаңысы, жакшы да жаман да, жымжырттыктын жаңырыгы, түгөл туруп кемүү.

Оксюморондук сөз айкаштарынын ортосундагы синтаксистик байланыш башкаруу байланышын негизинде түзүлөт. Себеби, сөз айкашында грамматикалык жактан багынынкы сөз жана багындыруучу сөз көпчүлүк учурда оксюморондук сөз айкашынын компоненттерин түзөт. Маселен, суудан кургак чыгуу, бөйрөктөн шыйрак чыгаруу, жумурткадан кыр чыгаруу, ары барып, бери келүү, жаман айтпай, жакшы жок, айтпаганды айтуу. Бул фразеологиялык сөз айкаштарында оксюморондук структура бар, башкача айтканда бири-бирине карама-каршы айтылган сөздөр айкашып жатат. Оксюморондор фразеологиялык биригүүлөрдүн фразеологиялык ширешүүлөрдүн катарын өстүрүү менен алардын бүтүндөй бир чоң группасын түзүүдө жана бул байкоочунун кызыгуусун туудурбай койбойт. Окумуштуу В.В. Синюк фразеологиялык оксюморондордун даана, так ички түзүлүшү жок, бирок алар бирикпей турган сөздөрдүн биригишинен, айкашпай турган сөздөрдүн айкашынан туруп жаңы лексикалык мааниге ээ болгон сөз айкаштарынын группасын түзүп жатат деген ойду берген. (В.В.Синюк. К вопросу о фразеологизмах - оксюморонах. //Русский язык в школе. 1976-ж. 80-84-б.). Ушул ойду төмөнкү мисалдар менен бекемдесек болот. Фразеологиялык оксюморондун структурасындагы ар бир компонент карама-каршы маанидеги сөздөрдөн туруп жатат, бирок мындай карама-каршы маанидеги сөздөр фразеологиялык оксюморонду түзү менен өзүнүн түз маанисин жоготуп жатат. Ошондуктан мында түзүлгөн фразеологиялык оксюморон бүтүндөй турпаты менен башка маанидеги түшүнүктү берет. Ошентип, фразеологиялык оксюморондор сүйлөм ичинде да сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарат: ээ, баяндооч, аныктооч, толуктооч, бышыктооч.

Мисалы: Мандайымда галстукчан тирүарбак турду (А.Токтогулов). Бул сүйлөмдө тирүү арбак

фразеологиялык оксюморону ээнин милдетин аткарып жатат. Шордуу Казак тирүү арбак болуп кейпинен кетип, сүлдөрү эле келди. Бул сүйлөмдө тирүү арбак фразеологиялык оксюморону бышыктоочтук милдетти аткарып жатат. Ай десе-аркы жок, Күн десе-көркү жок перизатка жолуктум (Жомоктон). Бул сүйлөмдө фразеологиялык оксюморон аныктоочтун милдетин аткарып жатат. Андан кийин уулун ары барып, бери келди (С.Сасыкбаев). Бул сүйлөмдө фразелогиялык оксюморон баяндоочтун милдетин аткарып жатат. Көз ачып жумганча, Каныбектин көз алдынан өмүр тарыхы да элестеп өттү (К.Жантөшев). Бул сүйлөмдө көз ачып жумганча фразеологиялык оксюморону бышыктоочтун милдетин аткарып жатат.

Адабияттар

1. Павлович Н.В. Семантика оксюморона. -М., 1982.
2. Синюк В.В. К вопросу о фразеологизмах-оксюморонах. // Русский язык в школе. -Ф., 1976.
3. Теплов Б.М. Психология. - М.,1985.
4. Трубецкая Н.С. Основы фонологии. -М.. 1960.
5. Усубалиев Б.Ш. Антонимдер жана аларды окутуу. -Ф.: Мектеп, 1987.
6. Усубалиев Б.Ш. Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик. -Б., 1994.

Эркинбек кызы Н.,
БГУ им. К. Карасаева

ФРАЗЕОЛОГИЧЕСКИЕ ЕДИНИЦЫ С КОМПОНЕНТОМ "НЕДЕЛЯ"

Время - одно из основных категорий человеческого бытия и играет важную роль в жизни человека. В концепции времени воплощаются ритм, образ жизни человека, его эпоха, культура, менталитет. Все эти моменты находят свое отражение в языке.

К понятиям, представляющих время в виде определенных циклов входят: год, месяц, неделя, день. В человеческой интерпретации они могут восприниматься также как имеющие начало и конец.

В языкознании одним из наиболее ярких результатов вербализации концепта "время" являются фразеологические единицы с компонентом "время". Именно фразеологизмы навязывают носителям языка особое видение мира, ситуации и помогает человеку постигать мир. Фразеологические единицы возникают для того, чтобы описывать мир, интерпретировать, оценивать и выражать к нему субъективное отношение.

Разработкой проблем фразеологии в таких, как природа, сущность фразеологического значения, объект, взаимодействия фразеологизмов с другими науками, сопоставительный анализ фразеологии русского и других языков занимались многие ученые. Были написаны о фразеологии множество статьей, диссертаций и книг, а интерес к этой области языка не иссякает до сегодняшнего дня.

Фразеологизм - душа каждой культуры. Они передаются из уст в уста, от поколения к поколению. Знакомство с фразеологией позволяет глубже понять историю народа, его отношение к человеческим достоинствам и недостаткам, специфику мировоззрения. И именно во фразеологии культурно-национальные особенности окружающей действительности проявляются особенно ярко.

С помощью сопоставительного анализа фразеологизмов времени выявляются соотношения универсальных и культурно-специфических характеристик "времени". Восприятие и отражение времени по - разному осуществляется в разных культурах и, соответственно, по - разному отображается в системе языка и во фразеологии в частности. Фразеологизмов со значением "время" представляет фразеологический образ, в основе которого лежат национальные традиции и обычаи, исторические факты, сказочные и мифологические сюжеты.

Фразеология, как неотъемлемая часть и своеобразная сокровищница любого языка мира, может особенно сильно способствовать приобщению к национальной культуре и истории любого народа. Поэтому фразеологизмы со значением времени - высокоинформативные единицы языка, как русского, так и кыргызского языков. И представляет особый интерес в сопоставительном плане.

Фразеологические единицы с компонентом "время" были объектом изучения многих ученых и исследователей.

В работе "Фразеологические единицы со значением времени в современном русском языке"[1985] С.В. Столбунова выявила и описала фразеологические единицы со значением времени как целостный участок фразеологической системы современного русского языка. Она выяснила структурную организацию фразео-семантического поля времени, анализировала роль парадигматики и синтагматики в структуре поля; давала семантическую классификацию темпоральных фразеологических единиц, а так же их грамматическую и фразеобразовательную характеристику. С помощью семантической структуры фразео-семантического поля времени выявила черты национального мышления [16].

О.В. Афанасьева в работе на тему "Семантическая структура концепта "время" и ее отражение во фразеологических системах английского, испанского и русского языков" [2007] выявила семантическую структуру концепта "времени". Также рассмотрела способы его реализации в языковой системе, в частности на фразеологическом и ассоциативном уровнях. Выделяя фразеосемантические группы (ФСГ) в составе фразеосемантического поля "время" и изучая их внутреннюю форму и источники образности ФЕ, входящих в данные ФСГ, в сопоставляемых языках, определила на этом основании лингвокультурологические особенности фразеосемантического поля "время" в сопоставляемых языках [4].

М. Н. Игнатьева в работе "Отражение времени и пространства во фразеологии русского и английского языков" [2004] анализируя ФЕ, объединенных по структурно-семантическому признаку, выявила общее и специфическое в языковых картинах мира, отражающих время и пространство в сопоставляемых языках. В диссертации описывается, что способ восприятия и осознания времени и пространства в русском и английском языках имеет очень много общего и это подтверждает значимость и универсальность данных категорий. В ходе анализа выявлены фрагменты языковой картины мира, которые отражают время и пространство во фразеологии обоих языков, практически совпадают [6].

Также была написана работа Севиндж Сабир гызы на тему "Отражение понятия времени во фразеологии современного английского языка (сопоставление с азербайджанским и русским языками)" [2012], где ставится актуальная в языкознании проблема сопоставительного изучения темпоральности в разносистемных языках. В работе было выявлено, что выражение времени в языке в виде любых конструкций, включая как грамматические так и другие, образованные при помощи метафор, идиоматических выражений, фразеологических единиц и т.п., охватывают гораздо больший масштаб, включая такие характеристики времени как "продолжительность" и "последовательность", а также "чередование", "непрерывность", "вечность" и др.. Были представлены модели времени, структуры фразеосемантического поле времени. В работе также показано, что в целом под лингвистическим аспектом времени традиционно понимают отражение времени некоторой модели реального времени в языке. И она утверждала, что исследование понятия темпоральность, включает в себя изучение темпоральной лексики и не может проводиться изолированно от изучения грамматической категории времени, так как и лексические и грамматические средства при выражении понятия "времени" взаимодействуют [13].

И многие другие ученые затрагивали проблему фразеологизмов в сопоставительном аспекте. Это еще раз доказывает, что русский язык богат устойчивыми словосочетаниями.

К проблеме сопоставительного изучения фразеологизмов обращались и кыргызские исследователи. Одним из таких исследователей считается Н. К. Абдыракматова. Она в своей диссертации на тему: "Особенности межъязыковой транспозиции фразеологических единиц" (исследования лингвокультурологической специфики переводов романа Ч. Т. Айтматова "И дольше века длится день" на немецкий и кыргызский языки) [2011] подчеркнула, что национально-культурное своеобразие фразеологизмов особенно наглядно проявляется в результате целостного сопоставительно-семантического и лингвокультурологического исследования межъязыковой транспозиции, что позволяет выявить сходство и различие в образах и символах, лежащих в основе фразеологизмов [1].

В кандидатской диссертации К.У. Кыдыева на тему "Сопоставительное изучение фразеологизмов на произведениях Ч. Айтматова (на материале русско-киргизских и киргизско-русских текстов) [2000] были рассмотрены фразеологизмы в сопоставительном плане. С точки зрения семантики и структуры, он делил фразеологизмы на подгруппы и провел сопоставительный анализ кыргызских и русских фразеологизмов [7].

В научном исследовании Б. Максутовой "Функционирование фразеологических единиц в языке газеты" [2006] рассматривается проблема сопоставительного изучения ФЕ. В работе представлен сопоставительный структурно-грамматический и семантико-стилистический анализ фразеологизмов русского и кыргызского языков [10].

Рассмотрев все вышеперечисленные и другие работы можно с уверенностью утверждать, что в языкознании отсутствует сопоставительное изучение фразеологизмов со значением времени в русском и кыргызском языках.

Целостное описание семантики фразеологизма достигается тогда, когда фразеологизм анализируется с разных точек зрения - с помощью параметров. Поэтому значение фразеологизма следует рассматривать в двустороннем аспекте - лингвокультурологическом. Такое описание фразеологизмов может быть достигнуто при различении синхронного и диахронного подхода к анализу и оценке фразеологических фактов и явлений. В рамках родной лингвокультуры данный параметр менее активен, он актуализируется лишь при условии пересечения фразеосистем разных языков.

Как утверждал Н.М. Шанский, менее важным является изучение фразеологических оборотов в сопоставительном и сравнительно - историческом планах. Сопоставительное исследование национальной специфики требует определенного подхода. Д.О. Добровольский выделяет подходы сравнительный, при котором национально-культурная специфика одного языка определяется относительно другого языка и интроспективный, при котором национальная специфика языка рассматривается глазами его носителей, то есть производиться самоанализ, самонаблюдение [5]. Такой подход при сопоставительном анализе ФЕ со значением времени выявляет специфику схожих и отличительных черт двух языков и особенностей мышления носителей и дает ясное представление об отношении ко времени двух лингвокультур.

Мир фразеологии русского и кыргызского языков велик и многообразен, и каждый аспект его исследования, безусловно, заслуживает должного внимания. Но, к сожалению, в данное время отсутствует научно-исследовательский материал по сопоставительному изучению ФЕ со значением времени русского и кыргызского языков. В лингвокультурологическом плане и в языкознании в последнее время все чаще обращаются к проблеме выражения понятия времени в различных языковых моделях мира, время принадлежит к "определяющим категориям человеческого сознания". Особенно актуально это становится в сопоставительной фразеологии, основная цель которой установление универсального и национального своеобразия фразеологических единиц с компонентом "время" различных языков. Это обусловлено с развитием экономических, социальных отношений и с изменением представления о времени. И большой интерес вызывает понятие время, которое проживает и переживает человек, которое составляет часть "наивной философии" бытия человека и, которое получает свое отражение в языке, в частности, в его фразеологическом фонде.

В данной статье мы попытались рассмотреть сходства и различия фразеологических единиц с временным значением "неделя" в русском и кыргызском языках.

Самая древняя система счета времени - лунный календарь, появившийся за несколько тысячелетий до нашей эры; в его основе лежал промежуток времени между двумя последовательными одинаковыми фазами Луны - синодический месяц [17, 52].

С фазами Луны связано и происхождение семидневной недели, являющейся промежуточной между месяцами и сутками единицей для измерения времени и примерно соответствующей четверти лунного синодического месяца. Люди заметили, что каждая фаза Луны длится примерно семь суток, и поэтому они лунный месяц разделили на четыре промежутка, продолжительностью каждая в семь дней [17, 52].

У многих славянских народов название дней недели связанно с порядковыми номерами и некоторыми религиозными обычаями. И соответственно с этим очень много фразеологизмов связанные с религиозными обычаями. Например, в русском языке есть фразеологическое сочетание - *святая неделя.* Святой неделей называли неделю праздника пасхи [18, 60].

Так же есть фразеологическое сочетание, связанное с традицией русского народа - *сырная неделя.* Это неделя масленицы [18, 326].

А в некоторых фразеологических сочетаниях *семь дней* - это календарная неделя, связанная с какими - нибудь церковными праздниками или приходящаяся на какое-нибудь праздничное время, либо на время поста. Например: *вербная неделя* - шестая неделя великого поста, *страстная неделя* - последняя неделя перед пасхой, *пасхальная или святая неделя* - первая неделя после пасхи, *Фомина неделя* - вторая неделя после пасхи, время свадеб и гуляний, Красная горка [11].

В работе С.В. Столбуновой также встречаются фразеологизмы со значением "время" - *с недели на недели - скоро, по целым неделям.* Встречаются множество фразеологизмов религиозного характера с компонентом ***"неделя"*** - *прощеное воскресенье, светло - христово воскренсенье, святая неделя, страстная неделя, фомина неделя, красная суббота* [16].

Так воскресный день раньше назвали неделей или же седмицей.

Неделя от *не делать, не работать* церк. и юж. (в малорус.) воскресенье, воскресный день. И воскресенье считался не рабочим днем. Например, *Страстная неделя, в значении страстное воскресенье.* Церковь каждой неделе в году дала название, но счет начинает не по-гражданскии - с понедельника, а с воскресенья. А вообще сейчас "неделя": седмица, семь дней, семь суток подряд, от понедельника до воскресенья. [18, 327].

А в толковом словаре русского языка - единица исчисления времени, равная семи дням, от понедельника до воскресенья включительно.

-Первый день недели (Жуманын биринчи күнү). (Отсюда и далее перевод наш. Н.Э.). *На будущей неделе (Кийинки аптада). Почта отправляется два раза в неделю (Почта бир жумада эки жолу жөнөтүлөт)* (Пушкин, Путешествие в Арзрун). *Шел день за днем, неделя за неделей (Күн артынан күн, апта артынан апта жүрүп турду)* (Тендряков, Не ко двору).

// Еще значение недели - период времени в семь дней, отчисляемый от какого-либо дня. Например, *Со вторника до следующего вторника он не появился (Ал шейшембиден шейшембиге чейин келген жок).* По-другому, *Его не было целую неделю (Ал бир апта толук жок болду).*

-Мать Инсарова вдруг пропала без вести, через неделю ее нашли (Инсароводун энеси эч кабарысыз жоголуп кетип, кийинки аптада табышты.) (Тургенев, Накануне).

-Вот что, Теркин, на неделю Можешь с орденом домой. (Мына эми, Теркин, бир жумага ордениң менен үйүңө барасын. (Твардовский, Василий Теркин).

// Или же неделя (чего или какая?) - Семидневный промежуток времени, посвященный чему-либо, какому-либо событию.

-Неделя озеленения улиц (Көчөлөрдү жашылдандыруу жумалыгы). Неделя детской книги (Балдар китебинин жумалыгы).

А во фразеологических сочетаниях компонент "неделя" дает и другие значения.

Без году неделя 1) Совсем немного времени, совсем недавно (быть, жить где-либо или делать что-либо).

*- Вы, батюшка, в полку **без году неделя**; нынче здесь, завтра перешли куда в адъютантики; вам наплевать, что говорить будут: "Между павлоградскими офицерами воры!". А нам не все равно (Сиз, улуу урматтуу, полкко келгениңизге **аз гана болду,** эми бул жерден эртең эле адъютанттыкка деп; сизге баары бирби, эмне деп айтышса: "павлограддык офицерлер арасында ууру!" десе да. А бизге баары бир эмес)* (Л. Толстой, Война и мир).

*Да тебе сколько лет-то? Без году неделю на свете живет, молоко на губах не обсохло, недоросль! И жениться собирается! (Сен өзуң канчадасын деги? **Жашабай жатып,** оозунан сүтү кете электе, акылсыз! Үйлөнгөнү камынат!)* (Тургенев, Часы).

*-На что мне новую избу, коли и жить-то мне осталось, может, **без году неделю** (Мага жаңы кепенин эмне кереги бар, мүмкүн жашаарыма **саналуу гана күндөр** калгандыр.)* (Мамин - Сибиряк, Золото).

2) Также фразеологизм *без году неделя* используется в значении - *совсем недавно* стал кем-либо по профессии, положению. Например, *Комсомолка **без году неделя,** - сказала она, поджав губы. (Комсомолка болгонуна **бир нече эле күн,** - деди ал, эрдин тиштей.)* (Фадеев, Молодая гвардия).

*- Вы, Василий Карпович, председатель **без году неделя,** так вместо того, чтобы в перчатках ходить, разобрались бы сперва. (Сиз, Василий Карпович, **жаңы эле** башчы болдуңуз, ошондуктан мээлейчен жүргөндүн ордуна чечишип алсаңыз болмок.)* (С.Антонов, Весна) [19, 275].

Без году неделя используется также в значении *быть, жить, работать, учиться и т.п. Совсем недавно, очень непродолжительное время (говорится с неодобрением).* Например, ***Без году неделя** в районе, а рассуждает словно знает все и вся.(Районго келгенине **аз гана** болсо да, баарын билгендей сүйлөйт.)* (Сизов, Трудные годы) [14, 301].

А в словаре В.Н. Телия - *Без году неделя толкуется как, совсем недавно, очень непродолжительное время.* Например: *Представляете, **без году неделя** руководит коллективом и уже: может вам.... лучше на пенсию?- нах-хал! (Элестетсеңиздер, **бир аз** коллективди башкарып **эле**: мүмкүн сиздин пенсияга чыкканыңыз жакшыдыр? - дейт, жаман.)* (В.Шукшин, Чудик) [14, 301].

В кыргызском языке с рассматриваемым фразеологизмом ***Без году неделя*** совпадает по значению фразеологизм - ***Жерден боорун көтөрө элек.*** Но в кыргызском языке этот фразеологизм не включает в свой состав компонент "неделя" (жума или апта). Напри-

мер, в произведении Ч. Айтматова "И дольше века длится день" встречается такое предложение: ***Жерден боорун көтөрө элек*** *балдарына ким эмне жазат?* [2, 168]. *(Кто пишет для детей своих, которым* ***без году неделя!****)* [3, 157].

Таким образом, фразеологизм ***без году неделя*** в кыргызском языке не имеет эквивалента, но есть фразеологизмы и фразеологические сочетании такие как, ***аз гана болду, аз эле убакыт, жашабай жатып, жерден боорун которо элек*** и др., которые имеют такое же значение, как ***без году неделя,*** но только с другими компонентами.

В кыргызском языке "жума" переводится как "неделя", также как "пятница". В кыргызском толковом словаре "жума" - пятый день недели после четверга (бейшембиден кийинки күндүн аты). Например, *Сегодня пятница (Бүгүн күнгө жума,* Абдукаримов). *Жду тебя в пятницу, сегодня четверг (Жума күнү күтөмүн, бүгүн бейшемби,* Жантөшов). Выше приведенные примеры с компонентом "жума" переводится как пятница.

Также "жума" имеет значение *недели.* "Жума" это период времени от понедельника по воскресенье (Дүйшөмбүдөн жекшембиге чейинки жети күнгө барабар убакыт, жети күндүк мезгил). Например, *Он тогда каждую неделю будет ходить (Ал анда ар жума сайын барып турат,* Абдукаримов).

В кыргызском языке также встречаются фразеологические сочетания с компонентом "неделя" (жума) религиозного характера. Например, ***жума намаз*** это сочетание дословно переводится как *пятничная молитва.* Точнее молитва, которая совершается в пятницу (Жума күнү окула турган намаз, жума күнү кулчулук кыла турган ибадат). *В следующую пятницу после свершения пятничного намаза в Ошском мечете, вы будете дома? (Эмки жума күнү Ош мечитинде жума намазы окулгандан кийин, үйүңүздө болосузбу?,* Жантөшев.) [8, 489].

Есть также в кыргызском языке второй компонент, который дает значение недели - *"апта". "Апта"* - неделя, период времени, который включает в свой состав от понедельника по воскресенье (бир жума, жети күндүк мезгил). Наример, *Кулбаш каждую неделю приходил (Кулбаш апта сайын келип турчу эле,* Абдукаримов) [8, 105].

Итак, неделя по толковому словарю русского языка - единица исчисления времени, равная семи дням, от понедельника до воскресенья включительно.

Итак, в кыргызском языке "неделя" имеет два эквивалента: жума и апта.

Жума: 1-пятница; Восходит к арабскому "джамаа" - собирать, охватывать, объединять, откуда образовано слово "джума" в смысле: объединение, собрание (на общую молитву в мечеть в пятницу, отсюда и название "жума - намаз"). В арабском слово "джума" также имеет значение: пятница; неделя. Это пятый день, считая с воскресенья [20,80].

Лексема "апта" заимствовано из иранского языка (апта-жума, бир жума фарсы сөзү). Апта - бир жума, жети күн. "Хафт" по-фарси означает семь дней. - *Апта бою үйдө жатты - Всю неделю лежал дома.* Все названия дней недели в кыргызском языке, кроме "жума", заимствованы из языка фарси [17, 54].

Кыргызы в просторечии называют дни недели по порядковым номерам, так же как и славянские народы.

Кыргызы воскресенье не называют жетинчи күн (седьмым днем недели), а называют *"базар күн" (базарным днем).* "Базар" с иранского языка место для торговли. Как известно, на Востоке базар функционирует ежедневно. Но раньше кыргызы приходили на базар по пятницам, пригоняли скот, торговали, на вырученные деньги покупали товары. Затем, в связи с переходом на юлианский календарь, стали ходить на базар по воскресеньям. И вероятно, из-за изменения уклада жизни народ отождествлял воскресный день с "базарным днем". Так же и есть синонимичное употребление - "дем алыш" күн (день отдыха), не связанное с рабочей неделей [17, 55].

Кыргызы и субботу в просторечии часто называют "дем алыш" (день отдыха), так как суббота тоже считается не рабочим днем.

Таким образом, и у славян, и у кыргызов можно считать, что названия дней недели определены по порядковому числу, также оба языка испытывают влияние религиозных представлений, бытовых традиций (суббота, жума, базар) и наблюдается гипероним (неделя-апта, жума) и соответственно с этими признаками многие фразеологические единицы имеют религиозный характер. И русские, и киргизские фразеологические сочетания связаны с народными поверьями, обычаями и традициями, и в силу этого они не имеют полного эквивалента, но в кыргызском языке встречаются фразеологизмы, совпадающие по значению, но не включающие в свой состав компонент "неделя". Однако в кыргызском языке наблюдаются фразеологизмы с компонентами *"жума", "апта".*

Литература

1. Абдыракматова Н.К. Особенности межъязыковой транспозиции фразеологических единиц (исследования лингвокультурологической специфики переводов романа Ч. Айтматова "И дольше века длится день" на немецкий и кыргызский языки) [Текст]: автореф. дис. … канд. филол. наук / Н.К.Абдыракматова . - Б., 2011.

2. Айтматов Ч. Чыгармалар жыйнагы [Текст]: 3 т. / Ч.Айтматов; эскертуулор ж-а коммент. / Туз. О. Ибраимов. - Ф.: Кыргызстан, 1983. - 3 т.: Роман, ангемелер.

3. Айтматов Ч. Т. И дольше века длится день [Текст]: роман / Ч.Т.Айтматов. -Ф.: Кыргызстан, 1981.

4. Афанасьева О.В. Семантическая структура концепта "время" и ее отражение во фразеологических системах английского, испанского и русского языков [Текст]: дис. … канд. филол. наук / О.В.Афанасьева. - Казань, 2007.

5. Добровольский, Д.О. Сопоставительная фразеология (на материале германских языков) [Текст]: курс лекций / Д.О.Добровольский, В.Т.Малыгина, Л.Б. Коканина. - Владимир: Унив, 1990.

6. Игнатьева, М.Э. Отражение времени и пространства во фразеологии русского и английского языков [Текст]: дис. … канд. филол. наук / М.Э.Игнатьева. - Казань, 2004.

7. Кыдыев, К.У. Сопоставительное изучение фразеологизмов в произведениях Ч.Айтматова (на материале русско-кыргызских и кыргызско-русских текстов) [Текст]: автореф. дис. … канд. филол. наук / К.У.-Кыдыев. - Б., 2000.

8. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү [Текст]: 2 т. / Ред. Э.Абдулдаев, Д.Исаев. - Ф.: Мектеп, 1969. - 1 т.: А-Куро.

9. Кыргыз тилинин фразеологиялык создугу [Текст] / башкы ред. Ж. Осмонова, К. Конкобаев, Ш. Жапаров. - Б.: КТМУ, 2001.

10. Максутова, Б.Б. Функционирование фразеологических единиц в языке газеты (на материале русского и кыргызского языков) [Текст]: дис. ... канд. филол. наук / Б.Б.Максутова. - Б., 2006. - 156 с.

11. Ожегов, С.И. Толковый словарь русского языка [Текст] / С. И. Ожегов, Н. Ю. Шведова. - М.: А ТЕМП, 2007.

12. Русско-киргизский словарь [Текст]: в 2 т. / сост. К.К. Юдахина. - Ф.: Кирг. Сов. энцикл., 1985. - Кн.2: А - К.

13. Сеидова, Севиндж Сабир гызы. Отражение понятия времени во фразеологии современного английского языка (сопоставление с азербайджанским и русским языками) [Текст]: автореф. дис. ... д-ра философии по филологии / Сеидова Севиндж Сабир гызы. - Баку, 2012.

14. Словарь образных выражений русского языка [Текст] / Т.С. Аристова, М.Л. Ковшова, Е.А. Рысева и др. - М.: Отечество, 1995.

15. Словарь-справочник по русской фразеологии [Текст] / под ред. Р.И. Яранцева. - М.: Рус. яз., 1985.

16. Столбунова, С.В. Фразеологические единицы со значением времени в современном русском языке [Текст]: дис. ... канд. филол. наук / С.В.Столбунова. - Тула, 1985.

17. Сыдыков, А.Н. Летосчисление: истоки и современность [Текст]: моногр. / А.Н.Сыдыков. -Б.: БГУ, 2009.

18. Толковый словарь живого великорусского языка [Текст]: в 4 т. / В.И. Даль. - М.: ТЕРАК, 2000. - Т.4: С-V.

19. Фразеологический словарь русского языка [Текст] / сост. Л.А. Войнова; под ред. А. И. Молоткова. - М. : Рус. яз., 1978.

20. Шанский, Н.М. Этимологический словарь русского языка [Текст] / Н.М. Шанский, Т.А.Боброва. - М.: Прозерпина: ТОО Школа, 1994.

Moldogazieva N.,
BHU

THE USAGE OF ALLITERATION IN EPIC "MANAS"

The ancient age of alliteration witnesses a rich heritage of the Kyrgyz nation. In Kyrgyz folklore alliteration is enriched in fairy-tales, old sagas, folk songs and especially in epic "Manas". The most ancient and remarkable monument of oral traditional folklore, that surpassed many centuries to our present day.

In "Manas" was reflected the history, culture, traditions, struggle for peaceful life, fight for honor, for ethnic identity and for national existence. A masterpiece of world poetry and encyclopedia of the Kyrgyz nation, epic "Manas" contains all poetic colors, applications and genres. Specific peculiarities of "Manas" rhymes exceptionally developed alliteration, mainly primary or anaphoric alliteration.

The main feature of the epic composition is frequent repetitions. One idea is expressed several ways. Whole episodes are repeated, speeches are repeated, lines and individual words are repeated- all for the purpose of emphasis and balance. Alliteration, which is merely the repetition of the first letter in a word is accompanied by assonance, which is repetition of the vowels, and by the standartization of adjectives for certain characters and objects- thus Manas is either a lion, or a tiger, or a leopard, and elders on the council are always wise, white-bearded, eloquent, far-sighted, and so on.

At the beginning of every chapter we observe the preface, semi-prosaic and semipoetic form *jorgo sëz,* where is noticed the alliteration or the final rhyme. Gradually *jorgo sëz* becomes into rhythmic lines, the quantity of syllables from 7 to 9, suits to the rhythm and sounds like a melodic song, which is characteristic to the epic. Every line falls under two rhythmic groups, each of which has its own musical stress that doesn't match with expiratory stress. The first musical stress falls to the 2nd syllable of the first rhythmic group, second stress -to the first syllable of the 2nd rhythmic group, consequently makes the lines more symmetric.

The rhythmic style of poetry is supported by final rhyming, which often substitutes with beginning co-sounding i.e. alliteration or assonance. Often the rhymes are accompanied by alliteration. Sometimes we may notice in poetry all combinations of rare co-soundings- together with a final rhyming of external and internal alliteration.

Канатын **к**айра **к**аккылап,
Куйругун **к**умга чапкылап... (external and internal alliterations)

It is very common that can be found the couplet **aa, bb, cc, dd,** so on, but triplets also occur as alternating rhymes **abab, cbcd.** Sometimes one word is used as a rhyme for several lines, either at its end, or at its beginning, as a head-rhyme. Such are repeated dozens of times, and of course internal rhymes are found as well. Variations in length of line, rhyme patterns, musical tonality, emotional content, accentuation of horse-riding galloping motions, onomatopoeic words for the clash and clatter of battle, all make this a most colorful and convincing story.

The couplet has various number of poetry, more often is observed in the form of one-rhymed long tyrade, which provides the narrator the necessary tempo of performance. In the epic is also applied another forms of organization of poetry structure (redif, anaphora, epiphora). In creating the characters are used various stylistic and literary devices. The heroes are drawn **dynamically**- in constant actions, in struggle, in fighting with enemies. The portray of the nature, duels, psychologic condition of characters are reflected by means of narration and serve as an additional mean of portray characteristics. Specific peculiarities of "Manas" rhymes exceptionally developed alliteration, mainly primary or anaphoric alliteration. Further we will stop at types of alliteration used in the epic.

a)**External alliteration**- the first sounds are repeated and co-sounded:

Эптүү айткан сөзү жок,
Нонок келди кай бирөө,
Балдак менен таянып,
Басып келди кай бирөө,
Башы-көзү кызыл кан,
Жашып келди кай бирөө,
Балакетке калдык деп,
Шашып келди кай бирөө,
Омурооro ок тийип,
Онтоп келди кай бирөө,
Оозуна келген кепти айтып,
Оттоп келди кай бирөө.
(С.О. 2, 3260)

Some could not speak, they lost their tongue

Some on crutchers came limping by

Some had red blood on their head, in their eye,
Some came crying: "Oh, woe is me!"
Some came shaking, ceaselessly too,
Some came dying as plain as could be,'
Some came with arrow-head stuck in their chest
Moaning and groaning and wheezing, no rest
Others were chattering nonsense around,
Others in groups, four or five, were found.
(S.O. II, 3260-3270)

In translation Kyrgyz head rhyme alliteration was replaced by epiphoric alliteration in English version. Semantically, the meaning and the events have been preserved.

Another example of this type is in English version it is an external alliteration:

Take your clubs and cudgels,strong men,
Take your spears, you bogatirs, then,
Take your bows, you archers, and aim,
Take your halberds, you halberdiers.
(S.O. II, 2760, p.272)

however in Kyrgyz it is d**oubled** and **epiphoric** alliteration like:

Балбандар күрсү алыңар,
Баатырлар найза салыңар,
Камбылдар кылыч чабыңар,
Кайраттуун жөнө баарыңар,
Саадакчын жаа тартыңар,
Чаң созулсун артыңар. (С.О. 2 китеп, 2760, 67 бет)

In external lined alliteration usually the first verse invites the second line with the same consonant and become harmonized as a completed idea. We also notice that the same consonants in Kyrgyz are changed by sound system, change of anaphoric alliteration into other alliterations.

b) Internal alliteration can be found within the rhyme starting every word with the same sound, like:

Кагышмакка канкорго,
Кагышты катуу кылыптыр. (С.О. 3, 235)

We also keep in mind the synharmonic nature of Kyrgyz verses that match the internal alliteration. Throughout the epic there are rich and vivid expressions of beauty of the women, horses, warriors alliterated internally.

Коңурбайдын кара **а**ты, /о-/у-/а-/ы
Кара **а**тынын бар болчу, /а-/ы о-/у
Капталында канаты,
Качан болсо куугунга, /у-/а
Жеткирбеген адаты. /е-/и-/е/
(С.К. 2. 116)

We shall g**a**th**e**r our forces high,
We shall r**a**th**e**r go out and fight. (S.O. II, 380)
Балбандан аскер куралык,
Бабанын жолун кубалык (С.О. 2,380 16 б.)

The following lines describing Jak?p provide an example of poetic comparison which strictly follow initial and internal alliteration and parallelism. The content is also very specific to Kyrgyz nomadic culture and thus hard to render in English:

Бөлүнгөн Жакып байкуштун, A
Бөдөнөдөй көзүнөн, A
Бөлөк-бөлөк жаш кетип, A
Карагаттай көзүнөн, B
Камчы бою жаш кетип…. B

From the quail-like eyes, A
Of poor Jakyp, who was torn apart, O
Drops of **tears streamed** down, O
From his black-currant eyes, A
Streamed tears the length of a whip. O

c) anaphoric alliteration

occurs when the same words or sounds come at the beginning of every line. The name anaphora comes from Greek, meaning "to put forward or to raise". In Kyrgyz "бир өңчөй ыр саптарынын бирдей сөздөр менен башталышы".

Күмүш кемер курчанып, All stroked their beards, no word advanced
Күркүрөгөн эрендин, Each at the other glumly glanced,
Күндөй бетин нур чалып. Nothing was there that they could say.
(C.O. 1.157) (S.O. I, 1.157 p.34)

As it is seen from the example in Kyrgyz version it is fully anaphoric, but not in English. Another example of anaphora in English:

From the maidens of round fifteen,
From the ones with long black hair,
From the loveliest they saw there,
From the girls they with head-gear trim.
From the young wives they took their due,
From high-breasted young women too,
From the black-browed, of medium-**height,**
From the women with beauty **bright.** (S.O. I, 6730)

Бирөөнүн тону тон болбос,
Бирөөнүн аты ат болбос. (С.К. 2.63)

Мейли Манас алабы,
Мейли Манас баатырга,
Балакетти Макел дөө
Байлап кетип калабы? (С.О. 4.239)

d) epiphoric alliteration usually the last syllable of the line is repeated and similar in pronunciation.
Epiphora in English can not be epiphoric alliteration in Kyrgyz, because of changing, omission or addition of words:

Over two hundred thousand **men,** Эки жүз миң он алты,
That entire people, gathered **then,** Эсен келди бар калкы,
So Manas addressed all these **men,** Эми Манас кеп айтат,
While Kalmaks were listening **then.** Карап турган калмакка.
(S.O. II, 1230) (С.О. 2, 1229, 34 б.)

One more example with epiphora in Kyrgyz version of Manas:

Каныңар Текес өлдү- **деп,** "Khan Tekes is dead!" said Manas
Карынын өзү бөлдү-**деп.** Stabbed in the stomach by Khan Tekes,
Калайык көзүң көрдү **-деп,** People there were witness of this,
Каныңды кудай урду- **деп,** Allah punished that Khan of yours!
Катын менен баласы Wife and children nearby of course,
Кашында карап турду-**деп.** Saw this all with their own eyes.
(С.О. 1, 1220) (S.O. II, 1220, p.239)

In this example in Kyrgyz variant we find assonance, anaphoric alliteration, epiphoric as well, but in English the content was interpreted without any alliterated rhyme.

e) doubled alliteration repeats the primary two lines:

Билбегенди билгизген,
Билгич Бакай карыя,
Туйбаганды туйгузган,
Туйгун Бакай Олуя. (С.К. 1. 187)
Көңүлү канча сөгүлүп, Out of her eyes tear-drops burt,
Көзүнүн жашы төгүлүп, Losing control, then down she went.

Ак асаба, кызыл туу, A
Айгайлаган ызы-чуу, A
Көк асаба, кызыл туу, B
Көк жаңырган улуу чуу. (С.О.) B

In this example we may find both anaphoric and epiphoric alliterations:

Өйдө салып калмактар Those Kalmaks whom he'd put to shame,
Өрүп кетип баратыр, All in despair,off home they rode,
Көрбөгөндү алтайлык Groaning beneath a frightening load,
Көрүп кетип баратыр, All as one they gabbled, shocked:
Астында Манас жаш бала Unknown violence then did show,
Баштап кетип баратыр. Blamed us, shamed us, and laid us low,
Башын кесип ар жерге His attack was heavy too. (Part One)
Таштап кетип баратыр.
Карагай найза сүңгүсүн*
Калмактардын жонуна
Аштап кетип баратыр.

While investigating the nature of alliteration in two languages we also noticed that the same consonants in Kyrgyz can be rendered in different accentuation, sound system, change of anaphoric alliteration into other alliterations, including rhyme, morphemes, words and word-combinations.

As we witnessed above, the epic Manas is very rich with alliterated verses, which make the lines easily memorable and effective. Obviously the epic has surpassed so many centuries aging many generations, thanks to a colorful, expressive, dramatic devices. We assume that without alliterations the epic would lose its antique flavor and imaginary portray of the Kyrghyz ethnicity.

BIBLIOGRAPHY LIST

1. Арнольд И.В. Стилистика современного английского языка (Стилистика декодирования),2-е изд. Л.,Просвещение, 1981
2. Karaeva Z.K. "Translation and Semiotics": Multilanguage existence of epic "Manas" and theoretical-methodological problems of translatology, B., Uchkun, 298 p.
3. Манас эпосу I (1978)S.Orozbakov's version, Frunze, Kyrgyzstan, 296 p.
4. Манас эпосу II (1980) S.Orozbakov's version, Frunze,Kyrgyzstan, 449 p.
5. Манас эпосу III (1981) S.Orozbakov's version, Frunze,Kyrgyzstan, 334 p.
6. Manas, Kyrgyz heroic epos (version by Sagymbai Orozbakov) Translator: Walter May./Part I-II,Bishkek,Kyrgyzstan,2004 1-B
7. Manas,Kyrgyz heroic epos;Volume I,II, M.-B.,Bishkek,Kyrgyzstan,1995, 464 p.
8. Манас Энциклопедиясы, Мурас илимий ишкер долбоору. -Б., 1995.
9. Epic "Manas" in two vol. Moscow-Bishkek, 1995. translated by Walter May

Лингвистический энциклопедический словарь / Гл. ред. В.Н Ярцева, - М.: Сов. энциклопедия, 1990. -685 с.

С.С.Жумалиев,
ТалМУ

ОРТО КЫЛЫМДЫК КЫРГЫЗ-ТҮРК ДООРУНДА КАБЫЛ АЛЫНГАН ИРАН-АРАБ СӨЗДӨРҮНҮН КАТМАРЫ

("Манас" эпосунун негизинде)

Кыргыз тилинин өнүгүү этаптарындагы биздин замандын X кылымынан тартып XV кылымга чейинки мезгилди орто кылымдык кыргыз-түрк доору катары эсептейбиз жана ал доорду ич ара монголго чейинки доор (X-XIII кылымдар), монголдон кийинки доор (XIII-XV кылымдар) деп эки этапка бөлөбүз. Анткени, X кылымдарга чейинки кыргыз-түрк тилдеринин калыптануу, өнүгүү ареалы Чыгыш Монголия менен Түштүк Сибир чөлкөмдөрүндө жүргөн болсо, X кылымдардан тартып саясий аренада Орто Азия, Жети-Суу аймактарындагы түрк уруулларынын ролу күчөй баштаган. Буга мисал иретинде карлуктардын, карахандардын мамлекетиндеги ар түрдүү уруулардан куралган союзун көрсөтсөк болот жана ушул орто кылымдык доордогу түрк уруулларынын тилин, маданиятын, адабиятын, тарыхын түздөн-түз чагылдырган жазма эстеликтери катары Ж.Баласагындын "Кутадгу билигин", М.Кашгаринин "Девону лугат ит-түрк" аттуу эмгектерин эсептөөгө болот.

Орто кылымдагы кыргыз-түрк доорунун монгол дооруна чейинки X-XIII кылымдар аралыгындагы алгачкы этабында айрым байыркы кыргыз сөздөрү фонеткалык жактан өзгөрүүлөргө тушугуп, бир катар сөздөр полисемантикалык валенттүүлүккө ээ болгон. Анткени, айрым бир кыргыз, түрк уруулларынын Алтай аймактарынан Орто Азия тарапка карай акырындап жыла баштаган мезгили эле. Э.Тенишев [1,18] байыркы кыргыздар аларга каштаган кидан жана найман уруулларынын кысымы астында акырындап батышка карай жылып, негизинен кыпчак тилдүү түрк уруулары менен катнаш түзүшкөнүн жана көп убакытка Алтайда турушуп, ал жердеги түрк тилдүү алтайлыктар менен тыгыз тилдик карым-катнаштын натыйжасында жаңыланган орто кыргыздык элдик-оозеки тили түзүлгөнүн баса белгилеп, лексикасы байыркы сибирлик типтен алыстап ортоазиялык типке жакындашканын, эринге карай үндөшүү кубулушунун күчөгөнүн, кийинки созулмалардын же дифтонгдордун пайда боло баштаганын жана Алтай периодунан кийин кыргыз уруулларынын Тянь-Шанга оошу кыргыз элинин жана азыркы кыргыз тилинин түзүлүшүнө алып келгенин айтат. Айрыкча, ислам динининин Орто Азияга жайылтылышы аркылуу араб сөздөрү, Орто Азиядагы иран тилдүү тохар, согды элдери менен болгон ар кандай алакалар аркылуу иран сөздөрү түрк тилдеринин, анын ичинде кыргыз тилинин лексикасына да кабыл алына баштаган. Экинчи жагынан, ирегелеш жашаган кыпчак уруулларынын жана монгол тайпаларынын тили кайсы бир деңгээлде кыргыз тилинин фоно-грамматикалык структурасына кыйыр түрүндө болсо да өз таасирин тийгизген. Орто кылымдагы кыргыз-түрк доорундагы андай тилдик өзгөрүүлөр менен башка тилдерден сөздөрдү кабыл алуунун издерин азыркы кыргыз тилинин диалектилеринен, айрым фольклордук чыгармалардан жана жогоруда аты аталган жазма булактардан таба алабыз. Маселен, М.Кашгаринин "Девону лугат ит-түрк" сөздүгүндө араб сөздөрүнүн жалпы саны 3 түү, иран сөздөрүнүн жалпы саны 6 ны түзөт, ал эми Жусуп Баласагындын "Кутадгу билиг" поэмасында Э.Н.Над-

жиптин эсеби боюнча 94 араб сөзү [2,18], 14 иран сөзү бар. Өзү негизи, X кылымга чейинки байыркы кыргыз-түрк доорундагы түрк урууларынын лексикасында "чет тилдеринен кирген сөздөр дээрлик жокко эсе болгон. Бир-эки санскрит сөздөрү: *мар, шад, чоро, кату, кара* (сын атооч) жана титул же чинди билгизген кытай тилинен кирген *саңун//шаңун, каган, бег//бек, йабгу же луй (ажыдаар), талуй (деңиз), туг //туу"* [3,200] сыяктуу сөздөр болгон. Уйгур тексттеринде гана согды тилинен алынган *бриште//периште, тэжик "тажик", аржу "чөө"* [4,43] деген сөздөрү орун алган.

Демек, орто кылымдык кыргыз-түрк доорунда чет тилдерден сөздөрдүн, айрыкча иран-араб тилдеринен түрк тилдерине кабыл алынышы активдеше баштаган жана андай процесс коңшулаш элдердин ортосундагы түрдүү карым-катнаштардын натыйжасында жүргөнү тууралуу профессор Б.М.Юнусалиев [5,188-189] убагында туура далилдеп көрсөткөн.

Мына ушул мезгилдерде кыргыз тилине кабыл алынган иран-араб сөздөрүнүн катмары азыркы кезде "Манас" эпосунун лексикалык курамынан кезигет. Маселен, М.Кашгари менен Ж.Баласагындын аталган эмгектериндеги иран-араб сөздөрүнүн орун алуусун таблица түрүндө "Манас" эпосундагы сөздөр менен салыштырып көрөлү:

№	М.Кашгариде [6]	Ж.Баласагында [7]	"Маната"	Мааниси
1	Кенд *иран*	Кент	Кент	Шаар, кыштак
2	Намаз *араб*	Намаз	Намаз//намас	Беш маал окулчу милдет
3	Жамаат *ар.*	Жамаат	Жамагат	Элдик бирикме
4	Замана *ир.*	Замана	Замана	Мезгил, доор
5	Зиндан *ир.*	Зиндан	Зындан	Ор, түрмө
6	-	Шарап *ар.*	Шарап	Ичкилик
7	-	Мемлекет *ар.*	Мамлекет	Өлкө
8	-	Адил *ар.*	Адил	Калыс
9	-	Залим *ар.*	Заалым//зулум	Зордук, таш боор
10	-	Китеп *ар.*	Китеб	Китеп
11	-Тэңри *түрк.*	Асман *ир.*	Асман	Көк, атмосфера
12	-	Базар *ир.*	Базар	Соода кылчу жер
13	-бакыр *түрк.*	Пул *ир.*	Бул//пул	Акча, тыйын
14	-	Дихан *ир.*	Дыйкан	Жер иштет. Адам
	-	Надан *ир.*	Наадан	Дөдөй
	Жан *ир.*	Жан *ир.*	Жан	Тирүү
	-бэзүк *түрк.*	Беленд *ир.*	Балант	Бийик
	-	Даулет *ар.*	Дөөлөт	Бийлик,сый, мүлк
	-	Дерд *ир.*	Дарт	Оору, илдет, кесел
	-	Дост *ир.*	Дос	Жолдош
	-	Дуа *ар.*	Дуба	Бата кылуу ырымы
	-	Адаб *ар.*	Адеп	Сылык, тартип
	-	Раст *ир.*	Ырас	Чын, туура, анык
	-	Хош *ир.*	Кош	Жакшы
	-	Хем *ир.*	Да	Да
	jалawач *түрк.*	Пайгамбар *ар.*	Пайгамбар	Кудайдын өкүлү
	-	Кохар *ир.*	Каухар	Асыл таш
	-	Лейкин *ар.*	Эгер	Эгер
	-	Маклукат *ар.*	Макулук	Тирүү жан
	-	Шарият *ар.*	Шарыят	Эреже
	Хуранд *ир.*	-	-	Жешет
	Хамир *ар.*	Амир	Амир	Буйрук, бийлик
	Худ *ир.*	-		Өзү

Демек, бул жерден көрүнүп тургандай, М.Кашгариде иран-араб сөздөрү саналуу санда гана кездешип, көбүнесе байыркы кыргыз-түрк дооруна мүнөздүү болгон сөздөр жыш колдонулса, Ж.Баласагында араб сөздөрү менен иран сөздөрүнүн саны бир кыйла көбөйгөн. Мунун себебин М.Кашгаринин "араб тилин өзүнүн эне тилиндей эле суудай билгенине" [8,55] карабастан түрколог-тилчи болгондугуна байланыштуу нукура өз тилинде таза сүйлөөгө, сабаттуу так жазууга болгон аракети менен түшүндүрүүгө болот. Ал эми Ж.Баласагындын поэмасындагы иран-араб сөздөрүнүн М.Кашгариге салыштырмалуу көбүрөөк колдонулушунун себебин эки фактор менен түшүндүрсөк болот, так айтканда: биринчиден, ал өз заманынын алдыңкы ойчул-акыны катары чыгармаларынын көркөмдүк деңгээлин көтөрүү максатында иран-араб элементтерин ыңгайлаштырып пайдаланууга атайын көңүл бурушу мүмкүн жана кезинде жогорку даражалуу (хас-хажиб) мамлекеттик кызматта иштеген коомдук-саясий ишмер болгондуктан Карахандар мамлекетиндеги ислам динининин жайылтылышына өз салымын кошпой сыртта калуусу эч мүмкүн эмес эле (жок эле дегенде чыгармаларында жаңы араб сөздөрүн пайдалануу аркылуу). Экинчиден, Кашкарда көп жылдар бою жашап калганына байланыштуу өзүнүн поэмасынын соңун ал жерден жыйынтыктап бүтүргөн жана ошол мезгилдеги кашкарлыктар сүйлөгөн тилдик чөйрөнүн нормасынан четтеп кете албаса керек. Мындай кош тилдүүлүк маселесинин аталган доордо курч болгонун М.Кашгари дагы убагында белгилеп кеткен: "Баласагунда Мавереннахрдан көчүп келген сугдактар (*согды - Ж.С.*) турат", "Баласагундан Исфиджаб бүтүн Аргу шаар калкынын тили чапрашты" [9,30] деп жазат. Муну изилдөөчү Ж.Жумалиев: "айрыкча сугдактар аргулардын тилине күчтүү таасир тийгизип турган болушу керек. Ошол үчүн ал аргуларды эки тил билгендердин катарына кошкон" [10,195] - деп тыянактайт.

Демек, X-XI кылымдардан баштап Орто Азиядагы түрк урууларынын тилдерине иран жана араб тилдеринен алгачкы сөздөр кабыл алына баштаганын байкайбыз жана ошол мезгилде кабыл алынган сөздөрдү орто кылымдык кыргыз-түрк доорунун лексикалык катмарына киргизебиз. "Манас" эпосунда да ушул орто кылымдык кыргыз-түрк доорундагы лексикалык катмарга мүнөздүү болгон иран-араб сөздөрү орун алат:

Каары катуу бул бир кан,
Бир өзүнө караган,
Эсеп жеткен канча *жан*!
(2-том, 1995, 56-бет).

Жан иран тилинде "душа (тын)", тажик тилинде *чон* "душа" [18,156] маанисин билгизет, жогоруда "Манас" эпосундагы учурда "адам,

киши" маанисинде колдонулган. Төмөнкү учурда "адамга күч келүү", "кара башка күч келүү" маанисин туюнтуу максатында айтылды:

Байнаны айтып салдың-деп,
Кара жанга күч келип
Кабылан Манас баатырым
Калмак боло калдың! - деп,
(С.О., 2-том,1995, 364-бет)

Дуа//дуба араб тилинде "кудайга жалынуу, табынуу" деген маанини түшүндүрөт. "Манас" эпосунда ушул маанисинен сырткары "бата алуу" маанисинде да колдонулат:

Ан азирет *байгамбар*
Андан да *дуба* алганмын,
Аның үчүн бу жашка,
Карыбай келип калгамын!
(С.О. 2-том, 1995, 35-бет).

Бул ыр саптарындагы "кудайдын жердеги өкүлү, анын сөзүн адамдарга таратуучу" маанисин туюнткан *байгамбар* сөзү дагы араб тилинен динге байланыштуу кабыл алынган сөз. Махмуд Кашгариде ал сөздүн байыркы түрк доорундагы *йалабач* "кабарчы, элчи-вестник" [11,214] маанисин билгизген *jalawač* "пайгамбар, көзү ачык" [6,107] деген формасы орун алат, бирок бул сөз "Маната" кездешпейт жана анын ордуна дээрлик *пайгамбар* сөзү колдонулат.

Шарият сөзү араб тилинде "ислам дининин мыйзамдары, жол - жоболору", "адамдын жүрүм - турумдары жазылган эреже китеби" маанисин билгизсе, аталган эпосто *шарыят//шарият* "ислам дининин жолжобосу, эрежеси", "мусулманчылыктын тартиби" деген мааниде айтыла берет:

Бир кудаанын барлыгы,
Шариятты жана уктум,
Байгамбардын жарлыгын,
(С.О. 2-том,1995, 60-бет)

Намаз сөзү араб тилинде "кудайга жалынуу, ыйбадат кылуу" маанисин туюндурат. "Манас" эпосундагы *намаз* сөзү негизинен ушул "беш маал өз тартиби менен окула турган мусулманчылыктын милдети" деген маанисинде колдонулат:

Эртеңки эрте *намазды*
Эңкейип окуп алыптыр. (СК, 740-бет)

Дыйкан сөзү иран тилинде "жер иштетүүчү адам", тажик тилинде *дехкон* "крестьянин" [18, 270] маанисин билгизип, азыркы кыргыз тилинде "эгин жана башка айыл чарба өсүмдүгүн эгүү, жерди иштетүү менен кесиптенген адам" [12,449] маанисин туюнтуучу аталыш катарында айтылат. "Манаста" көбүнчө "акылга бай, өз кесибинин мыкты устаты" деген өтмө маанини билгизүүчү сөз катары колдонулат, демек *дыйкан* сөзүнүн семантикалык мааниси кеңейтилген:

Дыйканчылык кылам деп
Эсепсиз айтып калганы.
(СО,2-том,1980,387-бет)
Артымда иним жаш жатыр,
Акылга *дыйкан* көй батыр,
Айтууга менде сөз жатыр.
(СО,1,1995,395)

Кент сөзү согды тилинде *кэнд* "шаар, эл отурук-ташкан жай, кыштак, сепил, коргон" дегенди билгизет. Бул сөз "Манас" эпосунда "шаар, сепил" маанисинде колдонулуу менен бирге, топонимдик аталыштын ажырагыс топоформанты катарында да кездешет:

Андан өтүп барганда
Эски коргон чалдыбар,
Кент бузулган там болор.
(С.О.2-том, 1995, 61-бет)
Жээкте болгон шаар үчүн
Жээккент деген кеби бар.
Ал *Жээккентти* жердеген
(С.О., 3-том,1995,18-бет)

Араб тилинде "сый, бийлик, байлык" маанисиндеги *дөөлөт* сөзү "Манас" эпосунда "бакыт" маанисинде, "дүнүйө-байлык, мүлк" маанисинде, "сый" жана "бийлик" маанисинде кездешет:

Кондурат экен кудайым
Башына *дөөлөт* кушуну,
(С.О. 1-том,1995,99-бет)
Кебиңди катын албаймын,
Кээсине малдын калбаймын,
Кетсе *дөөлөт* колумдан
Анда кедей болуп зарлаймын!
(С.О.1-том,1995,104-бет)
Токолум аты Бакдөөлөт,
Толук менде көп *дөөлөт*
Баласынын жогунан
Күтө албады көп сөөмөт.
(СО, 1-том,1995,113-бет)

Пул иран тилинде "акча, тыйын" [18,132]маанисин билдирет. Байыркы кыргыз-түрк доорунда *пул* сөзүнүн ордуна *бакыр* "акча" сөзү колдонулган, ал эми 11-кылымда *бакыр* "жез (медь); Кытайдын жез тыйыны" маанисин туюндуруп калган. Бирок "Маната" байыркы *бакыр* формасынын ордуна кийинки иран тилинен кирген *пул//бул* сөзү кездешет:

Бербей калдым дегенге
Беш теңгеден *бул* берди.
(СО, 1-том,1995, 119-бет)
Казыналык асыл *бул*
Төөгө жүктөп арттырып,
(СО,1-том,1995,253-бет)

Асман иран (*осмон* таж.) тилинде "көк" [18,358] дегенди билгизсе, байыркы түрк тилинде болсо *теңри* сөзү "көк, асман" маанисин туюнткан. Эгерде М.Кашгариде мына ушул байыркы *тэңри* формасы сакталган болсо, Ж.Баласагында ирандык *асман* сөзү алынган. "Манаста" *асман* "аба, көк" сөзү менен бирге ага синонимдеш *обо* (аба) "аба, көк" деген араб сөзү катар колдонулат:

Көңүлгө алгын көбүнөр
Көгөргөн *асман* көгүнөр
Он эки катар суу деген,
Обо болгон буу деген,
Оп менен тиреп тур деген.
(СО, 3-том,1995,88-бет)
Асабасын бу туунун
Асман жакка жайылтып.
(С.О., 3-том,1995,63-бет)

Араб тилинен түрк тилдерине кирген *хамир* "эмир, бийлик" сөзү М.Кашгариде *амир* "башкаруучу" [6,19], Ж.Баласагында *амир* "бийлик" [7,363] маанисинде айтылган, бирок аталган сөз байыркы кыргыз-түрк дооруна мүнөздүү болгон эмес. "Манас" эпосунда болсо *амир//амыр* сөзү бир канча маанилерде кездешет:

Алдырып салган ким дейсин?
Ак *амирин* билбейсин!
(С.О., 3-том,1995,84-бет)

Бул *ак амирин билбейсиң* деген сапта "кудайдын тагдырына жазганын билбейсиң" деген маанини туюнду-

руу үчүн айтылды. Ал эми төмөнкү учурдагысы "анын бийлигинде, кол алдында" деген мааниде колдонулат:

Аны айтып Текес кан,
Амырында канча жан,
(С.О., 3-том, 1995, 70-бет)
Асман-жерди жараткан
Ак *амырын* тутунуз,
(С.О., 2-том,1995,144-бет)

Жогорудагы учурда болсо амир сөзүн катыштыруу менен *ак амырын тутунуз* түрүндө "кудайдын буйругун тутунуз" деген башка контексттик "буйрук", "мыйзам" маанисине ээ болду.

Мындан сырткары: *дөөлөт, көөхар, базар, жамагат, замана, зындан, мамлекет, адил, залим // зулум, китеп, наадан, дарт, дос, адеп, ырас, макулук, балант, шарап ж.б.с.* көптөгөн иран-араб сөздөрү "Манастын" лексикасында кеңири орун алган, бирок жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөрдүн ичинен кош, лейкин, хем, хуранд деген сөздөр аталган эпосто учурабайт:

Келе молдо жат алат,
Кең *дөөлөт* деп атанат.
(СО, 2-том,1995,126-бет)
Карк алтындан бир буту,
Көзүн көрсөң *көөхардан*,
(СО, 2-том, 1995,136-бет)
Айдаркан менен Саламат,
Аңдаңарчы *жамагат*,
(СО, 2-том,1980,13-бет) ж.б.

Ошондой эле, кээ бир иран-араб сөздөрүнүн семантикалык жактан мааниси кеңейген, алсак, иран тилинде *базар* "соода кылчу жер", тажик тилинде бозор "рынок" [18,672] деген бир гана маанини түшүндүрсө, "Маната" семантикалык валенттүүлүккө ээ болуп "шаар, калаа, эл жашоочу жер" дегенди да туюндура алат:

Ар жерин куру койбостон
Базар салмак болушту,
(СО,3-том,1995,58-бет)
Базар көргөн байкушсуң
Маа жарабайт айтышың.
(СО, 2-том,1995,378-бет)

Кыскасы, аталган доордо жазылган Махмуд Кашгаринин "Девону лугат ит-түрк" сөздүгүнүн тилинде байыркы түрктүк белгилер көбүрөөк сакталса, Жусуп Баласагындын "Кутадгу билигинде" иран-араб элементтерине карай басым оой баштаганы байкалат жана ал доорлордун тилдеги изи "Манас" эпосунун тарыхый-лексикалык катмарларында сакталып калган. X-XI кылымдардан баштап Орто Азиядагы түрк урууларынын тилдерине, анын ичинде кыргыз тилине да иран жана араб сөздөрүнүн алгачкы тобу кабыл алына баштаган жана ошол кылымдарда кабыл алынган сөздөрдүн катмарын кыргыз тилинин өнүгүү этаптарындагы орто кылымдын биринчи жарымына мүнөздүү лексикалык катмарга киргизүүгө болот.

Адабияттар

1. Тенишев Э. Древнекыргызский язык. -Б., 1997.
2. Наджип Э.Н. Современный уйгурский язык.-М., 1960.
3. Сыдыков С., Конкобаев К. Байыркы түрк жазуусу (7-10-кылымдар). -Б., 2001.
4. Жумалиев С.С. Байыркы түрк тилдери.-Б., 2012.
5. Юнусалиев Б.М. Киргизская лексикология.-Ф.,1959.
6. Девону луготит турк. Индекс-лугат.//Сост.:Муталлибов С.-Тошкент,1967.
7. Жусуп ХасАжиб. Кут даарытар билим (Кутадгу билиг). //Которгондор: Мусабаев З.М., Кожо Э.-Б.,2008.
8. Чороев К.Т. Махмуд ибн Хусейин ал-Кашгари жана анын "Түркий тилдер сөз жыйнагы. -Ф., 1990.
9. Cevren Besim Atalay. Divanu lugat it Turk tercumesi.cilt 1.-Ankara, 1939.
10. Жумалиев Ж. М.Кашгаринин "Дивану лугат ит-түрк" эмгегиндеги аргулардын тили. //Махмуд Кашгари жана кыргыз маданияты.-Б., 2011.
11. Орхон-Енисей текстгери. -Ф., 1982.
12. Кыргыз тилинин сөздүгү. 1-бөлүк.-Б., 2010.
13. Оруэбаева Б.Ө. Сөз курамы. -Б., 2000.
14. Древнетюркский словарь. -Л., 1969.
15. Орозбаков С. "Манас".1,2,3,4-томдор. -Б., 1995-1997.
16. Орозбаков С. "Манас". 3,4-томдор. -Ф., 1980-1982.
17. Каралаев С. "Манас" эпосу. -Б., 2010.
18. Русско-таджикский словарь. -Москва-Сталинабад, 1949.

Шакенбаева Г.К.
К.Карасаев атындагы БГУ

ЭТНОЛИНГВИСТИКА ИЛИМИНИН ТАРЫХЫНАН

Азыркы мезгилде тил менен маданияттын өз ара байланышы жана өз ара аракетинин идеясына негизделген бир нече илимий багыттар жөнүндө кеп кылууга болот. Баарыдан мурун этнолингвистикалык багытты атап өтүү керек.

Этнолингвистика илим катары XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында Америкада пайда болгон. Этнолингвистика грек тилинен алганда эл, уруу дегенди билдирет, башкача айтканда, кайсы бир элдин маданияты менент тилинин карым-катышын изилдейт. Анын түпкү тамыры Европада В.Гумбольдттон, Америкада Ф.Боас, Э.Сепир, Б.Уорфтон башталат. Россияда Д.К.Зелениндин, А.Н.Афанасьевдин эмгектери чоң мааниге ээ.

XX кылымдын экинчи жарымында СССРде көрүнүктүү окумуштуулар В.Н.Топоров, В.С.Иванов баштаган бир нече борборлор жана Н.И.Толстой башында турган этнолингвистикалык мектеп пайда болду. Бул изилдөөлөрдө тил дүйнөнү этникалык жактан кабыл алууну бекемдөөнүн каражаты катары талдоо башталды.

Азыркы этнолингвистиканын борборунда тийиштүү материалдык жана маданий тарыхый комплекс менен байланышы бар тилдин лексикалык системасынын айрым элементтери турат. Этнолингвисттер маданияттын, үрп-адаттын, салт-санаанын формаларынын толук инвентарын иликтөөгө алып жатышат.

Этнолингвистиканын башаты Ф.Боас менен тыгыз байланышта. Ал лингвистикада тилдик ктаегориялардын, процесстердин өнүгүш тарыхын изилдөө маанилүү экендигин белгилеген. Ф.Боастын эмгектериндеги ушул сыяктуу көрүнүштөр анын окуучусу Э.Се-

пирдин да эмгектеринде теориялык жактан өнүккөндүгү байкалат. Э.Сепирдин ишмердүүлүгүнүн негизин тил маданият деген позиция түзгөн. Ал өзүнүн Язык деген белгилүү трактатында тил менен маданиятты бири-биринен бөлүп караган. Маданият - коом тарабынан жасалуучу эмгек, ал эми тил-коомдун ой жүгүртүүсү деп белгилеген. Кийинки жылдары Э.Сепир символизм деген түшүнүктү биринчи орунга коюп, жогорудагы оюн дагы кенейтет. " Статус лингвистики как науки" деген докладында "тил-маданияттын илимий жактан изилденишиндеги баштапкы, негизги күчү катары чоң мааниге ээ кубулуш. Бардык цивилизациянын маданий стеротиптеринин системасы тил аркылуу чагылдырылат. Адам баласы материалдык дүйнөдө же социалдык чөйрөдө гана жашабастан, өздөрүнө тиешелүү кандайдыр бир конкреттүү тилде да жашайт, өнүгөт" деген оюн билдирет.

Ал эми Э.Сепирдин окуучусу Б.Уорф анын көз караштарын индеецтердин жана европалык тилдерди салыштыруунун негизинде толуктаган. Ал мындан адамдын дүйнөнү таанып-билүүсү тилдин жардамы аркылуу гана аныкталат деген жыйынтык чыгарган.

Америкалык изилдөөчү Бенджамен Уорф тил - бул бир нече ойдун "упаковкасы" эмес, бул биздин ойтуюмубуздун образын түзгөн форма экендигин белгилеп өткөн. Маданият менен таанып-билинүүчү процесстердин ортосундагы байланыштар жөнүндөгү Б.Уорфтун гипотезасында өзүнчө бөлүп карай турган эки нерсе бар:

1.Ар кайсы тилдерде сүйлөгөн, дүйнөнү ар башкача кабыл алган адамдардын тобу. Бул-лингвистикалык окшоштуктардын гипотезасы.

2.Таанып-билүү процесстериндеги тилдик айырмачылыктар менен байланышкан өзгөчөлүктөр, башкача айтканда, тил ошол айырмачылыктардын себепчиси болуп саналат. Бул-лингвистикалык детерминизмдин доктринасы, тагыраак айтканда, тил менен таанып-билүү процесстеринин ортосунда бир жактуу байланыш бар экендигин көрсөтөт. Бул концепция психология илиминин фундаменталдуу проблемаларынын бири. Тилби же ойлоо биринчи пайда болгонбу? Бул проблема психологияда бүгүнкү күнгө чейин да, азыркы учурда да талаш маселелерден болуп келет. Ошону менен бирге маданият аралык айырмачылыктардын, бардык маданияттагы элдердин психикасын изилдөөнүн мисалы боло алат.

70-жылдары этнолингвистика илими америкалык изилдөөчү Хаймздын таасири менен Францияда изилдене баштаган. Америалыктар этнолингвистикан индеецтердин тилин жана маданиятын изилдөө менен байланыштырса, француздар болсо африкалык колониялардын элдерин изилдөөгө алышкан. Э.Бонвин, Ж.Калам-Гриоль, Д.Рей-Ульман, Ж.Том, С.Баюше сыяктуу окумуштуулар Африканын тилдерин жана маданиятын изилдөөнүн негизинде сөздүк, энциклопедияларды түзүшүп, бир канча илимий эмгектерин жаратышкан. Француз изилдөөчүлөрү алгач элдик оозеки маданиятка кайрылышып, бирок кийирчерээк европалык маданиятты изилдөөгө ооп кетишкен. Натыйжада 80-жылдардын аягынан тартып, "этнолингвистика" деген термин колдонуудан чыгып калган.

Советтик этнолингвистика болсо алгач Н.И.Толстой тарабынан изилденген. Анын версиясынын негизин славян элдеринин маданиятын тарыхый жана генетикалык аспектиде изилдөө түзгөн. Н.И.Толстойдун көз карашына таянсак, этнолингвистика - бул тил илимининин бир бөлүгү, тагыраак айтканда, улуттук менталитетти, элдик чыгармачылыкты, элдик маданиятты тил менен байланыштырып изилдеген тил илиминин бир багыты. Кең мааниде алганда этнолингвистика өз ичине диалектологияны, фольклордун тилин, тилдин тарыхын камтыйт. Мындан биз тилдин бардык изилдөө аспектилери "социалдык кубулуш" катары карасак болот. Ал эми тар маанисинде этнолингвистика - тил жана этнос, тил жана мифология жана башкалар өндүү проблемаларды иликтөөгө алган тил илиминин бир тармагы.

Кайсы гана илим болбосун, анын сөзсүз түрдө өзүнүн изилдөө предмети, обьектиси, методу болот эмеспи. Ошол сыяктуу эле этнолингвистиканын да изилдөө предмети- эл, этнос. Ал эми обьектиси- ошол элдин тили жана маданиятын карым-катышта изилдөө болуп саналат. Азыркы күндө этнолингвистика илими ар тараптуу изилденип, анын предметтик талаасы абдан кенейүүдө. Тагыраак айтканда, кайсы бир элдин дүйнө таанымы, табигый карым-катышы, руханий жана материалдык маданияты ж.б. баалуулуктары изилденип келүүдө. Ошону менен бирге элдин салт-санаасы, каадасы, улуттук адеп-аклагы, аны менен байланышкан элдик оозеки чыгармачылыгы да максаттуу изилдөөгө алынып келет.

Этнолингвистика өзүнүн ичине өз ара тыгыз байланышкан эки негизги - когнитивдик жана коммуникативдик маселелерди камтып турат.

Америкалык окумуштуулар этнолингвистиканы антропологиялык лингвистика жана лингвистикалык антропология деген эки багытта изилдешип келген, башкача айтканда, антропологиялык лингвистика когнитивдик маселеге басым жасайт, кайсы бир элди комплексттүү түрдө иликтейт. Тагыраак айтканда, ошол элдин дүйнө таанымын, табигый карым-катышын, руханий жана материалдык маданиятын ж.б. толуп жаткан баалуулуктарын түшүнүү менен изилдейт. Ошондон улам дүйнө элдеринин бири-бири менен болгон байланышын караштырып, салыштыруу менен жалпылыктарын жана айырмачылыктарын тастыктап, өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөрүн белгилейт. Азыркы күндө антропологиялык когнициялык лингвистиканын негизин дүйнө элдеринин нукура каадасалтынан тартып, маданий-социалдык байланышына чейин жөн гана когниция катары изилденбестен, философиялык, психологиялык ж.б. коомдук илимдердин аралашмасында максаттуу изилдөө илимге айланып келе жатат. Анткени ал бир элдин же улуттун кылымдардан келе жаткан, калыптанган ан-туюму, дүйнө таанымы болуп саналат. Антропологиялык лингвистикада тил менен адам тыгыз байланышта изилденген. Бул жерде Э.Бенвенистин төмөнкү тезисин эске алсак болот: "Невозможно вообразить человека без языка и изобретающего себе язык... в мире существует только человек с языком, человек, говорящий с другим человеком, и язык, таким образом, необходимо принадлежит самому определению человека"[1.с.8].

Этнолингвистика өзүнчө илим катары көптөгөн илимдердин тогошкон жеринде өнүгөт. Бул баарыдан мурда бардык илимге түздөн-түз тиешеси бар адам менен байланышта. Анын калыптанышы, өнүгүшү менен карым-катышта болгону менен түшүндүрөт. Демек, этнолингвистика илими адамда, улутту, маданиятты, коомду изилдөөчү илимдер менен тыгыз байланышта өнүгөт. Этнолингвистика өзүнүн предмети боюнча тектеш төмөнкү илимдер менен байланышат:

антрпология, маданият таануу, социология, география, этнография, тарых.

Бүгүнкү күндө башка элдердики сыяктуу эле кыргыз этнолингвистикасы да С.Мусаев, Г.Рыскулова, А.Н.Сыдыков, А.Өмүралиевалар тарабынан илимий-изилдөөгө алынып келе жатат. Кыргыз элине тиешелүү улуттук каада-салттарды, рухий маданиятты, элдик оозеки адабиятты, макал-лакаптарды, оюн-чийүүлөрдү лингвоадабияттык аспектиде эмес, этнолингвистикалык багытта кароонун негизинде кыргыз этнолингвистикасын изилдөөнүн зарылдыгы келип чыгат. Себеби азыркы мезгилде тилдик, тексттик материалдарды изилдөөдө ушул сыяктуу глобалдуу маселелерге анча маани берилбей келет. Кыргыз элинин улуттук каада-салттарын, элдик оозеки чыгармачылыгын этнолингвистикалык негизде кароо дагы да көп илимий изилдөөлөрдү талап кылат. Анткени ошол улуттук баалуулуктарда элдин дүйнө таанымы, психологиясы, жашоо-турмушу, дүйнөгө болгон көз карашы сакталган. Ушундай жашоо жагдайын карап, кыргыз элинин басып өткөн татаал жолун, тарыхый шартын элестетүүгө болот. Ар кандай ырым-жырымдардын сакталып келе жатканын караганда, эл жашаган доордон, кандай эл менен жанаша жашагандыгын, кандай диндерге табынгандыгын элестетүүгө шарт түзүлөт. Демек, элдин элдүүлүгүн, тарыхый шартын кароо аркылуу этностук белгилерин тактоо мезгилинде окумуштуулар көпчүлүк учурда тилдик фактыларга таянаары белгилүү.

Ырым-жырымдар, диний жөрөлгөлөр жөнүндө сөз болгондо, кыргыз элинде буга чейин магия, анимизм, шаманизм, тотемизмге байланышкан ар кандай диний ишенимдер жашагандыгын белгилеп кетүү керек. Кыргыз эли мекендеген жерлерде жай мезгили аябай кургак болуп, ушундан улам курмандыкка чалуу (түлөө) жөрөлгөсүн колдонушкан. Ал эми түштүк кыргыздары ушул эле максат менен Арстанбап, Шахимардан, Сафид-Булянд деген ыйык жерлерге барышкан.

Түлөө элдин арасына кеңири жайылган диний жөрөлгөлөрдүн бири болуп саналат. Муну өткөрүү үчүн көптөгөн элдер, анын ичинде жаштар да чогулушат.

Ал эми кара аш, жаназа, доорон, мүчө ж.б. өлүктү көмүүгө байланышкан ырым-жырымдар да турмуштук зарылчылыктан улам пайда болгон. Бирок алар азыркы учурда Кыргызстандын ар кайсы аймактарында ар башкача бири-биринен айырмаланып колдонулат. Буга ошол элге жанаша жашаган башка бир улуттун, анын маданиятынын, тилинин тийгизген таасири, жашоо себеп болушу мүмкүн. Тилекке каршы, булардын баары эле бүгүнкү күндө сакталган эмес. Алсак, кээ бир аймактарда "мүчө" деген жөрөлгө жоюлуп, анын ордуна "кара аш" деген салтты колдонуп калышкан [2.с.156]

Кыргыз элинин каада-салтындагы дагы бир белгилей кетүүчү нерсе- бул ар бир кыргыз үй-бүлөсүндөгү балдары кадам шилтеп калганда"тушоо кесүү" ырым-жырымын өткөргөндүгү болуп саналат. Бул бала бир жашка чыкканда, башкача айтканда, жыл маалына төп келгенде өткөрүлө турган салттуу жөрөлгө. Тушоо жип ак, кара жүндөн эшилип жасалат. Муну турмуштун өйдө-төмөнү, жаман-жакшысы аралаш, ошону түшүнүүнүн алгачкы кадамы дсес да болот. Анткени ак түс-жакшылыктын, кара түс-жамандыктын белгиси катары каралат.

Тушоо кесүү салтына байланыштуу "тушоосу ошондо кесилген"(анын ишинин оңоло башташы), "тушоосун ошо кескен" (көтөрмөлөп жүргөн адам), "тушоосу кесилбей калган"(ишинин учурунда ондой берди болбой калышы) өндүү өтмө маанидеги түшүнүктөр айтылат.

Бул ырымдын башатында ар бир аракеттин эзеси бар, ошол жөнгө салып турат, демек, там-тун баскан баланын да эзеси болушу ыктымал деген көз караш, түшүнүк жатат жана буга байланыштуу баланын тушоосун кесүү ырымы пайда болгон. Кыскасы, мындай көз караш баланын тушоо кесүү ырымын жаратканын. Мунун тереңинде баланын бутундагы байланган ала жипти кескен кезде бала жыгылбас, мүдүрүлбөс болуп калат деген ой жатат.

Булардан сырткары кыргыз элинде күндөлүк жашоо-турмуштагы ар кандай көрүнүш, кубулуштардан улам пайда болгон салт-санаалар, ырым-жырымдар орун алган. Бирок бардык түрк элдери сыяктуу эле кыргыз элинин да байыркы ишенимдеринин, ырым-жырымдарынын тарыхына бүгүнкү күнгө чейин илимде иреттүү жана терең изилдөөлөр жүргүзүлө элек. Алардын тилдик каражаттардын жардамы менен чагылдырылышын, тагыраак айтканда, тил менен маданияттын карым-катышын изилдөө этнолингвистика илиминдеги орчундуу маселелерден болуп эсептелет. А түгүл, улуттук психология, логика, философиянын калыптанышы, анын өнүгүшү да кыргыз этнолингвистикасын изилдөөнүн зарылдыгын түзөт. Себеби кыргыз эли тилдик, оозеки, адабий, маданий мурастарга, баалуулуктарга бай этностук калк катары эсептелет. Мына ушул сыяктуу кыргыз маданиятына таандык баалуулуктардын, көрүнүштөрдүн, түшүнүктөрдүн маани-мазмунун иликтеп-изилдеп эл-журтка сунуштоо учурдун жана келечектин талаптарынын абири болуп саналат.

Ошентип, бир эле элдин өзгөчөлүгүн тилдик да, улут катары да иликтөө илимдин обьектиси болуу менен этнолингвистикалык жалпы багыт анын ичинде кыргыз этнолингвистикасы ар тараптуу изилдөөгө муктаж.

Адабияттар

1. Баялиева Т.Дж.Доисламские верования и их пережитки у киргизов. - Ф.,1972.

2. Гумбольдт В.фон.Язык и философия культуры. - М.,1985.

3. Мусаев С., Өмүралиева С. Кыргыз макалдарынын этнолингвистикалык негизи. / Китепте: Түрк тилдери жана адабияты. - Б.,2003.

4. Роль человеческого фактора в языке: Язык и картина мира / Ред. Серебренников Б.А. - М.,1988.

5. Рыскулова Г. Тилдин психологиялык изилдөө негизи // Кыргыз тили жана адабияты, 10,2006.

6. Уорф Б.Л. Отношение норм поведения и мышления к языку. Вып.1. -М.,1960.

7. Сыдыков А.Н. Вопросы лингвистики - Б., 2008.

8. www.kapija.narod.ru

9. www.Philosophy.ru

Ли Даньдань,
БГУ им. К.Карасаева

СПОСОБЫ ВЫРАЖЕНИЯ СРАВНИТЕЛЬНОЙ И ПРЕВОСХОДНОЙ СТЕПЕНЕЙ ПРИЛАГАТЕЛЬНЫХ В СОВРЕМЕННОМ КИТАЙСКОМ ЯЗЫКЕ

В китайских грамматических категориях прилагательных не существует понятия "степень сравнения", но существует грамматическое значение такое же, как сравнительная степень прилагательных. Эта синтаксическая единица имеет свои формы словосочетания с особым смыслом, в основном она представлена в специальных фиксированных формах, что отличает их от группы индоевропейских языков, которые полагаются на внутреннюю флективность.

В данной статье описываются китайские формы выражения сравнительной и превосходной степеней имен прилагательных и обсуждаются характеристики этих форм.

Вначале обсудим существующие **формы словосочетаний со значением сравнительной степени прилагательных**

(А) В предложение присутствует слово"比", которое означает"*чем*": это наиболее часто используемый оборот для обозначения сравнительной степени прилагательных. Данный формат сравнительных прилагательных можно использовать как для сравнения различных объектов, так и для сравнения одного объекта в разное время. По структурным характеристикам, эта форма также может быть разделена на следующие подвиды:

1. 比 +比 • • 象 +形容 •

"чем"+ объект, с которым сравнивают + прилагательное

Использование единственного слова "чем" – основная форма словосочетания для выражения сравнительной степени, которая ограничена простым значением прилагательного, без каких-либо дополнительных элементов.

Например: 他比你漂亮。- *Он красивее, чем ты.*

2 . 比 +比 • • 象 +更+形容 •

"чем" + объект, с которым сравнивают +"более"+ прилагательное

В этот форме перед сравнительной степенью прилагательного может быть добавлено наречие"более", "еще" и т.д.

Например: 你能，他比你更（•）能。- *Ты сильный, но он более(еще) сильный (сильнее)чем ты.*

3 . 比 +比 • • 象 +形容 • + • •

"чем"+ объект, с которым сравнивают + прилагательное + дополнение

Например: 他比你漂亮得多。- *Он гораздо красивее, чем вы.*

(Б)形容 • +点儿（些）。

прилагательное + "чуть-чуть (немного)"

Эта форма прилагательного создается с помощью неопределенного нецифрового количества чего-либо.

Например:

1) 他似乎想努力 • 得堂皇些。- *Кажется, он пытался употреблять некоторые красноречивые выражения.*

2) • 量好一点儿可以 • 表。- *Когда качество станет немного лучше, то можно будет публиковать.*

Объект сравнения в этом примере не ясен, но все-таки с семантической точки зрения объект сравнения существует. Например, в 1-м примере мы можем понять так "Кажется, он пытался употреблять некоторые красноречивые выражения(больше, чем раньше)".Данная форма сравнительной степени прилагательного может быть дополнена еще наречиями更–"*более, больше*", • –"*еще, все еще*",再–"*еще, еще раз*" и так далее.

Например:

1) 他英 • • 得 • 好点儿，俄 • • 得就差了。- *Он говорил по-английски немного лучше, а по-русски хуже.*

2) • 量再好一点儿，• 可以 • 表。- *Если качество еще немного улучшить, то можно публиковать.*

(В)更（再）+形容 •

"больше (еще)" + прилагательное

Например: "更大的箱子没有了，只最后一个了。"–"*Больше коробок нет, эта последняя*".

В данной форме сопоставимые объекты не присутствуют, но с семантической точки зрения объект сравнения существует. В этой форме в качестве объекта сравнения может быть добавлено слово "это". В приведенном выше примере форма выражения может быть изменена на следующую:

"（比 •）更大的箱子没有了，只最后一个了。- "*Больше (после этой, чем эта)коробок нет, эта последняя*".

Следует отметить, что сравнительная степень наречия • -"*еще, все еще*", не может быть использована в данной форме, т.е.в форме "больше (еще) + прилагательное"сравнительная степень прилагательного не может быть заменена словом "еще, все еще".

(Г)形容＊+是+形容＊+点儿

прилагательное + "есть" + прилагательное + "чуть-чуть"

Например:

1) ＊他的＊理冤枉是冤枉点儿，但他的＊＊的确很＊重。

- Его обвиняли конечно несправедливо, но он совершил очень серьезную ошибку.

2) ＊个人矮是矮了点儿，但他健壮得很。

- У этого человека рост немного низкий, зато он очень крепкий.

(Д)形容＊+基数＊+度量衡＊

прилагательное + количественное числительное + слово из системы мер и весов.

Вышеуказанные формы сравнительной степени прилагательных применяются для простого сравнения двух или нескольких объектов, но не могут быть применены для выражения различия двух или нескольких объектов и для уточнения количественных различий. Но в данной форме "прилагательное + количественное числительное + слово из системы «мер и весов» очень четко указывается разница в количестве каждого из объектов сравнения.

Например: "你的大衣袖子短一寸。" - *"Рукава твоего пальто на дюйм короче".*

Слово短-"*короткий*"служит в качестве прилагательного, а слово寸-"*цунь, мера длины*" в качестве слова метрологии, оно конкретно и указывает на различие в размере. В эту форму входят в основном прилагательные в виде односложных слов, но бывают и случаи с двусложными прилагательными.

(Е)……越+形容＊，……越+形容＊.....

"более" + прилагательное, "более" + прилагательное

Это тоже очень характерная форма словосочетаний, передающая сравнительную степень прилагательных. Многие ее синтаксические формы детально исследованы и углубленно проанализированы, поэтому в данной статье нецелесообразно вдаваться в подробности, а только приведем примеры этой формы.

＊并等于＊，年＊越大，成＊越高。- *Чем ты старше, еще не значит, что тем выше будет оценка.*

Что касается словосочетаний со значением **превосходной степени прилагательных**, то в китайском языке они выражены семантически так же, как в русском.

При упоминании китайской формы выражениях превосходной степени прилагательного, в первую очередь представляется форма "самый + прилагательное". Это основная форма выражения превосходной степени прилагательного.

У этой формы есть два варианта выражения:

во-первых, "最+形容＊"重叠式 **"самый" + прилагательное (которое повторяется)**

Например: "我＊是要上下四方＊求，得到一＊最黑，最黑，最黑的咒文。", - *"Я всегда повсюду ищу одну лишь истину, но нахожу лишь одни из самых темных, темных, темных заклинаний"* (писатель Лу Сюнь). В данной форме подчеркивается смысл, иногда с лирическим ощущением.

во-вторых, повторяется превосходная степень самого наречия "最最+形容＊""**самый самый" + прилагательное.** В форме "самый самый + прилагательное" уровень значения глубже, чем в форме "самый + прилагательное".

Например: 他是我最最＊密的朋友。 - *Он мой самый самый близкий друг .*

Таковы основные формы выражения значения превосходной степени прилагательного. Кроме них в китайском языке есть и другие семантические формы:

(А)形容＊+得+不能+再+形容＊

прилагательное + "был" + "не быть" + "еще" + прилагательное

В данном способе применяется синтаксическая форма, необходимая для повторного употребления одного и того же прилагательного. Эта структура означает в некоторой степени предел возможного.

Например:

1) 他好得不能再好了。- *Он такой хороший, что не может (невозможно) быть еще лучше.*

2) ＊个人坏得不能再坏了。- *Этот человек такой плохой, что не может (невозможно) быть еще хуже.*

Эта синтаксическая структура всегда имеет следующие характеристики:

Во-первых, она должна содержать одно и то же прилагательное повторно используемое, которое не может быть при повторении заменено каким либо синонимом. Например:"*Он такой хороший, что не может (невозможно) быть еще лучше (хороший)"*слово "хороший" не может быть заменено например на слово "прекрасный", поскольку это не соответствуют правилам грамматики .

Во-вторых, в данной форме каждое слово должно иметь свое место, два повторяющихся прилагательных могут быть расположены только вначале и в конце синтаксической структуры "прилагательное + был + не быть + еще + прилагательное".

В-третьих, состав этих словосочетаний не может быть заменен, но превосходную степень наречия на再-"*еще*", иногда можно заменить на更-"*еще более*".

(Б)再 + 形容＊ + 不＊（没有）了

"еще" + прилагательное + "наи-, наилучший (лучше не бывает)"

Синтаксис данного словосочетания передает значение: «нечто достигло определенной положительной превосходной степени, более высокой, чем это бывает в природе, вещей выше нет».

Например:

1) 春耕生▪▪▪安排再合适不▪了 - *"Нет ничего (еще) более уместного, чем сажать саженцы весной"*. Наречия превосходной степени в этой форме再-"*еще*"может быть заменен на最-"*больше всего*", при этом грамматическое значение в основном остается неизменным, т.е. синтаксическая структура означает «в некоторой степени предел возможного; нечто, чего лучше не бывает».

2) ▪▪做再棒不▪了 - *"Такой поступок – самый лучший"* означает, что лучше уже быть не может.

(В)没有+比+比▪▪象+更+形容▪+的

"нет (не бывает)" + чем + объект, с которым сравнивают + "еще" + прилагательное + частица (для именной формы прилагательного)

В данной форме没有- "*нет (не бывает)*" является глаголом, за ним идет словосочетание с элементом существительного (к которому добавляется частица的для образования именного прилагательного). После слова "чем" может следовать элемент существительного (пример 1) либо глагола (пример 2).

Примеры:

1) 世界上没有比他更好的人了。

- Нет человека в мире (еще) лучше, чем он.

2)没有比▪▪做更糟的了。

-Нет ничего хуже, чем сделать это.

В данной форме更- "*еще*" указывает на степень увеличения и может быть заменено на再-"*еще раз*"или ▪ -"*еще более*".

(Г)比 + 表示任指的疑▪代▪ + 都 +形容▪

"чем" + вопросительное местоимение + "все" + прилагательное

Эта форма является необычным и уникальным выражением превосходной степени прилагательных. Она включает в себя то или иное вопросительное местоимение:什▪- "*что*",哪儿- "*где*", ▪ - "*кто*" т.п.

Например:

1) 年▪的朋友在一起，比什▪都快▪。

- Больше всего на свете счастливы молодые друзья, собравшиеся вместе.

2) 今天她打扮得比▪都漂亮。 *- Сегодня она оделась красивее кого либо.*

Данная форма также является сравнительной, представляя собой наиболее развитую грамматическую структуру, что означает, что кто-то или что-то лучше, чем любой другой человек или объект.

Таким образом, в китайском языке есть следующие способы (формы)выражения сравнительной и превосходной степеней имен прилагательных:

1)"чем" + объект, с которым сравнивают + прилагательное
2)"чем" + объект, с которым сравнивают + "более" + прилагательное
3)"чем" + объект, с которым сравнивают + прилагательное + дополнение
4) прилагательное + "чуть-чуть (немного)"
5)"больше (еще)" + прилагательное
6) прилагательное + "есть" + прилагательное + "чуть-чуть"
7) прилагательное + количественное числительное + слово из системы мер и весов.
8)"более" + прилагательное, "более" + прилагательное
9)"самый" + прилагательное (которое повторяется)
10)"самый самый" + прилагательное
11)прилагательное + "был" + "не быть" + "еще" + прилагательное
12)"еще" + прилагательное + "наи-, наилучший" (лучше не бывает)
13)"нет (не бывает)" + чем + объект, с которым сравнивают + "еще" + прилагательное + частица (для именной формы прилагательного)
14)"чем" + вопросительное местоимение + "все" + прилагательное.

Литература

1. 徐琴;《▪氏文通》"▪比"▪▪;▪文学刊;2005年05期

Сюй Цинь, **Теория "Ма", Обсуждение частицы "чем"**; Сборник китайской литературы; 2005 г., серия 05

2. 史银婷;现代汉语"差比句"研究;中国社会科学院研究生院;2003年

Ши Йинглинг; **Современные китайскиеисследования предложений содержащих частицу "чем"**, Высшая школа CASS, 2003 г.

3. ▪▪妍;▪代▪▪形容▪量的▪知模式考察;▪旦大学;2006年

ЧженЯнь; **Современные китайские исследования прилагательных. Изучение форм когнитивных моделей прилагательных**; Фуданьский университет; 2006 г.

4. ▪娜;▪代▪▪▪比范嘚研究;南京▪范大学;2007年

Чжан На; **Обзорное исследование отношение масс в современном китайском языке**, Наньдзиньский педагогический университет; 2007 г.

5. ▪湖静;▪ ▪"比"字句▪比分析;上海外国▪大学;2007年

ЧжэнХуцзин; **Сравнительный анализ применения частицы "чем"в китайском и корейском языках**; Шанхайский университет международных исследований; 2007 г.

6. ▪光;▪ ▪代▪ ▪形容▪重叠表▪微程度的重新▪ ▪;▪言教学与研究;2008年01期

ЧэньГуан; **Обзор современных китайских прилагательных в повторяющейся форме**; Центр преподавания и исследованийязыка, в 2008 году 01

7. http://xh.5156edu.com/page/z7152m3481j18801.html

Энциклопедия китайских прилагательных

С.С. Жумалиев,
ТалМУ

"МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ АЙРЫМ МАЛ ЧАРБАЧЫЛЫК ТЕРМИНДЕРИНИН ЭТИМОЛОГИЯСЫ

"Манас" эпосундагы мал чарбачылык терминдеринин түпкү тегин анализдеп көргөндө өтө кызыктуу фактылар келип чыгат. Айрым бир сөздүн негизги морфемасы бир башка, экинчи морфемасы таптакыр башка бир семантикалык маанини туюндурганы дагы, бир сөздүн эки-үч морфемасы биригип келип бир эле маанини туюндурганы да орун алат. Кээ бир сөздүн унгусу жакынкы же алыскы тектеш тилдерден табылса, айрым бир формалары кыргыз тилинин лексикалык курамынан табылат. "Манас" эпосунда жолуккан мал чарбачылык терминдери негизинен кыргыз тилинин лексикалык курамындагы сөздөр менен дээрлик дал келет жана мындай сөздөрдүн тексттеги семантикалык маанилери дагы окшош. Бирок түрк тилдериндеги мал чарбачылык терминдеринин этимологиясы боюнча тил илиминде али бирдей пикирдин жоктугу маселенин дале олуттуулугун айкындап турат. Андыктан, кыргыз тилиндеги негизги мал чарбачылык терминдери катары эсептелинген номинативдик аталыштардын этимологиясын, т.а.: *айгыр, аргымак, мал, бээ, кунан, кулун* деген аталыштардын "Манас" эпосундагы аталыш мотивдерине салыштырып, алардын этимологиясын кайрадан салыштырматарыхый метод менен тактап көрүүнү чечтик.

Мал - "1. Жылкы, уй, төө, кой-эчкилердин жалпы аты; 2.Мүлк, дүнүйө" [13, 211-бет] Аталган сөз түрк тилдеринин көбүндө дээрлик бир мааниде жана бирдей тыбыштык формада айтылат. Салыштырсак: түркмөн тилинде *мал*, якут тилинде *мал*, өзбек тилинде *мол*, чуваш тилинде *мул* "байлык, мүлк, буюм", монгол тилинде дагы *мал* [7, 651-бет]. Ал эмес айрым тунгус-манжур тилдеринде дагы *мал* "скот" мааниси бар. Мисалы: солон тилинде *мал* "скот", бирок ал тилге сөз монгол тилинен өткөн [34, 523-бет]. Бул сөз монгол-түрк тилдерине иран-араб тилдеринен кабыл алынган [17, 109-бет] деп эсептейт алтаист окумуштуу К.А.Новикова (иран. *мэл*). "Байыркы түрк сөздүгүндө" дагы *мал* "имущество, достояние, богатство, товар: *гул ол малга малы аңар ерклиг ол - кул ал малга, малы ага чоң* (А.Югнаки. Хибат-ул-хакайик.13-к.)" [10, 335-бет] болуп айтылат. Бирок байыркы түрк тилинде *мал* "скот" мааниси кездешпейт, араб тилинде *мал* "имущество" [34, 523-бет], тажик тилинде *моли чорпо* "скот" деп да, *хайвоноти хонаги* "скот" [25, 700-бет] деп да айтыла берет жана көбүнчөсү *хайвон*, же *хайвоноти* сөзү колдонулганына караганда, иран тилдерине дагы араб тилинен кабыл алынган окшойт. Ал эми араб тилиндеги "мүлк, байлык, дүнүйө" маанисиндеги *мал* сөзү алгач түрк тилдерине өтүп, андан монгол тилдерине өткөн, монгол тилинен айрым бир тунгус-манжур тилдерине чейин тараган. Кийинчерээк көчмөн калктарда адамдын байлыгы *мал* менен өлчөнө баштаганына байланыштуу *мал* деген сөз колдо кармалган жаныбарлардын жалпы аталышы катары колдонула баштаган. Натыйжада, "мүлк" маанисинен азыркы "мал" мааниси өнүгүп чыккан. "Манас" эпосунда да мал майда жана ири үй жандыктарынын жалпы аталышы катарында кездешет:

Калмактан жылкы куугандай,
Кантип соем көп *малды*
Катыным эркек туугандай.
Же кытайдан черүү келгендей,
Кырамын кантип көп *малды*.
(С.Орозбаков,1-том,1995,115-бет)
Кой деген жакшы *мал* экен,
Койчунун аты бар бекен?
Уй деген улук *мал* экен,
Уйчунун аты бар бекен?
(С.Орозбаков,1-том,1995, 106-бет)
Береки кыйыгы турган душмандар
Төбөңүздөн баспасын,
Төрт түлүк *малды* чачпасын.
(С.Каралаев, 1708-бет)

Бирок түрколог К.М.Мусаев [16, 73-77-беттер] түрк тилдериндеги *мал* "скот, имущество" монгол тилиндеги *морин* жана корей тилиндеги маль "лошадь" уңгуларын өз ара салыштырып, *мал* сөзүнүн байыркы мааниси "лошадь" болгон деп эсептеп, араб тилиндеги *мал* өтө сейрек колдонулуучу сөз болгондуктан түрк-монгол тилдерине өтүшү мүмкүн эмес деп эсептейт. Ал эми башка окумуштуулар бул сөздүн араб тилинен кабыл алынганын далилдешет (Рясянен М., Насилов М.Д., Тенишев Э.Р. ж.б.) [10, 335-бет; 27, 323-бет].

Айгыр - "жылкынын үйүргө кошулуучу эркеги" [12,43-бет]. Бул сөздүн келип чыгышы жөнүндө айтылган пикирлер абдан көп. Алсак, К.Сейдакматов: "бай-

ыркы түрк жазууларында *адгыр//азгыр* түрүндө айтылган сөз азыркы кыргыз тилинде *айгыр* болуп айтылат. "Байыркы түрк сөздүгүндө" *азгыр* сөзү "свирепый" болуп которулган. Ушуга караганда байыркы *адгыр//азгыр* > *айгыр* сөзү айгырдын мүнөзүнө жараша коюлган. Анткени жылкынын башкалары адамдын эркине оңой көнөт, үйрөнөт, үйүрдөгү айгырды байлап да, камап да токтотуу кыйын. Ошону менен бирге *айгыр* үйүрүнө башка малды, ит-кушту да жолотпойт. К.Дыйкановдун *айгыр* деген сөз *атк+ыр* ("эркек ат") дегени чындыкка көп жакындашпайт. Анткени ат болгон соң айгырдай азынап, чалпоолук кыла албай калат"[32,14-бет] - дейт. Ал эми Э.В.Севортян *айгыр* сөзү тууралуу мындай дейт: "курамында "возбуждаться (похотью)", "покрывать (о животных)" деген маанилер камтылган *ай- // ад- //аз-* үнгуларына - *кыр//-гыр* мүчөлөрүнүн жалганышы аркылуу пайда болгон аталыш" [29,107-108-бет] деп эсептейт. Бул форма байыркы түрк тилинде *адгыр* "жеребец" [10,14-бет], монгол тилдеринде *азрага//азарга* [34,17-бет], азыркы түрк тилдеринде *адгыр // атыр // асхыр // азгыр // айгир // айгыр // айкыр* [29,107-бет] болуп түрдүү тыбыштык вариантарда айтылат. Ал эмес тунгус-манжур тилдеринде (эвенк, солон, нанай, манжур) дагы *азирга// агирка* "жеребец" [34,17-бет] түрүндө кездешет. *Айгыр* аталышынын түрк, монгол, тунгус-манжур тилдериндеги түрдүү формаларын салыштырууга Г.Рамстедт [23, 2-бет], Г.Д.Санжеев [28,62-бет], З.Гомбоц [6, 272-273-беттер], В.В.Радлов [20,10-бет], А.М.Щербак [37,87-89-беттер], Г.Вамбери [4,14-бет], М.Рясянен [26,193-бет], Е.И.Убрятовалар [5,11-бет] көңүл бурушуп, аталган сөздүн баштапкы үнгусун аныктоого аракет кылышкан. Алсак, В.В.Радлов *ай* үнгусун ажыратса, Г.Вамбери *ат ~ ай* үнгусун, А.М.Щербак *ай- < аг+***-гыр** үнгуларын белгилешкен. Н.Поппе (VGAS) [19,4-5-беттер] түрк тилдериндеги *азгыр ~ айгыр* менен монгол тилиндеги *азирга* байыркы алтай баба тилиндеги адгырга деген түп уңгудан келип чыкканын божомолдосо, Г.Дерфер [8,185-187-беттер] *аз- ~ ай-* "отделять" деген этиштен пайда болгон *азирга* архетибинен *адырга* > *адырг* > метатеза - *адгир* түрүндө фонетикалык жактан эволюцияланып өнүккөндүгүн белгилейт. Е.И.Убрятова [33,11-16-беттер] болсо *айгыр* сөзүн эң байыркы сөз деп эсептеп, *ай- ~ ад-* деген этиштик негизден пайда болгон зат атооч сөзгө *-гыр* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу келип чыккан дейт. В.В.Радлов [21,15-бет] боюнча *айгыр* "стать на дыбы", "наскакивать на кобылу" деген ***ай-*** этишинин экинчи мааниси катары карайт жана ал осмон түрк тилиндеги *ай-* "подниматься" этишинин негизинде келип чыккан дейт.

Кыскасы, *айгыр* аталышынын этимологиясы анын катаал мүнөзүнө жана чалпоо кыймылына карай байыркы алтай баба тилинде *азгыр* "свирепый" деген сөздөн улам келип чыкса керек: ***аз-+кыр//гыр > азгыр*** > *адгыр* > *айгыр*. Анткени, Э.Севортян белгилегендей: "түрк тилдериндеги жаныбарларга ат коюу процесси жеке жаныбардын кыймыл-аракетине байланыштуу жүргүзүлөт. Ушундан улам түрк тилдеринде жаныбарларга мүнөздүү аталыштардын этиштик-атоочтук формасы кеңири тараган" [30,7-бет]. Түрк тилдериндеги жаныбарлардын аталыш мотивациясын изилдеген окумуштуу М.М.Копыленко [15,108-бет] казак тилиндеги байыркы причастиенин бири *айгыр* **жеребец** (производяший) "аракетти алып жүрүүчү" мотивемасынан улам пайда болгонун айтат. "Манаста" жылкынын үйүрүндөгү эркек жылкынын аталышы катары кездешет:

Жакып бай жолго салыптыр,
Жорго боз *айгыр* үйүрү
Жолунан чыгып калыптыр,
(С.Орозбаков,1-том,1995, 133-бет)
Камбар ата кара *айгыр*
Көп жылкыдан кары *айгыр*
(С.Каралаев, 75-бет)

Аргымак - "күлүктүгү, чыдамдуулугу, сымбаттуулугу менен айырмаланган таза кандуу асыл тукум жылкы" [14,135-бет]. Бул сөздүн этимологиясын К.Сейдакматов төмөнкүдөй чечмелейт: "сөз *аргы+мак* морфемаларынан куралган, *аргы* уңгусу азыркы кыргыз тилинде өзүнчө сөз катары колдонулбайт. Бирок азыркы кумык тилинде аргы этиши "ыргы, секир" маанисинде айтылат. Бул *аргы* этиши азыркы кыргызча арышта деген этишке да негиз болгон. Арыш сөзү алгачкы *аргы+ш* сөзүнүн *г* тыбышы түшүп калышынан келип чыгат.

Э.В.Севортян *аргы* этишинин бир варианты ыргы деген кыпчак тилдериндеги сөз деп карайт. Бул болжол туура дешке болот. Анткени аргымак аттар жорголоп, таскактап, жортуп жүрбөстөн, арыштап жүгүргөн тукумдагы жылкынын түрүнө кирип, арыштап чуркашы аркылуу *аргымак* аталышы бышык. Ат арыштап чуркаганда ыргып, секирип да жаткансып көрүнөт.

Кийинки мезгилде асыл тукумдуу күлүк аттын баарын эле *аргымак* деп атай берүүгө жол берилип, арыштап чуркай турган өзгөчөлүгүнө карата берилген *аргымак* атынын мааниси так сезилбей, азыркы кезде *аргымак* сөзү *тулпар, буудан* деген сөздөргө маанеси боюнча окшош сыяктанып кеткен. Чындыгында *тулпар* аттын эң мыктысы, ал арыштап да, таскактап да чуркап, ачкалыкка, ысык менен суукка чыдамдуу келет. Аргымакта андай касиеттердин баары боло бербеши мүмкүн" [32,27-28-беттер].

Ал эми Э.В.Севортян [29,171-бет] болсо аргы сөзүн "жүгүрүү, арыштап чуркоо" деген маанидеги сөз деп эсептейт. *Аргамак* сөзү *арга-/аргы-/аргу-* "бежать крупным карьером" этишине *-мак, -н* мүчөлөрүнүн жалганышы аркылуу пайда болгон деп божомолдойт. Байыркы түрк тилинде *аркы* "дальний" [10,54-бет], кыргыз тилинде *аргым* "крупный карьер (скакового коня)"; **«аргымакты аргым-аргым жүгүрт»** [38,66-бет]. Монгол тилинде *аргамак* "быстрая скаковая лошадь", "породистый конь" [7,16-бет], бурят тилинде *архан хулэг* "рысак", "аргамак" [35,60-бет] дегенди туюнтат. А.М.Щербак кыргыз тилиндеги *аргын*, уйгур тилиндеги *а(р)гун* "гибрид дикого жеребца и домашней лошади" жана уйгур тилиндеги *а(р)гы* "жеребец" [37,89-бет] менен жогоруда аталган аргамак сөзүнүн ортосунда этимологиялык жактан байланышы бар деп эсептейт. Бул туура эмес, себеби *аргын* "аралаш, метис" дегенди туюндурат. Ал эми байыркы түрк тилиндеги *аркы ~ аргы* "дальний", азыркы кыргыз тилиндеги *аргы* "бежать крупным карьером" жана уйгур тилиндеги *а(р)гы* "жеребец" менен *аргымак* сөзүнүн этимологиясы бир тектен тараган. Түпкүрүндө жылкынын артыкчылыктуу кыймыл-аракетинин негизинде пайда болгон "арыштоо, алыс чуркоо" деген маани жатат: *аркы ~ аргы > аргым > аргымак*: *аргы+м+а+-к = "алыс арыштап чуркоочу ат"*. "Манаста" дагы *аргымак* алыска чуркоочу күлүк ат маанисинде кездешет:

Айдаган малга ээ болуп
Алтайдан келген кул калат,
Аргымак семиз - кур калат.
(С.Орозбаков, 1-том,1995,83-бет)

Адырда жылкы ала баш,
Аргымак буудан аралаш,
Керекке жарар эренге,
(С.Каралаев, 951-бет)

Бээ - "Төл берүүчү жана саала турган ургаачы жылкы" [12,361-бет]. Бул сөз түрк тилдеринде ар түрдүү тыбыштык формада айтылат: *бээ - бе - бийе - бейэ - пии - биэ*. Мисалы, кыргыз жана алтай тилдеринде *бээ*, якут тилинде *бие*, башкыр тилинде *бийэ*, тува жана карагас тилдеринде *бе*, хакас тилинде *пии* [31, 133-бет] ж.б. Ал эмес тунгус-манжур жана кытай тилдеринде да окшош, мисалы: эвенки тилинде *бэ* "кобыла", кытай тилинде *би* "самка" [17, 141-бет]. Байыркы түрк-рун жазууларында жана Махмуд Кашгаринин "Дивану лугат-ит-түрк" сөздүгүндө ичке *и* тыбышы аркылуу *би* "кобыла" түрүндө берилет: *аг биси гулунламыш* - ак бээси кулундады (Орхон-Енисей тексттери); *би кызыр болды* - бээ кызыр калды (М.Кашгари) [10, 97-бет].

Э.Севортян *бийе > бе (бийе > бие > бе: >бе)* жана *бийе > би (бийе > бие > би: >би)* [31, 133-бет] формалары фонетикалык өнүгүүнүн негизинде келип чыккан деп болжолдоп, анын алгачкы негизи катары *би* же *бе*, андан *бей* формасы, андан кийин *бийе* формасы келип чыккан деп эсептейт. А.М.Щербак аталган сөздүн архетибин *па* "кобыла" [36, 195-бет; 37, 89-бет] түрүндө болгон дейт. Ал эми Г.Рамстедт [22, 200-бет] *бээ* сөзүнүн жалпы этимологиялык катарына сино-корейлик *пи* "самка", манжурлук *бирен* "тигрица", *бимсу//бишу* "куропатка" деген уңгулардагы *би* морфемасын жана түрк тилдериндеги *би* менен *бийе* "кобыла" формаларын киргизет. К.Брокельман [2, 18-бет] болсо анын баштапкы негизи катары **би** формасын эсептеген.

Ушул фактыларга караганда, *бе ~ би* сөзүнүн теги байыркы алтай баба тилине таандык деп эсептөөгө негиз бар. Тунгус-манжур тилдеринде *би* формасы "быть, находиться, жить, оставаться" [34, 79-80-беттер] деген маанилерди туюндурат. Маселен, манжур тилинде *бибу* сөзүнүн бир мааниси "удерживать, задерживать", эвенки тилинде *биву* "содержать кого-либо, кормить, содержать в себе" деген маанилерди билгизет. Мына ушуга караганда байыркы алтай баба тилинде *би* "бооз жылкы", "колдо кармалган жылкы" маанилеринде колдонулуп, кийин "төл берүүчү жылкы", "саала турган жылкы", "желеге байлануучу жылкы" деген кошумча маанилери өнүгүп чыкса керек. Салыштырыңыз: байыркы түркчө *ба* уңгусу "привязывать, связывать, обвязывать" маанилерин түшүндүргөн: *кузгунуг ыгачка бамыш катыгты ба едгүти ба - кузгунду жыгачка байлашты, катуу байла, бекем байла* (Орхон-Енисей жазуулары) [10, 76-бет]. "Маната" дагы "төл берүүчү жылкы", "саала турган жылкы", "желеге байлануучу жылкы" маанилеринде учурайт:

Берчи мына той! - деди
Бээ семизин сой! - деди.
(С.Орозбаков,1-том,1995,115-бет)
Куп тилегиң эмеспи,
Кула бээнин башына
Ат башындай ак була
(С.Каралаев, 898-бет)

Кунан - "1. Эки-үч жаштагы эркек жылкы. 2. Жалпы эле ири малдын ушул жаштагысын билдирүү үчүн колдонулат" [13, 105-бет]. Түрк тилдеринде ар түрдүү тыбыштык формада айтылат, бирок берген мааниси "үч жаштагы эркек жылкы, үч жаштагы бука, үч жаштагы мал" дегенди туюндурат. Салыштырып көрөлү: "алтай, казак, кыргыз, ногой тилдеринде *кунан*, өзбек тилинде *гонан*, башкыр тилинде *конан*, тува тилинде *хунан* "жеребец трех лет, лошадь трех лет"; сары-уйгур тилинде *кунан* "вол двух-трех лет", якут тилинде *кунан* "молодой бык, бычок", шор тилинде *кунак* "трехлетний" [17, 116-бет]. Ал эмес монгол тилинде дагы *гунан* "үч жаштагы мал", манжур тилинде *гунан//гунна* ихан "үч жаштагы бука" [34, 171-172-беттер] дегенди туюндурат. Монгол тилинде болсо *гу-* морфемасы *гурбан// гурав* "үч" [7, 732-бет] деген сан атоочтун уңгусу болуп саналат, ал эми сөздүн кийинки бөлүгү *-нас* "возраст" [7, 57-бет] дегенди туюнтат. Мына ошого караганда ири малдын жашына карата келип чыккан байыркы алтай баба тилиндеги *гу- "үч"* деген сөздүн баштапкы мааниси монгол тилинде сакталып, түрк жана тунгус-манжур тилдериндеги бул мааниси унутулуп, анын *кунан - гунан - гуна* "үч жаштагы жылкы, үч жаштагы бука" деген кийинки маанилери айтыла баштаган окшойт. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө *кунан* "жеребенок по третьему году, жеребенок-третьяк" [38, 445-бет]. *Кунан* сөзү "Байыркы түрк тилдеринин сөздүгүндө" да орун албайт.

Бул сөздүн теги туурасында К.Сейдакматов мындайча оюн айтат: "Монголчо *гурван* "үч" сөзүнүн башкы *гу* бөлүгү гана калып, ага *-нан* (<насн "жаш") мүчөсү кошулуп жасалган сөз "үч жаштагы эркек мал" дегенди билдирет. Кыргыз тилинде *кунан* сөзү "үч жаштагы эркек жылкы" дегенди билдирет. Уйдун үч жаштагысын *ноопас, кунан өгүз* деп айтат. Талас говорунда *кунан кой* деп "үч жаштагы субай койлорду" айтат. *Өгүз* менен *субай койго* карата айтылганда кошо көрсөтүлгөндөй, *кунан серке, кунан тайлак* болуп айтылышы да мүмкүн" [32,61-бет]. А.М.Щербак *кунан, дөнөн, тулан* сөздөрү түрк тилдерине [37, 92-бет] монгол тилинен кабыл алынган деп эсептейт. "Маната" *кунан* "эки-үч жаштагы эркек жылкынын" аталышы катары айтылат:

Кубаласам озом деп - деп,
Кунан менен чү - дедим.
Куу чабдар чурап жеткени,
(С.Орозбаков, 1-том,1995,111-бет)
Этке тойгон кырк бала
Жөө кунан чаап бакырат,
(С.Каралаев, 117-бет)

Кулун - "Жылкынын жаңы туулган төлү, тай болгонго чейинки жашы" [12, 102-бет] Махмуд Кашгариде *кулун* "жеребенок" (*теглүк кулун эркек йунда емиг тилейур* - телчиге элек кулун үйүрдөн энесинин эмчегин издөөдө) [10, 467-бет]; байыркы түрк тилинде *күлүн* "спотыкаться, подворачиваться (о ногах) [10, 326-бет], *кулна* "жеребиться", *кулначы* "жеребая" (Махмуд Кашгариде) [10, 465-бет]. Монгол тилинде *унага, даага* "жеребенок" [7, 136-бет], кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгүндө [32, 160-бет] *кулун* сөзү байыркы түрк тилиндеги *огул* сөзүнө *-ун* мүчөсүн жалгаштыруудан улам *огулун* сөзү жаралганы жана ал сөздүн башындагы *о* тыбышынын басымсыз абалда түшүп калышынан *гулун* "баласы" деген маанидеги сөз келип чыккандыгы болжолдонот.

Биздин баамыбызда, "буту чалыштаган, чалынган" маанисин туюндурган *күлүн* сөзүнөн *кулун* варианты келип чыккандай: *күлүн > кулун*. Анткени, жаңы туулган жылкынын кулуну алгач буту чалыштап, көнгөнчө жакшы баса албайт эмеспи.

Кара жалдуу кула бээ
Бир ак сур *кулун* туудуруп,

Отурган экен бай Жакып
(С.Орозбаков, 1-том, 1995,143-бет)
Кула бээм тууса тулпар туур,
Кула бээнин *кулуну,*
Кулунунун кыйыны,
(С.Каралаев, 68-бет)

Кыскартып айтканда, биз изилдөөгө алган лексикалык катмар тилдин эң байыркы катмарларынын бирине кирет жана кыргыз элинин турмуш-тиричилигинде маанилүү роль ойногон айрым мал жандыктарынын аталыш этимологиясы бизге айкын болду. Тактап айтканда, нукура кыргыз тилинин лексикалык базасында пайда болгондору *айгыр, аргымак* сөздөрү болсо, байыркы алтай баба тилинин өнүгүү өрүшүндө келип чыккандары *бээ, кунан, кулун* сөздөрү. Ал эми төрт түлүк жандыктын жалпы *мал* деген аталышы араб тилиндеги "имущество" маанисинин семантикалык жактан өзгөрүп "скот" маанисине өтүшүнөн улам пайда болгон. Демек, азыркы мезгилде мындай лексикалык катмарларды тыкыр изилдөө аркылуу кыргыз тилинин башка тектеш түрк тилдери менен болгон карым-катыш этаптарын аныктап, кыргыз тилиндеги унгу сөздөрдүн түпкү теги менен пайда болуу, жаралуу тарыхын даана түшүнө алабыз.

Адабияттар

1. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин кесипчилик лексикасы. Докт. Диссерт. -Б., 2007.
2. Brockelmann C. Ostt?rkische Grammatik der islamischen Litteratursprachen Mittelasiens. -Leiden, 1954.
3. Вайнштейн С.И. Историческая этнография тувинцев. -М., 1972.
4. Vambery H. Etymologisches Worterbuch der Turko-tatariscen Spreche.-Leipzig, 1878.
5. Вопросы тюркологии. -Ташкент, 1965.
6. Gombocz Z. Az altaji nyelvek hangtortenetehez. NyK, XXXV, 1905.
7. Дамдинсурэн Ц., Лувсандэндэв А. Русско-монгольский словарь. -Улан-Батор: Госиздат, 1982.
8. Doerfer G. Die Entsprechungen der t?rkischen langvokale im Tungusischen. -UAJb. Bd.40, Heft 1-2, 1968.
9. Doerfer G. Turkische und mongolische Elemente im Neupersischen, Bd II. Bd. I-IV, -Wiesbaden, Franz Steiner Verlag, 1963-1975.
10. Древнетюркский словарь.-Ленинград: Наука, 1969.
11. Joki A.J. Die Lehnworter des Sajan-Samojedischen. -Helsinki, 1952.
12. Кыргыз тилинин сөздүгү. -Б., 2010.
13. Кыргыз тилинин сөздүгү. 2-бөлүк. -Б., 2011.
14. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. -Б., 2011.
15. Копыленко М.М. О мотивации наименований животных в тюркских языках. /Проблемы этимологии тюркских языков. -Алма-Ата: Гылым, 1990.
16. Мусаев К.М. Лексика тюркских языков в сравнительном освешении. -М., 1975.
17. Новикова К.А. Названия домашних животных в тунгусо-маньчжурских языках./Исследования в области этимологии алтайских языков. -Ленинград: Наука, 1979, 88-бет.
18. Новикова К.А. Иноязычные элементы в тунгусо-маньчжурской лексике, относящейся к животному миру. /Очерки сравнительной лексикологии алтайских языков. -Л., 1972.
19. Poppe N. Vergleichende Grammatik der altaischen Sprachen. Teil I. Vergieichende Lautlehre. -Wiesbaden, 1960.
20. Radloff W. Die altt?rkiscen Inschriften der Mongolei. Neue Folge. -SPb., 1897.
21. Радлов В.В. Опыт словаря тюркских наречий. -Санкт-Петербург, 1893.
22. Ramstedt G.J. Studies in Korean etymology.-Helsinki, 1949.
23. Ramstedt G.J. Kalmukisches Worterbuch. -Helsiniki, 1935.
24. Ramstedt G.J. Einfuhrung in die altaische Sprachwissenschaft. I. Lautlehre. -Helsinki, 1957.
25. Русско-таджикский словарь. -Москва-Сталинабад, 1949.
26. Рясянен М. Материалы по исторической фонетике тюркских языков. Пер. с нем. А.А.Юлдашева. -М., 1955.
27. Rasanen M. Versuch eines etymologischen Würterbuchs der Türksprachen, -Helsinki, 1969.
28. Санжеев Г.Д. Манчьжуро-монгольские языковые параллели./Известие АН СССР, 1930, №8.
29. Севортян Э.В. Этимологический словарь тюркских языков. -Москва, 1974.
30. Севортян Э.В. Пробные статьи к "Этимологическому словарю тюркских языков (обще- и межтюркские основы)". -М., 1966.
31. Севортян Э.В. Этимологический словарь тюркских языков. Общетюркские и межтюркские основы на букву "Б". -М.: Наука, 1978.
32. Сейдакматов К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү. -Ф., 1988.
33. Убрятова Е.И. К этимологии слова айгыр "жеребец"./Вопросы тюркологии. -Ташкент, 1965.
34. Цинциус В.И. Сравнительный словарь тунгусо-маньчжурских языков. -Ленинград: Наука, 1975.
35. Черемисов К.М. Бурятско-русский словарь. -М., 1973.
36. Щербак А.М. Сравнительная фонетика тюркских языков. -Ленинград, 1970.
37. Щербак А.М. Названия домашних и диких животных в тюркских языках./ Историческое развитие лексики тюркских языков. -М., 1961.
38. Юдахин К.К. Киргизско-русский словарь.-М., 1965.
39. Каралаев С. "Манас".-Б.: Турар, 2010.
40. Орозбаков С. "Манас" эпосу. 1,2,3,4-том.-Б.,1995-1997.

А.Болот,
КРСУ им. Б.Ельцина

ВОЗНИКНОВЕНИЕ НОВЫХ ФРАЗЕОЛОГИЧЕСКИХ ЕДИНИЦ

Одним из наиболее активно проходящих в современной фразеологии процессов является процесс неологизации, т.е. образования новых ФЕ (фразеологических единиц). Новые ФЕ возникают первоначально в речи одного человека и могут быть повторены другими носителями языка. Но до тех пор, пока данная единица функционирует на уровне речи, она остается окказионализмом или авторским употреблением. Лишь повторенная многократно и ставшая достоянием языка, данная единица становится узуальной ФЕ. Это значит, что четкой границы между окказиональным фразеологизмом и неологизмом нет. С другой стороны, неразличение между авторским употреблением образного словосочетания и ФЕ ведет к смешению этих понятий.

Формальным критерием принадлежности какой-либо единицы к уровню языка, т.е. перехода окказиональной ФЕ в ФЕ-неологизм должна стать фиксация этой единицы словарем неологизмов. Для русского языка существует серия словарей "Новое в лексике", выпускаемая под редакцией З.Н. Котеловой, которая фиксирует и новые ФЕ. Стремясь на ограниченном хронологическом отрезке показать все новообразования, составители серии включают в нее окказиональные и индивидуально-авторские слова и выражения: "Отказываться от включения в выпуски данной серии подобных слов представляется нецелесообразным не только потому, что ставится задача охвата разнообразных процессов образования слов, но и потому, что эти выпуски отражают подвижный, текучий материал, не позволяющий строго разграничить слова "речевые", разового употребления, и слова "языковые", воспроизводимые, общеупотребительные" . [1, 40-45].

В данной статье предпринимается попытка отграничить окказиональные и индивидуально-авторские употребления от неологизмов. Целью такого отграничения явилась для автора, преподавателя русского языка, необходимость, с одной стороны, объяснить значение распространенных, ставших "модными" на страницах газет и журналов фразеологических неологизмов, с другой стороны, ограничить материал только теми фразеологическими новообразованиями, которые имеют все шансы и на существование в будущем, понятны и известны носителям языка сегодня. Для отграничения фразеологических неологизмов от окказиональных употреблений ФЕ были выделены следующие условные критерии:

- не менее, чем трехразовая фиксация неологизма разными письменными источниками,
- проверка на знание данного фразеологического неологизма носителями языка,
- отсутствуие фиксации ФЕ толковыми словарями.

Так как образование окказиональных вариантов ФЕ осуществляется не абсолютно независимо от языковых реалий, по воле автора, а по существующим в языке моделям, то и окказиональные варианты ФЕ могут быть одними и теми же у разных авторов: "Повторяемость трансформаций, довольно стройная моделируемость их основных типов, перекличка с диалектно-просторечным варьированием в зеркале лексикографии убедительно показывают, что их "индивидуальность" и "авторство" сильно преувеличиваются исследователями" [2, 154]. На этом основании число 3 представляется нам минимальным для отграничения от окказиональных употреблений, и лишь в совокупности со вторым критерием - проверкой на знание неологизма носителями языка - возможна более или менее объективная оценка распространенности данного фразеологического неологизма.

Отличие фразеологической неологизации от лексической состоит во вторичности номинации. В отличие от лексических неологизмов и новых словосочетаний, возникающих в терминологических системах, фразеологические неологизмы называют в большинстве случаев не новое, в уже давно известное понятие.

Другой особенностью фразеологических неологизмов является их понятность носителям языка и их быстрая распространяемость. Одним из факторов, способствующих их быстрой распространяемости, является периодика. Газеты и журналы оказываются наиболее чуткими регистраторами новых тенденций в языке, а том числе и появления новых ФЕ. Кроме того, они являются как бы полигоном для апробации, обкатки, проверки на жизнеспособность новых ФЕ.

Такое положение периодической печати обусловлено тем, что газеты и журналы выходят ежедневно или еженедельно, для их выпуска не требуется столь длительной подготовительной работы как при издании книг, они всегда актуальны. Язык газеты демократичен, на ее страницах появляются элементы разговорной речи (например, письма читателей). Газета является чуть ли не единственной формой фиксации разговорного языка (форма интервью).

Предлагаемые в данной статье фразеологические неологизмы были отобраны на основе анализа, полученного путем сплошной выборки из газет "Известия", "Правда", "Экономическая газета" (ЭГ), "Литературная газета" (ЛГ), "Комсомольская правда" (К. пр.) и журнала "Огонек". При этом были выделены следующие способы образования новых ФЕ: детерминологизация, цитирование, метафоризация.

Кроме того была предпринята попытка выяснить семантику фразеологических неологизмов. При выявлении значения фразеологических неологизмов был проведен анализ контекста. При выборе определения фразеологического неологизма исходили из того, что огпределения должны "быть наиболее адекватны определяемым ФЕ в структурно-смысловом отношении" [2,158]. В том случае, если это не представляется возможным, то определение должно "моделировать лишь семантические функции ФЕ в речи, являясь синонимичными им выражениями" [2, 158]. Другими словами, определение ФЕ в любом случае должно давать представление о соотнесенности ФЕ с семантико-грамматическим классом.

1. Детерминологизация

Одним из источников возникновения новых ФЕ является их образование на базе терминологических словосочетаний. О данном явлении К.П. Сидоренко пишет, что "регулярное употребление терминологического словосочетания в переносном значении позволяет говорить об образовании фразеологизма" [3, 85]. Терминологическое словосочетание, переходя из сферы своего привычного употребления в литературный язык, теряет свое терминологическое значение и приобретает переносное значение, связанное с терминологическим. Таким образом, терминологическое словосочетание "служит семантическим производящим" для новой ФЕ [3, 87].

Среди терминосистем, наиболее часто "поставляющих" фразеологические неологизмы, следует назвать в первую очередь военную и спортивную терминологию. Их изобилие можно объяснить тем, что процессы развития советского общества и экономики рассматривались и рассматриваются как процессы борьбы, преодоления трудностей и препятствий.

Военные термины чаще, чем какие-либо другие встречаются на страницах газет, хотя лишь незначительную их часть можно отнести к фразеологическим неологизмам на основе выделенных нами критериев.

Одним из способов образования новых фразеологических единиц является цитирование известных произведений художественной литературы, фольклора, песен. Цитирование широко распространено на страницах газет как средство создания новых экспрессивных образов. Созданные на основе цитирования ФЕ несут значительную страноведческую информацию. Так как подобные ФЕ не теряют окончательно связь с произведением, из которого они вышли, то при употреблении таких ФЕ в сознании носителей языка вызываются образы, сюжеты самого литературного произведения. Поэтому для создания адекватного отражения подобных ФЕ в сознании изучающих русский язык как иностранный необходимо объяснить учащимся не только значение таких ФЕ, но и по возможности познакомить их с содержанием произведения, из которого они вышли.

ФЕ ОТ МОСКВЫ ДО САМЫХ ДО ОКРАИН в значении "повсюду, по всему Советскому Союзу" возникла на основе начальной строфы "Песни о Родине" И. Дунаевского на стихи В. Лебедева-Кумача из к/ф "Цирк" (1936 года).

В нашей стране столько контролирующих организаций и органов, начиная *от Москвы и до самых до окраин,* что просто приходится удивляться, что все предложения прошли мимо них (Изв., 6.8.1988, 3).

3. Создание новых ФЕ на основе образных выражений и метафор разговорной речи

Особенностью данного способа образования ФЕ является вариантность, т.е. одновременно возникает два или несколько вариантов ФЕ, имеющих одинаковое значение, но различающихся лексическим составом. Это различие может быть количественным, т.е. ФЕ различаются количеством слов-компонентов: С ВЫСОКИХ ТРИБУН и С САМЫХ ВЫСОКИХ ТРИБУН, и качественным, когда одно слово-компонент заменяется лексическим синонимом: ГОЛОСОВАТЬ ДВУМЯ РУКАМИ и ГОЛОСОВАТЬ ОБЕИМИ РУКАМИ. Среди образованных на основе образных выражений разговорной речи ФЕ были зафиксированы следующие:

ФЕ С ПОРОГА в значении "сразу, не обдумав":

В процессе обновления нужно искать "новое" - формы, методы. "Находок" немало. Возможно, также, не каждая получит однозначную оценку общества. Подобные возмодности, однако, не должны служить предлогом для отбрасывания новых идей, предложений *с порога* (МН, № 51, 1987, 9).

Показательно, что Запад не нашел возможным отмахнуться от этого предложения *с порога* (Речь М. Горбачева от 18.6.1986).

ФЕ С КОЛЕС в значении "сразу, без перерыва":

Депутаты прибывают, регистрируются и, что называется, *с колес* вступают в процесс непосредственно подготовки к съезду (Изв., 9.12.1990, 1).

ФЕ ОТ ФОНАРЯ в значении "необоснованно, неизвестно куда":

Но о каких экономических стимулах можно говорить, если до сих пор бригады получают задания, как говорят рабочие, *"от фонаря"* (Пр., 28.11.1987, 1).

Ведь и данная статья показывает, насколько все исчисляется *"от фонаря"*, "среднепотолочно" (ЭГ, № 6, 1988, 11).

Следует отметить, что на страницах газет выражения разговорной речи появляются все чаще. Так, например, ФЕ ИЗ-ЗА БУГРА в значении "из-за границы" в разговорной речи существует уже довольно длительный период, а на страницах газет стала появляться сравнительно недавно:

Зато на экспедирование посылок *из-за бугра* занаряжены КГБ, МВД и вот теперь еще я, грешный (Изв., 13.12.1990, 1).

Игорь изобрел собственный метод "динамической коррекции", на который с интересом поглядывают специалисты *из-за "бугра"* (Огонек, № 22, 1991, 14).

ФЕ С (САМЫХ) ВЫСОКИХ ТРИБУН в значении "от имени (высшего) руководства":

Естественно и этой справки в горисполкоме не оказалось. В обкоме Иванцов показывать документ отказался. Три года *с самых высоких трибун* говорится об открытости, гласности, а теневая деятельность сохраняется. Информация, очень нужная людям, оберегается, а проще - прячется (Изв., 14.6.1988, 2).

С самых высоких трибун мы все еще слышим утверждения, что помимо экономических есть еще и другие методы управления сельским хозяйством (Новый мир, № 4, 1988, 168).

Формально руководство нашего объединения, казалось бы, сделало все, что требуется. с нынешнего года во всех отчетах и *с высоких трибун* говорится о том, что "Баррикады" работают в новых условиях хозяйствования (Правда, 28.11.1987, 1).

ФЕ ГОЛОСОВАТЬ ДВУМЯ / ОБЕИМИ РУКАМИ в значении "полностью поддерживать, одобрять":

Как отнеслись к новшеству индийские отправители? Представьте, теперь они *голосуют* за контейнерные перевозки *двумя руками* (Изв., 10.6.1988, 2).

Коллектив фермы принял его планы и его самого, голосуя обеими руками (Изв., 2.2.1989, 1).

Из разговорной речи на страницы прессы пришло также выражение ДОВЕСТИ ДО УМА в значении "довести до кондиции, привести в требуемое состояние".

Нужна помощь. срочная. Из 250 тысяч нынешних выпускников школ Узбекистана 40 процентов остаются без дела. Почему? Из-за нехватки знаний. Школьники Средней Азии учатся 5-6 месяцев в году вместо положенных десяти. Почему? Все из-за того же хлопка, и половину которого *мы не доводим до ума* (К. пр., 11.7.1988, 2).

О недостроенных и заброшенных объектах старались забыть, передать на баланс хозяйствам, мол, пусть сами *доводят* "дворцы" *до ума* (Правда, 23.8.1988, 3).

Сроки поджимали, и проектировщики, оказавшись в тупике, перебрасывают проблему еще дальше по цепочке - строителям и эксплуатационникам: авось те *доведут* агрегат *до ума* (Изв., 4.8.1988, 5).

Источниками возникновения новых ФЕ в современном русском языке являются терминологические системы, в первую очередь спортивная и военная, литературные произведения, в частности песни, и образные выражения разговорной речи.

Фразеологические неологизмы терминологического происхождения как правило одновариантны, в то время как для образных неологизмов характерны многовариантность. Так, на вопрос, отнести выражения БРАТЬ ПОД ОБСТРЕЛ, ПРИСТРЕЛЯТЬСЯ К МИШЕНИ, СТРЕЛЬБА ПО МИШЕНЯМ, к выражением терминологического характера или образного, следует, на наш взгляд, ответить, что они относятся к образным выражениям, так как есть образ, который передается различными лексическими средствами. На страницах газет проходит как бы обкатка, поиск наилучшего варианта. Неологизмы терминологического происхождения прошли, вероятно, такую "обкатку" уже в терминосистемах.

Фразеологические неологизмы, возникшие на основе цитирования, несут в себе страноведческую информацию. Из современных произведений наиболее часто цитируются строки из песен Б. Окуджавы и В. Высоцкого, но о них приходится пока говорить как о "потенциальных" неологизмах.

Усиленное использование элементов разговорной речи, в частности ФЕ, употреблявшихся ранее лишь в разговорной речи, свидетельствует о демократизации русского языка.

Литература

1. Котелова Н.З. Новое в русской лексике. Словарные материалы - 82. М., 1986.

2. Мелерович А.М., Мокиенко В.М. Проспект словаря индивидуально-авторских употреблений ФЕ в современном русском языке. В: Основные вопросы теории фразеологии. Библиографический указатель по фразеологии. Самарканд, 1987.

3. Сидоренко К.П. Фразеологизмы терминологического происхождения. В: Русская речь, № 3, М., 1978.

Т.Садыков, М.Күчүк,
К.Карасаев атындагы БГУ

МАМИЛЕ КАТЕГОРИЯСЫНЫН ТҮРК ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ КОНТЕКСТИ ЖӨНҮНДӨ

Семантикалык субъект менен объектин кыймыл-аракетке болгон катышын көрсөткөн категория *мамиле категориясы* деп аталары белгилүү. Түрк тилинде кыргыз жана башка тектеш тилдер сыяктуу эле мамиле категориясынын беш түрү бар [9: 411]: негизи мамиле - *yalın çatı*, туюк мамиле - *edilen çatı*, өздүк мамиле - *dönüşlü çatı*, кош мамиле - *karşılıklı çatı*, аркылуу мамиле - *ettiren çatı*.

Булардын ичинен *негизги мамиле* этиш сөз билдирген кыймыл-аракеттин, ал-абалдын семантикалык субъекти сүйлөм ичинде ээлик милдетти аткарган сөз аркылуу туюнтуларын көрсөтөт.

Негизги мамиленин өзүнчө мүчөсү жок болгондуктан этиш сөздүн сөздүктөгү турпанды негизи мамилеге туура келет деп табылат. Мисалы: *Ormancı ağacı* ***kesti*** *- Токойчу даректарды кести; Çocuk* ***hasta oldu*** *- Бала ооруду.* Мындагы *kes-, hasta ol-* этиштери негизги мамиледе келип, *kesmek* аракетинин субъекти *ormancı* сөзү, *hasta olmak* абалынын субъекти *çocuk* сөзү аркылуу берилгендигин көрсөттү. Ошол эле учурда *ormancı, çocuk* сөздөрү сүйлөмдө ээлик милдетти аткарды. Демек, түрк тилинде да, кыргыз тилинде да негизги мамиле калган бардык мамилелердин уюшулушуна негиз болуп келет. Ошондуктан негизги мамиледеги этиш сөз катышкан сүйлөм калган мамиледеги сүйлөмдүн жасалышына негиз болуп кызмат аткарат.

Туюк мамиле негизги сүйлөмдө ээлик милдетти аткарып, кыймыл-аракеттин субъектин билдирген сөздүн түшүрүлүп, анын ордуна колдонулган объектилик маанидеги сөздүн ээлик милдетти аткаргандыгын көрсөтөт. Мисалы: *(1)* ***Çocuk*** *camı* ***kırdı*** *- Бала терезени сындырды; (2)* ***Cam kırıldı*** *- Терезе сындырылды.* Келтирилген эки сүйлөмдүн биринчисинде *kır-* этиши негизги мамиледе колдонулду. Демек, (1) сүйлөм - негизги сүйлөм. Анда кыймыл-аракеттин субъекти сүйлөмдүн ээси болгон *çocuk* сөзү аркылуу, анын объекти тике толуктоочтук милдетти аткарган *cam+ı* (*терезе+ни)* сөзү аркылуу берилди. (2) сүйлөм - (1) сүйлөмдүн туюк мамиледеги туундусу. Анда кыймыл-аракеттин субъектин билдирген сөз түшүрүлүп, анын ордуна ээлик милдетти аткарган объектилик маанидеги *cam (терезе)* сөзү колдонулду. Демек, (2) сүйлөмдө *kır-* этишинин туюк мамиледеги *kırıl-* турпатында колдонулушу (1) сүйлөмдөгү субъектини билдирген *çocuk (бала)* сөзүнүн түшүрүлүп айтылышын жана ошол эле учурда объектинин (*cam*) ээлик позицияны ээлешин шарттады.

Түрк тилинде туюк мамиле *-ıl* мүчөсүнүн жардамы менен уюшулат. Бул мүчө төмөнкүдөй варианттарда колдонулат: (1) *-ıl, -il, -ul, -ül, -l;* (2) *-n;* (3) *-ın, -in, -un, -ün.* Бул варианттардын ичинен (1) топтогулар (*-l'* дан башкасы) үнсүз менен аяктаган сөздөн кийин келет [4: 4; 10: 208]: *açıl – ачыл, kesil – кесил, duyul – угул, kurul – курул, gömül – көмүл, görüşül – карал.* (2) топко кирген *-n* варианты үндүү менен аяктаган сөздөн кийин айтылат [4: 8; 5: 197; 10: 208]:

başlan – баштал, beklen – күтүл, kazın – казыл, boyan – бойол, toplan -топтол. Ал эми (3) топтогу варианттар *l* тыбышы менен аяктаган сөздөн кийин колдонулат: *alın - алын, bilin - билин, bulun - табыл, bölün - бөлүн.*

Көрүнүп тургандай, кыргыз тилиндеги туюк мамиле мүчөсү өйдөкүдөй эле варианттар менен тастыкталат. Бирок *–ын/-ин/-ун/-үн/-н* варианттары, түркчөдөн айырмаланып, соңку муунда *л* тыбышы катышкан сөздөрдөн кийин гана айтылат: *сыйлан, алын, шайлан, салын, ийлен, билин, сүйлөн, жулун.*

Туюк мамиледе эки тилде тең, негизинен, өтмө этиштер колдонулат. Ал эми алардын маани жактан болгон өзгөчөлүктөрүн кененирээк ачып көрсөтүү үчүн атайын иликтөө жүргүзүү шарт.

Өздүк мамиле кыймыл-аракет субъектинин өзүнө багытталгандыгын билдирет да, эки тилде тең бирдей айтылган *-ın* мүчөсү аркылуу уюшулат да, төмөнкү варианттарда айтылат: *-ın, -in, -un, -ün, -n.* Мисалы [9: 414-416]: *övün – мактан, yıkan – жуун, taran – таран, korun – сактан. Bu adam fazlaca övünüyor. - Бул адам ашыкча мактанып жатат. Çocuk yıkandı, tarandı, giyindi. - Бала жууунду, тараңды, кийинди. Sen gripten korunmalısın - Сен гриптен сактанышың керек.*

Өздүк мамиледеги сөздөр негизинен төмөндөкүдөй маанилерде колдонулат:

1) Субъектинин кыймыл-аракети өзүнө багытталгандыгын, субъект өз кыймыл-аракетине өзү объект болуп келгендигин билдирет: *Kız eve kapandı - Кыз үйгө бекинди, Babam madalyasını takındı - Атам медалын тагынды, Çocuk giyindi - Бала кийинди.*

2) Кыймыл-аракет субъектинин жеке өз кызыкчылыгы үчүн иштелгендигин билдирет: *Öğrenci hazırlandı - Окуучу даярданды.*

3) Субъектинин ички сезимин, ал-абалын билдирет: *Emel çok sevindi - Емел абдан сүйүндү.*

Өздүк мамиленин мааниси айрым учурларда *kendi* ат атоочтунун катышуусу аркылуу синтаксистик жол менен да берилет. Мисалы: *Zeynep süslendi - Зейнеп жасанды, Zeynep kendisini süsledi - Зейнеп өзүн-өзү жасантты.*

Жогоруда белгиленгендей, туюк мамиле менен өздүк мамиле мүчөсү айрым учурларда бири бирине дал келип, *-ın* турпатында берилет. Мындай учурда этиш сөздүн кайсы мамиледе келгендиги контекстен ачык көрүнөт:

Туюк мамиле	**Өздүк мамиле**
Sınıf süslendi	*Zeynep süslendi*
Класс жасалгаланды	*Зейнеп жасанды*
Çamaşırlar yıkandı	*Emel yıkandı*
Кир жууулду	*Емел жууунду*
Soframız hazırlandı	*Tansu hanım hazırlandı*
Дасторконубуз даярдалды	*Тансу айым даярданды.*

Кош мамиле кыймыл-аракеттин бир нече субъект тарабынан аткарылгандыгын билдирет да, *-ış* мүчөсү аркылуу уюшулуп, төмөнкүдөй варианттарда айтылат: *-ış, -iş, -uş, -üş, -ş.* Мисалы: *Ali ile Hüseyin selamlaştılar - Али менен Хусейин саламдашты. İki arkadaş sınıfta buluştular - Эки дос класста табышышты. Polisler olay yerine koşuştular - Полистер окуя жерге чуркашты.*

Кош мамиле төмөндөкүдөй негизги эки мааниде колдонулат [4: 1977: 18-21]:

(1) өтмө жана айрым өтпөс этиштерге жалганып, каршы аракет маанисин билдирет: *Ali ile Veli dövüştüler - Али менен Вали урушушту. O gün iki ayle tanışacaktı - Ал күнү эки үйбүлө танышмак эле. Seviştik. Evlendik - Сүйүштүк. Үйлөндүк.*

(2) өтпөс жана айрым өтмө этиштерге жалганып, биргелешүү маанисин билдирет: *Yolcular kaçıştılar - Жолчулар качышты. Kuşlar uçuşuyorlar - Куштар учуп жатышат. Durakta bekleşiyorduk - Аялдамада күтүштүк. Çocuklar bağırıştılar - Балдар кыйкырышты.*

Аркылуу мамиле этиш сөз билдирген кыймыл-аракет башка бир субъектинин таасири аркылуу аткарылгандыгын билдирет да, негизги мамиледеги этишке *-t, -dır, -ır* мүчөлөрүн жалгоо аркылуу жасалат.

-t мүчөсү: *Çocuk uyudu - Бала уктады. Annesi çocuğu uyuttu - Энеси баласын уктатты. Öğretmen okuyor - Мугалим окуп жатат. Öğretmen şiir okutyor - Мугалим ыр окутуп жатат.*

-dır мүчөсү: *Elmaları yedi - Алмаларды жеди. Elmalarını yedirdi - Алмаларын жедирди. Kadın arabardan indi - Аял машинадан түштү. Adam yüklerdi indirdi - Адам жүктөрдү түшүрдү.*

-ır мүчөсү: *Kuşlar uçtu - Куштар учту. Avcı kuşları uçurdu - Аңчы куштарды учурду. Elma yere düştü - Алма жерге түштү. Çocuk elmayı yere düşürdü - Бала алманы жерге түшүрдү.*

Аркылуу мамиле эки тилде тең төмөнкүдөй өзгөчөлүккө ээ:

(1) өтпөс этиштерди өтмө этиштерге айландырат: *Şöhret kemanini adam gibi şarkı söyletti - Шухрат кылкыягын адам сымал ырдатты. Biz kaatili elden kaçırdık - Биз киши өлтүргүчтү колдон качырдык. Annesi çocuğunu uyuttu - Энеси баласын уктатты.*

(2) өтмө этиштерди кош кабат өтмө этиштерге айландырат: *Ben mektubu ona okuttum - Мен катты ага окуттум. Ben doktora dişimi çektirdim - Мен докторго тишими жулдурдум. Annesi çocuğuna süt içiriyor - Энеси баласына сүт ичирүүдө.*

Көрүнүп тургандай, өйдөкү эки учурдун биринчисинде кыймыл-аракеттин аткаруучу субъекти табыш жөндөмөдөгү тике толуктоочтук милдетти аткарган сөз (сал. *kemanini, kaatili, çocuğunu*) аркылуу билдирилди. Экинчиден, биринчи учурда аркылуу этиши өтпөс этиштен жасалгандыктан, андан алынган сүйлөмдөрдө да кыймыл-аракеттин объекти жок бойдон калды. Ал эми кийинки учурда болсо аркылуу этиштин түзүүчү негизи

өтмө этиш болгондуктан, андан түзүлгөн сүйлөмдөрдө кыймыл-аракеттин объектин билдирген сөз (сал. *mektubu, dişimi, süt*) да өзгөрүлбөй айтылды. Үчүнчүдөн, эки учурда тең кыймыл-аракеттин аткартуучу субъектин билдиреген атооч жөндөмөдөгү сөз (сал. *Şöhret, biz, annesi, ben*) кошумчаланды.

Кыргыз тилинде, түркчөдөн айырмаланып, аркылуу мамиленин мүчөлөрү арбын. Алардын эң өнүмдүүлөрү экөө: *-т; -дыр*. Булардын ичинен [1: 6-9; 9: 22-24] *-т* мүчөсүнүн үлүшү -82%, *-дыр* мүчөсүнүкү -15%. Аркылуу мамиленин калган *-гыз, -ыз, -ыт, -сөт* мүчөлөрүнүн жалпы үлүшү -3%. Эки тилдеги бул мамиленин жалпылык жана айырмачылыктарын сыпаттоо үчүн атайын иликтөө ишин колго алуу зарыл.

Ошентип, кыргыз жана түрк тилдеринде мамиле категориясы бир катар жалпылыкты да, ошондой эле өлчөмдөгү айырмачылыкты да түзүп тургандыгы байкалат. Мындай бөтөнчөлүктөрдү кеңири ачып көрсөтүү үчүн төмөнкү учурдарды эске алуу шарт:

1) түркологиядагы бул категориянын табиятына байланыштуу көз караштардын алгылыктуу жактактарын териштирүү зарыл [2: 34-53; 3: 33-45; 4: 6-50; 6: 188-190; 8: 448-544; 9: 411-419; 10: 267-271];

2) мунун негизинде бир тургудан туруп эки тилдин кеңири факты материалдарын салыштыруу зарыл.

Адабияттар

1. Абдиев Т. Конструкции с каузативными глаголами в киргизском языке. –Б., 2009. – 116 с.
2. Гузев В.Г. Очерки по теории тюркского словоизменения: глагол. –Л., 1987.
3. Джанашиа Н.Н. Морфология турецкого языка. –Тбилиси, 1981.
4. Иванов С.Н. Курс турецкой грамматики. ч.2. –Л., 1977.
5. Кононов А.Н. Грамматика современного турецкого языка. –М.-Л., 1956.
6. Кононов А.Н. Грамматика современного узбекского литера-турного языка. –М.-Л., 1960.
7. Садыков Т. Теоретические основы кыргызской фонологии и морфонологии. АДД. –Алматы, 1995.
8. Севортян Э.В. Аффиксы глагольного словообразования в азербайджанском языке. –М., 1966.
9. Banguoğlu T. Türkçenin grameri. –Ankara, 1995.
10. Ergin M. Türkçe dil bilgisi. –Ankara, 1994.

Я. Кенан,
К.Карасаев атындагы БГУ

МАМЛЮК-КЫПЧАК ЖАЗМА ЭСТЕЛИГИ

Жалпы адамзаттын тарыхында жазуу чоң мааниге ээ. Жазуулар адамдардын өз ара катташуусу үчүн керек болгон зарылдыктан биздин заманга чейин эле пайда болуп,... оозеки речь сыяктуу байланыш куралынын милдетин аткарат (1, 250). Башка коомдук кубулуштар сыяктуу жазуунун калыптанышы, филогенездик өнүгүшү байыркы мезгилден азыркы мезгилге чейин узак убакытты камтып, түрдүү трансформацияга учурап, учурда колдонулуп жатканы талашсыз. Жазуу жазууга чейинки *шарттуу белгилер, пиктографиялык* (сүрөттүү), *идеографиялык* (белгилер аркылуу), *муундуу, фонографиялык* (тыбыштуу же тамгалуу) жазуулар болуп өсүүнүн бир катар этаптарын башынан кечирген (2, http://ru.wikipedia.org/wiki/). Жазма аркылуу этностун басып өткөн жолун, ага мүнөздүү белгилерин, руханий, маданий байлыгын менен турмуш-тиричилигин, дүйнөнү таанып билүүсүн, үрп-адатын ж.б. биле алабыз.

Түрк элдери жазуунун фонографиялык түрүн колдонушуп, узак тарыхында түрдүү жазуулар менен бир канча жазма эстеликтерди калтырышкан. Ар түрдүү графема менен кагаз бетине, балбал таштарга, аска бетине, чоподон жасалган идиштердин бетине түшкөн жазма эстеликтердин тилин ар тараптуу изилдөө аркылуу азыркы тилдердин пайда болушу, калыптанышы, алардын өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана алардын азыркы тилдердин тарыхына канчалык деңгээлде катышы бар экенин аныктоого болот. Жазма эстеликтердин катарына байыркы араб, фарсы, кытай, түрк, грек, латын жазуулары менен жазылган жылнамалар, тарыхый, оозеки чыгармалар, саякатчылардын, миссионерлердин кол жазмалары, расмий каттар, буйруктар тактап айтканда, тарыхый документтер жана сөздүктөр кирет. Алар тарыхый булак таануу катары изилдөөнүн илимий айлампасына алынса, айрымдары алына элек.

Мына ушундай эстеликтердин бири **El-Kavânînü'l-külliyye li-zabti'l-lügati't-türkiyye** *Ел-Каванин ал-куллие ли-забти ал-лугатит-туркие* (мындан ары **"Ел-Кавани..."**). Жазма эстеликти "Түрк тилдерин үйрөнүү үчүн жазылган толук курал" (Г.Айдаров, А. Курышжанов), "Түрк тилинин толук системага салынган эрежелер жыйнагы" (Д.Сержан) деп которушкан.

"Ел-Кавани..." жазма эстелиги араб жазуусу менен жазылган. Араб жазуусу - дүйнө жүзүнө латын жазуусунан кийин кеңири таралган жазуу. Аны Жакынкы Чыгыш, Түндүк Африка менен Азиянын арабдары, мусулман дининдеги башка элдер (Иран, Афганистан, Пакистан, Синьцзян) пайдаланган (3, 258). Араб жазуусу б.з. IV кылымында байыркы арамей жазуусунун негизинде пайда болуп, VII-VIII кылымдарда мусулман динине кирген элдерге бат таралган (1, 253). Араб, фарсы, пушту, урду жана түрк тилдеринин айрымдарын жазууда модификацияланган араб жазуусу колдонулган. Юниоддо (символдорду каттоо стандарты) араб алфавитинде кезикпеген, бирок араб графикасынын негизиндеги ар түрдүү системадагы тилдерден 135 тамга катталган. Мусулман дини менен бир-

ге араб алфавити кеңири жайылгандыктан, ал "таза исламдыкы" катары кабыл алынган. Араб тилинен сырткары башка тилдер басымдуу болгон региондордо ислам динине ишенген элдер жаны тилди кабыл алышса да, араб алфавитинде жок тамгаларды киргизүү менен аны пайдалануу аракет кылышкан. Мисалы, белоруссия араб алфавити. Индонезия жана Малазия өлкөлөрүндө учурда латын алфавити колдонулса да, диний адабияттарынын айрымдары араб ариптери менен чыгат. 1920-жылдын аягында латын алфавити татар, башкыр, крым-татар, Орто Азия жана Кавказдагы тилдерден араб алфавитинин негизиндеги жазууну сүрүп чыгарган. Учурда араб алфавитинин негизиндеги жазууну урду, пушту, дари, кашмир, пенджаб, синдхи, хауса, фула ошондой эле курд (Иран жана Сирия) жана уйгур тилдери колдонушат (2, http://ru.wikipedia.org).

"Ел-Кавани..." жазма эстелиги мамлюк кыпчактарына таандык эстелик. Кыпчактар Иртыштан Дунайга чейинки эбегейсиз зор аймакка үстөмдүк кылышкан (4, 261). Бул эбегейсиз зор аймак тарыхта Дешт-и Кыпчак б.а. Кыпчак талаалары деген ат менен белгилүү. Кыпчактар мындан башка Египет, Сирия, Батыш Украина жа Чыгыш Европа аймактарында жашаган. Конуш алган жагынан географиялык биримдиги жоктугуна байланыштуу кыпчактар жашаган аймактарына жараша ар түрдүү аталышкан. XIII-XIV кылымдарда Крым менен түндүк Кавказ ойдунунан Балкаш өрөөнүнө чейин аймакта жашаган кыпчактар "кумандар" деп аталган. Айрым тарыхый маалыматтарда алардын арасынан XI-XV кылымдарда түштүк орус талааларын мекендеген половецтерди бөлүп карашат. XIII-XVIII кылымдарда азыркы Египет менен Сирия жеринде жашаган кыпчактар "мамлюк" кыпчактары (Осмон түрктөрү аларды "тексиз кулдар") деп аташса, Крымдан (негизинен Кафа - Феодосиядан) көчүп, Каменц-Подольск, Львов, Луцк, Украина, Польша, Румыния, Молдовиянын айрым шаарларында жашаган "армян" кыпчактары сыяктуу атоолор сакталып калган (2, http://ru.wikipedia.org). Кытайлык кыргыз тарыхчы Анвар Байтур кыпчактардын төмөндөгүдөй аталыштарын берет: казактардын арасында "кара кыпчактар", кыргыздардын арасындагылар "тору кыпчактар", өзбектердин арасындагылар "сары кыпчактар". Кыпчактар жөнүндө эл ичинде дагы тоого жакын тургандарды "кыргыз кыпчактар", суу жээгиндегилерди "сарт кыпчактар", чөлдө жүргөндөрү "казак кыпчактар" деп да аталып жүрүшкөндүгү белгилүү (5,5). Бирок бул атоолордун бардыгы шарттуу түрдө болгондуктан, алар илимий аныктоону талап кылат.

Кыпчактар жана алардын тили тууралуу эң алгачкы маалыматты М.Кашгари өзүнүн белгилүү "Дивани лугат ат-түрк" эмгегинде берген. М.Кашгаринин сөздүгүндөгү маалыматтарга караганда түрк элдери, негизинен, жыйырма урууга бөлүнөт жана ар бир түрк уруунун бир канчадан майда уруулары бар (6, 83). Кыргыз, кыпчак, өгүз, тохсы, ягма, чыгыл, оғрак, чарук уруулары бир эле түрдүү таза түрк тилинде сүйлөшөрүн (6, 89) белгилейт. Ошондой эле М.Кашкари сөздүгүндө кыпчак тилинин башка түрк тилдерине караганда бир катар фонетикалык, морфологиялык жана лексикалык айырмачылыктары бар экенин көрсөтөт. Алсак, ... өгүздөр менен кыпчактар атооч жана этиштердин башында келген "йа" тамгасы "алиф" тамгасына же "жийм" тамгасына алмаштырып айтышат. Түрктөр "мусапыр" сөзүн "йелкин" десе, өгүздөр менен кыпчактар "елкин"; түрктөр "йылыг сув", "йинчү" десе, алар "ылыг сув", "жинчү" дешет. Түрктөр төөнүн чуудасын "йугду" десе, өгүздөр менен кыпчактар "жугду" дешет. Өгүз, кыпчак, суварлар сөздүн башындагы "мим" тамгасын "ба" тамгасына алмаштырышат (6, 93).

Ошентип, М.Кашгари келтирген маалыматтардан кыпчак тили тууралуу сөз болгондо, автор тек кыпчак тили тууралуу эмес, кыпчак уруулары же кыпчак тайпаларынын союздук биримдигине кирген тайпалар менен уруулардын тилдери, диалектилери жөнүндө маселени козгогонун баамдоого болот. Демек, "кыпчак тили" деген терминдин өзү монолиттүү жалгыз тилди билдирбегендигин далилдейт. Дешт и-Кыпчакка бириккен бир нече тектеш уруу-тайпаларынын тили бир системага түшкөн орток жазма тил катары колдонулуп, кыпчак тили өз ичинде да диалектилик, говорлук өзгөчөлүктөрдү камтыганы лингво-этникалык мыйзам ченемдүүлүк. Анткени алгачкы, орто кылымдарда бирикме түзгөн көчмөн цивилизациянын өкүлдөрүнүн курамы өтө ар кыл, ар түрдүү болуп, этникалык жактан болгон мындай өзгөчөлүк андагы тилдик өзгөчөлүктүн жаралышын жана жашашын шарттаган. А бул болсо, өз кезегинде, тигил же бул уруу тилинин калк аралык карым-катнаш оозеки же жазма тилине айланышына өбөлгө түзгөн. Кыпчактардын өзүнүн да этникалык составы боюнча бир кылка болгон эмес. XIII-XIV кылымдарда пайда болгон жазма эстеликтер аралаш тилде жазылган. (7, 10)

Мамлюк кыпчактарынын тилинде жазылган бир нече жазма эстеликтер бар. Алар: автору белгисиз араб-фарсы- түрк-монгол тилиндеги сөздүк "Мукаддимат-ал-адаб" (XI к.), "Булгатул муштаг" (XIV к.), Ашшузур-аз Захабиява ал гат ил Ахмадия "Фил-лугат иттуркия" (XV к.) ж.б. жана **"Ел-Кавани..."**. Бул жазма эстелик изилдөөнүн терең айлампасына алынган соң, андагы факт-материалдардан эстеликтин да аралаш тилде жазылып, азыркы бир катар түрк тилдерине, анын ичинде кыргыз тилине жакындыгы далилденет деген ойдобуз. Эстеликтин тилин изилдеп, азыркы кыргыз тилине салыштыруу аркылуу сөз болуп жаткан эстеликтин кыргыз тилине канчалык деңгээлде жакын экендигин аныктоо биздин изилдөөбүздүн негизги максаты болуп саналат.

Мамлюктардын доорунда түрк тилдери диалектилик жактан айырмаланып, бирок жалпыга түшүнүктүү бирдей болгондугун М.Кашгаринин сөздүгү далилдей алат. Мындай тилдик биримдик XX кылымга чейин сакталган. Себеби миңдеген кылымдар бою Евразия талааларында түрк элдеринин ар түрдүү бирикмелери, алсак, Атилла империясы, Авар каганаты, Түрк каганаты, Алтын Ордо үстөмдүк кылып турганы тарыхта белгилүү. Этноним, уруулук бирикмелердин аталыштары өзгөрсө да, алардын тилдери өзгөргөн эмес. Мамлюктардын курамын дагы ар түрдүү түрк элдеринин өкүлдөрү түзгөн (http://buday.narod.ru/gl4.htm).

Мамлюк араб тилинен өздөштүрүлгөн сөз, ал жалданган, эрксиз, тексиз кул аскер маанилерин туюнтат (9). Мамлюктар Айюбилер династиясынын Египеттеги түрк, грузин, черкес ж.б. кавказдык аскер-кулдардан куралган гвардиясы. XIII кылымда мамлюктар монголдорду талкалап, Палестина менен Сириядан крестүүлөрдү сүрүп чыгып, дээрлик үч-төрт кылым бийлик башында үстөмдүк кылып турушкан. Мамлюктар Египет пашасы Мухаммед Алинин тушунда кыйраган (2, 153).

Этнос жөнүндө сөз болгондо, биринчиден, ал түшүнүктүн негизги ажырагыс составдык бөлүгү болгон тилине таянып, экинчиден, этномаданий өзгөчөлүгүн эске алабыз. Египеттеги мамлюк кыпчактарынын тили батыш-кыпчак тили экенин тарыхый фактылар далилдеген. Алар XI-XV кылымдарда Каирде түзүлгөн сөздүк жана глоссарийлер. Алар жогоруда белгиленди. Аталган жазма эстеликтерди изилдеген окумуштуулар алардын жазылган жери Египет, түзүлүшү боюнча сөздүктөн жана грамматикалык очерктен турарын белгилешет. Ошол мезгилде армияда, ак сарайда мамлекеттик-администрадивдик тил түрк тили болгон. Аталган сөздүктүн автору аны арабдарды түрк тилине үйрөтүү муктаждыгынан улам жазса керек деген божомолдоолор бар (8, http://buday.narod.ru/gl4.htm).

XI-XV кылымдарга таандык түрк сөздүктөрү белгилүү бир тилдин (кыпчак тилинин) сөздүгү болбостон, бардык түрк тилдүү элдердин жазма эстеликтеринин катарынан орун алышы керек. Себеби Египет жана Сириядагы араб графикасында жазылган мамлюк кыпчактарына таандык жазма эстеликтер азыркы кыпчак тобуна кирген тилдер менен жакындыгы талашсыз.

Айрым окумуштуулар, анын ичинде А.А.Зайончковский кумык жана араб-кыпчак сөздүктөрүнөн кездешкен лексикалык параллелдерди мисал келтирип, мамлюктардын тили кумык-карачай-балкар тилинин диалектиси катары белгилешсе (10, 40), айрымдары Египеттеги мамлюктардын тилин азыркы караим, карачай-балкар, кумык, крым-татар тилдери менен бир топко киргизишет (11, 272-275). Ал эми Б.А.Серебренников: "Кумыкский и карачаево-балкарский языки весьма близки по некоторым особенностям к тюркским языкам Поволжья -татарскому и башкирскому. Существование этих языков на Кавказе во времена хазар и тюркоязычных болгар весьма сомнительно" деп көрсөтсө (12, 11), Г.Гаджиев ага каршы "... гун федерациясындагы түрк тилдүү уруулар Түндүк Кавказдын азыркы кумык, карачай, балкар түрк тилдүү элдеринин этногенезине маанилүү роль ойногон" деген пикирин айткан (13, 52). Жыйынтыктап айтканда, египет мамлюктарынын тили кыпчак тобуна кирген кумык, карачай-балкар, ногой, крым татарлары, казак, казань татарлары, башкыр жана кыргыздардын тилине жакын.

Ошентип, түрк элдеринин тарыхында XIII кылым бурулуш доор катары эсептелет. Дүйнөлүк масштабдагы күчтүүлүгү жагынан эч бир мамлекетти алдына чыгарбаган Алтын Ордо мамлекети түзүлүп, Египетте бийлик мамлюк-кыпчактарына өтүп, дүйнөнүн геосаясий картасында өзгөрүүлөр жүргөн. Аталган эки держава узак убакыт союздаш болгон. Аларды жалпы максат, диний бирдик, тектештик, ата-теги, тамыры бир эл экендиги бириктирген. Алардын курамын түзгөн түрктөрдүн тарыхы, тили, байланышы изилдөөнүн терең объектисине алынган эмес. Азыркы кыргыз тилин мамлюк-кыпчактарынын тилинде жазылган **"Ел-Кавани..."** жазма эстелигинин тилинин тыбыштык системасы, грамматикалык түзүлүшү менен сөздүк курамын салыштыруу аркылуу эки тилдин ортосундагы тарыхый байланышты, алардын өнүгүшүн, калыптанышын аныктоого мүмкүндүк берет.

Адабияттар

1. Сартбаев К.К. Түркологияга киришүү: / Лекция материалдары. - Ф.: Мектеп, 1987. - 268 б.
2. http://ru.wikipedia.org/wiki/.
3. Кыргыз совет энциклопедиясы - Ф., 1978. 1-том. -603-б.
4. Кыргыз тарыхы: Энциклопедия. - Б.: Мамл. тил ж-а энциклопедия борбору, 2003.- 464-б.
5. Анвар Байтур. Кыргыз тарыхынын лекциялары. - Ф., 1992.
6. Махмуд Кашкари. Түрк тилдеринин сөздүгү - Дивану Лугатит-түрк: I т.- Б.: 2011. - 906 б.
7. Конурбаева Р. "Codex Cumanicus" жазма эстелигинин кыргыз тилине катышы. - Б., 2011. -225б.
8. http://buday.narod.ru/gl4.htm
9.ushdict.narod.ru. Толковый словарь русского языка: В 4 т. / Под ред. Д. Н. Ушакова. Т. 1. -М., 1935; Т. 2. - М., 1938; Т. 3. -М., 1939; Т. 4, -М., 1940.
10. Арабо-кипчакский словарь эпохи государства мамлюков. - М., 1961.
11. Баскаков Н. А. Введение в изучение тюркских языков. - М., 1962.
12. Советская тюркология. - Баку 1977. №3 .
13. Древнее население Дагестана. - М., 1975.

Ж.Жумалиев,
К.Карасаев атындагы БГУ

Б.М.ЮНУСАЛИЕВДИН КЫРГЫЗ ДИАЛЕКТИЛЕРИНЕ БЕРГЕН КЛАССИФИКАЦИЯСЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

(Б.М.Юнусалиевдин 100 жылдыгына карата)

Кыргыз диалектилерин изилдөө иштери Совет бийлигинин учурунда, өткөн кылымдын отузунчу жылдардын экинчи жарымында гана башталды. Ага чейин кыргыз аймактарына келген орус окумуштуусу В.В.Радловдун эскерүүсүндө кыргыз элинин арасында диалектилик өзгөчөлүктөрдүн байкалбагандыгы жөнүндө учкай маалымат жазылган эле. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында, атап айтканда, 1924-жылы «Эркин Тоо» гезити чыкты, андан кийин 1925-жылы Э.Арабаев жазган «Алиппе» жана башка окуу китептери жарыяланды. Элдин сабатсыздыгын жоюу максаттарында жер-жерлерде Ликбездер ачылып, элдин баары, кары-жашы дебей окутулуп, маданий-массалык маараекелер үзгүлтүксүз өткөрүлө баштады. Мына ушулардын баарын бирдиктүү адабий тилдин нормасында жүзөгө ашыруу зарылчылыгы келип чыкты. Бирдиктүү адабий тилдин нормаларын иштеп чыгуудан мурда диалектилерди изилдөө керектиги билинди. Диалектилерди изилдөө үчүн жер-жерлерден диалектилик материалдарды топтоо милдети жаралды.

Натыйжада, кыргыз тилинин диалектилик өзгөчөлүктөрү бар экендиги тууралуу оозеки түрүндө болсо да үзүл-тазыл болгон алгачкы маалыматтар топтолуп, алардын негизинде К.Тыныстанов 1934-жылы жазган «О новом проекте киргизской орфографии» деген эмгегинде, ага чейин «Кыргыз имласынын курулушундагы негизги принсиптер тууралу» деген «Маданий майданга» жарыяланган сөзүндө (1934) кыргыз тилин Чүй, Талас, Ысык-Көл жана Түштүк деген 4 диалектиден турары жөнүндө пикир айтты жана аларды мүнөздөй турган төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрдү: түштүк диалектиде ә, Талас диалектисинде W «*тоо*» дегендин ордуна «*тоw* «*тоону*» дегендин ордуна «*тоw ду*» деп, Чүй диалектисинде «З» тыбышы такыр жокко эсе: «*кыз*» дегендин ордуна «*кыс*», «*зайып*» дегендин ордуна «*сайып*» дешет. Кыргызстандын түндүгүнүн чыгыш бөлүгүндө «W «фонемасы да «ә» фонемасы да жок, бирок «З» фонемасы жана «С» фонемасы экөө тең бар» - деп көрсөттү.

Арадан төрт жыл өткөндөн кийин И.А.Батманов «Северные диалекты киргизского языка» (1938) деген эмгек жазып, анда кыргыз диалектилерин түндүк, түштүк наречиелирине бөлүп, Түндүк диалектини *тоw, найса,байда, барачыс,кысыл, түрдүү, баражатат-баратыр* өндүү 6 фонетикалык, 1 морфологиялык белгилердин негизинде Талас-Чаткал, Төмөнкү Чүй, Күнгөй Ала-Тоо, Ысык-Көл өрөөнү, Нарын, Ат-Башы, Кочкор-Жумгал деген 6 диалектиге ажыраткан. Ошол мезгилде түштүк диалектилери боюнча жыйналган материалдар болбосо деле Түштүк наречие жөнүндө сөз жүргүзүп, аларда «кыска үндүүлөрдүн саны кыскарган: 9 эмес, 5 гана үндүү бар, созулма үндүүлөр жок, алардын ордуна дифтонгду колдонушат, уччул ичке үндүү ә нын колдонулушу, каткалаң п тыбышынын сөз башында көбүрөөк учурашы, ж, й тыбыштарынын сөз башында алмашып айтылышы, х тыбышынын мурда өздөштүрүлүшү, h тыбышынын фонема иретинде учурашы, *ки* байламтасынын орун алышы» сыяктуу пикирлерди айткан.

Ал эмгек жарык көргөндөн эки жыл өткөн соң, 1940-жылы К.К.Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгү» Москвадан жарык көрдү. Ага чейин деле, тактап айтканда 1920-1930-жылдарда эле ал «Кыргызча-орусча сөздүккө» материал жыйнап, кыргыз жергесиндеги илдик айырмачылыктарды айкаган. Мына ошол байкоолорун аталган сөздүгүнүн Баш сөзүнө кийрип, кыргыз тилинде диалектилик өзгөчөлүктөр бар экенин айтуу менен, аларды түндүк, түштүк деп эки диалектиге ажыратты, алардын айырмачылыгы иретинде түштүктөгү тогузунчу уччул ә тыбышынын орун алышы, эринчил дифтонгулардын колдонулушун көрсөттү.

Түштүк диалектилерде үндүүлөрдүн санынын кыскарышы жөнүндөгү мурда айткан оюн бекемдөө үчүн профессор И.А.Батманов «К генезису диалектов киргизского языка» деген аталышта 1944-жылы жазган макаласында түштүк диалектилерде үндүүлөрдүн санынын кыскарышы маселесине кайрадан кайрылган.

Бирок мурдагы айткандарына канагаттанбай, классификация маселесине 1947-жылы жазган «Кыргыз тилинин калыптаныш булактары жана өнүгүш жолдору» деген макаласында И.А.Батманов дагы бир ирет кайрылып, жаңы материалдарга таянуу менен кыргыз диалектилерин төмөнкүдөй үч диалектиге бөлүүнү сунуш этет: 1)Чыгыш (Ысык-Көл өрөөнү, Тянь-Шань, Чүй өрөөндөрү жана Алай өрөөнү);

2)Түндүк-Батыш (Талас, Чаткал), 3)Түштүк-Батыш (Ош, Жалал-Абад областтарынын Алай районунан башка бөлүктөрү) \Изв.киргизского филиала АН СССР, вып.X11,15стр.).

Классификациялоонун өзү дагы тактоолорду, жаңыча көз караштарды талап кылган көйгөйлүү маселелердин бирине айлангандыктан, К.К.Юдахин 1948-жылы «Лейлек говорунун материалдарынан» деген макаланы жазып, өзүнүн мурдакы айткан көз карашын толуктап, диалектилерди бөлүштүрүүнү аймактык жана уруулук принциптердин негизинде жасайт, кээ бир тыбыштардын генезиси тууралу маселени козгогон. Кыргыз диалектилерин классификациялоого карата **биринчи даражалуу** жана **экинчи даражалуу классификациялык белгилер** деген жаңы түшүнүктөрдү кийриген. Биринчи даражалуу белгилерге: кош ринчил, чормогой **W*\, палаталдуу ачык **Ә*\ алынган. Бул белгилер боюнча диалектилер экиге; түндүк, түштүк болуп бөлүштүрүлөт. **W** \ белгиси боюнча Талас түштүк диалектиге кошулган.

Экинчи даражалуу белгилер иретинде: үнгудагы **л*\ тыбышынын (*бобойт, кеген*) түшүрүлүшү, **эле** ордуна **эде** формасынын айтылышы, **жибер** ордуна **жүгөр** айтылышы көрсөтүлгөн.. Мына ушул 3 белги боюнча түштүктөн ичкилик диалектиси бөлүнүп чыгарылат.

Түндүк диалектилер үчүн экинчи даражалуу белгилер катары **С-З** алынат. Түштүк диалект **«З»чылдар** тобуна киргизилет, түндүк диалекти 2 топко: **«С» чылдар** тобу (Солто, Сарбагыш, Саяк); калган башка уруулар **«З» чылдарга** киргизилген.

Мына ушундай белгилердин негизинде К.К.Юдахин төмөнкүдөй таблицаны берген:

Т о о	*Т оw*
\Кыргызстандын түндүгү\Талассыз	*\Кыргызстандын түштүгү жана Талас/*
К ы с ы л	*К ы з ы л*
\солто,сарбагыш жана саяк	*/ барлык башка уруулар*
Б о л б о й т	*Б о v о й т*
\Кыргызстандын түндүгү жана Талас	*\Кыргызстандын түштүгү\Талассыз*
Э л е Ж и б е р	*Э д е Ж ү г ө р*
\Ичкиликтерден башка уруулар	*\Ичкилик бөлүмү*

Кыргыз диалектилерин классификациялоо маселеси ошо кездеги изилдөөчүлөрдүн бүйүрүн кызытып, тынчын алган өтө эле көйгөйлүү нерсе болгондуктан, 1950-жылдардан баштап, Кыргызстандын түрдүү аймактарына алгачкы комплекстүү экспедициялар уюштурулуп, диалектологиялык материалдарды системдүү түрдө топтоо иштери башталат.

Диалектилерди изилдөө багытында ошондой алгачкы иштер жасалгандан кийин, 1953-жылы И.А.Батмановдун «Азыркы кыргыз тили. 1-бөлүк «Фонетика» деген эмгеги жарык көргөн. Анын «Киришүү» бөлүмүндө автор түндүк диалектиге кирген говорлордун санын 2 топко, ал эми түштүк диалектинин фонетикалык өзгөчөлүктөрүн алтыга чейин кыскарткан.

1950-жылдардан баштап, кыргыз диалектилерин пландуу жана системалуу изилдөө иштеринин жүргүзүлүшүнүн натыйжасында кыргыз диалектологдору тарабынан Кыргызстан аймагынан жана андан тышкары жашаган кыргыздардан көптөгөн материалдар чогултулат. Натыйжада, Б.М.Юнусалиев айткандай» кыргыз тилинин диалектилерин классификациялоо үчүн мурункуга караганда алда канча омоктуу фактылар топтолду. Жарык көрө элек материалдардын негизинде тилдин бардык бөлүмдөрү боюнча классификациялык белгилерди тандап алып, диалектилердин бири-бирине болгон мамилесин, ич ара айырмачылыктарын айырмалап көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк туулду. Мына ушундай ынгайлуу абал түзүлгөн шартта К.К.Юдахин өзүнүн кыргыз диалектилери жана анын классификациясы жөнүндөгү мурдакы ойлорун улантып, аларды тактоо максатында 1955-жылы «Классификация киргизских диалектов», 1956-жылы «Итоги и задачи изучения киргизских диалектов» аттуу макалаларын жарыялады. Ошону менен бирге К.К.Юдахин, И.А.Батманов башында турган кыргыздын Г.Бакинова, К.Бакеев, Т.К.Ахматов, Э.Абдулдаев, Ж.Мукамбаев, С.Кондучалова, Н.Бейшекеев ж.б. диалектологдорун жоон тобу даярдалды, алардын Ош, Жалал-Абад, Талас, Чаткал ж.б. аймактардагы кыргыздардын тилине арналган эмгектери жарыялана баштады.

Мына ушундай кырдаалда И.А.Батманов 1959-жылы «Кыргыз элинин этногенезисине кээ бир лингвистикалык маалыматтар» деген макаласын жарыялайт. Анда диалектилик бөлүнүш маселесине таптакыр башкача көз караш менен карап, кыргыз тилинин азыркы өнүгүш этабында диалектилер жок, говорлор гана бар деген жаңы жыйынтыкка келет да төмөнкүдөй белгилердин негизинде мурункуларынан өзгөчөлөнгөн классификацияны сунуш кылган.

№	Таралган аймактары	Белгилери			
1	Талас өрөөнү	*тоw*			
2	Тянь-Шань облусу жана Чүй өрөөнү	*тоо*	*с*		*атында*
3	Ысык-Көл ойдуну			*эле*	
4	Чаткал өрөөнү	*тоw*			
5	Ош облусунун Чыгыш тарабы ж-а Жалал-Абад областынын Октябрь р-у Ош областынын, Жалал-Абад обл-тынын калган райондору	*з* *то* то	з эде		атыда

Мына ошентип, 1950-жылдардан баштап кыргыз диалектилерин классификациялоо маселесинде окумуштуулар арасында такталбаган алдыдагыдай ар түрдүү көз караштар өкүм сүрүп турган абал түзүлгөн эле. Мына ушундай мезгилде, Б.М.Юнусалиев 1950-жылдарда Агартуу министри болуп турган кезде, Кыргызстан аймагын бүт кыдырып, жер-жерлерден эң бай диалектологиялык материалдарды чогултат. Кыргыз диалектологиясын өзүнчө илимге айландыруу максатында демилге көтөрүп, анын атайын курсун жана 1954-жылы «Кыргыз диалектологиясы боюнча программасын» иштеп чыгат. Кийин бу программа ондолуп, толукталып бир нече ирет (1955, 1960, 1967) басылып чыгат. Ошол программасында Б.М.Юнусалиев Кыргызстан жана Синь-Цянь аймагындагы кыргыздардын тилин *Түндүк, Түштүк-чыгыш жана Түштүк-батыш* деген диалектилерге бөлүп, аларга мүнөздүү болгон фонетикалык, морфологиялык, лексикалык негизги өзгөчөлүктөрүн көрсөткөн (1960,18-19). Б.М.Юнусалиевдин көзү өткөндөн кийин анын устады К.К.Юдахиндин редакциясы менен диалектолог-шакирти Ш.Жапаров 1971-жылы даярдаган «Кыргыз диалектологиясы»деген фундаменталдуу окуу китеби жарыкка чыгат. Анда ал өзүнө чейинки көз караштарды синтездеген өзгөчө жаңы классификацияны сунуштады. Бу классификацияда ал тилдик, этностук, территориялык жана тарыхый принциптерди эске алуу менен бирге диалект, говор, подговор деген терминдердин башын ачып, алардын такталган аныктамаларын берди жана андай белгилердин башкалардан айырмаланып, диалектилик же говордук мүнөздө экендигин ажыратып тактап алууга жетишти. Ошону менен катар диалектилик өзгөчөлүктөрдүн бардыгын классификациялык белги катары эсептөөнүн зарылчылыгы жок экенин көрсөттү. Классификациялык белгилердин территориялык же уруулук (эмгекте этностук деп берилген) мүнөздө экендигин айырмалап билип алуунун зарылдыгын баса белгиледи. Ушундай иштерди жүргүзүүнүн натыйжасында гана ал өзүнө чейинки классификациялардан тактыгы, диалектилик жана говордук классификациялык белгилердин кенендиги боюнча айырмаланган, аралаш принципке негизделген нактаилимий мүнөздөгү классификацияны берди. Эң алды диалектилик классификациялык белгилерди (өзүнүн устады К.К.Юдахинде булар **биринчи даражалуу белгилер**) тактап, алардын санын көбөйттү. Маселен, **Фонетика боюнча:** 1. Ачык \Ө\ тыбышынын фонемалык мааниде колдонулушу \ колдонулбастыгы, 2. Байыркы сөздөрдүн башында \ *г,г*\ тыбыштарынын учурашы же учурабастыгы, 3. *Эле\\эде,жибер\\жүгөр* формаларынын мүнөздүү же мүнөздүү эместиги, 4. Сөз башында \Л\ тыбышынын мүнөздүүлүгү же мүнөздүү эместиги.

Грамматика боюнча: 1) Этиштерге *-лар* уланышы; 2) 3-жактын таандык *-ы,-сы* мүчөлөрү уланган сөздөрдүн (*атасы*) жөндөлүшү; 3) Экинчи жактын сылык *-ың* же *–ыңыз* формасынын колдонулушу; 4) *ки, йәм, лекин* байламталарынын колдонулушу; 5) сан атоочтордо *-тә* мүчөсүнүн колдонулушу;

Лексика боюнча: 1) Бардык диалектилерде белгилүү жалпы элдик сөздөр менен катар диалектилик синонимдердинколдонулушу\колдонулбастыгы, 2) кээ бир монголдук сөздөрдүн колдонулушу\ колдонулбастыгы.

Мындан кийин төмөнкүдөй говордук классификациялык белгилерди ажыратты.

Фонетика боюнча:

1) чормогой *w* тыбышынын учурашы\учурабастыгы;
2) ачык *Ә* тыбышы менен орточо ачык *e*\ тыбышынын алмашуусу-*ә**e*;
3) каткалаң *С* жана *З* тыбыштарынын колдонулушу;
4) этиш сөздөрдө кээ бир мүчөлөрдүн алдында *Л*\ тыбышынын түшүп калышы же сакталышы;
5) кээ бир кабыл алынган сөздөрдө сөз башындагы *П,Б,М* тыбыштарынын алмашуусу;
6) сөз башындагы *Н* тыбышынын туруктуулугу же туруксуздугу.

Грамматика боюнча:

1) көмөкчү *жат, тур, отур, жүр* +*-ры* этиштеринин учур чак формасында колдонулушу же колдонулбастыгы;

2) чакчыл *-галы* мүчөсүнүн колдонулушу же колдонулбастыгы.

Мындай белгилер аныкталгандан кийин гана диалектилерди классификациялаганга киришет. Диалектилик классификациялык белгилерге таянып, аларды түндүк диалекти, түштүк-чыгыш диалекти, түштүк-батыш же ичкилик диалектиси деп үчкө бөлөт. Түндүк диалектини Талас, Чүй-Тяньшань, Ысык-Көл, Аралаш (Кетмен-Төбө, Тогуз-Торо) говорлоруна; Түштүк-чыгыш диалектини Чыгыш (Ноокат районунун Кыргыз-Ата суусунун чыгышынан тартып, Базар-Коргон селосуна чейинки аралыктагы кыргыздардын тили); Түндүк-батыш (Кара-Үңкүр суусунан тартып Таласка чейинки аймактагы кыргыздардын тили) говорлоруна бөлүп, Түштүк-батыш же ичкилик диалектисине ичкилик уруулары жайгашкан негизги аймактарды кошот. Ошону менен бирге диалектилерге кирген говорлордун фонетикалык, морфологиялык жана лексикалык өзгөчөлүктөрүнө токтолот. Фонетикадан **Талас говоруна** мүнөздүү деп : а) эринчил чормогой *W* тыбышынын *тоw, суw, күw, күйөw;* б) *С-З* тыбыштарынын чаташтыруунукызыл *–кысыл*;в) *–атыры* формалары мүнөздүү: *отур\отуру жатыр\жатыры, жүр\жүрү, тур\туру* (этиштин учур чак формасы); **Чүй-Тяньшань говоруна** мүнөздүү деп: а) созулмалар орун алып, чормогой эринчил *w* мүнөздүү эмес; б) Чүйдүн батышында *З* ордуна *С* колдонулушу *бистин кыстар* (биздин кыздар), в) сөз башында *Н-* түшүрүлүшүн, г) кээ бир пункттарында этиштин учур чак *-р,-ры* формаларынын колдонулушун; **Ысык-Көл говоруна** мүнөздүү деп: а) *З-С* фонема катары ажыратуу менен катар көпчүлүк пункттарда ашыра *З*-чылдык байкаларын (*сыя-зыя, сай-зай*); б) сөз башында *Н-* түшүп калышын; в) айрым сөздөрдүн башында эринчил *П* же *Б* ордуна мурунчул *М* тыбышынын колдонулушун (*пияз-мыяз);* **Аралаш (чек ара) говорго** мүнөздүү деп: а) *Ә* тыбышынын фонемалык мааниде болбосо да айрым учурда учурарын, б) экинчи жактын сылык *-ың* формасынын, б) эсептик сан атоочторго *-тә* формасынын колдонулушун көрсөтөт.

Түштүк-чыгыш диалектинин курамына кирген **Чыгыш говоруна** мүнөздүү фонетикалык көрүнүштөрү иретинде: а) эринчил дифтонгдордун ордуна эринчил созулмалардын айтылышын, б) *С-З* тыбыштарынын чаташтырылбастыгын, в) *–ыр,-ыры* формаларынын мүнөздүү эместигин көрсөтсө, **Түндүк-батыш говоруна** тиешелүү өзгөчөлүктөрү деп: а) эринчил дифтонгулардын колдонулушун б) кээ бир сөздөрдө созулма *уу* ордуна *үй* (*туура-түйра* этиш мааниде учурашын), в) С-З чаташтырыларын, г) көмөкчү 4 этиштин учур чак *–ыр\\-ыры (жатыр/жатыры*) формасында колдонуларын көрсөткөн.

Түштүк-батыш диалектисин говорлорго бөлбөстөн, ага тиешелүү жалпы өзгөчөлүктөрдү белгилеген: а) кыска үччул Ә жана анын ӘӘ созулмасын, б) эринчил дифтонгулардын бар экенин, в) *С-З* тыбыштарынын фонема катарында ажыратылып айтылышын, г) сөз башында (негизинен доош тууранды жана кабыл алынган сөздөрдө жумшак гь жана г тыбыштарынын колдонулушун, г) сөз башында *П* нын мүнөздүүлүгүн, д) этиш сөздөргө кээ бир мүчөлөр уланганда *Л* тыбышынын түшүрүлүп айтылышын, е) көмөкчү этиш *эле\\эде, жибер\\жүгөр* формаларынын колдонулушун көрсөткөн.

Түштүк-батыш же ичкилик диалектисиндеги грамматикалык белгилерге: а) этиштерге *-лар* мүчөсүнүн уланышын, (*айтаттар, айткандар, айттылар, айтышаттар, айтыптырлар, айтышсалар ж.б.*), б) 3-жактын таандык мүчөсүнөн кийин кээ бир жөндөмөдө өзгөчөлүктөрдүн пайда болушун (*атасыны, атасыга, атасыда, атасыдан*) в) сан атоочторго *-тә* мүчөсүнүн уланып айтылышы *биттә, экитә*, в) экинчи жактын сылык *-ң - ың* мүчөсүнүн *барың* жана *йәм, ки, лекин* байламталарынын колдонулушу мүнөздүү дейт.

Лексика боюнча түндүк диалекти адабий тилден тышкары эмес болсо, Түндүк-чыгыш диалектисинде тундук диалектиге окшоп, *белен, керээз, барАан* сөздөрү колдонулат жана адабий тилдеги сөздөрдүн (тактаган Ж.Ж.) синонимдери бар.Түштүк-батыш же ичкилик диалектисинде диалектилик синонимдер колдонулат, бирок *белен, керээз, бараан* сыяктуу монгол сөздөру жок деген пикирди айткан. Ошентип, Б.М.Юнусалиев кыргыз диалектологиясында ДИАЛЕКТ, ГОВОР деген терминдердин маанисин БИРИНЧИ БОЛУП тактады жана ошондой тактоолордун негизинде тилдик өзгөчөлүктөрдү ДИАЛЕКТИЛИК ЖАНА ГОВОРДУК КЛАССИФИКАЦИЯЛЫК БЕЛГИЛЕРГЕ ажыратып бөлүп алууга жетишти. Диалектилик өзгөчөлүктөрдүн

баарын эле классификациялык белги катары ала берүүнүн зарыл эместигин көрсөттү. Диалектилик жана говордук классификациялык белгилердин САНЫН КӨБӨЙТТҮ жана кыргыз диалектилерине мурдакы классификацияларга караганда ЧЕКТЕРИ алда канча такталган, ЖАҢЫ БЕЛГИЛЕР МЕНЕН ТОЛУКТАЛЫП кенейтилген илимий классификацияны берди.

Б.М.Юнусалиевден кийин диалектилерди бөлүштүрүү маселесине кыргыз илимпоздорунун арасынан Ж.Мукамбаев, Э.Абдулдаев, Ш.Жапаров өндүү белгилүү изилдөөчүлөр кайрылышкан болучу. Бирок булар өзүнчө сөз кылууну талап кылган олуттуу маселе болгондуктан, азырынча аларды жөн коелу.

Адабияттар

1.Батманов И.А. Северные диалекты киргизского языка. Вып.1. Опыт классификации северных диалектов киргизского языка. –Ф.,1938.

2.Батманов И.А. К генезису диалектов киргизского языка. Труды ИЯЛ АН СССР, вып.1, - М.,194.

3.Батманов И.А. Пути развития и источники формирования киргизского языка. //Известия киргиз. Филиала АН СССР, вып.11, -М., 1947,55-68-б.

4.Батманов И.А.Современный киргизский язык. Часть 1. Фонетика .-1953.

5.Батманов И.А.Некоторые лингвистические данные к этногенезу киргизского народа. Китепте:Труды киргизской археолого-этнографической экспедиции. Т.111. –Ф., 1959, 90-103-б.

6.Тыныстанов К. Проект новой орфографии киргизского языка. -Ф., 1934.

7.Тыныстанов К. Кыргыз имласынын курулушундагы негизги принсиптер //Маданий майдан, №7-8 (Латын тамгасында). –Ф., 1934.

8.Юдахин К.К. Классификация киргизских диалектов.Первая научная сессия АН Кирг.ССР. –Ф., 1955.

9. Юдахин К.К. Итоги и задачи изучения киргизских диалектов. Труды ИЯЛ АН Кирг. ССР, вып.6. –Ф., 1956.

10. Юдахин К.К. Из ляйлякских материалов //Труды ин-та языка, литературы и истории. Вып.11, -Ф., 1948.

11.Юдахин К.К. Киргизско-русский словарь. -М.,1940.

12.Юнусалиев Б.М. Кыргыз диалектологиясы боюнча программа.-Ф.,1954.-26 б. (1-бас.).

13.Юнусалиев Б.М. Кыргыз диалектологиясы боюнча программа. -Ф., 1955.

14.Юнусалиев Б.М. Кыргыз диалектологиясы боюнча программа.-Ф., 1960.

15.Юнусалиев Б.М. Кыргыз диалектологиясы боюнча программа. -Ф., 1967, (4-бас.).

16.Юнусалиев Б.М. Кыргыз диалектологиясы. -Ф.,1971 .

Т.Садыков, О.Яйла,
К.Карасаев атындагы БГУ

ТҮРК ТИЛИНДЕГИ ЭТИШТИН ЖАКСЫЗ ФОРМАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ

Кыргыз жана башка бардык тектеш түрк тилдериүчүн этишке байланыштуу проблемаларды изилдөө учурдагы актуалдуу маселелерден экени талашсыз. Себеби аталган проблема ар тараптан терең изилденмейин этиштинтекст уютуруу булактары, грамматикалык категориялары менен функционалдык формалары кантип жана кандай жолдор аркылууюшулуп, кандай зан-эрежелер боюнча колдонуларын ачып көрсөтүү мүмкүн эмес. Бул жагынан түрк тилиндегиэтиш түркүмүнүн ичинен жаксыз формалардын алган орду өзгөчө экени анык. Макаланын максаты – дал ушул маселенин айрым өңүттөрүнө сереп салуу.

Этиш түркүмүндөгү сөздөр сүйлөм ичинде баяндоочтук өңүттө келип, жакталыш парадигмасын уюштурушуна карай нагыз этиштер жана этиштин өзгөчө формалары деп экиге бөлүнөрү белгилүү [1-8]. Булардын ичинен нагыз этиштер баяндоочтук өңүттө келип, чак-жак категорияларын туюнтуп, жакталыш парадигмасын уюштуруу касиети эө болсо, курамына чакчыл, атоочтук жана кыймыл атоторду ичине камтыган этиштин өзгөчө формалары үчүн мындай касиет мүнөздүү эмес. Мына ушул касиетине карай нагыз этиштерди *жакчыл этиштер* (личные формы глагола) деп, этиштин өзгөчө формаларын *жаксыз этиштер* (неличные формы глагола) деп атоого болот.

Түрк тилинде жаксыз этиштин бир түрү болгон чакчылдар (*zarf fiiller /ulaçlar*) бир жагынан тактоочторго, экинчи жагынан этиштерге окшош келет да, сүйлөмдө бышыктоочтук милдетти аткарат.

Чакчылдарэтиш сөзгө төмөнкү мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу уюшулат:*-arak /-erek, -ınca / -ince, -madan /-meden, -ıp / -ip / -up/ -üp / -p; -alı / -eli, -maksızın / -meksizin, -ken, -r, -mez, -dıkça /-dikçe / -dukça / -dükçe, -acağına /-eceğine, -acağı yerde /-eceği yerde*ж.б. Бул мүчөлөр аркылуу уюшулган чакчылдар төмөнкүдөй өзгөчөлүккө ээ.

-a / -y **мүчөсү.** Кыймыл-аракеттин аткарылыш ыгын, мезгилин, бир түрдүү кыймыл-аракеттин кайталанышын билдирет, кыргыз тилиндеги чакчылдын ушул эле формасына шайкеш келет:

Onu karşımda görünce ***bayılayazdım****. - Аны каршымдан көргөндөөсүм оор кала жаздады.*

Her sabah saat yedide on ***kala*** *uyanırım. - Эрте менен саат жетиге он калганда ойгономун.*

Çocuk ***ağlaya ağlaya*** *uyudu. - Бала ыйлап-ыйлап уктады.*

-arak **мүчөсү.** Негизги этиш билдирген кыймыл-аракеттин сапаттык белгилерин көрсөтөт. Маани жактан кыргыз тилиндеги *-ып* мүчөсү уланган чакчылга окшош:

Yusuf, gürültü çıkarmamaya ***gayret ederek****, doğruldu, ayaklarının ucuna* ***basarak*** *dışara çıktı - Юсуф шыбыш чыгарбаганга аракет кылып, ордунда туруп, бутунун учу менен басып сыртка чыкты.*

Onları ***gülerek*** *anlattı - Аларды күлүп түшүндүрдү.*

Koşarak *dışarı çıktı. - Жүгүрүп сыртка чыкты.*

-acağına, -acağı yerde**мүчөлөрү.** Кошумча кыймыл-аракетти негизги кыймыл-аракетке салыштыруу, карама-каршы коюу аркылуу көрсөтөт, кыргыз тилиндеги *-ганча, -гыча, -бай, -бас* мүчөлөрү уланган чакчыларга маанилеш:

Bana ***yardım edeceğine***	*Мага жардам бергиче тамеки*
sigara içiyor	*чегип жатат.*
Ders ***çalışacağı*** *yerde*	*Сабак окугуч ажатып алып*
uzanmış müzük dinliyor	*музыка угуп жатат.*

-ıp **мүчөсү.** Бул мүчө аркылуу уюшулган чакчылдар көбүнчө кыймыл-аракеттин мезгилин, абалын көрсөтөт:

Kapıyı ***açıp*** *içeri girdi*	*Эшик тыачып, ичкери кирди.*
Yolcular otobüsten	*Жолоочулар автобустан түшүп,*
inip *uçağa biniyorlar*	*учакка киришүүдө.*

-madan **мүчөсү.** Бул мүчө уланган чакчылдар кыргыз тилиндеги *-майынча, -бай, -бас* мүчөлөрүнө окшош келип, кыймыл-аракеттин мезгил жактан чектелгендигин билдирет:

İyi ***uyumadan*** *uzun yola çıkma*	*Уйкуда узун жолго чыкпа.*
İzin ***verilmeden*** *işe başlamayın*	*Уруксатсыз иш баштаба.*
Daha ortalık ***ağarmadan*** *uyandım*	*Таңатпай ойгондум.*

-alı, -eli**мүчөсү.** Кыймыл-аракеттин мезгилин, башталыш убактысын көрсөтөт да, кыргыз тилиндеги *-ганы, -гандан бери, -гандан баштап, -гандан кийин* сыяктуу аналитикалык форманттарга маанилеш келет.

O kızla ***tanışalı*** *beni unuttu*	*Ал кыз менен таанышканы мени унутту*
Bakü'ye ***geleli*** *iki hafta oldu*	*Бакуга келгени эки жума болду.*

-ken **мүчөсү.** Сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырып, мезгилдик жана сын-сыпаттык маанини билдирет. Кыргыз тилиндеги *-ып, -ганда* мүчөлөрү уланган сөздөр менен маанилеш келет:

Dün sokakta ***giderken iki***	*Кечээ көчөдө баратып, эки*
kişiye ras geldim	*кишиге жолуктум.*
Tren ***kalkarken*** *çocuk gibi*	*Поезд козголгондо баладай*
hüngür hüngür ağlıyordu	*эчкирип ыйлап жиберди.*
Adana'ya ***giderken*** *mutlaka*	*Аданага барганда Коняда,*
Konya'da sana uğrayacağım	*сөзсүз, сага жолугамын.*

-dıkça **мүчөсү.** Кыймыл-аракеттин мезгилин, анын кайталанышын жана башка белгилерин билдирип, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырат. Кыргыз тилиндеги *-гыча, -ганда* мүчөлөрү менен *–ган сайын* формантынын маанисине окшош:

Orayı ***gördükçe*** *ruhum kararır.*	*Айерди көргөн сайын көңүл чөгөт.*
Fırsat ***buldukça*** *gel*	*Мүмкүнчүлүк тапканда кел.*
İşlerimi bitirmedikçe *gitmem*	*Жумуш бүткөнчө кетпеймин*

-ınca**мүчөсү.** Бул мүчө менен уюшулган чакчылдар мезгилдик маанини билдирет да, *-dıkça*мүчөсү менен окшош келет:

Borcumu maaşımı ***alınca*** *ödedim*	*Карызды айлык ала төлөдүм.*
Bizi ***görünce*** *sevindi*	*Бизди көрөгөндө сүйүндү.*

-maksınız**мүчөсү.** Кыймыл-аракеттин абалын билдирип, *-madan (-бай, -бас)* мүчөсүнө окшош маанини туюндурат:

Bu yıl ***yılmaksınız*** *çalışacaksınız*	*Быйыл жылбай иштейсиңер*
Akşama kadar ***durmaksınız*** *çalıştı*	*Кечкече козголбой иштеди*

Көрүнүп тургандай, кыргыз жана түрк тилиндеги чакчылдар маани жактан кандайдыр бир өлчөмдө окшош келет да, турпат жактан дээрлик айырмачылыкка ээ экендигин байкалат. Тактап айтканда, кыргыз тилине караганда түрк тилинде чакчылдарды уюштуруучу каражаттар дээрлик арбын экендиги ачык көрүнөт.

Түрк тилиндеги жаксыз этиштин дагы бир түрү – атоочтуктар (*sıfat fiiller*), кыймыл-аракетти, чакты билдиргендиги жагынан этиштик касиетке ээ болсо, заттын белгисин билдиргендиги жагынан сын атоочко жакын келет. Ошондуктан атоочтуктар сүйлөм ичинде мүнөздүү түрдө аныктоочтук милдетти аткарат. Мисалы:

okunacak kitap	*окулуучу китеп,*
yapılacak iş	*аткарылуучу иш,*
solmuş çiçek	*соолуган гүл,*

bitmemiş senfoni	*бүтпөгөн симфония,*
çalar saat	*шыңгыроочу саат,*
gelecek yıl	*келерки жыл,*
gelen adam	*келген киши,*
şarkı söyleyen kız	*ырдаган кыз,*
tükenmez kalem	*түгөнбөс калем,*
kırılmaz cam	*сынбас айнек,*
kaybolan çocuk	*жоголгон бала,*
konuşan öğrenci	*сүйлөшкөн окуучу.*

Атоочтукту уюштуруучу мүчөлөр төмөнкүлөр: *an/-en, -mış /-miş/ -muş/ -müş, -r /-ar/ -er/ -ır/ -ir/ -ur/ -ür, -acak /-ecek, -maz /-mez, -ası /-esi, -dık /-dik/ -duk/ -dük.*

Мындай жол менен уюштурулган атоочтуктар төмөнкүчө мүнөздөлөт.

***-an* мүчөсү.** Бул мүчө аркылуу уюшулган атоочтуктар затка жалпы эле мүнөздүү болгон белгини, ошондой эле өткөн, өтүп жаткан мезгилге тиешелүү кыймыл-аракетти белги катары көрсөтөт:

Düşen *çocuk ağlıyor*	*Жыгылган бала ыйлапжатат.*
Duran *arabadan annem çıktı*	*Токтогон машинадан апам чыкты.*
Dün ***kaybolan*** *çocuk bulundu*	*Кечээ жоголгон бала табылды.*

***-ar* мүчөсү.** Этиштик негиздерге жалганып, дайыма болгон жана боло бере турган кыймыл-аракетти белги катары көрсөтөт, терс формасы *-maz* мүчөсү аркылуу уюшулат:

Çekilir *dert değil*	*Айыгуучу оруу эмес*
İşe yarar *adam*	*Ишке жороочу киши*
Anlaşılır *iş*	*Түшүнө турган иш*
Çekilmez *çile*	*Кетпесазап*
Bitmez *borç*	*Бүтпөс карыз*

***-dık* мүчөсү.** *–dık* мүчөсү аркылуу уюшулган атоочтуктар дайыма өткөн чактык мааниде колдонулат. Көпчүлүк учурда таандык мүчөсүн кабыл алат да, *-dığı /diği* формасында айтылат. Бул мүчө кыргыз тилиндеги *-ган* мүчөсүнө маанилеш. Мисалы:

tanıdık *insanlar*	*тааныган адамдар*
duyulmadık *sözler*	*угулбаган сөздөр*
ödediği *borçlar*	*төлөнгөн карыздар*
bildiğim *adam*	*билген адамым*
bildiğimiz *olay*	*биз билген окуя*

***-mış* мүчөсү.** Бул мүчө да өткөн чактык маанидеги атоочтуктарды уюштурат, *-dık* мүчөсү менен маанилеш:

susamış *çocuk*	*суусаган бала*
solmuş *çiçek*	*соолуган гүл*
ağarmış *saçlar*	*агарган чачтар*
görülmemiş *yerler*	*көрүлбөгөн жерлер*
söylenmemiş *sözler*	*сүйлөнбөгөн сөздөр*

***-aca* мүчөсү.** Булмүчөнүн жардамы менен келер чактык маанидеги атоочтуктар жасалат да, кыргыз тилиндеги *-ар* жана *-а/-ӣ* + *турган* формасындагы атоочтуктар менен окшош болот:

Bütün bu suallere cevap ***verecek*** *halde değildim.*	*Бүтүндөй бул суроолорго жооп берер абалда эмес болчумун.*
Oturacak *yer yok.*	*Отураржержок.*
Gelecek *hafta bizdesiniz*	*Эмки жума биздикинде болосуз*

***-ası* мүчөсү.** *–acak* мүчөсүнө маанилеш:

Eli ***kırılası*** *hırsız!*	*Колу сынгыр ууру!*
Canı ***çıkası*** *hayvan!*	*Жаны чыккыр айбан!*
Kör ***olası*** *kedi beni düşürdü*	*Көр болгур мышык, мени жыкты.*
Kör ***olasıca*** *çocuk camı kırıp kaçtı*	*Көрболгур бала, терезени сындырып качты.*

Түрк тилиндеги жаксыз этиштин үчүнчү түрү– кыймыл атоочтор (*isim fiili*), кыймыл-аракеттин, ал-абалдын атын билдирип, жөндөмө, таандык, көптүк мүчөлөр менен өзгөргөн этиштин өзгөчө формасы.

Кыймыл атоочтор этиштик сөзгө *-mak /-mek/ -ma/ -me;-ış /-iş/ -uş/ -üş* мүчөлөрүнүн жалганышы аркылуу жасалат. Муну төмөнкү мисалдан байкоого болот [7: 210]:

Этиштик үңгү	**Этиштик негиз**	**Кыймыл атооч мүчөсү**
al-	*al-*	*-mak, -ma, -ış*
al-	*al- dır-*	*-mak, -ma, -ış*
iç-	*iç-*	*-mek, -me, -iş*
iç	*iç- ir*	*-mek, -me, -iş*
gör-	*gör-*	*-mek, -me, -üş*
gör-	*gör- ün-*	*-mek, -me, -üş*

dur-	*dur-*	*-mak, -ma, -uş*
dur-	*dur- dur- ul-*	*-mak, -ma, -uş*

Кыймыл атооч жасоочу мүчөлөр төмөнкүдөй өзгөчөлүктөргө ээ.

***-mak* мүчөсү.** Бул мүчө кыймыл-аракеттин же ал-абалдын атын билдирет:

*Artık **gitme** zamanı geldi*	*Кетүү убактысы да келди.*
*Türkiye'de **okuma yazma** bilmeyenler yüzde ondur*	*Туркияда окуу-жазууну билбегендер жүздөн ону*

***-iş* мүчөсү.** Бул мүчөсүнүн жардамы менен уюшулаган кыймыл-аракеттин же ал-абалдын атын билдирет:

*Çocuğun **gidişine,gelişine,oturuşuna,kalkışına,**her şeyine karışıyor*	*Баланын кетишине, келишине, отурушуна, турушуна бардыгына киришет.*

Жыйынтыктап айтканда, жогорудагы даректер грамматиканын өзөгүн түзүп, болчок сүйлөмдүн семантика-синтаксистик структурасын аныктаган түрк тилиндеги этиштин жаксыз формаларынын уюшулуш өзгөчөлүктөрүнө жасалган алгачкы сереп деп табылат. Ал эми жаксыз этиштердин табиятын тереңден териштирүү атайын изилдөөнүн объектиси экени талашсыз.

Адабияттар

1. Гузев В.Г. Очерки по теории тюркского словоизменения: глагол. -Л., 1987.
2. Джанашиа Н.Н. Морфология турецкого языка. -Тбилиси: 1981.
3. Иванов С.Н. Курс турецкой грамматики ч.1-2, -Л., 1975, 1977.
4. Кононов А.Н. Грамматика современного турецкого языка. -М.-Л., 1956.
5. Banguoğlu T. Türkçenin grameri, -Ankara:1995.
6. Ergin M. Türkçe dil bilgisi,-Ankara:1994.
7. Koç N. Yeni Dilbilgisi. İstanbul: 1996.
8. Korkmaz Z. Türkiye Türkçesi Grameri (Şekil Bilgisi). Ankara: TDK, 2003.
9. Türkçe-Rusça sözlük,-İstanbul:1989.

АДАБИЯТ

Б.Акматов,
К.Карасаев атындагыБГУ

МУХТАР АУЭЗОВДУН АДАБИЙ-ЭСТЕТИКАЛЫК КӨЗ КАРАШЫНЫН КАЛЫПТАНУУСУНА КАРАТА XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ЖАНА КАЗАК АДАБИЯТЫНДАГЫ АБАЛДЫ ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык ой жүгүртүүсүнө кайрылган адабиятчылардын көпчүлүгү залкар жазуучунун бул багыттагы көз карашы сыдыргыга салгандай түз бир кылка өнүккөндөй мамиле кылышат. Ал эми чынында анын адабий-эстетикалык көз карашы өз доору, ошол мезгилдеги тарыхый-социалдык абал, коомдук-экономикалык кырдаал, өзгөчө өз эли жана Орто Азия элдеринин көркөм-адабий дүйнө таанымы менен тыгыз байланышта калыптанганын көрүүгө болот. Өзгөчө XIX кылымдын аягы XX кылымдын баш чени Орто Азия элдери үчүн бир гана адабий-эстетикалык багыттагы дүйнө тааным бир кылка болбостон, жалпы коомдук-социалдык ой жорум көп түрдүү формага ээ болгонун эсепке алсак, М.Ауэзов чыгармачыл адам катары андан сыртта калган эмес жана кала алмак да эмес. Анткени, Орто Азия чөлкөмүндө пайда болгон ошол мезгилдеги ар бир ой жорум кокусунан же кимдир бирөөнүн каалоосунан жарала калбаган. Ал мезгилдеги адабий-эстетикалык дүйнө кабылдоого көз салганда алардын ар биринин тарыхый баскан жолу, социалдык-турмуштук негизи болуп, алардын ар бири аталган аймакта өз ордун таап калгандыгын көрүүгө болот. Жаш Мухтар прогрессивдүү ой жүгүрткөн өз замандаштарындай эле алардын ар биринен өз үлүшүн алып, жеке дүйнө кабылдоосу аркылуу андаштырып, анан барып өзүмдүк көз карашын калыптандыруусу табигый жана мыйзамченемдүү көрүнүш болгондуктан, анын чыгармачылыгына кайрылган ар бир адабиятчы мындай кырдаалга токтолуусу зарыл болсо да, совет доорунда анын адабий-эстетикалык көз карашынын калыптануусуна толук кандуу баа берилбей келген.

Анын объективдүү себептери бар болсо, андай себептердин башында советтик идеология турат. Мындай бир тараптуу мамиле этүү бир гана залкар жазуучунун адабий-эстетикалык дүйнө таанымына мүнөздүү болбостон, жалпы союздук адабият үчүн типтүү көрүнүш болгон десек, анда бул багытта азыркы мезгилде изилдей турган бир топ маселе бар экени ачыкка чыгат. Маселен, кыргыз казак адабий байланышы бүгүнкү күнгө чейин айрым бир изилдөөлөрдө - Р.Мылтыкбаевдин "Социализмди куруу мезгилиндеги кыргыз жана казак элдеринин достугунун өнүгүш тарыхынан" [1] жана Х.Бапаевдин "Кыргыз казак, кыргыз өзбек адабий байланыштары" [2] аттуу эмгектеринде кепке алынган болсо, жогоруда биз тарабынан коюлган маселенин алкагынан алганда бул эмгектерде көп нерселер көз жаздымда калганын белгилей кетүүгө тийишпиз. Демек, бүгүнкү күндүн талаптары менен караганда төмөнкүдөй *теориялык* жана *методологиялык маселелер* бар экени даана көрүнөт. Аталган маселелер төмөнкүлөр болуп саналат:

1. Жалпы Орто Азия аймагында совет мезгилине чейин элдик оозеки чыгармачылык менен катар эле жазма адабият түрдүү формада (кол жазма жана басма түрүндө - Б.А.) өнүгүп, ал адабият адабий-эстетикалык жактан бир нече теориялык жана методологиялык критерийлер аркылуу ишке ашырылып келгени белгилүү болсо да бул мезгилдин баскан жолу адабият таануу илиминде толук изилденбей келет. Тагыраак айтканда, идеялык жактан оош-кыйышы көп болгон XIX кылымдын экинчи жарымынан берки аталган чөлкөмдөгү адабий процесс татаал жолду басып, ошол эле мезгилде доордун талаптарына ылайык өсүп-өнүгүп келген болсо да, ушул мезгилге чейин андагы көркөм-эстетикалык дүйнө кабылдоонун орду жана ролу ар тараптуу изилденбей жатат. Маселен, азыр ал мезгилде чыгармачылыгын баштаган сүрөткерлердин көпчүлүгү шыр эле социалисттик идеологияны колдоп кетпегендиги талашсыз экендигин моюнга алсак, анда ага ордун "бошотуп берген" көркөм-эстетикалык дүйнө кабылдоо кайсы багытта жана кандай критерийлерге негизделип түзүлгөнүнө да баа берүү милдети турат.

Мында аталган чөлкөмдө жашаган *ар бир улуттун өз эркиндигин эңсеген идея кайдан жана кантип жаралганын билүү зарылдыгы,* алар негиз кылган идеялык-эстетикалык критерийлер кайдан алынганын, андай көз караштардын жаралуусуна себеп болгон жагдайлар эмнеге негизделип пайда болгонун аныктоо маселеси гана бир М.Ауэзовдун эле эмес, ошол мезгилде чыгармачылык менен эмгектенген сүрөткерлерге мүнөздүү жалпы проблема экенин да белгилей кетүүгө тийишпиз. Албетте, ошол мезгилде адабий-эстетикалык көз караштардын калыптануусуна тикелей катышы бар мындан тышкаркы да жагдайлар болгондугун эсепке алсак, анда жогоруда көрсөтүлгөн эмгектер кепке албай кеткен бул тарыхый этаптын маанилүү баскычтары болгонун толук ичине камтыган изилдөө зарыл экени башкы маселе катары көрүнөт. Эгерде ал маселе өзүнө карай адекваттуу илимий-теориялык талдоону талап кыла турганын эсепке алсак, анда күн тартибине койгон маселени чечүү үчүн буга чейин үстүртөн же бир беткей пикир айтышкан жогоркудай окумуштуулардын көз карашын илимий-теориялык, өзгөчө методологиялык багытта толуктоо милдети турат. Ал эми бүгүнкү күн коомчулуктан чыныгы тарыхый чындыкты талап кылгандай эле, адабият таануу илиминен да кара кылды как жарган калыс пикир-

ди күтүп жатканын эсепке алсак, анда төмөнкү эмгектерге да илимий-теориялык жактан толуктоо керектиги ачыкка чыгат. Маселен, кыргыз казак фольклордук байланышы [3], кыргыз, казак акындарынын чыгармачылык байланышы [4] адабиятчы Б.Кебекова тарабынан иликтенсе, XX кылымдан кийинки профессионалдык жазма адабияттагы кыргыз казак адабий байланышы Х.Бапаев [5], А.Акматалиев [6], Б.Акматовдор [7] тарабынан изилденген. Бирок, совет өкмөтүнүн коомдук-саясий, идеологиялык талаптарына ылайык аталган эмгектер көркөм-адабий ой жүгүртүүгө социалисттик түзүлүш койгон илимий-теориялык жана методологиялык талаптардан изилдөө обьектисине бир беткей мамиле кылгандыктан, эки элдин (муну жалпы Орто Азиянын алкагында алуу маанилүү - Б. А.) жашоо-турмушун толук кучагына алган көчмөн цивилизациянын ролу, анда өнүккөн оозеки чыгармачылыктын жазма адабиятка тийгизген таасири, фольклордон профессионалдык адабиятка "өтүүчү" адабий-эстетикалык дүйнө таанымдын орду, ага объективдүү шарт түзө алган "өткөөл мезгилге" мүнөздүү көркөм-эстетикалык ой жүгүртүүнүн табигый мүнөзү, отурукташкан турмушка карай багыт алган көркөм-адабий ой жорумдун ички жана тышкы мыйзам ченемдерин ачып берүүгө мүмкүнчүлүк болбогон сыяктанат. Тагыраак айтканда, кыргыз, казак адабий байланышы кыргыз адабият таануу илиминде белгилүү деңгээлде изилденгенин моюнга алганыбыз менен көчмөн маданият боюна сиңирген көптөгөн (мисалы, мифологиялык, диний-мистикалык, мифо-романтикалык, ж. б.) көркөм-адабий ой жүгүртүүдөн, андан кийин көп жылдар араб жана фарсы маданиятынын таасиринен улам пайда болуп, анан акырындап андан бошонуу менен өз ордун тапкан кол жазма адабияттын ролун, бара- бара орус эли аркылуу Батыштан келген жазма профессионалдык адабияттын үлгүлөрүн жогоруда аталган көркөм-адабий, философиялык-эстетикалык баалуулуктар менен жуурулуштуруп "жашай баштаган адабият" кантип тарыхый жана диалектикалык материализмге өтүп кеткени "актай" сакталып келе жатканын жокко чыгара албайбыз. Бир караганда бул анча маанилүү эместей көрүнгөнү менен ошол мезгилдеги адабий-эстетикалык ой жорумдун калыптануусун изилдей келгенде айланып өтүүгө мүмкүн эмес проблема боло турганын белгилей кетели. Анткени, бир мезгилде көп түрдүү адабий-эстетикалык көз караш менен жашаган кыргыз жана казактар кирген Орто Азия эли кантип жана кандай зарылдыктар менен "материалисттер" болуп калганын аныктоо милдети да мына ушул жерде турса, бул тарыхый жолдун баарын "басып өтүп", көп улуттуу совет адабиятында классикалык адабий-эстетикалык туунду болгон "Абай жолу" сыяктуу роман-эпопеяны жаратуу менен көркөм-адабий чыгармачылыктын бийик сересине жеткен М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык дүйнө кабылдоосу аркылуу ачып көрсөтүү жогоруда аталган маселени натыйжалуу чечүү жолу боло тургандыгын белгилей кетели.

2. Бүгүнкү күндө кыргыз, казак элдери өздөрүнчө эгемендүү мамлекет болуп, көз карандысыз эркин саясат жүргүзүлүп жатканда, бир мезгилде эки элдин биримдиги үчүн күрөшүп, улуттук эркиндик идеяларын тараткан "Алашордо" партиясынын мүчөлөрү катары таанылган, элинин эркин, көз карандысыз болушу үчүн кызмат кылган казактын даңктуу уулу М.Жумабаев менен кыргыздын бир жаралган уулу К.Тыныстановдун чыгармаларында орун алган өз элинин эркиндигин эңсеген адабий-эстетикалык көз карашы кайдан жана кандай жолдор менен жаралганын да аныктоо зарыл маселелердин бири. Ар бир доор тогошкондо, эл тагдыры бир кыйла татаал, кыл учуна илинип, элдин эгемендиги башкы орунга чыкканда туу чокуга көтөрүлгөн бул идеялык-эстетикалык башаттын кайсы элде болбосун түптүү тарыхы боло турганын эсепке алсак, аны бир "Алашордо" менен байланыштыруу, кылымдап түптөлгөн бул атуулдук-патриоттук идеянын кадырын түшүргөндүк болуп эсептелет. Тескерисинче, эки эл улут катары калыптануусунда *тээ байыркы мезгилдерден оозеки чыгармачылык,* андан бери *кол жазма* (мында Орхон-Энесай жазуулары да эске алынууга тийиш - Б. А.) *адабият* аркылуу мааниси өркүндөп, мазмуну тереңдеп келе жаткан ордун архи-генетикасына байланыштыруу менен чечүү, б. а. "Манас" жана "Алпамыш" эпосторунан бери калыптанган деңгээлинде баа берүү зарыл. Эгерде биз алдыга коюлган проблемага ушул өңүттөн мамиле кыла турган болсок гана ар бир адабий-эстетикалык көз караштын калыптануусу толук өз ордун табуу менен бирге эл жараткан же калайык-калк аздектеген ар бир чыгарма көркөм-адабий жана философиялык-эстетикалык нарк-насили канчалык экени так жана таасын баасын алат.

Улуттук фольклордон бери карай эл өзү түптөгөн ар бир адабий-көркөм жана идеялык-эстетикалык түшүнүк канчалык баалуу болсо, алардын ар биринин өз алдынча өнүгүүсүн аздектеген адабий ой жорум да ошончолук бийик. Эгерде философиялык багытта ала турган болсок, ар бир элдеги ой жорум канчалык көп кырдуу болсо, алардын диалектикалык байланышы ошончолук карама-каршылыктуу жана алардын өз ара ажырагыс биримдигинде тура тургандыгы анык. Эгер биз ушул эле принципти адабий чыгармачылыкка байланыштыра карасак, анда улуттук жана тектеш адабияттардын алкагында "жашоо кечирген" идеялык-эстетикалык жана адабий-көркөм ой жүгүртүүнүн да ажырагыс биримдигинде туруп, ошол эле учурда бирин-бири танып келген көркөм туундууларды айкалыштыра кароо зарыл экенин ачык байкайбыз. Азыр биздин алдыбызда марксизм-ленинизм философиясынан айырмаланып, б. а. маркстик-лениндик эстетика "мойнуна албаган" методологиялык принциптерге таянып, ошол эле мезгилде Гегель менен Маркс кырды-бычак болуп турган диалектиканын мыйзамдарына таянуу аркылуу XX кылымдын биринчи жарымында кыргыз жана казак адабиятында адабий-эстетикалык ой жорум кантип калыптангандыгын системалаштыруу милдети турат. Демек, бул жерде ошол мезгилде пайда болгон тигил же бул адабий-эстетикалык көз караштардын бирине да артыкчылык бербестен, алардын жашоосуна себеп болгон жолду таап, алар кайсы булактар аркылуу келгенин аныктоо милдети кандай орунда турса, ошолордун бардыгын өз чыгармачылыгында жалпылаштырууга жетишкен М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык көз карашынын негизинде ачып көрсөтүү милдети ошондой эле деңгээлде турат.

3. Улуттун эркиндигин эңсеген М.Жумабаев менен К.Тыныстанов башында турган улутчулдук идеялары аркылуу өз элине таанылган адабий-эстетикалык көркөм нарктын карама-каршысында орун алып, советтик интернационализм идеяларына сугарылып, Совет бийлигине жана ал аркылуу өз элинин улуттук адабиятына ак кызматын өтөгөн А.Токомбаев менен

С.Сейфуллиндин, Ж.Турусбеков менен С.Мукановдун адабий-эстетикалык туундуларын да жокко чыгарууга болбойт. Ырас, алардын калеминен жаралган чыгармаларды катар коюп караганда эч качан бирикпей, карама-каршылыкка ээ боло тургандыгы белгилүү. Ошондой эле идеялык, ал тургай адабий-эстетикалык ички каршылашуунун туу чокусуна жеткен К.Тыныстанов менен А.Токомбаевди, М.Жумабаев менен С.Сейфуллинди бир адабий-эстетикалык критерий менен кароо зарыл дештин өзү да илимий-теориялык жана методологиялык жактан туура эмес болуп саналат. Ак менен каранын, күн менен түндүн тогошкон жери бар сыяктуу эле аталган эки адабий-эстетикалык көз караштардын да көркөм чыгармачылыкта бириге турган, болгондо да айкалышып, жуурулуша турган "жери" М.Ауэзовдун чыгармачылыгы болуп саналгандыктан, бир эле кыргыз жана казак адабиятында эле эмес Орто Азия адабиятынын мисалында кароо милдети тургансыйт. Бирок, адабий-көркөм ойлоонун дүйнөлүк арымын көрсөткөн, адабий-эстетикалык багытта аталган аймакта классикалык профессионалдык прозага негиз салган М.Ауэзовдун мындай ийгилигин аталган чөлкөмдүн алкагында ачып берүүгө кудуретибиз жетпегендиктен, биз кыргыз адабиятынын мисалында, кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармачылыгы менен байланыштыруу аркылуу гана алдыга коюлган маселени чече алганы турабыз.

Ошондой эле XX кылымдын экинчи он жылдыгынан бери карай калыптана баштаган "советтик адабият" деген аталыш менен улуттук тарыхта калган Орто Азия адабиятында өз чыгармачылыгын өнүктүргөн бардык эле акын-жазуучулар анын адабий-эстетикалык талаптарын бийик деңгээлде өздөштүрүп, адабий коомчулук сыймыктанган чыгармаларды жаратып жибербегенин эсепке алсак, ошол оош-кыйыштуу адабий процессте пайда болгон оомал-төкмөл адабий өнүгүштө, ошол учурда эки элдин адабий-эстетикалык дүйнө кабылдоо процессине өз салымын кошкон адабий туундулардын көркөм-эстетикалык наркын аныктоо да ушул жогоруда аталган маселелер менен чогуу чечилгени турат. Анткени, социалисттик түзүлүштүн таасири менен адабий чыгармачылыкка карай адабий-эстетикалык мамилесин өзгөрткөн бул доордун чыгармачыл мууну сыдыргыга салгандай эле бир нукта алга карай жылбаганын эсепке алсак, анда алардын чыгармачылыгына доордун тийген таасири бир кылка болбогонун, анын натыйжасында алар жараткан чыгармалардын да адабий-эстетикалык багытта көтөргөн жүгү да ар кыл болуп, ошол чыгармалары менен өзүнөн кийинки муундун көркөм дүйнөсүнө из калтырган кыргыз жана казак адабиятындагы адабий-эстетикалык адабий дүйнө кабылдоонун ички байланышын изилдөө менен жүзөгө ашканы турат. Мында башкы маселе М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык дүйнө кабылдоосун бир тараптуу кароо эмес, ал ошол өз доорунун эң бир залкар жазуучу болуп калышына мааниль роль ойногон тарыхый-социалдык өбөлгөлөрдү аныктоо менен ага чейин адабий процессте орун алып келген факторлордун да объективдүү жана субъективдүү катышы бар экенин жокко чыра албасак, демек алардын да өз ордун көрсөтүп берүү зарылдыгы күн тартибине коюлууда.

4. XX кылымдын башында коомдук-саясий түзүлүш революциялык жол менен пайда болуп, жалпы эл турмушуна өз көз карашын таңуулоо жолу менен келсе да, эл арасында ошол доордун пайда болушу менен кыймылга келип турган адабий-эстетикалык чыгармачылык баары бир эволюциялык жолдон чыга алган эмес. Анда болгон чыгармачылык доордун талаптарын аткаруу менен алга жылып турса да, ошол мезгилдин талабы менен жазылган чыгармалардын көркөм-эстетикалык дөөлөттөрү учурдун утурумдук кызыкчылыктарына байланыштуу калыптануу менен бирге, өзгөчө саясий-социалдык муктаждыктардан келип чыккан адеп-ахлактык түшүнүктөрдү калайык-калкка жеткирүү багытында көркөм чыгармачылыктын бир нече баскычын басып өтүп келген жолдоруна баа берүү менен чечүү туура болчудай. Эгерде адабий процесстин калыптануусу менен өнүгүүсүнө ушул өңүттөн карай турган болсок, анда профессионалдык деңгээлге ээ болуу үчүн эки элдеги адабий процесс басып өткөн бир нече баскычтын *(түздөн-түз туурап жазуу; идеялык-эстетикалык касиетин ээрчип жазуу; таасирленүү менен окшоштуруп жазуу; идеясын жана темасын чыгармачылык менен өздөштүрүп жазуу; көркөм ыкмаларды колдонуу боюнча изденип жазуу; анан барып өзүнүн адабий-эстетикалык көркөм дөөлөтүн түзүүгө аракеттенүү*; ж. б.) кимиси кайсы деңгээлинде калганы ачыкка чыкканы турат. Бул М.Ауэзовдун чыгармачылыгынын калыптанышында советтик адабий-эстетикалык булактардын ээлеген ордун аныктоо менен бул жолду өз адабий баалуулуктарында басып өткөн кыргыз адабияты кандай ийгиликтерге жетишкени менен бирге кандай "жаңылыштыктар" кетиргенин билүүгө да шарт түзмөкчү. Ал эми муну аныктоо кыргыз адабият таануу илиминин күн тартибинде турган маселелеринен, б. а. өзгөчө кыргыз жазма адабиятынын калыптанышында маанилүү орунда кыргыз жана казак акын жазуучуларынын адабий байланышы, алардын ар биринин орду (идеялык таасир, тууроо, чыгармачылык менен өздөштүрүү, көркөм ыкмаларды колдонуу тематика, образ түзүү ж. б. маселелер боюнча) эч кандай саясий чектөөлөрсүз жана айрым түзөтүүлөрсүз, кадимки тарыхый чындык катары кароого негиз болуп бермекчи.

Адабияттар

1. Мылтыкбаев Р. Из истории развитие дружбы киргизского и казакского народа в период строительства социализма. - Ф., Кыргызстан, 1968.

2. Бапаев Х. Кыргыз-казак, кыргыз-өзбек адабий байланыштары. - Ф., Илим, 1975.

3. Кебекова Б. Кыргыз-казак фольклордук байланышы. - Ф., Илим, 1982.

4. Кебекова Б. Кыргыз, казак акындарынын чыгармачылык байланышы. - Ф.: Илим, 1985.

5. Акматалиев А. Ч.Айтматов жана кыргыз-казак адабий байланышы. - Ф.: Илим, 1981.

6. Акматов Б. Кыргыз адабий байланыштарынын жаңы доору (20-жылдар). - Б., 2000.

Н.Танаева,
Ош мамлекеттик педагогикалык институту

САЛТТЫК ОКУЯЛАРДЫН БАШАТЫ - УЛУУ МАНАСЧЫЛАРДЫН ВАРИАНТТАРЫНДА

"Манас" эпосун бүгүнкү бийиктикке жеткирүүдө элдик таланттардын, манасчылардын ролу баа жеткис экендиги жалпыга маалым. Эпосту айтууну кесип кылган инсандар, улуу салтты улаган залкар манасчылар Жусуп Мамай менен Сагымбай Орозбаковдун варианттарында кыргыздардын таралышы жана жалпы кыргыз урууларын бириктирүүчү, тышкы душмандарга биримдикте каршы туруучу Манас баатырдын төрөлүшү сыяктуу салттык окуялар берилет.

Бул аталган бөлүмдөр атайын башталышка жана аякталышка эгедер болуу менен бөлүмдөрдү байланыштырып турган бекем туруктуу өзөк бар. Кыргыздардын чабылып-чачылышы менен, эл башына кыйын иш түшкөндө элин ар абалдан куткара турган баатырдын турмушка келиши, улуу эки манасчынын тең вариантында кездешүүчү сюжеттик каркастын бирдей типтеги формалары орток идеялардын ишке ашырылышында кызмат өтөөгө багытталып, жыйынтыгында ишке ашат. [3;5-6] Эпостогу касиеттер, сапаттар, өзгөчөлүктөр ар бир образдын, окуялардын колориттүүлүгү, индивидуалдуу мүнөзү, чыгармалардын тулкусуна сиңирилген идеялардын жана ой санаалардын тереңдиги, түбөлүктүүлүгү, сырдуулугу менен баалуу. Улуу манасчылардын варианттарында образдык системанын сүрөттөлүшү, тагыраак айтканда баатырлар, тулпарлар жана айымдар сыяктуу бири-бирисиз жашай албаган үчилтик формасындагы образдар системасынын берилишин да (Жакып, Туучунак, Чыйырды) айта кетүүгө болот.

Бул макалада эки варианттардын ортосундагы жалпылыктардын болушу менен катар айырмачылыктарды да табууга шарт түзүү максатында салыштырып изилдөөнү негиз кылып алып, салттык окуялардын кээ бир гана түрлөрүн берүүгө аракет жасайбыз.

Жусуп Мамайдын вариантында салттык окуялардын башаты төмөндөгүдөй берилет. Кыргыздардын таралышы Эне-Сайдагы элди башкарган Калмамай деген хан болот. Хан болгондо Мамайга "кал" деген лакап жоюлуп, хан Мамай атка конот. Айланага төгүлгөн ай нурундай тең хандын эли өнүгүп кырк урууга бөлүнөт. Кырк уруу кырк жүз эл болуп, кырк уруулуу кырк жүзгө "кыргыз" деген ат конот. үч катынынан бала көрбөй, көптү төрөгөн бир катындын эри өлүп, хан Мамай төрөөр деп алат. Ал бир уул төрөп атын Бөдөнө коет. Баласы тогуз жашында хан дүйнө салат. Тирүү эмес өлүктү, күлдүрчүдөй мүнөзү Жалтайбас "Бөдөнөнү бөпөлөп, жаш болсо да биз жөлөп, Мамайдын бийик арбагы хан көтөрүп алалы!"- деп хан көтөрүшөт. Бөдөнөнүн уулу Бөйөн хан деген атка конот. Бөйөн хандан Чаянхан, Чаянхандан Карахан, Карахандан уруктап, Орозду Баатыр тараган. Орозду берметтей мүлдө сулуудан бирди эмес бешти алат. Чоң катындан туулган Жакып менен Шыгай хан, экинчи катын балдары Катаган менен Каткалаң, 3-аял баласы Балта менен Жамгырчы, 4-чүсү төрөптүр Касиет менен Калканы, 5-катын баласы Текечи менен Кызылтай. Ошентип, 10 уулу 5 катындан тарайт. Орозду Эне-Сайды жерлеп, улам тамыры туташып, тукуму өсүп көбөйүп, 90 000 үйлүү эл болот. Адибай, Көлбай, Ташбайлар дүйнөсү, алтыны-казынага, малы-талаага батпай 20 000 үйлүү эл менен Букарга көчөт. [1:23-27] ***Алоокенин кыргыздарды чабышы*** Ошол кылымда кезик оорусу каптап, кыргыздарды, Ороздуну ач ажал алып тынат. Кара кытай, калмакты Алооке деген хан башкарып турат. Ал Нарын деген шаарды басып алат. Ороздунун 10 уулу Адибай, Ташбай, Көлбай Букарга көчүп кетет. Касиет, Калка 30 000 үйлүү эл менен калмакка барып эл болот. Ошентип, Ороздунун уулдарынын турмушу оор болуп, туткучуна ээ кылбай, бучкагына тең кылбай, козусундай ийгерип, таратып жиберет. Калмактардын элинде Ногой деген бай бар экен. Ал кышы-жазы Балык-Арт деген жерде жашаптыр, ага Алооке Жакыпты Ногой байга бериптир. "Ногойдун эли деп жүрүп, Аталып "ногой" кетиптир. [1:29-30] деп берилет.

Ал эми Сагымбай Орозбаковдун вариантында "Манас" деген аталыш менен башталып ата-теги төмөндөгүдөй берилет. "Каракан, Угуз кандан кийин Аланча хан уругунан Байгур, Уйгур дегендер экен. Байгур балдары Бабур хандан Түбөй, Түбөйдөн Көгөй, андан Ногой, Шыгай, Чыйыр деген үч уул болгон. Ногойдон Орозду, үсөн, Бай, Жакып деген 4 уул болгон. Кытай мамлекети буларды бөлүп кеткен. Ошондо Жакыптын Чыйыр деген агасы өлгөн, андан кийин Жакып Чыйырдын Шакан аттуу катынын алган жана да Манжурия калкынан Бөйөндүн уулу Чаян дегендин Бакдөөлөт деген кызын алган. Ушул эки катындан бир да бала болбогон, өзү элүү жашка келген. Байбиченин Шакан аты калып, баштагы эринин аты менен Чыйырды деп атанып кеткен. "Тутунарга туяк жок, атакелеп артыман айтаар балам жок . Дүнүйө ээси бала экен. Эркек бала күтөм деп", санаа тартат бай Жакып"[2:15-22] деп берилет.

С. Орозбаковдун вариантында - Жакыптын атасы Ногой деп аталып, 4 бир туугандар Орозду, Үсөн, Бай Жакып деп берилсе, Чыйырдынын өз аты Шакан деп аталса, Ж. Мамайдын вариантында-калмактардын элинде Ногой деген бай бар экен. Ал кышы-жазы Балык-Арт деген жерде жашаптыр, ага Алооке Жакыпты Ногой байга бериптир, Орозду хан 5 катын алып, андан 10 уулдуу болуп, биринчисинен Жакып жана Шыгай деп берилет. Эки варианттын тең жалпылык жактары бар. Алар: Жакыптын балалуу болбошу, туяксыз жалгыз кетемби деп зар какшашы, Жакыптын аялынын аты Чыйырды, беш түлүк малынын аталышы.

Манастын төрөлүшү жөнүндө Жусуп Мамайдын вариантында төмөндөгүдөй берилет. "Рам" деген китеби бар, таш жайып билген тапканы таамай келген Жангир деген кишинин 3 жылды алдын ала айтчу жайы болот деп берилип, андан ары улантылып, Манастын төрөлүшүн китебинен билет. Туула турган баланын алаканынын бир колунун учунда кан, бир учунда май болот. Алакандын бүлтүктө, көпкөнсүгөн төмпөктө Манас аты жазылуу, аппак мөөр менен басылуу бир уул кыргызда төрөлөт. Айтылуу Бээжин көчөсүнөн бир баатыр чыгат. Калмак тургай кытайды

каратат деген кабарды айтат. Буларды угуп Алооке ойго батып, кыргыз элин экиге бөлөт. Катаган менен Каткалаң хан Кошой болуп абалтадан Ат-Башыны жердейт. Бир калмактарга баш ийбеген ушулар калып, кыргыз аты ордуна кара кыргыз аталып калат. Каткаландан Карача кыргызга хан болот. Карача байкуш элди бүлүнтүп чүкөсүндөй өкчөйт, таруудай кыргыз чачырап жамгырдай жашын төгүп, Алоокеге күнү калат. Жамгырчы менен Шыгайды Самарканга айдайт. Кыргыздарды Муз-Тоого алып барып, тажикке кошуп жиберет. Ошентип, кыргыз тажиктерди кыпчак, калмак ээлейт. Аларга "кызыл кыпчак, сарт кыпчак" ат кондурат. [1:30-33]. Чыйырдыны Акбалта 14 жашар чагында олжолоп алып келип, аны Жакыпка берет. Ошентип Чыйырды кыз төрөп, атын Кардыгач коет. үч жылдан соң Жакып үзүгү кырк көзөнөк, чети күйгөн табакты кекетип колуна карматып, сабы жок бычакты таңылчакка таңып, адам баспас талаага алып барып таштайт. Жарым ай токойдо Жакып бай багат. Айылындагы өзүбектин (жесир) уулуна азык берип, Жакып Чыйырдыга жөнөтөт. Токойдон коркуп бара жатса, алды жагынан 40 бала топ-топ болуп көрүнөт. Көргөнүн Жакыпка айтып келсе, баланы калмактарга айтып коет деген ойдо ат мингизип, чылбырды белине байлап, токойго айдап салат да, өзүбектин жесири Магдымга "Балаң төө тосууга кетти эле, жеткен экен ажалы, ат тепкилеп өлүптүр " деп, уулунун куну үчүн Магдымды алып, Серек, Сырга деген балалуу болот. [1:34-40] деп берилсе, *С. Орозбаковдун вариантында Манастын төрөлүшү түш аркылуу берилип,* Жакып Чыйырды Бакдөөлөт үчөөнүн түш көргөнү *менен берилип*, Түшүн Байжигит жоруйт: Кушуңуз бала экен, ажыдаардай айбаттуу эркек уул эр болот. Ал эми Байдөөлөттүн түшүн Дамбылда жоруйт. Бакдөөлөт тууйт 2 уул. үчөөнөр дүйнөдөгү түштүн зорун көрүпсүңөр дешип, бата берип тарашат [2:23-48] да, бул окуядан эки жыл өткөн соң Манас төрөлөт. Ал эми ***Манастын төрөлүшү Жусуп Мамайдын вариантында төмөндөгүдөй берилет.*** 3 айга чейин боюнда бар экенин билбейт, кыймылдап оозунан сары зил кетет. Жолборстун жүрөгүн, зымырык куштун тилин жесем деп талгак болот. Адилбек досу "кыргызда сыймык, касиет, карындаштан эр туулат" деп жолборстун жүрөгүн алып келсе, Орузду койнунан бир түйүнчөк алып чыгып, "Орозду атам барда Зумуруктун көзү деген, үрүм шаар паашасы урматтап белек бериптир, чечендин сөзү көркүндө, өткүрлүк куштун көзүндө" деп берет .Коштошуп, Балта үйүнө барып китебин ачып, "Ушул Манас" деп санаасы тынат. Чыйырды толготуп, көзүнө эчтеме көрүнбөй калган чакта: "Тээтиги Бакдөөлөттү Балта агам берди эле, көзүм өтсө бай Жакыпка алып бергиле" деп айтат. Толгоо келип, туучудай 2 күн жүрдү чусалап, куяңым деп ушалап, кескилеп уй берип, садага пул берип, табактабак ун берилет. Түндүктөн чыгара баканга кебез байлатып, былк эткизбей чындайт, килемге салып көлбөтөт, 15 күн онтолойт үйгө Акбалта кирип, котологон элди айдап, Жакыпка карап: "Короодогу иттин күчүгүнөн экини алып кел" деп туулган бала ушул деп кечилге көрсөтүшөт. Калмактын кечили күчүктү көрүп бул айылга бир күн да турбайм деп качат. Оң колундагы бүлтөктөгү "Манас" атын таап алышып, Манас атын которуп, Башкадан коюп ийели. Манас атын бурушту, Чоң жинди атка коюшту. [1:41-53]

С. Орозбаковдун вариантында Манастын төрөлүшү түш аркылуу берилип, Чыйырды жолборстун жүрөгүнө талгак болот. Шакандын толгоосу сегиз күн болуп, эки колун толтура кан ченгелдеп түшөт. Ага эл чакырылып ат коюу салты аркылуу той өтүп, дубана ат коюуга руксат сурайт. "Аты болсун Манас деп Аллаа таала сактасын ар балээден калас"-деп атын атап көздөн кайым болот. Ж.Мамайдын вариантында Жамгырчынын "Рам" деген китебинен Манас деген ат менен баатыр төрөлүшү билинет. Кечил молдолор кыргыздын боюнда бар кыз-келиндеринин ичин жарышы, уул төрөсө өлтүрүшү, Чыйырдыны Акбалта 14 жашар чагында олжолоп алып келет. Анын биринчи перзенти кыз, аты-Кардыгач. Чыйырды жолборстун жүрөгүнө, зумурук куштун тилине талгак болуп, 15 күн онтолоп, төрөйт. Оң колундагы бүлтөктөгү "Манас" атын таап алышып, Манас атын которуп, Башкадан коюп ийели. Манас атын бурушту, Чоң жинди атка коюшат. Жалпылык жактары: эки варианттагы салттуу өнөктөктө айлаган Манастын 40 чоросу менен талаада көрүнүшү сыяктуу сүрөттөөлөр, Зайлык болгондо талгак экендигин билиши, Манас деген баатырдын жарык дүйнөгө келиши.

Жеке Жакыптын балалуу болбошу тууралуу окуялардын берилиши, эки вариантта тең турмуш көрүнүштөрүнүн оголе кеңири мезгил мейкиндик алкакты камтып, окуяларда каармандардын саны көп болуп, көркөм формасынын кенендиги булардын баарын бириктирип турган Манас баатырдын төрөлүшү жөнүндөгү окуяларды көрсөтүүгө болот. Эки айтуучунун вариантында тең жеке адам менен коомдун ич ара байланыш-катышы да мына ушул улуу Манастын төрөлүшү менен байланышып, башкача айтканда Жакыптын жеке мүнөзүндөгү сарандыгы бааланып, анын адамгерчилигинин сакталып калышы Манастын дүйнөгө келиши менен берилет.

Манас эпосу, кайсы жерде, кандай шартта, кандай чөйрөдө айтылып келсе да, кыргыздардын күчтүү жооДон жеңилип, Жакыптын Алтайга айдалып барышы, Манастын төрөлүшү сыяктуу окуялар менен коштолуп айтылып келген. Советбек Байгазиевдин "Улутубуздун сыймыгы-улуу "Манасты" беш колундай билүү Ала-Тоолук ар бир жарандын атуулдук парзы"-деген таамай айткан сөзүнө кошулуу менен,[4;2] Манасты таанып билүү маниси так ушул салттык окуялардан башталат демекчибиз.

Сөзүбүздүн аягында эпостун ар бир жаратуучусу же айтуучусу өздөрүнүн үйрөнгөн мектебине жараша варианттар ортосунда жалпылыктарды түзүү менен айырмачылыктарды, өзгөчөлүктөрдү бөлүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк алдык деген ойдобуз.

Адабияттар

1. Кыргыз элинин тарыхый эпосу МАНАС 1-бөлүм (биринчи китеп) Айтуучу: Жусуп Мамай Иреттөөчү: Асанбай Матили Араб арибинен көчүргөн: Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Түштүк регионалдык бөлүмүнүн Коомдук илимдер институтунун илимий кызматкери Орозбубү Сатиш Кызы. -Ош,1995.

2. Сагымбай Орозбаков Манас: Эпос Сагымбай Орозбай уулунун варианты боюча.-Ф.: Кыргызстан,1979.

3. Манас энциклопедия II Манастын сюжети - Ярупа Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы "Мурас" илимий-педагогикалык ишкер долбоору - Б.,1995.

4. Байгазиев С. Айкөл Манас. Манас сенин жан дүйнөң! -Б., 2002.

Б. Акматов,
К.Карасаев атындагы БГУ

МУХТАР АУЭЗОВДУН АЛГАЧКЫ АДАБИЙ-ЭСТЕТИКАЛЫК ДҮЙНӨ ТААНЫМЫ ЖАНА XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНДАГЫ АБАЛДЫ ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

Азыркы учурдун талабына ылайык, деги эле адабият таануу илиминде методологиялык жактан бир топ маанилүү маселелер өзгөргөнү белгилүү болсо, ал илимий-теориялык жактан бардык багыттар боюнча мүнөздүү жаңыча мамиле зарыл экенин аныктоодо. Ырас, мында методология маанилүү орунду ээлей тургандыгы талашсыз. Ал төмөнкүлөр менен түшүндүрүлөт:

Биринчиден, көркөм-эстетикалык ой жорум бардык элде көп түрдүү мазмунга ээ болгондой эле кыргыз адабиятына да мындай көрүнүш мүнөздүү экенин таануу милдети турат. Албетте, мындай шартта анда өз чыгармачылыгын жараткан ар бир сүрөткер кандай формада эмгектенбесин башка идеялык-мазмундук, адабий-эстетикалык табылгалары боюнча өз баасын алууга тийиш. Мында кыргыз адабиятында буга чейин өз баасын алып, доордун коомдук-саясий талаптарына ылайык кээ бири ашыра макталып, кургак эмоцияга алдыруу менен классика катары көрүнсө, ал доордун айрым чыгармалары дайыма сындын объектиси болуп келгендигин эске алуу менен андагы бардык чыгармалар адабий-эстетикалык ачылгасына жараша өз ордун ээлеш керек болуп турат. Кандайдыр бир деңгээлде алардын өз ордун аныктап берген буга чейинки коомдук-саясий түзүлүш аренадан кеткенине байланыштуу кыргыз адабиятына жаңы аралашкан, көп түрдүү адабий ойлоо мүмкүн экендигин мойнуна алган жаңыча көз караш таяна турган *методологиялык принциптерди алды менен тактап алуу* да маанилүү болуп саналат.

Ал методологиялык принциптер сырттан келбей тургандыгы анык, тескерисинче ошол доордогу бардык адабий өнүгүштүн оош-кыйыш бирдей камтый турган практикалык кубулуштардан теорияга багыт алганы талапка ылайык келет. Мындай шарт менен кароого тийиш болсок, анда ошол доордун эң баштапкы этаптарын чыгармачылыгы менен басып өтүп, анан алардын арасынан суурулуп чыгып, өзүнүн адабий-эстетикалык дүйнө кабылдоосу менен ошол заманга үлгү болуп бере ала турган сүрөткердин чыгармачылыгына токтолуу менен проблемага баруу экени ачык көрүнөт. Кыргыз адабияты жараткан көркөм-эстетикалык туундулардын арасында мындай талапка үлгү болуп бере турган бир дагы сүрөткер жок.

Экинчиден, методологиялык принциптерди тактоодо XX кылымдын башынан тарта, андан соң 20-30-жылдарындагы пайда болгон акын-жазуучулардын чыгармалары өзгөчө маанилүү орунду ээлеп турат. Анткени, бул мезгилде кыргыз адабиятында жаралган көркөм-эстетикалык туундулардын көпчүлүгү бүгүн чыныгы адабий-эстетикалык жүктү көтөрө албай, совет доорунда алган баасы төмөндөп, кээ бирлери таптакыр адабий-көркөм чыгарма катары кадырын жоготуп калган учурлары кездешүүдө. Ошол эле мезгилде, анын карама-каршысында туруп, мурда таптакыр кадыры жок, өзүнөн кийинки муундун чыгармачыл көз карашын тарбиялоого кедергисин тийгизе турган чыгармалар катары бааланып келе жаткан айрым бир адабий туундулардын мартабасы жогорулап баратканы кыргыз адабият таануу илиминде ошол чыгармаларга эле эмес, ошол доордун өзүнө илимий-теориялык учурда пайда болгон жаңы талаптарга ылайык баасын берүү зарыл экенин ачыкка чыгарууда. Бир мезгилде, кадыры ашып, андан башка үлгү боло турган чыгарма жоктой болуп, ырысы ташып турган XX кылымдын 20- жана 30-жылдарындагы адабий-эстетикалык туундуларына совет доорундагы абалына, б. а. ошол мезгилге мүнөздүү ээлеген ордуна, ошону менен катар ушул тапта адабий-эстетикалык бардык кудуретинен ажырап отурган учуруна туура, болгондо да тигил же бул тарапка ыктабай илимий-теориялык багытта калыс баа берүү үчүн илимий-методологиялык жактан так аныкталган жолду тандоо зарылдыгы турат.

Мында XX кылымдын башындагы кыргыз адабиятындагы абалды изилдөөнүн методологиялык маселелери эмне себептен *М.Ауэзовдун алгачкы адабий-эстетикалык дүйнө таанымы* менен байланыштуу каралууга тийиш? *Биринчиден,* М.Ауэзов бир гана казак адабияты үчүн гана эмес, ал ошол мезгилде совет адабиятына кирген бардык улуттук адабияттагы советтик адабий-эстетикалык көз караштардын калыптанусу үчүн өзүнчө эталон болуп бере алат. Анткени, М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык көз карашы совет мамлекетинде бир тараптуу сыдыргыга салгандай шыр эле өнүгүп кетпестен, ал ошол доорго таандык болгон бардык адабий-эстетикалык көз караштардын он жана терс жактарын толугу менен өз боюна синире алгандыгы, ошондой эле көп түрдүү көз караштардын баарын синтездөө аркылуу жеке сүрөткерлик чеберчиликке өсүп жетип отурганы менен баалуу болуп саналат. Кыргыз адабиятында жана Орто Азиядагы башка адабияттарда көркөм туунду жаратканы боюнча балким М.Ауэзовдон ашып түшкөнү бардыр, бирок ошол доордун ичинде туруп, ушунчалык карама-каршылыктуу чыгармачыл жолду басып, эңшере оодарууга аракеттенген душмандарын жалаң чыгармачылыгы аркылуу "жеңип", болгондо да таза адабий-эстетикалык жактан дүйнө эли суктана тургандай адабий-көркөм чыгарма жаратып бергени жок экенин моюнга алсак, анда ал жараткан көркөм-эстетикалык табылга бир гана казак эли үчүн гана маанилүү болбостон, ошол доордо, ошондой эле чыгармачылыкты басып өткөн тектеш элдин адабиятын үйрөнүү үчүн да анын баскан жолу баалуу экени ачыкка чыгат. Анткени, кыргыз адабиятында эмгектенген акын-жазуучулардын

көпчүлүгү ал баскан адабий чыгармачылык жолду басканы менен ошол мезгилдеги чыгармачылык изденүү бийиктигине жетишкен эмес. Мындай бир жактуу жана кескин пикир айтууга себеп, алардын айрымдары өз позициясында калуу менен өзү жашаган доорго "батпай", эл душманы аталып (мисалы, К.Тыныстанов, ж. б.) жазган чыгармалары өзүнө "душмандык" кылган болсо, ал эми ошол доордо кадыр күтүп (мисалы, А.Токтомушев, К.Маликов, Т.Үмөталиев, ж. б.), жаратканы "жакшы чыгарма" катары бааланганы менен азыркы учурда ошол бийиктигин сактай албай, баштапкы нарк-насили жасалма экени ачыкка чыгып отурат.

М.Ауэзовдун чыгармачылыгын, өзгөчө адабий-эстетикалык көз карашынын баалуулугу анын чыгармачыл баскан жолунда тигил да тарабы, бул да тарабы болуп, бирок ошол доордун эки жактуу, ошол эле мезгилде карама-каршылыктуу адабий-көркөм дүйнө кабылдоосунда бирдей жашап, алардын өтмө-катар байланышын өз боюна толук сактай алуу менен бирге адамзат суктана турган адабий-көркөм дөөлөттүк чыгарма бере алганында турат. Демек, башка замандаштарынан өзгөчө сапатка ээ адабий-эстетикалык дүйнө кабылдоосу саясат менен куралданган доорду жеңип, андан дүйнө калкы суктана турган чыгарма жаратууга бардык доордо мүмкүн экенин ырастап берүү кудуретине шайкеш келди десек, өз дооруна тиешелүү бардык мүмкүнчүлүктү ырааттуу пайдалана алган анын чыгармачылык ишмердүүлүгүн ошол доорго таандык адабий-эстетикалык көз караштардын өнүгүү этабы менен кароого байланыштырбай коюу методологиялык жактан калпыстык болоору бышык.

Үчүнчүдөн, СССРдин кыйрашы менен союздук республикалар эгемендүү мамлекеттерге айланып, анын натыйжасында мурда болуп келген жалпылыктарды, биргелешип өнүгүү багытында болгон биримдиктерди көз жаздымда калтыруу күч алып барат. Мамлекеттеги эгемендүү эркиндик өлкөнүн ички саясатын жүргүзүү менен мурда саясий тосмолор менен тосулуп келген эл аралык мамилелердин түпкү нугун өзгөртүп гана тим болбостон, алардын ортосундагы чыгармачылык биримдикти, адабий-эстетикалык нукта биргеликте пайда болгон жалпылыкты жокко чыгаруу, б. а. эгемендүү эки мамлекеттин суверенитетинде каралуучу жаңы баскычтагы достук, кызматташтык мамилелерди жараткандыктан, алардын баштапкы жуурулушкан өтмө-катар байланышы илимий-теориялык, ал тургай методологиялык жактан жаңыча мамилени талап кылууда. Тагыраак айтканда, бир мезгилде "капитализм" жана "социализм" деп өз ара чек коюлуп келген саясий мамилелер түп тамырынан кыйрап, Кыргызстан жер шарынан 80ден ашуун мамлекеттер менен адабий-достук мамилелерди түзгөнү менен улуттук адабий-эстетикалык ой жорум кайсы багытта өнүгө турганын билүүнү талап кылган болсо, алардын көркөм-адабий, өзгөчө философиялык-эстетикалык нарк-насилине туура баа берүү үчүн да кыргыз адабияты идеялык-философиялык жана адабий-эстетикалык багытта кандай жолду басып өткөнүн аныктоо, ошол эле мезгилде анын алдыңкы сабында кимдер турганын ачыкка чыгаруу адабий чыгармачылыктын кийинки өнүгүүсүнө методологиялык жактан туура баа бергендик болуп саналмакчы.

Төртүнчүдөн, XX кылымдын алгачкы он жылдыгынан бери карай далай залкарлар чыгармаларын жазып, өткөн кылымдын даңазалуу сүрөткери каторы өз ордун таап калса да, кыргыз адабиятында адабий-эстетикалык көз караштардын өнүгүүсү үчүн М.Ауэзовдун ысымы өзүнчө бөлүнүп карала турганына маанилүү себеп бар. Кыргыз адабият таануу илиминде күн тийген чокудай жаркырап турган эки адабий-эстетикалык мурасыбыз - "Манас" менен Ч.Айтматовдун чыгармалары болсо алардын экөө менен тең М.Ауэзовдун ысымы байланышып турат. Тагыраак айтканда, "Манас" эпосунун элдүүлүгүн кандай туура элге түшүндүрө алса, Ч.Айтматовдун калеминен жаралган алгачкы чыгармалардын дүйнөлүк адабияттагы ордун дал ошондой көрсөтө алган. М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык жактан кыргыз адабиятына тийгизген таасирин субъективдүү жагдайлар менен кароо туура эмес. Анын ошол доорго мүнөздүү объективдүү жактары да кездешет. Ырас, өткөн доордо, социалисттик коомдо улут аралык маданий байланыштардын диапозунун өтө кеңири болгону буга башкы себеп, б. а. совет өлкөсүндө жашаган көп улуттуу элдердин адабиятынын жалпы эстетикалык деңгээли үчүн өтө кам көрүлгөн. Тагыраак айтканда, ар түркүн улуттардан чыккан таланттардын үлгүлүү чыгармаларын пропагандалоо, аларды өз ара таасир алууга шыктандыруу, милдеттүү түрдө адабий байланыштарды күчөтүү, жалпы советтик адабий процесстин жетишкендигин даңазалоо иштери жүргүзүлүп турган болсо, мындай көрүнүш улуттар адабиятын жакындаштыруу үчүн гана маанилүү роль ойнобостон, улуу сүрөткерден таасир алууга да шарт түзгөн.

Азыркы учурда XX кылымдын биринчи жарымына мүнөздүү адабий-эстетикалык ойлордун өнүгүүсүн изилдөө маселесине методологиялык жактан туура баа берүү шартында мындай көрүнүштү эсепке албай коюуга болбойт. Анын объективдүү жагдайы белгилүү бир улуттук адабиятта ири жетишкендик болсо, аны жалпы союздук адабият менен байланыштыруу аракети адабий өнүгүштүн жалпы союздук көркөм дөөлөттөрүн изилдөөдө гана маанилүү болбостон, андай чыгармаларга таасирленип өзүнүн адабий-эстетикалык туундуларын жаратууга да негиз болуп бергенин айтпай коё албайбыз. Учурунда бул улуттар аралык адабий байланышка мамлекет тарабынан көрүлгөн камкордук болсо, ал өз кезегинде ири бурулуш жарата алган адабий-эстетикалык дүйнө таанымга карай милдеттүү багыт алууну шарттагандыгы менен да айырмаланат. Маселен, КПССтин программасында "СССР элдеринин маданиятынын социалисттик мазмунун өнүктүрүүгө чечүүчү даражада маани берип, партия алардын мындан ары да өз ара байланышына жана ошону менен коммунисттик коомдун келечектеги жалпы адамзаттык бирдиктүү маданиятынын түзүлүшүнө көмөк көрсөтөт. Ар бир элдин прогрессивдүү традицияларын колдоп, анын прогресивдүү үлгүлөрүн бардык советтик адамдардын кенчи кылып, партия коммунизмди куруучулардын бардык улуттар үчүн жаңы бирдиктүү революциячыл традицияларын бардык чаралар менен өнүктүрөт" [1] деп жазылгандай милдеттүү таануланганы азыркы мезгилде М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык көз карашын кыргыз адабиятындагы адабий чыгармачыл ойлордун өнүгүшү менен объективдүү байланыштырууга методологиялык жактан негиз болуп бере алат.

Ырас, компартиянын программасында айрым бир кыялый түшүнүктөр сакталса да, улут аралык адабий байланыштарды өнүктүрүүгө, алардын баары бир "катарда", бири-биринен калбай "жүрүшүнө" терең маани берилген. Маселен, "эл достугу адабият досту-

гу" деген ураандын астында көптөгөн иш чаралар аткарылып, анда адабияттардагы адабий-эстетикалык көз караштарды жакындаштыруу, улуттардын адабий байланышын күчөтүү, өзгөчө алардын ички карым-катышын түзүү бир улутта болгон адабий табылганы экинчи бир адабияттан "изилдөө иштерине" өтө маани берилгендиктен, кыргыз адабиятында М.Ауэзовдун табылгаларын үйрөнүү иштери актуалдуу гана болбостон, турмушту көркөм аңдаштыруу үчүн да илимий-практикалык жактан маанилүү роль ойногон.

Ошондой эле М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык көз карашынын кыргыз адабиятына тийгизген таасирин методологиялык жактан изилдөөдө төмөнкүдөй жагдайларды да эске алуу зарылдыгы турат. Анткен менен социалисттик идеологиянын бир жактуулугу көп улуттуу адабияттардын өз ара байланышына тиешелүү маселелердин баардыгын толугу менен чечкен эмес. Мындай көрүнүш, биринчиден, СССРде жашаган бардык элдердин адабий байланыштарына бирдей талап коюп, бирдей критерийден мамиле кылгандыктан болгон. Анткени СССРдин курамында турган элдердин географиялык шарты, тилдик, этникалык тамыры тарыхый-социалдык байланыштары ар түркүн экендигине карабастан алардын генетикалык байланышына маани бербестен, бир жактуу талап коюлган да, эгерде белгиленген критерийлерге туура келбегени болсо да көз жаздымда калтырылганы да М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык көз карашы менен кыргыз адабиятынын өз ара катышында турган кырдаалдар аркылуу ачылып берилиши керек.

Бешинчиден, кыргыз адабиятындагы адабий-эстетикалык көз караштардын эволюциясын кароодо бир гана М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык дүйнө кабылдоосу менен чектелүүгө болбойт. Тескерисинче, анын чыгармачылыгы эркин өнүгүүсүнө жолтоо болгон тарыхый кырдаалга да баа берүүдө советтик адабияттын таптык кызыкчылыгын эске алуу ал мезгилдеги илимий-теориялык ойлордун методологиялык негизин таап, туура баа бергендик болуп саналат. Мында адабий-эстетикалык ой жорумдун эркиндигине карай мамиле болбостон, адабий өнүгүшкө, андагы бардык көрүнүшкө таптык кызыкчылыктан мамиле болгондуктан, ал мезгилде жаралган адабияттын көркөм дөөлөттөрү бир жактуу жана чектелүүчүлүк менен каралганын айтпай кетүүгө мүмкүн эмес. Советтик идеология улут аралык карым-катышта социалисттик түзүлүштүн андагы улуттук маданий - адабий байланыштын кадыр-баркын эпсиз көтөрүүгө аракет кылгандыктан, айрым учурларда адабий-эстетикалык ойлордун өсүп-өнүгүүсүнө ашыкча, кургак далилсиз мактоолор арналып, андай жагдайлар көркөм-эстетикалык наркты аныктоодо терс көрүнүштөрдү түзүп, окурмандын эстетикалык табитине доо келтиргенин да белгилей кетишибиз керек. Же болбосо анын тескерисинче, жазма адабияттын алгачкы калыптануу мезгилинде өтө өнүккөн идеялык ар тараптуулукту бир тараптуу сындоо, өзгөчө улуттук адабияттын ички сапаттык белгиси катары жаралган ошол учурдагы адабий чыгармалардын ири табылгаларын жокко чыгарууга байланышкан илимий-теориялык изилдөөлөрдүн методологиялык жактан туура эмес экенин ачыкка чыгаруу милдети да даана көрүнөт. Кыргыз жазма адабиятынын пайда болушу жана калыптанышы тууралуу кеп болгондо анын негизги чеги катары Октябрь революциясынан башталып, андан бери карай өнүккөндүгүн далилдеген пикирлер [2] кыргыз адабият таануусунда дагы басымдуу орунду ээлейт. Атүгүл мындай көз караш илимий чөйрөдө аксиома катары колдонуп келе жаткан болсо, биз М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык ойлорунун башталышы, анын алгачкы чыгармаларында таянуу аркылуу кыргыз жазма профессионалдык адабияттын пайда болуусуна өбөлгө түзгөн жагдай революциядан мурдараак башталганын да да далилдөө милдети турат.

Ошондуктан жазма адабияттын пайда болушун кеп кылаардан мурда, анын жаралуусуна өбөлгө болгон жайдайларга басым коюп, ал өбөлгөлөрдүн кайсы тарабы азыраак роль ойногонун да аныктап алуу зарылдыгы байкалат. Анткени XX кылымдын башында жазма адабиятыбыздын алгачкы кирпичтерин коюшкан кыргыз адабиятынын 20-жылдардагы өкүлдөрүнүн көпчүлүгү М.Ауэзов сыяктуу Октябрь революциясына чейин эле кат сабатын жоюп, жазма адабияттын алдынкы үлгүлөрү менен аталган кылымдын алгачкы он жылдыгында эле таанышып калгандыгы белгилүү. Демек, кыргыз жазма адабиятынын алгачкы карылыгачтары дин өкүлдөрүнөн кат сабатын жойгонун, мусулман динининин таасиринде тарбиялангандыгын, анын натыйжасында өз жерине келген орустарды жактырышпаганын, ал эми мындай көрүнүш ошол мезгилде жаралган адабий-эстетикалык туундулардын өзөгүн түзгөнүнө методологиялык жактан туура баа берүү керек болууда. Анткени ал мезгилде жаралган адабий чыгармаларда кыргыз, казак элдеринин саясий эркиндигин самаган идеялар өтө басымдуу орунга ээ болгондуктан, совет доорунда темир сандыкка жашырылып, ал мезгилге таандык айрым академиялык изилдөөлөрдө [3] сындоо менен чектелсе, алар азыркы мезгилге чейин колдонулуп келе жатканы маселе дале күчүндө экенин көрсөтүп турат.

Адабияттар

1. КПССтин программасы. - Ф.: Кыргызстан, 1972, 123-бет.

2. Солтоноев Б. Кызыл Кыргыз тарыхы. - Б.: Учкун. 1993, 81-бет

3. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. -Ф.:Илим, 1987, 9-50-беттер.

А.Шенгун,
К.Карасаев атындагы БГУ

КААДА-САЛТ ЫРЛАРЫНЫН КЫРГЫЗ АДАБИЯТ ТААНУУ ИЛИМИНДЕ ИЗИЛДЕНИШИ

Кыргыз калкы байыртан калыптандырган улуттук маданияты, өзгөчө көчмөн турмушка негизделип түзүлгөн элдик оозеки фольклору боюнча дүйнөнүн көптөгөн элдеринен айырмаланып, бардык жагынан уникалдуу мүнөзгө ээ болуп турат. Дүйнө элдери элдик оозеки чыгармачылыктары менен эрте эле коштo-

шуп койгон болсо, кыргыздар бул чыгармачылыктан дале болсо байланышын үзө электиги алар үчүн фольклордун ролу канчалык экендигин көрсөтө алат. Эгерде көпчүлүк элдерде фольклор сыяктуу чыгармачылык байыркы маданиятын таанып-билүүнүн булагы болсо, кыргыздарда анын орду эл турмушунда дале баякыдай күчүндө тургандыгын көрүүгө болот. Анткени, улуттун казынасына айланып кеткен элдик чыгармалардын көпчүлүгү деле эл арасында кадимки абалында колдонулуп, журттун *көңүл ачуу, кайгыруу, аза күтүү* салттарында, баласын *бешикке салуу*, уулун *үйлөнтүү*, кызын *күйөөгө берүү* ырым-жырымдарынын бир атрибуту катары колдонулуп келгени азыр да окумуштуулар тарабынан айтылып жүрөт [1]. Анда эл арасында мурда пайда болгон каада-салт ырлары менен катар автору белгисиз элдик болуп калган лирикалык чыгармалардын аткарылып жүргөнү буга мисал болуп бере алат.

Кыргыз элинде фольклордун чыгармалардын бардык түрү өтө өнүккөндүгүн ага кайрылган изилдөөчүлөрдүн баары бир ооздон белгилеп келишүүдө. Андай көз караштардын алгачкысы катары XIX кылымда изилдеген кыргыз фольклорун окумуштуулар Ч.Ч.Валиханов, [2], В.В.Радловду [3] атап кетүүгө болот. Алар кыргыздардын фольклордук чыгармаларына алгачкылардан болуп кайрылып, элдик көркөм мурастын өзгөчө сапаты бар экенин белгилеп кетишкен болсо, алардын арасында биз өзүнчө бөлүп токтоло турган жанр - каада-салт ырлары дагы кире тургандыгын белгилеп коюуга тийишпиз. Алар зор көлөмдөгү "Манас" эпосу башында турган фольклордук чыгармаларга кайрылууда биздин изилдөө объектибиз болгон элдик каада-салт ырларына өзүнчө токтолгон эмес. Бирок, ошол зор көлөмдөгү чыгармалардын жаралуусуна кайрылган мезгилде элдин көчмөн турмушуна, анда колдонулган каада-салттарга, үрп-адаттарга, элдик ырым-жырымдарга көңүл бурбай коё албаган. Мындай мамиленин болушун кийинки адабиятчылар ар кыл өңүттөн түшүндүрүшкөнү менен көзгө так-таамай көрүнүп турган нерсе - алардын мазмунунда көчмөн тиричиликке негизделген коомдук-социалдык турмуш тургандыгы талашсыз. Чынында эле элдик оозеки чыгармачылыктын бардык түрлөрү - эпикалык, лирикалык ал тургай окумуштуулар өзүнчө бөлүп көрсөтүп жүргөн дидактикалык чыгармалардын жаралуусуна, аларда чагылган идеялык-тематикалык мазмунга, идеялык-эстетикалык деңгээлдерге кыргыз элинин социалдык турмушу, анда орун алган каада-салттардын таасири зор экендигин эстен чыгарууга болбойт. Элдин жашоо-турмушу дүйнөлүк көркөм казынада айтып бүткүс орду бар "Манас" эпосунун жаралуусуна кандай маанилүү орунда турса, майда лирикалык жанрлардын пайда болуусу жана калыптануусу үчүн да кеңири орун алган.

Анан калса фольклордук майда жанрдагы ар кандай лирикалык чыгармалардын мазмунунан, ал тургай лирика менен эпиканын тогошкон жеринен жаралган дидактикалык чыгармаларда да элдин кайнаган турмушу кандай көрүнүп турса, улуттук каада-салт, үрп-адат жана ырым-жырым, жөрөлгөлөр ошондой чагылып турат. Кыргыз фольклорунда эпикалык чыгармалар көлөмү менен көзгө бараандуу көрүнсө, элдик лирикалык чыгармалар эл турмушу менен жуурулушуп жашагандыгы менен айырмаланып турат. Каада-салт ырлары элдик башка чыгармалар менен бир катарда туруп, эпикалык жана лирикалык көркөм туундулар ошол мезгилде кандай милдет аткарса, ошондой милдет аркалап келген. Кыргыз элинде элдик оозеки чыгармачылыктагы лирикалык жанрдагы чыгармалар тектеш башка элдерге салыштырмалуу кыйла көп санда жаралган болсо, алардын өзөгүн каада-салт ырлары түзө тургандыгын белгилей кетүүгө тийишпиз.

Элдик оозеки чыгармачылыктагы мындай касиеттин бар экени окумуштуулар арасында аны жиктештүрүүдө кыйынчылык түзбөй койгон эмес. Бул өзгөчөлүктү илимпоздор бир ооздон белгилеп келишкени менен кыргыз фольклорун ар тараптуу изилдеген окумуштууларга мындай каада-салтка негизделген жалпы касиетти жетекчиликке алуу мүмкүн эмес болгон. Эгер кыргыз фольклорун классификациялоодо окумуштуулар мына ушул улуттук каада-салтка негизделген касиетти башкы орунга коюп анан бөлүштүрө турган болсо, анда эл арасында сакталып калган бардык фольклордук лирикалык чыгармалар каада-салт ырларына кире тургандыгы анык. Ошондуктан, улуттук фольклорду классификациялоого бел байлаган окумуштуулар элдик оозеки чыгармачылыктагы лирикалык чыгармалардын мындай касиетин "эстен чыгаруу" менен мамиле кылууга аракеттенишкен. Анын натыйжасында лирикалык чыгармаларды андан башка сапаттык бөтөнчөлүктөрүнө таянуу менен бөлүштүрүүгө багыт алышкандыктан, каада-салттык түшүнүктөр элдик фольклордогу лирикалык чыгармалардын ичинен таза салттык көрүнүштөрдү ичине алган чыгармаларды гана атоо менен чектелип, ал эми мазмуну боюнча башка тематиканы камтыган ырлар бөлөк аталыштар менен берилип, тар түшүнүккө ээ боло баштаган. Кыргыз адабиятчыларына мүнөздүү болгон мындай көрүнүш бир гана кыргыз адабият таануу илимине тиешелүү болбостон, андай бөлүштүрүү советтин курамына кирген түрк тилдүү элдерге да мүнөздүү болуп, салыштырып караганда кыргыз, казак, кара калпак фольклористикасында бул багытта бир топ жалпылыктар бар экени көзгө даана көрүнөт.

Маселен, К.Мифтаков XX кылымдын 20-жылдарында өзү эл ичинен жазып алган материалдардын өзгөчөлүгүн аныктоо үчүн кыргыз фольклорун классификациялоого аракеттенет. Алгач 1923-жылы кыргыз фольклорун "Кыргыздын калк адабияты" деп атап, аларды "макал", "табышмак", "майда-чүйдөлөр", "жөө жомок", "секетпай-күйгөн", "кара ыр" (терме), "чоң ыр" (жомок) деп алтыга бөлүштүрөт. Бирок, мындай бөлүштүрүү көңүлүнө туура келбей калсак керек, ага кайрадан кайрылып, айрым толуктоолорду киргизет. Анын биринчи бөлүштүрүүсү боюнча "кыргыздын калк адабиятына" (фольклоруна) куудул, санжыра, айтыш, кыз өбүү, кыз кошогу, кошок сыяктуу жанрларды топтоп, өзүнчө бир топко киргизет. К.Мифтаков өзүнүн көз карашында болуп жаткан мындай өзгөрүүлөргө эмне себеп болгондугун түшүндүрбөйт. Болгону бөлүштүрүүсүнө негиз болуп берген чыгармаларды бөлүп көрсөтүүгө аракеттенгендигин байкоого болот. Биздин жеке баамыбызда фольклор жыйноочунун көз карашынын өзгөрүүсүнө өзү жазып алган улуттук фольклордогу чыгармалардын мазмуну себеп болгон сыяктанат, бирок ал мындай жиктештирүүнү ошол мезгилдеги башка элдерге мүнөздүү болгон классификациялоо принпиптери менен тааныштыгы маанилүү роль ойногон деп эсептөөгө болот.

Фольклор жыйноочу өзүнүн бөлүштүрүүсүндө айрым бир жаңылыштык кеткенин сезген окшойт, кай-

радан ага 1924-жылы толуктоолорду киргизет. Ал бөлүштүрүүсү боюнча "Көңүл улоо сөздөрү" деген жалпы аталыш алат да, ага кара ыр (терме), кошокту киргизип, анда кошокту "кыз кошогу", "көрүшүү" деп маанисине карай ажыратат. Ал эми өзү мурда "Кыз өбүшүү" деп бөлүштүргөн топту экинчи топко айтыш, калп менен бирге топтоштурат. Өзүнүн мындай бөлүштүрүүсүнө ал өзү да канааттанбаган окшойт, ошондуктан буга 1927-жылы дагы толуктоолорду киргизет. Анда салт ырларын маанилик жактан бөлүштүрүүгө аракеттенип, той менен кызды узатуу багытындагы оюндарда ырдалуучу ырларды топтоштуруп, "Кыз өбүш" деп атайт да, кыз оюнда (токмок салууда) ырдалуучу ырлар маанисинде түшүндүрөт. Ал эми бул бөлүштүрүүдө башка каада-салт ырлары майдаланып, өзү тарабынан мурда бөлүштүрүлгөн айрым бир салт ырларын башка топко киргизет, б. а. анын акыркы бөлүштүрүүсү боюнча адамды өлгөндө жоктоо маанисинде ырлар "кошоктор" деп аталат да, аларды "Көңүл улоо" деп аталган башка бөлүмгө термелер (кара ыр) менен жайгаштырылат. [4] Бирок К.Мифтаковдун мындай бөлүштүрүүсү кыргыз фольклорун жыйноочулар жана изилдөөчүлөрүн анча алымсындырбаса керек. Анткени, алар бул ишке XX кылымдын 30-жылдарда абдан активдүү киришип, айрым жагдайлар боюнча кескин айырмаланган толуктоолорду киргизе башташат. Бул мезгилде кыргыз адабиятчыларынын адабий-теориялык көз караштарына орус адабият теориясынын таасири тийгендигин көрүүгө болот. Себеби, К.Мифтаковдун фольклордук жанрларды классификациялоо принцибине кыргыз элинин улуттук чыгармаларынын ички өзгөчөлүгүн эске алуу касиети акырындап солгундаган, б. а. алар элдин оозеки чыгармаларды жиктештирүүдө кыргыз элине мүнөздүү мазмундук жана формалык сапатына карай жанрларды бөлүштүрүүгө көңүл бурулбастан, орус адабиятында кандай болсо ошол жанрдык аталыштарды кабылдоо аракети башталган. Бул маселеге кийин кайрылып, аны терең изилдөөгө аракеттенген Б.Кебекова ал мезгилдеги бөлүштүрүүгө канааттанбай тургандыгын төмөнкүдөй пикиринде билдирет: "Анын айрымдары жарык көргөн. Бирок жарыяланган, жарыяланбаган таблицаларга көз жүгүрткөндө жанрдын кайсы белгилерин негиз кылып алгандыгын так айтуу кыйын... Жогорку схемалардан фольклордук чыгармаларды классификациялоодо ырлардын жок дегенде мазмундук тематикалык өзгөчөлүгү эске алынып, элементардык илимий критерийлердин сакталбагандыгы ачык көрүнүп турат" [5].

Ырас, маселеге андан ары киришип Б.Кебекова каада-салт ырларын классификациялоо боюнча орус адабият таануу илиминдеги изилдөө багытындагы көз караштарга токтолот да, бөлүштүрүүнүн илимий принциптерин ошол жактан алып, кыргыз фольклорунда каада-салт ырларын анын негизинде бөлүштүрүүгө аракеттенет. Албетте, мындай бөлүштүрүү принциби кыргыз адабият таануу илими үчүн мүнөздүү болуп калгандыгын көрсөтөт. Сыртынан, бир караганда туура көрүнгөнү менен экинчи жагынан дале тактоону талап кыла турган иштер бар экени ачык эле көрүнүп турат. Тагыраак айтканда, адабият таануу илиминде теориялык ойлордун белгилүү бир жалпылыгы болгону менен ар бир улуттук адабияттын өзүнө гана тиешелүү өзгөчө белгилери боло тургандыгы мында эсепке алууга тийиш. Бир элдеги адабият таануу илиминдеги илимий-теориялык көз караштар толугу менен экинчи бир адабият таануу илимине ошол турушунда келиши мүмкүн эмес экендигин дүйнө элдерине мүнөздүү адабият таануу илими эчак эле далилдегенин белгилей кетели.

Эгерде маселеге ушул өңүттөн мамиле кыла турган болсок, анда кыргыз адабият таануу илиминде улуттук фольклордун лирикалык жанрдагы чыгармаларын изилдеген жана классификациялаган окумуштуулардын буга чейин аткарган илимий эмгектерине толуктоолор зарыл экендиги байкалат. Мындай көз караш кыргыз адабият таануу илиминдеги илимий концепцияны жокко чыгаруу эмес, бар болгону калыптанган илимий-теориялык ойлорго, илимий мурастарга айрым бир багытта толуктоолорду киргизүү зарыл экенин туюндурат. Анткени, азыркы мезгилдеги демократиялык ой жүгүртүүнүн талаптары менен карай турган болсок, маани-маңызы жана калтырган мурастары боюнча өтө бай кыргыз фольклорун совет мезгилиндей марксисттик-лениндик таанып-билүү теориясы менен кароо ыңгайсыз жана бир беткей болуп кала тургандыгы анык. Эгер кыргыз фольклорунун кийинки тагдыры жөнүндө окумуштуулар терең ойлоно турган болсо, аны бир кезде бир жактуу каралып калган көз караш менен калтырбастан, азыркы мезгилдеги дүйнөлүк адабий билимде жетишкен бийиктик менен мамиле этүү кызыкчылыгы турат. Демек, биз алдыбызга коюп, изилдөө үчүн киришип жаткан проблемага ушул багытта мамиле кылсак, анда кыргыз элинин элдик оозеки чыгармаларындагы каада-салт ырлары да баштапкы бөлүштүрүүсүнөн бир кыйла толуктоолорго ээ боло тургандыгын көрөбүз. Бизди мындай ой-пикирге алып келген жагдай каада-салт ырларынын К.Мифтаковдун кийинки бөлүштүрүүлөрүнө байланыштуу. Алды менен айтып коюшубуз керек, эгер улуттук фольклордо кандай лирикалык жанрдагы чыгармалар пайда болгон болсо, анын баарынын мазмунунда улуттук каада-салт камтылып турат. Ал эми Кыргызстанда XX кылымдын 30-жылдарынан бери карай филология илимдери калыптана баштагандан тартып, орус адабият таануу илимининин таасири өтө күчтүү болгондуктан, ошол лирикаларды жанрларга жана түрлөргө бөлүштүрүү улуттук ырлардын маани-маңызын түзүп турган каада-салттык мазмунунан ажыратыла баштаган. Каада-салт ырларына мындай мамиле кылуу К.Рахматуллиндин, А.Тайгүрөновдун, М.Богдановдун эмгектеринде ачык сезилип турат. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын кол жазмалар фондусунда сакталып калган айрым маалыматтарга караганда М.Богдановдун эмгектеринде мындай көрүнүш басымдуу орунду ээлей турганын байкадык. Ал кыргыз фольклорунун тигил же бул проблемасын изилдөөдө, тигил же бул жанрдын табиятын аныктоодо жана тактоодо орус окумуштууларынын илимий-теориялык ойлорун өтө жыш колдонуу менен өз жыйынтыгын чыгаргандыктан, анын ойлорун азыркы мезгилдеги кыргыз адабиятчыларынын фольклордук чыгармаларды классификациялоо багытындагы эмгектери менен салыштырганда М.Богдановдун көз карашында бир топ айырма бар экени ачык көрүнөт. Ырас анда айтылган ой-пикирлердин айрымдары кыргыз фольклорун өтө эле оруста штырып жибергени, б. а. өздөрүнүн чыгара турган тыянак ойлорунда орус адабияты аркылуу кирген Батыш адабият теориясына таандык көз караштарды айныгыс чындык катары колдонгондуктан, улуттук салт жөрөлгөлөрдүн алкагында пайда болгон ырлар өзүнчө жанр катары бөлүнүп чыккан. Мисалы, алардын ката-

ры лирикалык чыгармалардан эмгек ырларын атап көрсөтүүгө болсо, эпикалык жанрлардан поэманы өзүнчө белгилей кетүүгө болот.

Анын элдик оозеки чыгармалардын калыптануусу боюнча көз караштарында мындай ишенимден алыс тургандары менен катар ынандыра ала тургандары да бар. Маселен, ал кыргыз фольклорун изилдеп келип, алардын айрымдары Эне-Сай жазма эстеликтерине жакын экенин көрсөтөт. Тагыраак айтканда, оозеки элдик адабияттагы лирикалык ырлар - жоктоо, мактоо ырлары жана элдик чыгармачылыктын башка панегрик жанрларындагы ырлар маани-мазмуну боюнча руникалык жазмаларга жакын экендигин белгилесе, алар бизди кыргыз элинин байыркы каада-салттарынын негизинде жаралган чыгармалар экендигин ынандыруу менен бирге улуттук фольклордогу кайсы чыгарма болбосун салттык жөрөлгөлөрдүн негизинде пайда болушу мүмкүн деген көз караштын чындыкка жакын экендигин ырастап турат. Кыргыз фольклорун андан кийин изилдеген окумуштуулар М.И.Богдановнын көз карашына айрым бир толуктоолорду киргизгени менен кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы боюнча анын көз карашынан таптакыр алыстап кете алган эмес. Маселен, кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгын ар түрдүү аспектиде изилдеген адабиятчылар К.Мифтаков, К.Рахматуллин, С.Закиров, А.Токомбаева, Ш.Үмөталиев, К.Артыкбаев, М.Мамыров, Б.Кебекова, Т.Танаев ж. б. М.Богдановнын кыргыз фольклору боюнча жасаган классификациялоосуна токтолуп, ал кыргыз адабият таануу илиминде маанилүү көз караш экендигин бир ооздон белгилешүүдө.

Адабияттар

1. Кебекова Б. Кыргыз элинин каада-салт ырлары. - Б.: Шам, 2001, 4-18-беттер
2. Валиханов Ч. Ч. Избранные произведение. -М.: Наука, 1986, 288-бет
3. Радлов В. В. Образцы народной литературы северных тюркских племен. ч.V. Наречие дикокаменных киргизов. - Китепте: Энциклопедический феномен эпоса "Манас". -Б.: Илим, 1995, 5-бет
4. Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусу, инв. № 165.
5. Кебекова Б. Кыргыз элинин каада-салт ырлары. - Б.: Шам, 2001, 7-8-беттер.

Х.Өзайдын,
К.Карасаев атындагы БГУ

ИХСАН ОКТАЙ АНАРДЫН "АФРАСИЯБ АҢГЕМЕЛЕРИ" РОМАНЫНДАГЫ МИФТЕРДИН ЖАҢЫЧА ИНТЕРПРЕТАЦИЯЛАНЫШЫ

Бүгүнкү күндө "миф" деген терминдин бир нече аныктамасы белгилүү. Миф деген сөздүн келип чыгышы жөнүндө сөз кыла турган болсок, "миф" - грекче "myht" деген уңгу сөздөн пайда болуп, "аңгеме", "баян" дегенди билдирет. Ал эми бүгүнкү күндүн түшүнүгү боюнча миф бул - байыркы жомок, уламыш, көзгө көрүнбөгөн укмуштуу жандыктар, окуялар, кудайлар болуп саналат. Бардык мифтердеги жалпы орток нерсе катары мифтердин сюжетинин чыныгы болуп өткөн чыныгы окуяларга негизделишин көрсөтүүгө болот. Алгач тарыхый негизге таянган окуяларды чагылдырган мифтер, убакыттын өтүшү менен өзгөрө баштайт: мифти баяндагандар өздөрүнүн кыял күчүн катыштырып сюжетке алымча-кошумчаларды киргизип, жаңы мифтердин пайда болушуна шарт түзүшкөн. Миф көбүнчө чындык окуя катары кабыл алынып, муундан-муунга оозеки түрдө өткөрүлгөн. Кийинчерээк мифтер жазуу түрүнө өткөрүлгөн.

Көпчүлүк жазуучулар мифтерди өздөрүнүн чыгармаларына сюжеттик өзөк катары пайдаланат. Мифтеги сюжет, каармандар же ар кандай жандыктарды катыштыруу аркылуу чыгарманын темасы менен мазмунун кыйла байытышат.

Өзүн постмодернизм агымынын өкүлү деп санаган жазуучу, кайсы бир мифтеги окуяны же каарманды чыгармага өзөк катары алып жаткан учурда аны мифте кандай болсо ошондой берүүдөн, оолак болот. Мифтик сюжеттен пайдаланган жазуучу түп нускада берилген идеяны, андагы каражаттарды болгонун болгондой көчүрбөөгө тийиш. Кийинчерээк постмодернист жазуучулар "пародия" деген ыкманы колдонушат. Пародия - кандайдыр бир адабий чыгарманы темасынан ажыратып, анын ордуна башка же тескери маанини билдирген теманы коюп күлкүлүү келишпестик (идеалдуу чындык жашоонун арасында) жаратып шылдыңдоо, тууроо (Айтач, 2003:361). Дагы бир аныктама боюнча, пародия бул - тексттен жаңы бир текст, аңгеме жаратуу; түп нускаңы мисал катары пайдалануу(Сазйек, 2002:503).

Ихсан Октай Анар өзүнүн "Афрасияб аңгемелери" аттуу чыгармасына Симург кушу, Нарцисс жана Мидас падыша тууралуу мифтердин пародияларын киргизген. Жазуучу мифтердин нагыз сюжетин көчүрбөстөн, чыгарманын убакыт мейкиндигине ылайыктап кайрадан түзгөн.

А. Симург кушунун аңгемеси

Аңгеме боюнча, бар экен, жок экен илгерки өткөн бир заманда Каф деген бир тоонун Даанышман аттуу даректын башында Симург деген куш жашайт. Куштун түктөрү бири-бирине окшобойт: дүйнөдө канча куш болсо, ошончо куштун ар биринин бирден жүнү бул куштун терисин каптап турат экен. Асмандын эң жогорку катмарына чейин көтөрүлүп учкан көлөмдүү Симург кушу айрыкча көп жыл жашап, өмүрүн сүрүп бүтүргөн соң өрттөнүп күлгө айланат да, кайра күлдөн жаралган касиеттүү куш экен.

Симург кушу мистикалык дин ишенимдеринде өзүн таанып-билүүнүн, издөөчүлүктүн символу катары берилет. Феридүддүн Аттар деген фарс акынынын

"Мантыкут Тайыр" аттуу чыгармасында бардык куштардын падышасы - Симург кушу болот. Куштардын ичинде кандайдыр бир каргаша же чечилиши татаал окуя боло турган болсо, Симург падышага кайрылышчу экен. Күндөрдүн бир күнүндө ортодо бир чыр чыгып, куштардын бардыгы Симург падышанын учуп келишин күтүп калышат экен. Арадан бир топ убакыт өтсө да Симург көрүнбөйт. Бул учурда кээ бир куштар анын бар-жогунан, келип-келбешинен шек санай баштайт. Ошондо алар акыл ойлоп, Симург падышаны издеп табууну чечишет. Куштардын бардыгы чогулуп, Симург жашаган Каф тоосундагы Даанышман дарагына жөнөшөт. Ошентип, куштар сапар тартууга бел байлайт. Акыры учу-кыйыры көрүнбөгөн жети чоң өрөөндөн отуз чамалуу гана куш чыгып, калгандары апаат болот. Даанышман дарагына эбегейсиз кыйынчылык тартып жеткен отуз куш, "симург" деген сөздүн маанисин - "отуз куш" дегенди билдире тургандыгын угушат. Демек, бул отуз куштун ар бири - өзүлөрү издеген Симург падышасы болуп чыгат. (Аттар, 2011)

Романга кирген баяндардын эң көлөмдүүсү - "Дүйнө тарыхы" аңгемеси эсептелет. Аңгемеде бай соодагердин башынан өткөн ар кандай окуялар баяндалат. Күндөрдүн бир күнүндө Аптүлзеййат деген соодагер түш чениңде дүкөнүндө зеригип отуруп уктап кетет. Ошол замат түшүнө аппак сакалдуу бир карыя кирип, "Эй соодагер! Сен өмүр бою өзүңө деп дүнүйө жыйнадың, канчалаган байкушту жолунан адаштырып, канчалаган пайданы он эсе, жүз эсе, миң эсе көп айтып сатып, ага да тойгон жоксуң. Шакыратып алтын-дилде жыйдың, байлыгыңдын көптүгүнөн казынаңдын оозу жабылбас да болду. Акырында чириген бай болдуң. Эми минтип заманаң куурулуп турат. Аттигининг ай! Чынында ошончо азап тарттырып дүнүйө жыйгызып кыйнабай эле мурдарак айтсам болмок экен. Кантейин, жазмышың ошол экен. Иштин чын-чынына келгенде сен, акыретти унутуп жалгандын тирилигине сүңгүп кетип, өтө жаңылыштың. Өмүрүңдү соодага эмес, мага арнашың керек экенин унуттуң. Эми сенден каалаганым - өмүр бою өзүңдөн аяп тапкан мүлкүңдү ушул азыр кедей-кембагалга таратып берип, Ажыпайамга келип мени издеп табасың. Менин атым - Салих" - дейт. (Анар, 2007:89)

Чочуп ойгонгон соодагер алгач түшүнө маани бербей жүрө берет. Бирок күн өткөн сайын иши мурдагыдай жүрүшпөй, кардарлары азайган сайын түшүнөн көрө баштайт. Баягы Салих деген карыяны издеп Ажыпайам тоосуна жөнөйүн деп чечет да, болгон мал-мүлкүн кедей-кембагалдарга таратып берип жолго чыгат. Өзүндө темирден жасалган аса-мусасы менен эле темир чарыгы калат. Жолоочу кыр кырдап, ашуу ашып, өрөөн бойлоп астынан чыккан бардык кыйынчылыктарды жеңип отуруп акыры Ажыпайам тоосунун этегине жетет. Сүйүнүчүнөн ашып-ташып бери турган алачыкка жете келип ичине кирсе эч ким жок болуп чыгат. Алачыкты көптөн бери тирүү жан байырлабаганы билинип, жан-жагы ачылып тымтыракайы чыккан. Алачыкта бир чай кайнамча отурган соң, жерге казылган жертөлөнүн капкагын байкап калат. Ачайын деп тартса ачылбайт. Жолоочу капа болуп эшикке чыгат. Тегеректе оттоп жүргөн бир музоону кармап келип бага баштайт. Ошентип жыл айланат. Тоонун этегинде жапа-жалгыз тапкан оокатына топук кылып күн өткөргөн дервиш, баягы өзү ача албай койгон жертөлөнүн оозун ачууга мезгил келип жеткенин ойлойт. Жыл ичинде чоңоюп, күчтөнүп калган тай торпогуна сүйрөтүп капкакты ачтырат. Жертөлөнүн оозу ачылып, кудуктун түбүндө суудан башка эчтеке жок экенин көрөт. Кудукту карамакчы болуп эңкейгенде, суудагы өзүнүн элесин көрөт да, баягы түшүнө кирген Салих (Салих-арап тилинде дин боюнча жашаган адамды билдирет. Девеллиоглу, 2004: 1212) карыя дервиш өзү экенин түшүнөт. Бул жакка минтип келгендегисинин максаты - акыл-эсинин ордуна кайтарылып, чыныгы жашоонун маңызын билүү экенин ушундайча түшүнгөн экен.

Жогоруда баяндалган уламыштан көрүнүп тургандай эле, Симург падышаны издеп жолго чыккан куштардын ар бири падышага тете экендигин билишет. Анын сыңарындай узак жана машакаттуу жолчулук тарткан дервиш, өзү издеген Салих карыянын өзү болуп чыкканын аңдайт. Жазуучу Симург кушу тууралуу баянына шилтеме кылбастан, уламыштын каармандарын гана өзгөртүү менен пародиялаштырат да, жаңы чакан аңгеме жаратат.

Б. "Нарцисс" аңгемеси

Грек мифологиясында өзүнүн укмуштай сулуулугу менен канчалаган жүрөктөрдү алоолонтуп тынчын кетирген Нарцисс аттуу кудай болгону белгилүү. Жайдын бир күнүндө Нарцисс аң ууламакка тоого чыгат. Аңдын аркасынан кубалап жүрүп чарчаган жигит тыныгууга көлөкө издейт. Айланасын караса бир жерде жыбылжып, туптунук аккан кичинекей булакты көрөт. Бактардын калың көлөкөсү мөлтүр булакты күндүн күйкалаган нурларынан коргоп туруптур. Нарцисс булактын жанына, калың жашыл чөпкө үстөмөнүнөн жат кетет. Суу ичмекке булакка башын созуп ийет да, селейип катат. Суудагы элесин көргөн Нарцисс, өзүнө-өзү ашык болуп калат. Ушул убакка чейин көрбөгөн сулуулугуна көпкө чейин таңдана карап турат. Ошондон тартып ал өзүнөн башка эч кимге көңүл бурбастан, өзүн гана ашыктык оту менен күйгүзүп жүрө берет. (Жан, 1970:84) Булактагы өзүнүн сүрөтүн карап, андан ажырап кете албай калган Нарцисс бир күнү сууга кулап, муунуп өлөт. Ал эми ал жан берген жерге нарцисс деген гүл өсүп чыккан экен.

Ихсан Октай Анар өзүнүн бу аңгемесине карата пародия иретинде "Эзине Жанавары" (Ezine Canavar?) аттуу аңгемесин жазат. Аңгемеде: "...адеп көйнөгүн, узун байпактарын кие баштады. Түрүлбөсүн деп байпактарын тизесине чейин чыгарып резинка менен байлап чырмады. Гольфасын, ыксыз кооздолгон көйнөгүнүн жакасын, жуучу аял мурдатан даярдап байлаган галстукту такты. Эки түрдүү түс менен боёлуп жасалган өтүгү менен күрмөсүн кийип, кооздолуп жасалган саатын тагынды. Галстугун төөнөгөн төөнөгүчүн тагынып, күзгүнүн маңдайында өзүнө тигиле карап турду. Күзгүгө жакшылап көрүнөйүн деген сайын чачын алдырып жаткан иниси ага мүмкүндүк бербей тоскоол болуп жатты. Күйөө бала күзгүнүн бетиндеги эрегиштен тажап сыртка чыкты. Бул аз келгенсип, жогорку каттан терезе ылдый куюлан жугунду суулар менен кез-кезде даарат канадан ташып аккан кир суулар да көлчүк болуп, аяк койдурбайт. "Өтүгүм кирдебесин" деп көлчүктун жанындагы ташка бутун басып, сууга чагылышкан өзүнүн элесин канаат менен карагылап жатты. Чыкчыйта үтүктөлгөн гольфасы, мыкты күрмөсү менен жаркырап көзгө дароо урунган галстук төөнөгүчү, көйнөгүнүн бүйүрмөлөрү менен чачынын атайын жасалгаланышы тимеле көздүн жоосун алып, делөөрүтүп турду. Турпатын суудан дагы жакшылап

көрөйүн деп ийилди, ушу турган турушуна, кийим жасалгасына менен өзүнө-өзү суктанып да, таңыркап да жатты. Жалтырасын деп эрдин шилекейлеп суулады да, сууга дагы да эңкейип карады. Көлчүктүн ар жагындагысы өзүн көздөй бери болду эле, бу оптикалык закон дегениң чектен чыгууну билбейби, айтор, азыр эле колоктогон күйөө бала көз ачып-жумганча жугунду көлчүктүн ичинде болду да калды." (Анар, 2007:171-172)

Жогорудагы эки аңгемеден байкалгандай, каармандар өзүнө-өзү суктанып, акыры бул суктануу экөөнүн тең түбүнө жетет. Бири өзүнө карата болгон ашыктыкты көтөрө албай сууга муунуп жан берсе, экинчиси тышкы көрүнүшүнө айрыкча маани берип, акыры ошонусу менен ыплас сууга баш-аягы менен түшүп кетти.

В. Мидас падышанын уламышы

Миф боюнча Дионистин Силений аттуу сатири (сатир - грек мифологиясында тоо-токой кудайы, мифтерде жалпак мурун, саксагай эчки сымал жандыктар катары сүрөттөлөт. Эрхат, 2004: 268) болот. Силений бардык сатирлерден улуу болуп, ичкиликке өтө жакындыгы менен белгилүү болуптур. Бир күнү Фригия менен Лидия кудай бакка сейилдөөгө чыккан учурда Силений уктап калат экен. Муну көргөн Вакхалар (Дионис кудайга кызмат кылган аялдар тобу. Эрхат, 2004:74) менен Сатирлер аны ойготпостон кетип калышат. Силенийди уктап жаткан жеринен адамдар таап алышат да, мойнундагы гүлчамбары менен кайра өзүн байлап Мидас падышанын астына алып барышат. Вакхтардын жашыруун амалын түшүнгөн Мидас падыша Силеносту кайра жакшы кабыл алып, он күн, он түн өзүнүн сарайында коноктогон соң Дионистин өзүнө чейин коштоп барат. Буга Дионис абдан кубанып Мидастын каалаган тилегин аткарарын айтат. Мидастын колу тийген жердин баары алтындан болушун каалайт. Дионис Мидастын каалаганы канчалык орунсуз жана кооптуу болбосун, убадасынан кайта албайт эле. Мидас сарайына кайтып келе жатып бир бутакты сындыра калса, бутак дароо алтынга айланат. Колуна эмне урунса бардыгы: жерден терип алган шагыл ташы, үзгөн буудай башактары алтынга айланат. Буга Мидас чексиз кубанат. Бирок дасторконго отуруп тиштейин деген наны дагы, ичейин деген шарабы да алтынга айланбаспы. Ошентип колу эмнеге тийсе алтынга айлансын деген тилегинен баш тартып Дионистен жалынмайынча Мидастын күнү куруйт экен. Мидастын бул абалын көргөн Дионис аны кечирет. Бирок анын Сардес (Сардес - Манисадагы Салихли аймагына караштуу Сарт деген шаарчасынын жанындагы шаарча. Анын Лидия мамлекетинин борбору болгону маалым) шаарындагы Пактолос суусунун булагына барып бети-башын сууга чайып келишин буюрат. Мидас Дионистин айтканын аткарып, дайранын суусуна чайынып тазарып чыгат.

Жазуучу бул мифти "Бидаздын каргышы" деген ат менен чыгармасына киргизген. (Анар, 1998:39-56) Бул аңгемеде кенч издеген адамдын укмуштуу окуялары баяндалат. Калиогуллары деген чөлкөмдө жашаган Хамди аттуу адам бирөөдөн Бидаз падышанын бейити көрсөтүлгөн картаны сатып алат. Хамди бул бейиттин каргашалуу экендигин укса да ага кулак какпайт. (Анар, 1998:46) "Мындан улам Бидаздын колу бир дерге тийдиби, ал жер алтынга айланып кала турган жөндөмү бар эле." (Анар, 1998:46)

Азыркы түрк адабиятынын постмодернист жазуучуларынын бири Ихсан Октай Анар, бул адабий агымга таандык пародия ыкмасын пайдаланып, "Симург", "Нарцисс", "Мидас падыша" сыяктуу мифтерди жаңыча интерпретациялаган. Албетте, интерпретациялоо - бул адабият тарыхында өзүнүн орду болгон чыгарманы таптакыр өзгөртүп таштоо дегендикке жатпайт. Мында жазуучу чыгарманын баштапкы мазмунун, пафосун өзгөртүүгө учуратпастан, жаңыча шекил берүү менен чыгарманы көркөм чыгарманын деңгээлине жеткирген.

Ихсан Октай Анар мурда белгилүү окуяны постмодернисттик штрих менен жаңыча интерпретациялап, окурман журтчулугунун көңүлүн бурдурууга ийгиликтүү жетишкен десек жаңылышпайбыз.

Адабияттар

1. Anar Ihsan Oktay, Efrasiyab'ın Hikayeleri, Istanbul, 1998.

2. Devellioğlu Ferit, Osmanlıca-Türkçe Ansiklopedik Lügat, Ankara, 2004.

3. Erhat Azra, Mitoloji Sözlüğü, Istanbul, 2004.

4. Feridüddin Attar, Mantıkü't-Tayr: Kuş Dili (Çeviren: Enver Yaşarbaş), Istanbul, 2011.

5. http://tr.wikipedia.org/wiki/Sardes (29.11.2013)

А.Шенгун,
К.Карасаев атындагы БГУ

КААДА-САЛТ ЫРЛАРЫНЫН ТҮРК АДАБИЯТ ТААНУУ ИЛИМИНДЕ КЛАССИФИКАЦИЯЛАНЫШЫ

Түрк элинде да каада-салт жөрөлгөлөрдүн маанисси кенен, ал элдин тарыхый баскан жолу менен тыгыз байланышта жаралып жана өнүгүп келген. Каада-салт менен кошо түрк элинде ар түрдүү элдик чыгармалар пайда болгон, аны түрк элинде жалпысынан сөзмөсөз алганда "аноним калк ырлары" атайт. Фольклордук чыгармаларга мындай аталыштын берилиши XX кылымдын баш чендерине туура келет. Аны 1924-жылдагы Стамбул университетинин ичинде түзүлгөн "Түркология" институту менен байланыштырууга болот. Тагыраак айтканда, ошол жерде иштеген М.Ф. Көпрүлү жетектеген бөлүм аркылуу эл арасындагы элдик оозеки чыгармалар жыйналып, анын натыйжасында М.Ф.Көпрүлү өзүнүн эки китептен турган "Анадолу түрктөрүнүн калк адабияты" аттуу эмгегин чыгарат. Анын биринчи китебинде түрк калк адабиятына тиешелүү "манилерге" (казакча "кара ыр" деген аталышка, орусча "стихке" жакын турат - А.Ш.) токтолуп,

ага мүнөздөмө берүү менен түрк фольклорун классификациялоого аракеттенет. Мындай иштер 1927-жылдан тарта "Калк билими" аттуу коом түзүлүшү аркылуу да ишке ашырылып турганын белгилей кетүүгө тийишпиз.

Ошол жылдары каада-салт ырлары фольклордук чыгармалардын башка түрлөрү менен бирдикте чогултулуп, жарыялана баштаган болсо, алардын ич ара жанрларга бөлүштүрүлүшү менен классификациялоо да ушул жылдары башталган деп эсептөөгө болот. Мында жыйноочулар менен изилдөөчүлөрдүн жыйноо мезгилинде элдик оозеки чыгармаларды бөлүштүрүү аракети классификациялоо ишинин андан ары өркүндөшүнө негиз түзүп бергени талашсыз. Түрк адабият таануу илимине классификациялоонун башатында турган мындай иштер андан ары улантылып, андан ары каада-салт калк ырларын классификациялоо багытында П.Н.Боратав ишке киришип, ал 1930-жылдары бир кыйла алга жылдырат. П.Н.Боратав "Калк адабияты дарстары" [1] аттуу эмгегинде өз көз карашын билдирип, ал боюнча түрк фольклордук чыгармалар "Аноним калк ырлары", "Текке", "Акын ырлары" (мында автору белгилүү болгон ырлар, "ашык шиирлери" деп аталат) деп үчкө бөлүштүрөт. Ошол эле жылдары А.Т.Онай "Түрк ырларынын өлчөмү" [2] деген эмгегинде фольклордук чыгармаларга кайрылып аларды эки түргө бөлүштүрөт. Бирок, А.Т.Онай өзүнүн классификациясында фольклордук чыгармалардын түзүлүшүн изилдегенине байланыштуу жалпысынан түрк ырларын муун өлчөмүнө карай жиктөө менен чектелет. Тагыраак айтканда, араб адабиятынын таасиринде келген "аруз" ыр түзүлүшүн өзүнчө карайт да түрк фольклорундагы каада-салт ырларынын формасын өзүнчө бөлүп карагандыктан, түрк калкына мүнөздүү чыгармалардын мазмундук табияты ачылбай калат.

Андан соң бул маселе бир топ мезгил окумуштуулардын көңүлүнө алынбагандыгын көрүүгө болот. Тагыраак айтканда, Э.Ж.Гүней 1947-жылы "Калк ырларынын антологиясын" [3], 1953-жылы Ж.Өзтеллинин "Калк түркүлөрү" [4] жана 1955-жылы "XVIII кылымдагы калк ырлары" [5] аттуу эмгектери жарык көрсө да алардын ички табиятында түрк фольклоруна мүнөздүү каада-салт ырлары классификацияланбайт. Биздин байкашыбызда алар түзгөн антологиялык эмгектерде каада-салт ырлары кездешкени менен алар өз алдынча мүнөздөмөгө ээ болгон эмес. 1956-жылы И.Башгөз эл арасынан жыйнаган ырларын "XIX кылымдагы калк ырлары" [6] деген аталыш менен чыгарган болсо да жыйнактын мазмунунда каада-салт ырлары көз жаздымда калган. Жогоруда аталган эмгектер бул багытта маанилүү иштерди аткарып, түрк элине мүнөздүү чыгармалардын арасынан түрк элинин каада-салт ырларын чагылдырган бир топ ырларды бергени менен аларды өзүнчө бөлүштүрүү зарыл экенин эсепке алган көз карашты кездештире албадык. Бардыгы тең М.Ф. Көпрүлүнүн "Анадолу түрктөрүнүн калк адабияты" аттуу эмгегинде кандай бөлүштүрүлсө, мына ошондогу классификациялоону жетекчиликке алуу менен мамиле кылышкан.

1969-жылы гана Х.Дизтароглу "Калк ырларынын түрлөрү" аттуу эмгегинде аталган проблемага кайрылып, өзүнө чейин айтылган көз караштарды зэрчийт. Анын эмгегинде өзүнө чейинки бөлүштүрүүлөрдүн кайсы жагы негиздүү экендигин белгилеп, жакшыжаманын көрсөтпөстөн туруп эле Х.Диздароглу "Калк ырларынын түрлөрүндө" [7] мурда калыптанган ойду андан ары улайт. Анын көз карашы боюнча да калк ырларын эки чоң топко бөлүштүрүлөт, б. а. алардын биринчисин кадимки түрк элине мүнөздүү муун өлчөмүнө карай бөлүштүрсө, экинчилерин араб адабиятынын таасиринде пайда болгон "аруз" өлчөмүнө ылайыктап жиктештирет. Ал эми ошол эле ырларды калк ырларын маани-мазмунуна ылайык үч топко жайгаштырат. Алардын биринчисин байыркы мезгилден бери эл арасында айтылып, бирок анын автору сакталбай калган ырлар түзөт, аны азыркы түрк адабият таануу илими "Аноним калк ырлары" деп атайт. Ал эми экинчисин "Калк ашык ырлары" деп атап, анда эл арасында акындардын айтылып калган автордук ырлары түзөт. Анын бөлүштүрүүсү боюнча үчүнчү чоң топту "Текке ырлары" деген аталыш менен берет да, ага ислам динин даназалоо маанисинде же болбосо ислам диний эрежелерин насыяттоо маанисиндеги ырларды киргизет. Мында Х.Диздароглунун бөлүштүрүүсүнө биринчи кезекте ырдын тематикасы жана коомдук-социалдык мааниси, ошондой эле авторунун бар же жок экендиги башкы орунда турган десек да, ошол эле чыгармалардын мазмунуна тикелей катышы бар турмуштук-салттык көрүнүштөр эсепке алынбай калганын байкоого болот. Ал эми Х.Диздароглу ырлардын маанисин ажыратууга эмес, башка адабиятчылар сыяктуу эле ыр түзүлүшүнө негиздеп бөлүштүрүүгөн аракеттенгенин байкайбыз.

Х.Диздароглунун классификациялоосу боюнча "Аноним калк ырлары" алты топко бөлүштүрүлөт. Алар - **мани** (мында кыргыз адабиятындагы турмуштиричилик ырларына жакын, бирок төрт саптан гана турат), **кошма** (кошуп айтат деген мааниде, бирок кыргыз адабиятындагы "терме", санат" ырларына жакын), **варсагы** (бул ырлар түрк элдеринин ичинен варсактар айткан ырлар деген маанини берет), **семаи** (булар араб адабиятынын таасиринде пайда болгон "аруз" өлчөмүндө айтылып, мааниси боюнча кошма сыяктуу болуп саналат), **дестан** (кыргыз адабиятындагы "дастан" жанрына жакын турат), **түркү** (түрк элинин улуттук адабиятында гана боло турган, саз-баалама аспаптары менен коштолуп ырдалуучу түр) [8] болуп саналат. Фактынын өзү көрсөтүп тургандай, Х.Диздароглу да түрк адабиятындагы фольклордук чыгармаларды классификациялоодо мазмунга эмес, формага көбүрөөк көңүл бурганын көрүүгө болот.

Ырас, Х.Диздароглу деле мындай бөлүштүрүүдө М.Кашкаринин "Түрк сөздөр жыйнагындагы" калк ырлары боюнча аталыштарды негиз кылып алат. Бирок, алардын маанисине анча көңүл бурбастан, кайдан келип чыгыш тегин талдабастан эле эл арасында мурда калыптанган классификацияны пайдаланат. Х.Диздароглунун бөлүштүрүүсүнө токтоло турган болсок, анын бөлүштүрүүсү түрк фольклорундагы ыр түзүлүшүнө негизделип, анын кызыкчылыгы ушул деңгээлде калганы дароо байкалат. Ал деле болсо башка изилдөөчүлөр сыяктуу бул бөлүнүштү байыркы түрк адабиятына негиздеп алгандыгын белгилөөгө аракеттенет. Бирок, ошондой болсо дагы буга чейинки изилдөөчүлөрдүн көз караштары бир өңчөй эмес экендиги ачык көрүнөт.

Тактап айтканда, түрк адабият таануу илиминде окумуштуулар фольклордук калк ырларын изилдеген учурда өздөрүнөн башка адабият таануу илиминдеги бөлүштүрүүлөргө анча көңүл бурушпагандыктан, алар түрк элине таандык фольклордогу лирикалык

чыгармалардын идеялык-тематикалык өзгөчөлүктөрү аркылуу бөлүштүрүүгө мүмкүн боло тургандыгына маани беришпегендей. Эгерде түрк окумуштуулары бул багытка көңүл бура турган болсо, анда азыр колдо бар материалдар бир топ кызыктуу бөлүштүрүүгө ээ болоору анык. Маселен, П.Н. Боратав "100 суроодо калк адабияты" [9] аттуу эмгегинде өзүнө чейинки окумуштуулар арасында кеткен айрым бир мүчүлүштүктөрдү байкап, фольклордогу кээ бир ырлардын жанрдык табиятын аныктоодо алардын жаралуусуна каада-салт жөрөлгөлөрү негиз болуп бергенин эске албай койбойт. Анын айрым бир байкоолорунда байкалган улуттук салт аркылуу калыптанган ырлардын арасынан биз өзгөчө токтоло турган маселе каада-салт ырлары болуп эсептелет. Ырас, улуттук фольклордук чыгармалар толугу менен коомдук-социалдык турмуштун жана каада-салттын таасиринде жарала тургандыгы анык. Эгерде фольклордук чыгармалар элдин турмушу менен тыгыз байланышта болбосо, ага элдин көңүлү бурулбай, ал бат эле жок болуп кетээрин эске алсак, анда эл арасында жашап калган ар бир ырдын өмүр сүрүшү үчүн ырдын мазмунунда, өзгөчөлүк табиятында, ал тургай жаралуу генезисинде алардын элдин тарыхы менен байланыштуу касиети кандай сакталса, улуттук каада-салт да ошондой эле орунда турат. П.Н. Боратав "100 суроодо калк адабияты" эмгегинде аз болсо да ушул маселеге тиешелүү суроолорго жооп берүүгө аракеттенет. Ал башка адабиятчылар сыяктуу эле түрк калк ырларын жиктештирүүдө эл арасында сакталган ырлардын түзүлүшүнө басым койгону менен ошол эле ырлардын колдонулуш салтына артыкчылык берет. Анда элдин турмушу менен терең байланышкан бала туулгандан тартып, ал өлгөнгө чейинки турмушун камтыган кырдаалдар толугу менен чагылдырылат. Маселен, калк адабиятынын элдик үлгүлөрүндө калктын жай турмушу эгин эгип, эгинди оруп жыюу, мал багуу, малды жайытка чыгаруу, төлдөтүү, килем жасоо; элдин күнүмдүк жашоо-тиричилиги аңчылыкка аттануу, конуш которуу, бала көрүү, бешикке салуу, келин алып, уул үйлөнтүү, аза күтүү, жоктоо учурунда; эл башына оор мүшкүл түшкөндө казатка жөнөр алдында; жыл мезгилинин алмашышына карата болуп, жалпы жашоочулардын, айрым бир коллективдин катышуусу менен аткарылып келген ырлар сакталат. Ал ырлардын айрымдарында башатында каада-салттык көрүнүштөрдүн элементтери көбүрөөк орун алат. Салттык жөрөлгөлөр, ыр, оюн-зооктор менен коштолот. Ал эми айрымдары кийинчерээк ислам динининн таасиринен улам үрп-адаттык, ырым-жырымдык функцияны көбүрөөк аркалап калган.

Алар ортодо далай кылымды басып өткөндүгүнө байланыштуу ал ырлардын мааниси да, формасы да жаңыланып турган. Айрымдары аткарылышына карата сөздүн муун өлчөмү, ыргагы да өзгөрүп, ырдык формага караганда жорго сөз жакындап кетсе, кээ бирлери мезгилдин өтүшү менен мазмунун терендетип, көп түрдүү айланып, эл арасында колдонулушу көбүрөөк мааниге ээ боло баштаган. Ошондой эле айрым ырлар алгачкы колдонулушунда, көпчүлүктөн катышуусунда шаан-шөкөт менен милдеттүү түрдө өтсө, кийинчерээк мурдагы касиетин жоготуп, көп адамдын катышуусу жок эле ырдала баштаган. Каада-салт ырларынын кээ бирлери түпкү мааниси менен жакындыгын сактаса, кээ бирлери мааниси башка өтүп кеткени байкалат. Ошондуктан, түрк адабиятында калк ырлары кийинчерээк өзүнүн баштапкы функциясын бир топ тарытып, айрымдары үй-бүлөлүк же жеке адамдар тарабынан деле аткарылып калган. Жалпысынан алганда, түрк калк ырлары кыргыз элдик ооэзеки чыгармачылыгындагыдай эле каада жөрөлгөлөрү маани-мазмунуна, багытына карата анчылык, *мал чарбачылык, дыйканчылык, жоокерчилик* жана *жыл мезгилинин алмашышына* карата бир канча тематикага ажырайт. Алсак, мал чарбачылыкка байланыштуу койго, корозго, уйга, өгүзгө, өрдөккө, жылкыга, кекиликке арналып, алардын сапаттык белгилерин, артыкчылыктарын белгилөө менен аларга кайрылуу мүнөзүндө өзүнүн ой-тилегин билдирген түркүлөр (ырлар) кездешет. Алар айтылыш өзгөчөлүгү боюнча кадимки кыргыз айтымдарына жакындашып турат.

Түрк калк ырларында кесипчиликке байланыштуу килем жасоо, таш терүү, бакчада иштөө, булгур (сокуга окшош келет) менен эгин күйшөө учурунда ырлар менен коштолуп, "түркү" деген аталыш атайын (сазбаалама аспаптары менен коштолуп) аткарылган учурлары көп кездешет. Эл турмушу дыйканчылык менен байланыштуу болгондуктан, үрөн сепкенде, орок оргондо, эгин бастырганда ырдала турган ырлар кыргыз фольклорундагыдай көп кездешпесе да эл арасында башка түркүлөр менен катар ырдалып калганын байкоого болот. Ал эми сапарга чыгуу маанисиндеги ырлар кездешпегени менен согуш маалында казатка аттануу мүнөзүндөгү да түркүлөрдү кездештирүүгө болот. Алар кыргыз фольклорундагыдай эле чоң салтанат менен өтүп, жакшы тилектер менен коштолуп ырдалган. Бирок, түрк эли кыргыздарга салыштырмалуу ислам динине эрте өтүп, көп жылдар анын таасирин катуу кармап жашагандыктан, жаратылыш кубулуштарынын ээси эсептелген Көк, Көкө-Теңирге жалынып жаан чакыруу "Жай ташы", "Жаан тилөө", "Дамбыр таш" сыяктуу ырлар кездешпейт.

Түрк калк ырларында да жыл мезгилдерине да өтө маани беришкен. Алар жылдын ар түркүн мезгилин, анын келиши менен кетишин ырга айландырып, түркүдө өзүнчө багыт катары коштолгон. Анда нооруз жыл тогошуп, чөп чыгышы, жан-жаныбарлар кыймылга келиши, жаз мезгилинин өзгөчөлүгү ырга өтүп, март айындагы адамдар майрамдык жөрөлгөлөрү, ырым-жырымдары ыр менен коштолуп, алар менен байланышкан ички сезимдер чагылдырылган. Мындан тышкары түрк калк ырларында диний жагдайларда үрп-адат, ырым-жырымдык жөрөлгөлөр өтө кеңири мазмунга өтүп, аларда сөздүн магиялык күчүнө ишенүүгө артыкчылык берилип, маани-маңызында жакшы каалоо, тилектер менен коштолуп аткарыла баштагандыгын көрөбүз. Түрк адабиятындагы каада-салт ырлары өзүнүн мазмун-мааниси, аткарылыш орду, көркөмдүк функциялык чени жагынан кыргыз адабиятына жакындашып турат. Бирок аларды толук түрдө окшош деп айтууга болбойт, анткени алардын ортосунда салттык да, көркөмдүк да, поэтикалык да айырмачылыктар көрүнүп, ар бир улуттук поэзиянын өзүнө таандык касиетин сактаганын айта кетүүгө тийишпиз. Ушул өзгөчөлүгү менен кайсы улуттук адабияттан албайлы өзүнчө жанр катарында бөлүп кароого негизги жүктү аркалай алат.

Кыргыз адабият таануу илиминдегидей эле түрк адабият таануу илиминде лирикалык жанрларды классификациялоодо бир түрдүү көз караш жок. Маселен, түрк фольклорун изилдеген П.Н.Боратав "Калк адабияты дарстары" аттуу эмгегинде [10] биринчилерден болуп, өзүнүн дал ушул мааниде бөлүштүрүүсүн М.Каш-

каринин сөздүгүнө негиздегенин белгилейт. Түрк адабият таануу илиминде аталган маселеге кайрылып изилдеген окумуштуулардын дээрлик бардыгы калк ырларын бөлүштүрүүдө М.Кашкаринин "Түрк сөздөр жыйнагындагы" кездешкен ырлардын аталышын алып, алардын жанрдык бөлүнүшүн улуттук фольклордогу лирикалык жана эпикалык чыгармаларды атоого негиз кылып алышкандыктан, түрк окумуштууларынын көз караштары бири-бирине белгилүү өлчөмдө жакындашып турат. Алар калк ырларын бөлүштүрүүдө бири экинчисине окшобогон түрлөрүнө өзгөчө маани беришкендиктен, улуттук каада-салттык мазмунду ичине алган ырлар айтылыш ордуна, орундалыш өзгөчөлүгүнө карай классификацияланбай, мындай көрүнүш эки элдин аталган жанрдагы ырларын салыштырып изилдөөгө кыйынчылык жаратууда.

1970-жылдардан бери карай алганда түрк адабият таануу илиминде фольклордук чыгармаларды изилдөө иши дагы бир багытты ичине камтыганын көрөбүз. Алар түрк калк чыгармаларын изилдөө иштерин эл арасында айтылып келе жаткан акындардан жазып алуу менен толуктап, ошол эле мезгилде акындардын өздөрүнүн чыгармаларын да кагазга түшүрүүдөн улам өнүктүргөн. Тагыраак айтканда, алардын мындай иштери менен мурда эске алынбай келген, жалпысынан эл арасына кеңири тараган акындардын ырларын жыйноо калк арасында жашаган элдик ырлардын формасын байыткан акындардын чыгармалары аркылуу өркүндөп өскөн. Мисалы, 1970-жылы М.Алыжы менен М.Догу "Түрк ырларынын алтын китеби" [11] аттуу эмгегинде акындардын чыгармаларына токтолуу менен бирге түрк ырларынын бөлүнүштөрү жөнүндө өздөрүнүн көз караштарын билдирет. Алардын пикири боюнча калк ырларынын калыптануусуна акындардын ролу зор экендигин, ошону менен катар адабий чыгармачылыкта калк ырлары мезгилдин өтүшү менен жаңыланат. Ырас алардын көз карашы белгилүү өлчөмдө туура болгону менен акындардын жеке аткаруусундагы калк ырлары баары бир улуттук каада-салтты ичине камтый тургандыгына артыкчылык берүү зарыл деп ойлойбуз.

Адабияттар

1. Боратав П.Н. Калк адабияты дарстары. -Анкара, 1942.
2. Онай А.Т. Түрк ырларынын өлчөмү. - Истамбул, 1933.
3. Гүней Э.Ж. Калк ырларынын антологиясы. - Истамбул, 1947.
4. Өзтелли Ж. Калк түркүлөрү. - Истамбул, 1953
5. Өзтелли Ж. XVIII кылымдагы калк ырлары. - Истамбул, 1955.
6. Башгөз И. XIX кылымдагы калк ырлары. - Истамбул, 1956.
7. Диздароглу Х. Калк ырларынын түрлөрү. - Анкара, 1969, 49-бет.
8. Диздароглу Х. Калк ырларынын түрлөрү. - Анкара, 1969, 51-146-беттер.
9. Боратав П.Н. 100 суроодо калк адабияты. -Истамбул, 1969.
10. Боратав П.Н. Калк адабияты дарстары. - Анкара, 1942, 1-китеп, 11-бет.
11. Алыжы М., Догу М. Түрк ырларынын алтын китеби. -Коня, 1970, - 78 бет.

Х. Өзайдын,
К.Карасаев атындагы БГУ

ИХСАН ОКТАЙ АНАРДЫН РОМАНДАРЫНДАГЫ ЖАКШЫЛЫК ЖАНА ЖАМАНДЫК ЖӨРӨЛГӨЛӨРҮ

(ак жолтой, кара жолтой түшүнүгү)

"Таалай" түшүнүгүнүн келип чыгышы байыркы мезгилге таандык. "Түрк тир курумунун" сөздүгүндө бул түшүнүк төмөнкүчө чечмеленген: "Айрым учурларда көзгө көрүнүп, адамдарга оң таасир тийгизүүчү кандайдыр бир белги, же куттуу деп эсептелген нерселердин булагы, бакыт, таалай". Теңирчилик диний ишенимдерин кабыл алганга чейинки түрдүү ишенимдер дароо эле жоюла калган эмес. Шамандык, бутпарастык ишенимдердин айрымдары жоюлса, айрымдарынын издери бүгүнкү кээ бир ишенимдердин тамырында дале болсо көрүнүп келет. Бүгүнкү түрк элдеринин ишениминде шамандык табынуучулуктун, ишенимдин белгилери айкын учурайт. Логикалык жактан эмоционалдык негизи күчтүү болгон мындай түшүнүк кээ бир адамдардын жашоосунда олуттуу мааниге ээ болсо, кээ бирлери үчүн эч кандай мааниге ээ эмес. Жакшылыкка ыроолоочу "ак жолтой" түшүнүгү көбүнесе буюм-тайымга, жаныбарга, айрым учурларда адамга да айтылып, эл арасында абстракттуу түшүнүктөргө ишенүү өтө көп учурайт (ак жолтой санга ишенүү же он үч санынын кара жолтой экенине ишенүү сыяктуу). Адам жашоосун оң жолго салып, кырсык-зыяндан сактаган жана бакты-таалайын ачып, кут кондурган нерселерге ак жолтой; ал эми адамдын жашоосуна терс таасир тийгизип, бакты-таалайын тушаган жана жамандыктын болушуна себепкер болгон нерселерге кара жолтой деп айтабыз.

Адамдар кандайдыр бир окуянын, буюм-тайымдын, жаныбардын, кишинин кара жолтой, зыяндуу экендигине ишенишсе, айрым учурда тескерисинче, ак жолтой экенине ишенишет. Себеби, адам баласы башынан өткөргөн кандайдыр бир маанилүү окуясын, же жүрөгүнө жакын бирөөнүн элесин жүрөгүнө түбөлүккө сактап калат. Ийгиликке себепкер болуучу же алдыда боло турган кандайдыр бир иш-чараны жеңилдетүүчү, ошондой эле ой-максаттын аткарылышы үчүн тумар же асем буюму иретинде пайдаланылат. Ихсан Октай Анардын "Өлүм" (Amat), "Тумандуу континенттердин атласы" (Puslu Kıtalar Atlası) жана "Унчукпастар" (Suskunlar) деген романдарында мын-

дай ишенимдерди арбын кездештирүүгө болот. Тема **"Кара жолтой адамдар, жаныбарлар, буюм-тайымдар жана түшүнүктөр", "Кырсык-зыяндан корунуу, кут кондуруу үчүн жасалган жөрөлгөлөр"** жана **"Ак жолтой адамдар же буюмдар"** деген үч бөлүктөн турат.

1. Кара жолтой адамдар, жаныбарлар, буюм-тайымдар жана түшүнүктөр

1.1. 13 саны

Батыш өлкөлөрүндө бул ишеним өзгөчө белгилүү. Жадагалса 13 санынын кара жолтой экендигине карата ишенимдин кеңири таралышынан улам - психология илиминде "трискаидекафобия" термини келип чыккан (Көсе; Айтен, 2009; 6). Бул ишенимдин башатында Иса пайгамбардын айдын 13 күнүндө каза табышы, Иса пайгамбардын шакирттери менен чогуу тамактанган учурда 13 адам чогулуп, он үчүнчү кишинин ага чыккынчылык кылышы, Балдер аттуу Жарык менен Сулуулуктун кудайынын 12 кишиге үлпөт өткөрүшү, бул үлпөткө Алдамчылык менен Кесепчиликтин кудайы Локинин кошулуу аракеттери менен бирге башка кудайлардын сүймөнчүгү болгон Балдердин кыянаттык менен өлтүрүлүшү сыяктуу байыркы ишенимдер жаткандыгын белгилөөгө болот.

Өзүнүн кумар оюнчулары менен атагы алыска кеткен Гирдбад деген шаарга бир дервиш келип, бар мүлкүн - темирден куюлган таягы менен бут кийимин оюнда уттурат. Дервиштин нөөмөтү келип кумар ойногон кезде зар таштары 3:2, "үч-эки" болуп түшөт. Ошентип дервиш бар болгон дүнүйөсүн кумарга уттурган соң, ошол айылды каргаган экен. Ошондон тарта "...элүү бир кумарчы канчалык аракеттенсе да, зар ташы "3:2ден" башка түшпөптүр (Анар, 1995; 157)". Бул окуядан кийин мындай жамандыктын жолун бууш үчүн кумарчылар "Гирдбадда 13 адамдын бир жерге топтолушуна тыюу салышкан (Анар, 1995; 157)."

1.2. Мыкый үкү же мыкый үкүнүн үнү

Эл арасына кеңири таралган ишеним боюнча мыкый үкү же мыкый үкүнүн үнү кырсыктын белгиси болуп саналат. Ишеним боюнча, эгерде бир үйгө мыкый үкү келип коно турган болсо, анда ал үйдөн сөзсүз өлүк чыгат. "Amat" деген романда "жүзү кубарган деңизчи "кудай бизди сактасын!" деп кыйкырды. Бу каргыш тийгир үкү кемеге кырсык келтиргени турат (Анар, 2006, 171)..." "Мыкый үкүнүн ар бир сайрашында кемедегилердин жүрөгү мыкчылып жатты (Анар, 2006, 171)". "Ырым-жырымдарга өтө эле ишенген деңизчилер кемеге жамандык жолобосун деп колунда тор, сүмбө, шынаа сыяктуу шаймандар менен мыкый үкүнү кармоого аракеттенип жатышты (Анар, 2006, 172)." "Деңизчилердин айрымдары экипаждагы он кишинин өлүмүн акыркы түндөр бою кемечилердин тынчын алып сайраган мыкый үкүдөн көрүп жатышты (Анар, 2006, 215)."

1.3. Жалпак тамандуу кишилер

"Puslu Kıtalar Atlası" деген романда бактысыз кумарчылардын жолун ачуу үчүн жергиликтүү тургундар ошол чөлкөмдө жашаган жалпак тамандуу кишилердин баарын кубалап чыгышат: "Айрымдар таманы жалпак кишилерди күнөөлөп жатты. Ошентип айылга бир дарыгер алдырып, айыл тургундарынын таманын текшертүү башталды. Таманы жалпак болуп чыккандарды ташбараңга алып кубалап жатышты (Анар, 1995, 157)".

1.4. Кара мышык

Кара мышыктар жамандыктан, кырсыктан кабар берген кара жолтой жаныбар катары белгилүү. Түрк элинде "кара мышык аралаган" деп, мышыкты терс мааниде чагылдырышат. "Жолдорун ачтыруу үчүн бар амалдын бардыгын аткарып бүтүп да жардам болбогон соң, көчөдө жүргөн, үйдөрдүн баштарында жашаган бардык кара мышыктарды алдырып, жоготушту (Анар, 1995, 157)."

1.5. Шейшемби күнү жолго чыгуу

Amat деген романда деңизчилер саякатына даярданып жаткан учурда деңизчилердин арасында кеңири белгилүү "кимде-ким шейшемби күнү жолго чыкса ал сөзсүз кырсыкка кабылат" деген ишеним тууралуу сөз болот. Муну деңизчи мындайча түшүндүрөт: "...шейшемби - кандуу күн. Пайгамбарыбыз Адамдын уулу Кабил өзүнүн бир тууганын шейшемби күнү өлтүргөн. Обо энебиздин айызы да шейшемби күнү келген. Ал эми ошол эле күндө о дүйнө кеткен адамдар канча! Фараондун сыйкырчыларын эле алалычы. Булардын текши бардыгы Муса пайгамбарга ишенишкен. Закария пайгамбар менен Фараондун аялы Асия дагы шейшемби күнү өлүшкөн (Анар, 2006, 20)"

2. Кырсык-зыяндан корунуу, кут кондуруу үчүн жасалган жөрөлгөлөр.

2.1. Дубалга "Кумурска дубасын", "Аятал-күрсү", "Салаты Тафрыжыя" дубаларын асуу.

Эл арасында кеңири белгилүү ишенимдердин бири бул - "Кумурска дубасын "(береке жана молчулук дубасы), "Аятал-күрсү ", же "Салаты Тафрыжыя " сыяктуу дубаларын жаздырып дубалга асуу болуп саналат. Ишеним боюнча, мындай дубалар жазылган үйгө кут конуп, береке толот. Бул себептен көптөр аталган дубаларды дүкөнүнүн же үйүнүн дубалына илет.

"Платон жолдон өтүп, бир-бирине окшошкон дүкөндөрдүн ичинен тамтыгы кеткен бир дүкөндүн астына келип токтоду. Дубалда береке, молчулукка деп араб тамгалары менен кооздолуп жазылган кумурска дубасы, Аятал-күрсү менен Салаты-Тафражыя илиниптир (Анар, 2009, 86)."

2.2. Аластоо

Айрыкча дин ишенимдеринде аластын мааниси чоң. Диний ырасмилерде жагымдуу жытынан улам пайдаланылат. Аластын ошондой эле дарылык касиети да белгилүү. Аласты көбүнчө амбер, сандал жана тарчын деген даректардын тамыры менен кабыгынан жасашат. Дарылык касиетинен башка да, элдер алас түтөтүлгөн жерге молчулук менен берекенин келерине ишенишет. "Табияттан тышкаркы күчтөрдүн бар экенине ишенгенинен уламбы, айтор, ушунча касиеттүү, ары сыйкырдуу буюм-тайымдары аз келгенсип, сопу дүкөнүн жезкемпир өндөнгөн мурду ийри кемпирге аластаттырып жатты (Анар, 2009, 86)."

2.3. Салют жардыруу

Бул ишеним боюнча, ар бир адамдын асмандагы жылдызы болуп, эгер кимде бирөөнүн жылдызы жаркырап турса, анын таалайы ачык, ал эми өчүк болсо - жолу жабык, бактысыз болуп эсептелет. "Puslu Kıtalar Atlası" деген романда таалайы, бактысы тушалган кумарчылардын "айрымдары көрүнбөгөн куйруктуу жылдыздарды өзүлөрүнүн таалай жылдыздары (Анар, 1995, 157)" деп түшүнүп, бактысын, жолун кайрадан ачуу үчүн салют жардырып жылдыздарын тутандырууга аракеттенишет. Кумарчылар бу шекилде мурдагы кирешелүү күндөрүнө кайтууну самашат.

"Ошентип, бөөдө кам көрүүлөрдөн бир пайда болбогон соң, өрөпкүгөн көпчүлүк өчкөн таалай жылдыздарын кайрадан жандыруу үчүн салют жардырууга киришти (Ошол жерден караңыз)."

2.4. Зар таштоо

"Puslu Kıtalar Atlası" деген романда Гирдбад айылына келген бир дервиш кумар ойноп, үстүндөгү болгон мүлкүн "үч:эки" таштап уттурган соң, бүт айылды каргап кетет. "Дервиштин каргышынан кийин ким ойносо да ташы "үч: эки" гана түшүп, ар оюнчунун акчамүлкү эки эселенип утула баштайт (Анар, 1995, 157)."

Дервиштин каргышынан кутулуу үчүн кумарчылар "бир кытай көз боочусунун айтуусу боюнча ар бир бурчу эки адам бою узундуктагы, мармардан оюлган зар ташы каргышты жоюп, кайрадан айылга кут алып келерине ишенишкен. Бирок бул жолу да таш кайра эле каргашалуу "үч:экини" көрсөттү (Анар, 1995, 157-158)."

2.5. Дубасы күчтүү адамдан бата алуу

Эл арасында касиеттүү, же дубасы күчтүү адамдан бата алуу жөрөлгөсү кеңири белгилүү. Мындай бата алган адамдын бактысы сөзсүз ачылат деп ишенишет. "Жердин тээ түбүнөн тапкан кумура толо алтындарын жылдар бою ууру-кескилердин уюгунда кумар ойноп чачып жок кылуу менен алек болгон киши таш таштоодон мурун, мындай кудай урган жерге келүүгө кырк бир акчага макул болгон дубасы күчтүү касиеттүү кишисине ташын үйлөтүп жатты (Анар, 1995, 165)."

2.6. Алаканга түкүрүү

Айрыкча зар таштары менен ойнолгон кумар оюндарында оюнчулардын арасында эң көп жасалган жөрөлгө катары - алаканга түкүрүү эсептелет. "Элүү бир кумарчы канчалык алакандарын шилекейлеп түкүрүшсө да, таштар "үч:экини" гана көрсөтүп туруп алды (Анар, 1995, 157)."

Муну менен бирге дубачы, көз боочу жана эмчидомчуларга дубалатып жасаттырган атайын кошулмааралашмаларды ичип алаканга түкүргөн учурлар да кездешет. Бул жөрөлгө бактыны, таалайды, жолду ача турганына ишенишет.

"Мындагылардын бири "таалай эликсири" менен тамагын жакшылап чайкаган соң, зар ташына түкүрүп билегин чайкап туруп таштаганда "алты:алты" түшөөрүнө ишенип жатты (Анар, 1995, 164-165)."

2.7. Сасык күзөндүн (Скунс) майы

Чыгармада каргыштан кутулуп, бакты, жолду ачуу үчүн буюмду бир түнгө сасык күзөндүн майына чылаган жөрөлгөнү көрөбүз. Түнү бою майга чыланган буюм бир мезгилден кийин жол ачып, түрдүү жакшылыктарды алып келе баштайт. "Аййамабахар күндөрүнүн аптабынан улам түндөсү жол жүргөн керБенчилердин арасында "Гирдбадга барып-барбоо" жөнүндөгү талаш ар дайым айылдын элүү бир кумарчысынын пайдасына чечиле турган. Көп өтпөй айылдын кире беришинде төөлөрдүн коңгуроосу угулуп, жакшылыкка ыроолоп күн мурунтан сасык күзөндүн майына чыланган зар таштары алынып келинди (Анар, 1995, 156)."

3. Ак жолтой адамдар же буюмдар

Мындай нерселер эл арасында өтө көп кездешет. Шуру, шакек, калем сап, акча сыяктуу буюмдарды мисал келтирсек болот. Кандайдыр бир түскө же санга ак жолтой катары маани берген адамдарды көп жолуктурууга болот. Адамдар мындай буюмдарды алып жүргөндө психологиялык жактан тынчтануусу сезип, жеңилденип калышат.

3.1. Тумар же көз мончок тагуу

Бул эң кеңири билинген ишеним. Ишеним боюнча тумар тагынган адам оорудан, кырсыктан жана жаман көздөн тышкары болот. Тумарды жасоо үчүн "курандын бир же бир нече сүрөөсү же атайын башка дубалары кагазга жазылат. Кагазды үч бурчтук кылып бүктөп, жети кабат безге орогондон кийин, атайын тигилген баштыкчага салып моюнга илишет же денеге жакын бир жерде алып жүрүшөт (Чыблак, 2004, 103-125)."

Көз мончок тумар сыяктуу эле өтө кеңири таанылган буюм катары эл арасында ишеним катары калыптанган. "Түрк тилинде "кароо", "караш" дегенди билдирет. Кээ бир адамдардын көзүндө зыяндуу, терс энергия болуп, мындай энергия менен караган адамдан кандайдыр бир буюмга, жаныбарга же адамга зыян тийиши мүмкүн. Күчтүү же зыяндуу көз караштын энергиясына кабылган адам, жаныбар же буюм ооруга, кырсыкка, зыянга учурап, айрым учурда өлүмгө да дуушар болушу мүмкүн (Боратав, 1997, 103-104)."

"Кумар ойногон бир нече аскер жолун ачуу үчүн тумар, көз мончокторун такай кийсе да, дале болсо ийгиликтен кабар жок. Аскерлердин таккан тумарлары менен көз мончокторунун эртели-кеч жардамы тийип, "5:5" түшөт деген үмүттөрү таш каап, жолу болбой жатты (Анар, 1995, 164)."

3.2. Өзү менен коёндун таманын алып жүрүү

Кээ бир адамдар коёндун таманын дайыма жанына алып жүрө турган болсо, башына кут конуп, үйүнө ырыс-бакыт орнойт деп ишенишет. Мындан мурдараак "коёндун кулагын, куйругун, таманын же кургатылган ички органдарын алып жүрсө кырсык тоорубайт же жолун ачат" деп ишенишкен. Бирок булардын ичинен коёндун таманы баарынан маанилүү деп эсептелген.

"Күнүмдүк тапкан пайдасынын көбүн "бир:бир" менен жоготкон майда соодагер, сол колундагы коёндун таманынан бир жардам күтүп турса, анын бет маңдайындагы зөөкүр, күчтөп жыйнаган алым акчасын беш:үч менен уттуруп жатты (Анар, 1995, 164)."

3.3. Өгүздүн баш сөөгү

"Жаныбардын баш сөөгү адамдагы коркуу сезимин пайда кылып, өзүнө көңүл бурдуруп, терс энергияны өзүнө сиңирип алат (Чыблак, 2004, 111)." Өгүздүн же буканын баш сөөгү сактоочу кудуреттин жана молчулуктун символу катары эсептелет. Анадолу жергесинде үйдүн чатырына, талаалардын жанына таякка илинген баш сөөктөрү бүгүн да пайдаланылат. Чыгармада бир кумарчы оюн учурунда өгүздүн баш сөөгүн утулуп калбас үчүн жанына алып келип коёт.

"Күнүмдүк тапкан пайдасынын көбүн "бир:бир" менен жоготкон майда соодагер, сол колундагы коёндун таманынан бир жардам күтүп турса, анын бет маңдайындагы зөөкүр, күчтөп жыйнаган алым акчасын "беш:үч" менен уттуруп жатты. Анын ишенгени болсо колтугунун астына басып келген өгүздүн баш сөөгү эле (Анар, 1995, 164)."

3.4. Ак жолтой акча

Ак жолтой деп эсептелген буюмдарга албетте, акча да кирет. Бул ишеним боюнча, эгерде кимде-ким жакшылыкка жоруган, ак жолтой деп санаган кандайдыр бир атайын акчаны дайыма жанында алып жүрсө, анда ал киши кырсыктан тышкары болуп, ал эми капчыгынын берекеси артат. Мындай акчаны капчыктын көмүскө чөнтөктөрүндө сакташат.

"Капчыкты ачканда ичинен жетимиш акча чыкты. Өзгөчө асемдеп жашыруун бөлүгүндө сакталган ким билсин, кайсы бир кербенчинин ага жолуккан бир Венедиктин чай пулун "капчыгымдын берекеси артсын" деп катып койгон экилик акчасы да чыкты (Анар, 1995, 41)."

3.5. Алты бармактуу адамдар

Генетикалык четтөөдөн улам кээ бир адамдар алты бармак менен төрөлүшөт. Ал эми эл арасында мындай адамдарды ак жолтой, жакшылыкка себеп болуучу адамдар катары көрүшөт. "Айрымдары болсо колу ак жолтой деп чакыра келген алты бармактуу жолдошуна зар ташын таштатып жатты (Анар, 1995, 165)."

Адабияттар

1. Анар Ихсан Октай, Amat, - Стамбул, 2006.
2. Анар Ихсан Октай, Puslu Kıtalar Atlası, -Стамбул 1995.
3. Анар Ихсан Октай, Suskunlar, -Стамбул, 2009.
4. Боратав Пертев Наили, 100 Soruda Türk Folkloru, Стамбул 1997.
5. Чыблак Нилгүн, Halk Kültüründe Nazar, Nazarık Inançı Ve bunlara Bağlı Uygulamalar, Türklük Bilimi Araştırmaları (TÜBAR), 2004 S.15, s. 103-125.
6. Көсе Али; Айтен, Али, Batıl Inançlar ve Davranışları Üzerine Psiko-Sosyolojik Bir Analiz, Dinbilimleri Akademik Araştırma Dergisi, IX (2009), Sayı: 3.

И.Кучүк,
Кыргыз-түрк Манас университети

ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ ЖАНА ОРХАН КЕМАЛДЫН "ЖАМИЛЯ" АТТУУ ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ОКШОШТУКТАРЫ ЖАНА АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРЫ

Бул изилдөөдө дүйнөгө белгилүү кыргыз жазуучусу Чынгыз Айтматовдун "Жамиля" аттуу повести менен түрк адабиятында салмактуу орду бар Орхан Кемалдын "Жамиля" аттуу романдарынын ортосундагы окшоштуктар жана айырмачылыктарды талдоо аракети көрүлгөн. Орхан Кемалдын романы 1952 - жылы, Чынгыз Айтматовдун "Жамиля" повести 1958 - жылы жарык көргөн. Негизги максат кыргыз жана түрк адабиятында кара сөз түрүндөгү чыгармаларга болгон көз караш жана чыгармалардагы окуяларды сүрөттөө формаларын ачып көрсөтүү болуп саналат. Бул багытта алгач авторлордун өмүр таржымалына токтоло кетүүнү туура таптык. Андан соң чыгармалардын кыскача мазмунуна орун берүүгө аракет кылдык. Максатыбыз аты аталган авторлорду түздөн - түз бири - бири менен салыштыруу эмес, Кыргыз жана Түрк адабиятында романдардагы баалуулуктарды аныктоо болуп саналат.

Орхан Кемал (1914-1970)

Орхан Кемалдын атасы депутат жана министр кызматтарында жүргөн адам болгон.

Атасынын аты Абдүлкадир Кемали, энеси Азиме айым да сабаттуу адам болгон. 1914-жылы 15-сентябрда Адана аймагынын Жейхан районунуда туулган. Атасы саясый себептерден улам 1931-жылы Сирияга качууга мажбур болгон. Натыйжада Орхан мектепти таштап, Сирияда идиш-аяк жуугуч, басмаканада кара жумушчу катары иштегенге мажбур болгон. Бир жылдан кийин Түркияга жалгыз кайтып келип, Аданада пахта заводунда жумушчу жана катчылык кызматтарында иштеген. Ушул жылдардагы жашоо тажрыйбалары болочоктогу романына азык болуп берген. 1937 - жылы өзү иштеген пахта заводунда жумушчу катары иштеп жүргөн Нурие менен баш кошкон. Жыл айланып Йылдыз аттуу балалуу болгон. 1938-жылы Нигдеде аскерлик кызматын өтөп жүргөн кезинде, Максим Горький жана Назым Хикметтин китептерин окуйт, чет элдик режимдердин пайдасына пропаганда жана көтөрүлүштөргө катыштыгы бар деген жалаа менен 5 жылга түрмөгө кесилген. 1940 - жылы Бурсада жаза үйүндө Назым Хикмет менен таанышат, анын көз караштарынан таасирленет. Назым Хикметтен француз тили, философия жана саясат таануу боюнча сабактарын алат. Орхан Кемалды ыр жазуудан баш тартып, кара сөз түрүндө чыгарма жазуусуна түрктү болгон адам дагы Назым Хикмет болгон. Алгачкы аңгемелер жыйнагын "Бажаксыз Орхан" деген ат менен жарыялаган. "Бажаксыз Орхан" анын өз аты эмес эле. Өзүнүн Орхан Кемал атын биринчи жолу 1943-жылы Икдам газетасында жарыялаган "Асма Чубугу" аңгемесинде колдонгон. 1943-жылы акталган соң Аданага кайрылып келген. 1944-жылы туулган уулына Назым деген ысым берген. Үчүнчү уулу Кемал 1949-жылы туулган жана 1950-жылы үй-бүлөсү менен Стамбулга отурукташкан жана өмүрүнүн акырына чейин чыгармачылык үстүндө талыкпай эмгектенген. 1957-жылы төртүнчү баласы Ышык жарык дүйнөгө келген. 1966 - жылы коммунизм пропагандасын жүргүздү деген жала менен эки досу менен биргеликте камакка алынган. Бирок, күнөөсү тастыкталбагандыктан бир айдан кийин эркиндикке чыккан. 1967-жылы «72-Когуш» аттуу драмасы менен Анкара өнөр сүйүүчүлөр кому тарабынан эң мыкты драматург наамын алган. 1969-жылы Түрк тил курумунун сыйлыгына жана Саит Фаик Хикайе Армаганына (кароо сынак) "Өнже Екмек" (Алгач нан) аттуу китебинин артынан ээ болду. Болгар жаучулар биримдигинин чакыруусу менен барып, ден соолугу начарлап София бейтапканасында дарыланып жаткан жеринен 1970-жылы 2-июнда жарык дүйнө менен кош айтышкан. Анын урматына Мезопатамияда Орхан Кемал музейи ачылган. 1972-жылдан тарта автордун урматына романдардын кароо сынагы өткөрүлүп келет.

Чынгыз Айтматов (1928-2008)

1928-жылы 12-декабрда Кыргызстандын Талас областына караштуу Шекер айылында жарык дүйнөгө келген. Атасы Төрөкул Айтматов, Советтик Кыргызстанда алдыңкы мамлекеттик ишмерлердин катарында турган, бирок 1937-жылы камакка алынып, 1938 - жылы репрессияланган. Энеси татар кызы Нагима Хамзиевна Абдулвалиева театрда актриса болгон. Аты Чынгызхандан улам коюлган. Жаштык кези оор күндөргө туш келген. Тактап айтканда, бир жагынан жаңы орношкон саясый система, экинчи жагынан со-

гуш жылдарына туура келген. Өтө жаш кезинен эмгектенүүгө мажбур болгон. Анткени, II. Дүйөлүк согуштун СССРге тийгизген таасири жаштарга да таасирин тийгизбей койгон эмес. Жашы жеткендер согушка аттанып, жаштар, жаш балдарга тылдагы эмгек жүктөлгөн эле. Он төрт жашында өз айылында катчы катары иштеп баштаган. Айыл чарба шаймандарын саноо, каттоо өндүү иштерди аткарган. Кийинчерээк, Казакстандын Жамбыл шаарында Ветеринардык кесиптик техникалык окуу жайда окуган. Андан соң Кыргызстандын борбор шаары болгон, ал кездеги Фрунзеде, Айыл чарба институтунда билимин улантканган. Ага удаа эле, Максим Горький атындагы Адабият институтуна тапшырып, 1956 - 1958-жылдар аралыгында Москвада билим алган. Жазуучулук таланты ушул жылдары башталып "Правда" газетасына чыга баштаган. Чыгармачылыгынын аркасы менен 1957-жылы Советтик жазуучулар союзуна мүчө катары кабыл алынган. 1963-жылы Ленин сыйлыгы менен сыйланган. Анын чыгармалары 150дөн ашуун тилдерге которулган. 1990 - 1994-жылдар аралыгында Советтер союзунун жана Орусиянын, кийин 2008-жылга чейин Кыргызстандын атынан элчи катары кызмат кылган. Чынгыз Айтматов «Кылым карытаар бир күн» романынын негизинде тартыла турган көркөм тасма үчүн Орусия федерациясынын Татаристан Республикасына барган чагында, 2008-жылы 16-майда катуу ооруп калат. Натыйжада, дарылануу максатында Германияга жеткирилет. Германиянын Нүмберг шаарындагы дарылануу оң натыйжа бербей ошол эле жылдын 10 - июнь күнү жарык дүйнө менен кош айтышкан.

Жамиля повестинин кыскача мазмуну (Чынгыз Айтматов)

Бул аңгеме согуш маалында бир айылды болуп өткөн сүйүү баянына негиздлген. Аңгемени окуянын баш карманы Жамилянын күйөөсү Садыктын бир тууган иниси айтып берет. Жамиля айылдын эң ажарлуу кыздарынан болот. Сулуулугу менен айылдагы баардык жаш жигиттердин көзүнө кирет. Жамиля эркек баладай чоңойгондуктан оозунан дагы, колунан дагы иш келген, эр жүрөк айым болгон. Жамилянын атасы жылкычы болгондуктан, атка минүүнү мыкты өздөштүргөн. Күндөрдүн бир жаз күнү Садык Жамиляны куун жетпей калат, арданып аны ала качып алат. Башкача айтканда аруу махабат менен үйлөнүшпөйт. Ошол учурда согуш башталып, үйлөнгөндөрүнө төрт ай толуп толбой Садык согушка аттанат. Садык согуштан жазган каттарында Жамиляга көп маани бербейт. Жамиля буга аз дагы болсо капаланат. Ал учурда Жамиля кайниси менен станцияга ат араба менен дан ташып иштеп жүрөт. Аларга жардамчы катары согуштан жаракат алып кайтып келген Данияр аттуу адам кошулат. Мезгил өтүп Жамиля Даниярды жактырып калат жана бардык тоскоолдуктарга карабастан Данияр менен бирге качып кетишет.

Жамиля романынын кыскача мазмуну (Орхан Кемал)

1934 - жылдын сентябрь айында түн бир оокум эле. Девежи Чопур Халил төөлөрү менен заводдорго материалдарда ташуу менен алектенген колунда бар адам болгон. Так ошол мезгилде ташуу жумуштарында автотранспорттор жаңыдан колдонула баштаган. Ал эми, Чопур Халил ата бабдан калган төөлөрүн сатып, алардын ордуна автотранспорт алгысы келген эмес. Заводдордун бири Чопур Халилди өз уулундай көргөн Кадир Агага тиешелүү эле. Аталган заводдо иштеген Жамиля аттуу кызга Халил көптөн бери ашык болуп, аны менен үй-бүлө куруусу көздөп жүргөн. Бирок, Жамиля ошол эле заводдо эмгектенген башка жигитти жактырчу. Халил болсо, заводдо иштеген жумушчунун 30 тыйындык эмгек акысы менен жашоо мүмкүн эместигин, Жамиля эгер баш кошууга макул болсо колун билериктер, мойнун алтындар менен толтура турганын айта берээр эле. Ал эми Жамиля анын бул сунушун четке кагып, байлык, бийлик эмес, ага тунук махабат керектигин айтып келген. Халил, заводдо иштеген Каракыз аттуу бир кызга колуна тыйын берип, Жамиляга сунушун айтып көндүрүүгө аракет кылган. Зарыл болсо, төөлөрүн дагы сата турганын билдирген. Бирок, Жамиля аны жетекчиликке арызданаарын айтып эскертет. Жамилянын атасы карыя Малик деген абдан жакшы адам болгон. Баарына жардамын аябаган, эч кимден тыйын албаган адам болгон. Жубайынан эрте ажырап, балдары менен турмуш - тиричилигин улантып келген. Күндөрдүн биринде Жамилядан байкесинин кайда экенин сурайт. Жамиля болсо, агасы экөө чырдашканын айткат. Атасы болсо, Жамиляны мындан ары байкесине катуу айтпоого чакырат, бир күн өзүнүн да көзү жумулганда байкесинен башка эч ким жанында болбоорун айтып эскертет. Бир аз баарлашкан соң атасы Карагөлгө барып, ал жерде өзүнүн жерин иштетип балдары менен бактылуу турмушун улантуу ниетин билдирет. Садри үйгө жаңы эле кирген. Жамиля менен бир аз талашып тартышкан соң тамактанууга өтүштү. Тамактануу маалында кайым айтышуулар уланганы менен аягында тамашалашып, күлүшүп калышты. Тамактан кийин Садри башы ооруганын айтып, өз бөлмөсүн кирип жатат. Жамиля менен үй - бүлөсү бир заводдо иштеген Мусанын короосунда отурушкан. Жамиля кир жууп жаткан эле, жардамга Гүллү, Шемса жана Халимелер келишти. Жамиля курбулары менен кызуу сөзгө киришти; күлүп деле жатышты, сүйлөшүп деле... Каткырыктар менен бирге катуу кыйкырган үндөр угулду. Жамгөз Садыктын келе жатканы түшүнүктүү болду. Жамиля коркуп атасын издеди. Атасынын жок экенин көрүп көңүлү жай ала түшкөнсүдү. Кирин жууп уланта берди. Ал ортодо Каракыз короого кирип келип, элтен-селтең араң басып жанына келди. Каракыз Девжи Чопур Халил Жамиляны абдан жактыраарын, керек болсо Жамиля үчүн төөлөрүн дагы сатууга даяр экенин айтып жар салып жатты. Дал ошол маалда атасы короого жакындап келе жатты. Жамилянын өңү кубарып, Каракыздын кызуу абалында атасына да айтып салбасын деп курбуларынан Каракызды үйүнө жеткирүүнү өтүндү. Бир аз убактан кийин Мусанын короосуна жашаган коңшусу Иззет Уста кирди. Иззет Уста Жамиляга бул окуя тереңдеп кете электе атасына болгон окуяны айтуу керектигин, Жамилянын колун суроого жиберээрин айтты. Эртеси күнү Садри менен Жамиля адаттагыдай эртен мененки тамактан кийин заводду көздөй жөнөштү. Жолдо башка короолордон дагы заводко карай бара жаткан жумушчулар чыгып кошулуп жатты. Маанайлары көтөрүңкү бара жатышты. Аңгыча алардын күлкүсүн катуу чыккан ышкырык токтотту. Экинчи жолу ышкырган үн чыкканда Муса бурулуп карады. Үчүнчү жолку ышкырык угулганда алардын алдын бир унаа тороп калды. Унаадагы киши менен Муса талашып тартышып калышты. Садри Жамиляга карап, тезирээк заводко кетүү керектигин айтты. Алардын артынан

Муса жана башка жумушчулар да келишти. Муса унаадагы кишинин Жамгөз Садык экенин, Жамиляны алгана келгенин Садриге айтып берди. Катип Нежати бир досу менен барда ичимдик ичип олтурган. Нежати досуна заводко бара турганын, Жамиля менен ушул абалда сүйлөшө ала турганын айтты жана бардан чыгып заводко жөнөдү. Нежати заводко келгенде Муса аны чакырып, түндө болгон окуяларды айтып берди. Аңгыча Жамиля курбулары менен сыртка чыга келишти. Бир аз сүйлөшкөн соң, Нежати чоң энесин Жамилянын колун сураш үчүн жибере турганын айтты. Каракыз уйкудан ойгонду. Иззат Уста ага тамагын даярдап, астына алып келди. Иззет Устанын бул кылганын Каракыз жактырда. Андан соң заводко бара жатып, тамак жеп отурган Жамгөз Садыкка жолукту. Каракыздын сүйлөгөн сөзүнөн улам, Каракыздын бул иштен баш тартканын түшүндү, бирок Жамгөз Садык Каракызды бат эле алдап койду. Каракыз ал жерден чыгып заводко карай бет алды. Жамиляга келип кечирим сурады. Жамиля Каракыздын бул кылыгында бир ойун бар экенин түшүнүп, кечирген жок. Түшкү тыныгуу маалында Жамиля үйүнө барды. Атасы кембагал Бошнактын чачын алып берип жаткан. Малик карыя кандай болгон учурда дагы кызын карап, жылмайып анан сүйлөөр эле. Бул жолу андай болгон жок. Тамак да даярдаган эмес экен. Үйгө келген Садри дагы атасынын тамак даярдабаганын көрүп таң калды жана эмне болгонун сурай баштады. Атасы Жамиляны карап, Иззет Уста ага Нежати тууралуу айтканын, алардын чын төгүнүн сурады. Жамилянын, "ооба" дегенин угуп ан сайын капаланды. Бир аз туруп, Мындан ары бул дүйнөдө Жамиля аттуу кызы жок экенин айтты. Ал эми Жамиля атасынын сөздөрүнөн кийин окшуп окшуп ыйлай баштады. Малик карыя сүйлөгөн сайын Жамилянын ыйы күчөй берди. Маликы карыя бир аздан жазылды. Жамиляны кучактады. Андан соң атасы тамактанууга азык-түлүк алуу үчүн базарга карай жөнөдү. Аркасынан Иззет Уста келди. Жамиля баардыгы жолунда экенин айтып, Садриден заводдогу абал тууралуу сурады. Садри заводдогу абал начар экенин, Италиялык адам келгенден бери иштер жолунан чыкканын кобурады. Айлык алаар күнү баары белгилүү болоорун, жумушчулар алган айлыгын аз дешсе, көтөрүлүш чыгарышы мүмкүн экенин айтып божурап отурду. Иззет Уста Садрини бул окуялардан алыс болууга чакырды. Айлык ала турган күн да келди. Жумушчулар кезек күтө баштады. Эсепчилер келип эмгек акыларын тарката баштады. Айлыгын алган жумушчулар четке чыгып алган акчасын санай баштады, бирок, аз экенин көрүп ачууланып жатышты. Жумушчулар айлыктарын алган соң, Жамгөз Садыктын үнү чыгаары менен Италиялыктын бөлмөсүнө карай бет алышты. Эсепчилердин бирөө абалды мүдүргө жеткирди. Мүдүр болгонун Кадир Агага айтты. Жумушчулар колдорунда темир тезек менен Италиялыктын бөлмөсүн карай чуркап жатышты. Жамиля байкесин издеп үн катты. Аны таба албай, эмне кылаарын билбей, тезинен үйгө жетип атасына айтуу керектигин ойлоду. Үйгө келип атасына айтты. Атасы менен Муй заводду көздөй чуркашты. Коңшулары дагы Малик менен Муйдун артынан заводдо иштеген өз бир туугандарын, балдарын кароого чуркап жөнөштү. Аңгыча короодо эки улгайган аял пайда болду. Алардан ким керек экенин сурады. Алар Жамиля деген кыз үчүн келгендерин айтышты. Илгиртпей түшүнгөн Жамиля, уялганынан жүзү кызарып аларды үйгө чакырды. Аялдар тартынып үйгө кириштн. Үйдө эч ким жок экенин байкашты. Жамилядан үйдө улуу эч ким жокпу деп сурашты. Аңгыча Малик карыя, Муй, Садри жана Нежатинин короого киргенин көрүп, Жамиля чуркап барып атасын кучактады. Меймандардын келгенин айтаары менен Нежати чоң энесине карай жөнөдү. Абалды түшүнгөн Малик кызынын уядан учаарына бир капаланды. Береги аялдар отурган бөлмөгө кириштн. Кофе ичип, сүйлөшүп жатышты. Аңгыча Жамиля Мусанын аялы менен Гүллүнүн короого киргенин байкады. Гүллү заводдогу окуя тууралуу айтып жатты. Малик карыя кызынын башка бирөөгө бүлө болуп кетип жатканын ойлоп ичи ачышып жатты. Нуман Шериф мырза кээ бир жумушчуларды жумуштан кетирип, заводдогу кырдаал акырындан турукташа баштаган. Нуман Шериф мырза жардамчысын чакырып, газетага жарыя берип, Стамбул, Измирден жумушчу табуу керектигин буйрук кылды. Жумуштан айдалган жумушчулар натыйжасын күтүп атышты. Бул окуяны баштагандар эч кандай маселени чечпестен өз жашоолорун улантуу үчүн изденип жашоолорун уланта беришти. Жамгөз Садык баштаган адамдар өз жашоосун уланта берди. Бирок, жумуштан куулган жумушчулар бул абалды көрүп Садыктын дүкөнүн басып алышып, талап тоноп кетишти. Садык, окуянын мындай болоорун билээри менен качып кутулган. Жумушчулар анын дүкөнүн талап тоноп кыйраткан соң тарап кетишти. Жамиля менен Нежати өтүп бара жатып эмне болгонун көрүү үчүн токтошту. Иззет Уста келип баарын төкпөй чачпай айтып берди. Нежаати чоң энесинин ыраазы болгонун же болбогонун сурады. Жамилядан Малик карыянын абалын сурады. Жамиля, "Билбейм" деген жообун айтты. Ал учурда Малик карыя эшигин жаап алып Карагөлдү күн батып бара жатканда тиктеп турган.

Чынгыз Айтматов жана Орхан Кемалдын чыгармаларындагы окшоштуктар

● Айтматовдун дагы Орхан Кемалдын дагы чыгармаларында каармандардын баардыгы катардагы атуулдар болуп саналат. Элита катмарындагы адамдар эмес. Баардыгыбыздын күнүмдүк турмушубузда жолуга турган, аңгемешеле турган жана достук кура турган адамдардан турат. Бир кыргыз Чынгыз Айтматовдун Жамилясын окуганда ал чыгармада өзүн жана жашаган чөйрөсүн көрө алат. Ошондой эле, бир түрк Орхан Кемалдын Жамилясын окуганда өзүн жана чөйрөсүн таба алат.

● Эки чыгармада тең сүйүү темасы козголгон. Негизги каарман - Жамиля. Чыгармалардагы окуялар түздөн-түз, же кыйыр түрдө Жамиля менен байланыштуу. Айтматовдун чыгармасында Жамиля менен Данияр, Орхан Кемалдын чыгармасында Жамиля менен Нежати арасындагы мамилелерге башка каармандар түздөн-түз, же кыйыр түрдө таасирин тийгизет. Мисалы, Айтматовдо Осмон Жамилянын жанын койбойт. Айылдагы бардык кыздарды анын алдында туткун катары көрөт. Осмон Жамиляга: "Согуш маалы, эриндин камчысын жебегендиктен кутуруп жатасын. Менин аялым болгондо сениби!" деп айткан жери бар. Бул абал Жамиляны абдан капа кылган. Осмонго тиешелүү жообун артыгы менен берген.

● Бул жерде Осмондун согушта Ата Мекен үчүн жан аябай күрөшүп жүргөн Садыктын аялына кылган мамилеси адеп-ахлактык жактан туура эмес. Айылга согуштан майып болуп кайтып келген Данияр Осмон-

го окшогон жаштардан таптакыр башкача эле. Сылык сыпаа, тартиптүү, адамгерчиликтүү жигит эле. Бул өзгөчөлүктөрү Жамилянын көңүлүн буруп, ага карата сезимдерин ойготкон. Натыйжада алардын ортосундагы мамиле чыныгы сүйүүгө айланган.

• Айтматовдун чыгармасында дагы, Орхан Кемалдын чыгармасында дагы окуя чакан аймакта болуп өтөт. Айтматовдо окуялар чакан бир кыштакта, Кемалда болсо пахта заводунда жана ал заводдун жумушчулары жашаган конушта болуп өткөн.

• Чыгармалардагы каармандар айыл тургундары болуп эсептелет. Айылда төрөлгөн, айылда жашаган жана айыл турмушунун талаптарын аткарган адамдар түзөт.

• Эки чыгармада тең жөнөкөй тил колдонулган. Окурмандарга түшүнүүдө эч кандай кыйынчылык туудурбайт. Окуган киши оной эле түшүнгүдөй тил менен жазылган.

• Эки чыгармада тең "Садык" аттуу каарман бар. Айтматовдун чыгармасында Садык Жамилянын күйөөсү, ал эми Кемалдын чыгармасында Садык заводдо иштеген жумушчу.

• Чыгармалардагы каармандар кем багал адамдардан турат. Турмушун улантуу үчүн оор шарттарда эмгектишет. Өзгөчө аялдар жашоо шартты жакшыртуу үчүн жан үрөп иштешкени айтылат. Айтматовдун чыгармасында дыйканчылык жана мал чарбачылыгынын бардык түйшүгү күйөөлөрү согушка кеткен аялдарга жүктөлгөн. Кемалдын чыгармасында болсо айыл жеринен жакшы турмуш издеп шаар жерине көчүп келген үй-бүлөлөрдүн кыздары пахта заводунда күнүнө он эки сааттан оор шарттарда эмгектенишет. Анткени, алар колунда жок, жакыр адамдар, жашоолорун улантуу үчүн аракет кылышат.

• Эки автор тең жашоосунда ар кыл кыйынчылыктарды башынан өткөрүшкөн. Айтматовдун атасы 1938-жылы репрессияланган. Балдарды багуу энесинин мойнуна жүктөлгөн. Орхан Кемал М.Горький жана Н.Хикметтин чыгармаларын окуган деген жалаа менен беш жыл камакта жаткан. Авторлор бейкут турмушта жашап мындай чыгармаларды жараткан эмес. Чыгармаларында алардын жашоо турмушундагы издерди кездештирбей коюуга болбойт. Бул, албетте чыгармалардын таасирин жогорулаткан негизги факторлордун бири болуп саналат.

Чыңгыз Айтматов жана Орхан Кемалдын чыгармаларындагы айырмачылыктар

• Айтматовдун чыгармасында Жамиля күйөөсү согушка кеткен, үй-бүлөлү келин болсо, Орхан Кемалдын чыгармасында Жамиля кембагал бир үй-бүлөнүн пахта заводунда иштеген бойдок кыз.

• Орхан Кемалдын чыгармасында каармандар Түркиянын Чукурова аймагындагы диалектте сүйлөшөт. Айрыкча сөгүнгөн сөздөр көп кездешет. Ал эми, Айтматовдо болсо, каармандар таза кыргыз тилинде сүйлөшөт жана сөгүнгөн сөздөрдү кезиктирүүгө болбойт.

• Айтматовдун чыгармасында окуялар Жамилянын кайниси тарабынан баяндалат. Окуялар, кишилер анын көзү менен баяндалат. Орхан Кемалда болсо, автор өзү баяндайт. Окуялардын өнүгүшү жана каармандардын руханий абалы автордун көзү менен сүрөттөлүп, баяндалган.

• Айтматов каармандардын ички жана тышкы дүйнөлөрүн чагылдырууга аракет кылса, Орхан Кемал метафоралык тил колдонгон. Мисалы, "Даниярдын четтери серт чийимдер менен курчалган эриндери дээрлик ачылчу эмес, көздөрү кайгылуу эле. Чарчаңкы жүзүндөгү жандуулуктун жалгыз белгиси каштары болчу. Кээде такыр укпаган үндү угуп, көүлү бурулат. Каштары серпилип, көдөрү жанып чыкчу. Жүзүн күлкү аралап, узак убакка чейин кетчү эмес". Айтматовдун мындай сүрөттөө өнөрүнүн алдында Кемалдын баяндоолору жөнөкөй болуп саналат. Мисалы, "Кенен шапкасынын астында бырыш баскан беттер, боорунан башталган чоң курсагы жана ичке буттары менен жанаша басып баратса, өрдөккө окшошуп кетээр эле". Ошондуктан Айтматовдун чыгармалары окурмандарга терен таасир калтырат.

• Айтматовдун Жамиля повестинде бардык каармандар бир элге таандык. Алардын арасында башка элден жана башка динден эч ким жок. Орхан Кемалдын Жамиля аттуу чыгармасында болсо, заводдо мүдүр катары кызмат кылган Соломон аттуу Италиялык инженер бар. Жумушчулар Соломонду жактырышпайт жана жек көрүшөт.

• Орхан Кемалдын романы негизинен каармандардын ортосундагы диалогдордон турат. Бул жагынан алганда роман драмалык мүнөзгө ээ. Айтматовдун чыгармасында диалогдор азыраак. Көбүнчө Жамилянын кайын инисинин көзү менен баяндалат.

• Айтматовдун каармандарынын баары айылдыктардан турат жана айылда жашашат. Дыйканчылык жана мал чарбачылыгы менен алектенишет. Орхан Кемалда болсо каармандардын көбү айылдыктар, бирок айылда турмушун уланта албай калгандыктан шаарга көчүп келишкен. Баардыгы пахта заводунда жумушчу катары иштешет.

• Орхан Кемалдын чыгармасында каармандардын ортосунда идеологиялык жана экономикалык келишпестиктер бар. Заводдун жумушчулары күнүнө он эки сааттан иштешет жана ага жараша өз укуктарын талап кылышат. Айтматовдун чыгармасында мындай көрүнүш жок. Айылдыктар күнүмдүк жумуштарын белгиленген тартипте аткарышат жана жашоолорун улантышат.

• Кемалдын чыгармасында Жамиляны жактырган эки жигит бар. Экөө тең бир фабрикада иштешет. Бирөө Нежати, экинчиси Чопур Халил. Акырында Нежатинин чоң энеси Жамилянын колун сурайт, кыз тарап бул сунушту кабыл алат. Чыгарма ушундай негизде аяктайт. Айтматовдун чыгармасында болсо, Жамиля үй-бүлөлү келин. Күйөөсү согушта жаракат алып, бейтапканада жаткан кезинде эч ким күтпөгөн жорукка барып, Данияр менен качып кетет. Эки чыгарманын аягын салыштырганда Кемалдын Жамилясынын сүйүүсү аруу жана таза экенин айтууга болот. Айтматов Жамиля повестиндеги мындай натыйжасы үчүн көптөгөн сын пикирлерге кабылган. Анткени, Жамилянын артында күйөөсү, бир кайниси жана кайын энеси бар эле. Алар бир үй-бүлө болчу. Үй-бүлөдө эң ыйык нерсе бул анын биримдиги болуп саналат.

• Айтматовдун Жамиля повести Экинчи Дүйнөлүк согуш маалын камтыйт. Ал эми, Кемалдын Жамиля чыгармасы болсо, Экинчи Дүйнөлүк согуштан кийинки мезгилде болуп өтөт.

Жыйынтык

Жогоруда жасалган талдоолорго таянуу менен Чыңгыз Айтматовдун Жамиля повести Орхан Кемалдын чыгармасынан бир көйнөккө үстөмдүк кылаарын айтууга болт. Анткени, Айтматовдун стили, тили жана көркөмдүгү алда канча таасирдүүрөөк. Андай болбо-

со, дүйнөнүн көптөгөн тилдерине которулуп, ар тараптуу кызыгууну жарата албайт эле. Аны дүйнөлүк адабиятта орчундуу орунга ээ кылган ушул өзгөчөлүгү болуп саналат. Окурмандын эң терең сезимдерине чейин ойготуп, окурманды чыгармадагы каармандар менен бирге жашоого жетелеген күчтүү таасирге ээ. Биз дагы Жамиляны колубузга алганда тыныгуусуз, аягына чейин окуп чыктык.

Адабиятар
1. Чынгыз Айтматов, 'Жамиля'. -Истанбул, 1990.
2. Орхан Кемал, 'Жамиля'. -Истанбул, 2004.

К.Ибраимов,
К.Карасаев атындагы БГУ

БАЛДАР ФОЛЬКЛОРУНДАГЫ ОЮН АЙТЫМДАРЫ

Оюн балдардын жашоо-турмушунда өзгөчө мааниге ээ. Оюн - балдар үчүн тажабаган түйшүк, айлана-чөйрөнү таанып билүүнүн, үйрөнүүнүн, таалим-тарбия алып такшалуунун, өсүп-өнүгүүнүн жолу. Бала оюну жөндөн-жөн эле эрмек эмес, баланын руханий жактан жетилип, табигый түрдө өсүп-чоңоюшун шарттайт, жашоо күрөшүнө, эмгекке даярдайт. Баланын келечеги, ой чабыты, дүйнө таанымы оюнга тикелей байланыштуу. Бала тиричилигин оюнсуз элестетүү мүмкүн эмес.

Балдар ойногон оюндар өтө арбын, алар оюндун ар кандай түрлөрүн ойлоп тапкан. Анткени бала көргөн-билгенин, көзүнө урунганын оюнга айландыргысы келет, адамдардын жашоо-тиричилигине, адат-жөрөлгөлөрүнө окшоштурат, аны туурайт. Балдар адабияты боюнча адис окумуштуу М.Түлөгабылов кыргыз балдар оюндарынын отуздан ашуун түрү бар экендигин айтат. (1.46). Балким мындан алда канча арбын чыгар. Е.А.Покровский балдар оюндарынын беш жүздөн ашык түрүн сыпаттап жазып чыккан эле. (2. 276).

Дүйнө элдеринде балдар ойногон оюндардан толуп жаткан окшоштуктарды жолуктырууга болот. Себеби баланын жан-дүйнөсү, балалык кыялы, жүрүм-туруму табигый орток касиеттерге ээ. Ошентсе да ар бир элдин өзүнө мүнөздүү болгон улуттук өзгөчөлүктөрү балдар оюндарында таасын сезилет. Анткени ошол элдин өткөн тарыхы, үрп-адат, салт-санаасы, кесипчилиги, жалпы эле жашоо образы балдар оюндарында жакшы сакталган. З.Бектенов, Ю.Мусинов, С.Токторбаев, Х.Анаркулов, С.Саипбаевдин эмгектерин көңүлгө алсак, кыргыздын элдик оюндары, алардын ичинде балдар оюндары да, аздыр-көптүр жарыяланып, изилденип келди десек болот.

Балдар оюндарынын көпчүлүгүнө фольклордун анча деле тиешеси жоктой сезилгени менен айрым оюндар жалаң фольклордук чыгармалардын коштоосунда ойнолот, башкача айтканда, айтым сөздөр оюндун ажырагыс бөлүгү, негизги компоненти болуп берет. Биздин милдет балдар оюндарын изилдөө эмес, болгону оозеки сөз өнөрү катышкан оюндарга назар таштап, андагы айтым сөздөрдүн жанрдык касиеттерин, өзгөчөлүктөрүн караштыруу максаты турат.

Оюн айтымдары сөзсүз түрдө оюн учурунда айтылат. Белгилүү фольклорист Ю.Г.Кругловдун мындай деп жазганы бар: "Песни не могли существовать вне игры, тексты в отрыве от игры теряли свой смысль. В этом заключается и главное отличие игровых песен". (3. 114). Демек, оюн процессинде милдеттүү түрдө аткарыла турган оозеки чыгармаларды оюн айтымдары десек болот. Алар ар түрдүү композициялык милдет аткарып, оюн башталарда, оюндун жүрүшүндө, же оюн акырында айтылышы мүмкүн. Айрым учурларда оюн шарттарын түшүндүрүп, жол-жобосун да аныктайт. "Игровые песни имеют различное целовое назначение: один полагают начин игре, другие служат для связи её частей, третьи несут службу концовок; иные вводятся для замедления действия игры или в целях отвлечения внимания участников ответственного момента игры" (2. 279) деп жазат Т.С.Виноградов. ушундан улам оюн учурунда айтылган оозеки чыгармалар ар түркүн жанрдык түрлөргө ажырап кетет.

Балдарга тиешелүү элдик оозеки чыгармаларды "оюн" ("игровой") фольклору жана "оюндан тышкары" (вне игровой") деп бөлүштүрүү мыйзам ченемдүү көрүнүш, бирок да мындай бөлүштүрүүнүн өзүндө кандайдыр шарттуулук бар. Анткени оюндун кайсы бир белгилери, элементтери балдар фольклорундагы айтым сөздөрдүн бардыгында эле учурайт. Ошондуктан бул экөөнүн арасын так ажыратуу кыйын. Кыргыз балдар фольклорун изилдеген окумуштуу Г.Орозова балдар оюндарын "1) Сөз менен коштолуучу оюндар жана 2) Кыймыл менен коштолуучу оюндар" деп экиге бөлөт (4. 108). Ырасында эле, балдар оюнунда фольклордун ээлеген орду, маани-маңызы, карым-катышы жөнүндө сөз жүрсө, анда аларды экиге бөлүп караштырууга болот: биринчиси, оюнга тиешелүү, оюн процессинде аткарылган айтымдар болсо, экинчиси - сөз оюну. Демек, биринчи топко кыймылдуу оюндар учурунда айтылган айтым сөздөр кирсе, экинчи топко сөз оюну, же сөз менен ойноло турган оюндар кирет.

Балдардын бош убактысы дээрлик оюн менен өтөрү белгилүү. Ошондуктан алардын кыймылдуу оюндарында айтым сөздөрдүн ар кандай түрлөрү, формалары колдонулат, аралашат. Бул орус фольклористикасында "балдардын оюн фольклору" деп аталса, кыргыз фольклористикасында "оюн ырлары" деген термин менен аталып жүрөт. Оозеки тексттин негизги милдети - оюнду уюштуруу жана аны коштоп аягына чыгаруу. Демек, балдардын кыймылдуу оюндарында айтым сөздөр өзгөчө милдет аткарат, ар биринин өзүнө тиешелүү функциясы, ага ылайык мазмуну, өзгөчөлүктөрү бар.

Балдар улуулардан укканын, көргөнүн үйрөнүп алат, ошол эле учурда аны чыгармачылык менен өзгөртөт, жаңыртат, ал гана эмес, жаңыларын жаратат. Балдар фольклорундагы чүчүкулак (жеребьевки), са-

нак (считалки), мазактоо (дразнилки) айтымдары ушундай деп айтууга негиз берет. В.П.Аникиндин пикирине караганда, бул жанрлар деле "таптаза" эле балдар өздөрү жараткан чыгармалар эмес, бирок чоңдордун чыгармачылыгы акырындык менен балдар оюндарына өткөн. Айрыкча балдар оюндарынын көпчүлүгүндө орун алган чүчүкулак, санак айтымдарын балдар өздөрү ойлоп табат, өздөрү чыгарат. (5. 308).

Балдар оюндарынын ар биринде аткарыла турган эрежелери, шарттары бар. Көпчүлүк оюндардын ойноо шарты боюнча оюндун башталышында балдарды эки топко ажыратууга оюн башчыларын дайындоого, болбосо оюнчуларды кезекке тургузуп, ролдорду бөлүштүрүүгө туура келет. Мындай учурда чүчүкулак кармоо, же санак айтымдары колдонулат. Чүчүкулак чөп жашыруу, таяк кармоо, суроо-жооп аркылуу ишке ашса, санактын атайын тексти бар. Жалпы эле балдар фольклорунда чүчүкулак (жеребьевка) менен санак (считалка) өз алдынча жанрлар катары каралат. Анткени алардын аткарган функциясы ар башка: чүчүкулак айтымдары оюндун катышуучуларын эки топко бөлүү үчүн айтылса, санак оюнчуларды кезекке тургузуп, ролдорду бөлүштүрүү милдетин аткарат. Кыргыз балдар фольклорунда деле чүчүкулак айтымдары (текст) болгон чыгар, бирок жазылып калган, же жарыяланган материалдарды азырынча жолуктура албадык.

Санак. Бул жанр балдар оюнунда өтө кеңири тарагандыгы менен өзгөчө орунда турат. Ошондой болсо да балдар репертуарындагы оюн санактарына ушул убактарга чейин түзүгүрөөк көңүл бурулбай келди. "Санак" термини жанрдын ички мазмунуна, маанимаңызына дал келе турган элдик термин десе болот. Орустарда "считалка", өзбектерде "санамалар", казактарда "санамактар", түркмендерде "санавыч", татарларда "санамышлар" деп аталганы менен санактардын балдар оюнунда аткарган негизги функциясы бардык элдерде бирдей. Ал милдет - оюнду баштоого, башкарууга жетекчи дайындоо жана ошол оюндагы ар бир баланын ролун аныктоо. Демек, оюндагы ролдорду бөлүштүрүү жана кезектешүү үчүн оюндун башталышында айтылган речитативдүү айтымдарды санак айтымдары десе болот. Ошентип, тигил же бул оюнду уюштуруу, оюн тартибин бекем сактоо - санактын негизги милдети.

Санактарда түшүнүксүз, табышмактуу сөздөр (заумные слова) жыш учурайт. Ошондон улам санактардын пайда болушун окумуштуулар байыркы ишенимдер, жашыруун тил (табу) менен байланыштырат. (6. 122). В.П.Аникин санактардагы башкы эки өзгөчөлүктү белгилейт. "Во - впервых, в основе большинство считалок лежит счет, и во - вторых, считалки поражают нагромождением бессмысленных слов и созвучий". (5. 309). Анткени, санактар бир кездерде чоңдордон балдарга өткөн жана андагы түшүнүксүз сөздөр кайсы бир нерселерди санооого тыюу салынган байыркы учурлардан сакталып калган деп түшүндүрөт. Бирок акырындык менен санакка болгон тыюу, ишенимдер жоголуп, ал өз жолу менен көркөм касиеттерге ээ боло баштайт. Андай сөздөр эми уйкаштыкка карай колдонулат.

Башка калктардын балдар фольклорунда санактар толугураак жыйналып, жакшы изилденген десе болот. Бирок ошентсе да санактар, алардын ички классификациясы жөнүндө бирдей пикир жок. Казак фольклористи К.Матыжанов орус, татар, өзбек санактарынын ички классификациясын көңүлгө алып, талдай отуруп, казак балдар фольклорундагы санактарды (санамактар) жумбак сөзди санамактар, сюжетти санамактар, тизбекти санамак (кумулятивные) деп үчкө бөлөт. (7. 22). Кыргыз балдар фольклорунда мындай санак айтымдары толук жыйналбаган соң классификация түгүл, ал жөнүндө кененирээк пикир айтуу мүмкүнчүлүгү чектелген. Албетте, кыргыз балдар фольклорунда (балдар оюнунда) деле санак айтымдарынын ар кандай түрлөрү кеңири айтылып келгендигинен күмөн санооого болбойт.

Санакты балдар бой тартып, оюндан кол үзгөнгө чейин жарыша жаттап, кызыга айтып келген. Анткени, ал тамашалуу мазмундагы төрт же андан көп уйкаштуу саптардан туруп, кандайдыр бир ырааттуулук сакталат жана уйкаштырып, ыргактуу айтылгандыктан көркөмдүк касиетке ээ, эсте тутууга жеңил, айтууга оңой.

- Кара коюм кайдасың?
- Тоодомун.
Тоомелик, суумелик,
Балтам бас, керким кес,
Сен туруп, сен чык. (8. 190).

Аппан - жапан
Саман - чапан
Ийри комуз
Жарык жылдыз (сары жылдыз)
Онокой - сонокой.
Кара карга,
Сары чымчык,
Саны туура,
Сен туруп, сен чык (9. 160)

Санактын акыры "сен туруп, сен чык" деп аяктайт да, ал кимге туш келсе оюнду ошол башкарат, же негизги ролду аткарат. Мындай айтымдар баланын сөз өнөрүнө болгон кызыгуусун арттырып, уккулуктуу сүйлөөгө умтултса, санакты көбүрөөк жаттоо аракети эсте тутуу жөндөмүн, ой-өрүшүн өстүрөт, ал санакты ыргагы менен тартибин бузбай айтуу баланы сергектикке, баамчылдыкка үйрөтөт. Демек, сынак оюн айтымдарынын ичинде кеңири тараган жанрдык түр катары кабыл алынат. Кылымдап жашап келаткан оюн сынактары жакшылап жыйнап, терең изилдөөгө муктаж. Ал балдарга таалим-тарбия, эстетикалык ырахат эле тартуулабастан, элдин өткөн тарыхынан, турмуштиричилигинен, дүйнө таанымынан кабар берет.

Оюн айтымдары көбүнчө диалог түрүндө болот да, кээде коллективдүү түрдө хор менен аткарылат. Анын ачык-айкын үлгүсү катары балдар фольклорунда кеңири учураган "Ак терек, көк терек" (же "Элден-элден эл чабар") айтымын көрсөтүүгө болот.

- Ак терек, көк терек,
Бизден сизге ким керек?
- Жепирейген Жээнбек,
Жетип келсин тезирээк.
- Ак терек, көк терек,
Бизден сизге ким керек?
- Элден эл жагаар,
Бизден сизге ким жагаар?
- Тойго минген тору аттай,
Топчуланган манаттай.
Кызыл бешмант кыз керек.
Жайлоодон түшкөн тору аттай,
Жайдары сулуу сымбаттуу
Жашыл чапан кыз керек. (10. 355)

Кээ бир варианттарда алгачкы оюн шарттары, эрежеси сакталганы менен коомдук ан-сезимдин өсүп-өнүгүшүнө, эстетикалык табиттин талабына жараша айтым саптары айрым бир өзгөрүүлөргө учурайт, жаңыланат. Дегеле оюндун катышуучулары, конкреттүү кырдаал дайыма эске алынат.

- Ак терек, көк терек,
Бизден сизге ким керек?
- Санитарка жетишпейт,
Салый бизге эң керек!
- Ак терек, көк терек,
Бизден сизге ким керек?
- Кетирейген Керимбек,
Келсин бизге тезирээк! (4. 123)

Оюндун бул түрү казак, өзбек, татар балдар фольклорундада орун алган. Казак балдар оюндарында "Айгөлек" деген ат менен белгилүү, орчундуу айырмачылык байкалбайт. Ушуга караганда бул оюндун жаралуу, пайда болуу тарыхы тереңге кетет. Жалпы эле фольклорго мүнөздүү варианттуулук оюн айтымдарына да тиешелүү болгондуктан айтым саптары дайыма өзгөрүп турат. Бирок мындагы "Ак терек, көк терек, Бизден сизге ким керек?" деген саптар туруктуу сакталып, оюн аракети кайталанган сайын бул айтым саптары да кайталанат.

Кыргыз элинин кылымдап жашап келген улуттук оюндары бар. Актан Тыныбеков ошондой оюндардын элүүгө жакынын атап, ал оюндарды сыпаттап, ойноо тартибин, эрежесин жазып калтырган. (11. 532). Албетте, алардын арасында балдар оюндарынан да бар. Алсак,

"Элден - элден эл чабар" оюнунда:
"Элден - элден эл чабар,
Чалагыз деген бок чабар".
же
"Элден - элден эл чабар,
Итибай деген бок чабар" (11. 571) - деген айтым сөздөр колдонулса, "Токту сурамай" оюнунда: жашырып коюлган аты боюнча чакырылат:

"Туткуч, Туткуч" - дегенде көзү басылып отурган баланы Туткуч келип чекеге чертип кетет ... (11. 571). "Чикит чапмай" оюнунда: Оюнда утулуп калган бала алыска чабылган чикитти колуна алып,

"Акбай, Токбай,
Караменде, кашка тай,
Кулу-кулу кула тай,
Куруп кетсин Мандабай.
Акалекей-чакылакей,
Чаар бака, темир така.
Боронбай бүкүр, бооруна түкүр.
Чабалекей чам-чум" - деп оозун кымтыган бойдон жыдыманды көздөй катуу жүгүрөт. Жыдыманга чейин "чым" деген үнү басылбай жетсе кутулат... Эгер үнү басылып калса улам-улам кайта бара берет. (11. 575). Чикит - балдардын жакшы көргөн оюндарынын бири. Бул оюн "чабалекей", "чикилдек" деп да аталат. Оюн эрежеси окшош болгону менен андагы айтым сөздөр көп варианттуу, бирок туруктуу, салттык формага ээ.

Дагы бир оюнда (оюн аты белгисиз - И.К.) балдар уй мүйүз тарта тизелерин тийиштире отурушат. Ошондо алардын бири:

Эккелем-дүккалем,
Төрт амал, кара козу.
Көөкө, көпкө,
Пылтыр пыш, этегиң тос - дейт.

Калган балдар:

Ак самын, көк самын,
Аны издеп сен табын!- деп айтып турушат. (12.26)

Балдар арасына кеңири тараган "Хан вазир" оюнунда:

- Ханым, дат?
- Датың болсо айт.
- Ууру кармадым.
- Эмне уурдаптыр...(1.47) - деген айтым сөз туруктуу колдонулса, "Аксак кемпир бапалак" оюнунда диалог түрүндөгү төмөнкүдөй айтым сөз оюнду баштан-аяк коштоп, оюндун негизги өзөгүн түзүп турат:

Бул ким?
- Мен бапалак.
- Саа эмне керек?
- Маа, от - от.
- От ойрон болгон,
Бороон айдап жок болгон.
- Анда өзүм алам.
- Жок, бербейм.
- Жок, алам-алам.
- Ме, саа бапалак,
- Ме, саа бир муштум.
- Ме, саа бапалак,
- Ме, саа бир муштум...

Аксак кемпир бапалак,
Келбе башка акмалап.
Балдарым аман чоңойсо,
Каласың анан ташжалак. (1. 48).

Ошентип, оюн айтымдарынын дээрлик бардыгы практикалык мүнөзгө ээ болот жана ошол эле учурда балдарга эстетикалык рахат тартуулайт. Анткени оюн айтымы -балдар оюнуна поэтикалык көрк берип, аны баштан-аяк уюштуруп турган туруктуу компоненти. Алардын чыныгы идеялык-көркөмдүк мазмуну оюн аркылуу, оюн учурунда ачылат, оюнсуз көркөмдүк касиетин, маани-маңызын жоготот.

Адабияттар

1. Түлөгабылов М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы. - Б.: Мектеп, 1991.
2. Кравцов Н.И., Лазутин С.Г. Русское устное народное творчество. -М.: Высшая школа, 1983. - 448 б.
3. Круглов Ю.Т. Русские обрядовые песни. - М.: Высшая школа, 1982.
4. Орозова Г. Кыргыз балдар фольклорунун жанрдык составы жана поэтикасы. -Б.: Бийиктик, 2003.
5. Аникин А.П., Круглов Ю.Г. Русское народное поэтическое творчество. - Л.: Просвещение, 1983.
6. Русское народное поэтическое творчество /Под редакцией А.М.Новиковой /. - М.: Высшая школа, 1986.
7. Матыжанов К.С. Казахская детская фольклорная поэзия. - Автореферат диссертации на соискании ученой степени кандидата филологических наук. - Алма-Ата, 1990.
8. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. - Ф.: Илим, 1973.
9. Мукамбаев Ж. Эл ичи - өнөр кенчи. - Ф.: Кыргызстан, 1982. - 240 б.
10. Макелек Өмүрбай. Кыргыз балдарынын оозеки чыгармалары. // Кыргыздар. VI том. - Б.: Бийиктик, 2011.
11. Тыныбеков Актан. Кыргыздардын улуттук оюндары. // Кыргыздар. I том. - Б.: Кыргызстан, 1993.

М.Кеклик,
Кыргыз-Түрк «Манас» университети

«АК КЕМЕ» ПОВЕСТИ ТУУРАСЫНДА ҮЧ КӨЗ КАРАШ

1970-жылдары жарыяланган Ак кеме повести Ысык-Көл тоолорунда чон атасы Момун чал жана экинчи аялы, таэжеси Бекей менен күйөөсү Орозкул жана алардын коншусу Сейдакмат менен аялы Гүлжамалдан турган кичинекей чөйрөдө жашаган 7-8 жаштагы баланын кыска жашоосун жана кыялдарына байланышкан окуяларды баяндайт. Чоң атасынын жанында калган бала дүрбүсү менен дайыма караганы ак кеме, балык болуп сүзүп кетүүнү самайт. Чоң атасы айтып берген жомок жана уламыштардын таасири менен өзүнө таандык дүйнө менен жашаган бала, кыял жана ишенимдерине тескери окуяларга күбө болуп бул жашоодон алыстап ак кемеге жетүү үчүн өзүн сууга таштайт.

Повестеги окуяларда Бугу Эне уламышы жана башка символикалык, метафоралык элементтер орун алган. Уламыштарда баяндалган окуялар, түшүнүктөр, символдор улуттук жана ааламдык деңгээлде көп идеяны камтыган.

Азыркы күнгө чейин ак кеме повестин ар тараптан изилдеген жана талкуулаган көптөгөн иликтөөлөр бар.Чынгыз Айтматов жана чыгармаларына байланышкан иликтөөлөрү менен белгилүү жана бул тармакта кадырлуу деп эсептелген үч илимпозубуздун ак кеме повести туурасындагы ой-пикирлерине токтолгондон сон аталган ой-пикирлердин тегерегинде иликтөөбүздү өз алдынча анализдөөгө аракеттенебиз.

Чынгыз Айтматов жана чыгармалары туурасында баалуу эмгектери жана ортого койгон маанилүү жана таасирдүү аныктамалары менен таанымал Лайли Үкүбаева "Чынгыз Айтматов: Эстетика жана улуттук негиз"деген китебинде Чынгыз Айтматовдун жазуучулугу жана Ак кеме повести жөнүндө баалуу көз караштарын билдирген.Айтматовдун 1970-жылдарда жазылган чыгармаларында жашоо турмушту чагылдырууда жаңы ыкмаларга, жаңы адабий чыгармачылыка көнүл бургандыгын, чыгармаларында фольклорго кайрылгандыгын белгилеген.Илимпоз Айтматовдун европа маданиятына жакын болушуна каршы, чыгармачылыкка кайрылгандыгын, фольклорго болгон кызыгуусун бул чыгармаларында көбүрөөк байкаландыгы белгилеген. Илимпоз Айтматовдун Европа маданиятына жакын болуусуна каршы чыгармаларында кыргыз рухунун, кыргыз маданиятынын таасири басымдуу экендигин билдирген.Үкүбаева жазуучу повестинде фольклорго, уламштарга, жомокторго, макал-лакаптарга кайрылгандыгын бирок буларды жөн жерден колдонбогондугун, чыгарманын идеясын ачып берүү же болбосо образ жаратуу үчүн колодонгондугун билдирет. (Үкүбаева, 2004:204-206).

Үкүбаева, жазуучунун фольклорго карата эн жакын алакасын Ак кеме повести менен баштагандыгын, чыгармасынын бардык эргүүсү бугу эне жөнүндөгү жомок менен жуурулушуп, ал мезгилге чейинки чыгармаларынан курчтугу менен айырмаланып, жаңы ыкшы ойготкон ыкманы жаратканды-гын белгилейт.(Үкүбаева, 2004: 207-211).

Үкүбаева, бугу эне жөнүндөгү уламыштын, повестеги окуялардын өнүгүшү жагынан маанилүү экендигине көнүл бурган. Повесте жомок катары баяндалган Бугу Эне уламышынын жөн эле баяндалбагандыгын, реалдуу окуялар менен байланышта болгондугун баланын аруулук үчүн күрөшүн даназалаган өзгөчө катмар экендигин билдирет.Үкүбаева Бугу Эне жомогу чыгармадан алынып салынса чыгарманын да, баланын жана кыялдарынын да жок боло тургандыгын түшүндүрөт.

Илимпоз чыгармада жаратылыш сүрөттөлүп, табигый түрдө символдорго өткөндүгүн жана окуялардын тизмектешип чынжырлуу түрдө байланышкандыгын белгилейт. Үкүбаева баланын бир жомогу чоң атсынан уккан Бугу Эне ал эми экинчиси болсо өзүнүн Ак кеме жомогу жөнүндөгү жомогу экендигин билдирет. Илимпоздун ою боюнча эки жомок бирдей повестеги окуялардын өзөгүндө окуялардын өнүгүшүндө өзгөчө роль ойногондугун жана чыгарманын толук идеясын ортого койгондугун билдирет. Өзгөчө бул эки жомок чыгармадан алынынып салына турган болсо окуяларга олуттуу таасир калтырган трагедиялуу жыйынтык билинбей кала тургандыгын түшүндүрөт. (Үкүбаева, 2004:211-214).

Үкүбаева, жазуучу баланын Ак кеме жомогу аркылуу анын адамдык өзгөчөлүктөрүн, эч кимге окшошпогон кыялдарын, трагедиясын, үмүтүн, эңсөөсүн, ачып бергендигин билдирет.Өзгөчө бул кичинекей жомок менен менен бирге жазуучу Советтер союзу доорундагы жашоону сүрөттөгөндүгүн, бул мезгилдеги жашоо турмушта пайда болгон бир канча жакырчылыкты, адамдардын бири бирине болгон кызыкчылыктарын чеберчилик менен баяндагандыгын билдирет. Илимпоз Ак кемени повестин сонунда реалдуулуктан символго айлангандыгын, жомокту баланын катардагы кыялы эмес экендигин билдирет жана жомок баланын бийик ишениими, ага дем берген, аны үмүттөндүргөн ишениими экендигин билдирет. (Үкүбаева, 2004:214-215).

Илмпоз Бугу Эне жомогунун да чыгарманын маңызы жагынан баланын жомогу сыяктуу маанилүү экендигин белгилейт.Айтматовдун эл оозунда ар түрдүү варианттарда айтылып жүргөн бул уламыштын таасиринин аркасында өз жомогун жазгандыгын түшүндүрөт. Жомокто баяндалган өткөн замандагы адамдар жасаган нерселер бүгүнкү күндүн жашоочулары тарабынан да кайталанылгандыгын, өткөн заманда ыйык Бугу Энеге кол тийгизген сыяктуу азыркы күндө да ыйык деп эсептелген нерселерге, жаратылышка үстөмдүк кылуу ниетинин бар экендигин билдирет. Жазуучу чыгармада адамдардын аң-сезими, маданияты калыптанбагандыгын айткысы келгендигин билдирет. Кемпирдин айткандары (Бугу Эне менен сүйлөшүп, эскертүүлөрү) Орозкул, Момун жана Сейдакматтын кылган иштеринде кайталангандыгын, мунун баланын өлүмүнө себеп болгондугун билдирет. (Үкүбаева, 2004:216-217).

Үкүбаева, Айтматовдун бир журналистке берген репортажы туурасында сөз кылат. Журналисттин «Ак кеме» повестинин аягына байланыштуу "эн жаманы Момундун ата-бабалардын ыйык мурасына, өзүнүн абалына, абийирине балта чапкандыгы" бирок муну кызы жана небересинини тагдыры үчүн жасагандыгын белгилеген Айтматов кырдаалдын социалдык тарабына көңүл бурууну каалагандыгын баяндайт. Айтматов Ак кеме повестинде мотивдер менен бирге Момундун башкаларга көз каранды болгондугун сүрөттөйт. Бирок жазуучу, башкаларга көз каранды болбостон эркин, аракетчил, бактылуу жашоо сүрүүсү үчүн коомдун эмгектенүүсү, бир топ проблемаларды чечүүсү керек экендигин айтайын дегенин билдирген. (Үкүбаева, 2004:221-222).

Үкүбаева буга байланыштуу бардык нерсенин жайында экендигине адамдын бактылуу болушу үчүн керектүү шарт түзүлгөндүгүнө ишенген социалисттик коомдо, чынында инсан факторуна байланышкан бир канча чечилбеген маселе бар экендигине Айтматов коомдун көңүлүн бурууга далалаттанган.

"Ч.Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү" деген китебинде Үкүбаева Айтматовдун жашоо, инсан, тарых, социалдык түзүлүш жөнүндөгү көз караштарын чыгармасындагы каармандарынын оозунан жана тажрыйбалары аркылуу ортого койгондугун айтат. Жазуучунун ички дүйнөсүнүн байлыгы жана тубаса таланты, күчтүү кеймпкерлерди жаратуусун камсыз кылган. Үкүбаева аталган китебинде токойдо мыйзамсыз кыйылган карагайларды агызууга аракеттенген Орозкул менен Момундун ортосундагы диалогго токтолгон. Бул диалогдон Орозкул менен Момундун адамдык сапаттары билинет. Момун гумандуу жан, ызакор адамдык сапаты бар, Орозкул болсо пессимист, орой, улууну жана салтты сыйлабаган кейипкер. Орозкулдун ою боюнча адам материалдык күчү менен бааланат. Момунда байлык жок ага акчаны өзү бергендиги үчүн колунан келишинче таш боор мамиле жасайт. Керек болсо жаман сөздөрдү айты сөгөт. Повестте бугуларды сүрөткө тартууну каалаган айдоочуга ачуулангандыгы менен сезимсиз болондугун илимпоз баса белгилейт. Повестте Орозкул айткандарынын аркасынан жасаган иштери аны терс сапаттарын бекемдейт. (Үкүбаева, 2008:70-78).

Үкүбаева Совет доорундагы саясаттын комунисттик режимдин кыргыз коомчулугуна туура келбеген социалдык саясатынын Орозкул сыяктуу өз камын ойлогон кишилердин пайда болушуна шарт түзгөндүгүн билдирет. Мындай кишилер салттуу үй-бүлөсүнөн жай таба алган эмес жана Советтик үй-бүлөгө да көнө алган эмес. Сырттан келген бугуларга жооптуу болбогондугун жана аларды өлтүрүп жок кылуу коркунучтуу эмес экендигин айткан ан-сезимдеги киши.

Кыргыз адабиятында чон сынчы жана илимпоздордун бири Кенешбек Асаналиев "Чынгыз Айтматовдун адабият, адамдык доору"деген макаласында Айтматовдун тааныла баштаган доордогу талкууларын анализдеп жатып Ак кеме туурасында ой пикирлерин билдирет. Биринчиден повестин чыныгы аты кийин өзгөртүлгөндүгүн алгачкы аты - Жомоктон кийин... деп аталгандыгын жана бул аттын чыгармага ынгайлуу экендигин эскерген. Чыгарма жазылган доордо социалисттик реализмдин адабий чөйрөгө коркунуч туудура турган денгээлде болгондугун айткан.

Айтматов мунун таасиринде калбоосу мүмкүн эмес экендигин билдирген Асаналиев, чыгарманын аягы мындан улам кийинчерээк аз да болсо өзгөрүүгө дуушар болгондугун билдирет. Бирок социалисттик реализм доорунда белгилүү болгон чыгарманын жакшы болуп аякталышы Ак кеме повестинде трагедиялуу аяктагандыгына басым жасаган. Баары бир Асаналиев "улуу жазуучу Айтматов, алган наамдарына жана алган чон сыйлыктарына каршы рахаттанып күнүмдүк идеологиянын кулу болуп калдыбы, же болбосо принципиалдуу чынчыл жолдон тажабай алга кеттиби?" деген суроого токтолот. (Асаналиев, 2004:68-70)

Асаналиев "Доор менен бирге" деген чыгармасында жазуучунун Гүлсарат чыгармаларынан кийинки чыгармаларында балдардын жана жаштардын кейипкерлери басымдуу болгондугун, жашоодогу карамакаршылыктардын, көзгө көрүнбөгөн баш аламан мамилелердин, балдардын, жаштардын кабылдоосу, түшүнүк жана сезимдери менен баалагандыгын билдирет. Илимпоз, Ак кемедеги каарман баланын чыгармадагы чыныгы жана жалган дүйнөсүн, кээ бир адамдык мамилелеринин эң жогорку чекити, борбору, жазуучу берейин деген негизги ой, жашоонун философиялык мааниси экендигин билдирет.

Асакееванын изилдөөлөрүндө да К.Асаналиевдин ой-пикирлерине бир нече ирет кайрылган.Ак кеме повестинде "3"саны көңүлдү бурат. Асаналиевдин ою боюнча повесте окуялар окуу сумкасынын алынышы менен башталат жана окуя үч күндө өнүгөт. Бирок бул жерде күн деп айтылган 24 сааттык убакыт эмес узак мезгилди камтыйт.Анын ою боюнча биринчи күнү окуя ишке ашат, экинчи күнү чыныгы бугулар келет, үчүнчү күнү мүйүздүү Бугу Эне өлтүрүлөт. Үч санына тиешелүү башка бир маселе мүйүздүү Бугу Эненин үч киши (Орозкул, Сейдакмат, Момун) тарабынан өлтүрүлүшү. (Асакеева, 2008:66-71). Илимпоз бул каармандардан Сейдакматтын Бугу Эненин өлтүрүрлүшүнө чейинки окуяларга чейин бары жогу белгисиз бирөө экендигин, бул окуя менен бирге коркунучтуу адам катары пайда болгондугун, окуянын тез аякталышына себеп болгондугун билдирет.

Кенешбек Асаналиев повесттеги уламыш башка бирөө тарабынан баяндалган учурда таасирдүү болбостугун билдирет. Изилдөөчү баланын өткөндү келечекке алмаштырган функциясын эске алып, кичинекей каармандын баяндоосу жана кыялы менен уламыштын жаңыдан айтылгандыгын, себеби баланын Бугу Энени ыйыктагандыгын жана ага умуттөнгөндүгүн түшүндүрөт. (Асаналиев, 2004:70-73)

Ч.Айтматовду эң жакшы тааныгандардын бири жазуучунун жанында дайыма болгон изилдөөчү жана жазуучу Абдылдажан Акматалиеа "Чынгыз Айтматовдун дүйнөсү" деген китебинде Ак кеме повестинин жзылыш тарыхына кайрылган.

Айтматов бала менен жаратылыш ортосундагы мамилеге токтолгондугун жан бул мамилени чыгарма кылып жазууну каалаган мезгилде Ысык-Көлгө келет. Бул жерде бир бугуну атып алгандыгын мактанган адамга жолугат, бул кишини тегерегиндегилер да макташат. Табигатка аяр караган жазуучу бул окуядан таасирленип Ак кеме поветин жазууга киришет.

Акматалиеа Ак кемеде бала каарманга байланыштуу анын Бугу Эне уламышына байланыштуу экологиялык проблемага улуттук маани берүү керек экендиги чыгарманын темасы экендигин белгилейт.

Момун Бугу Энени өлтүрүп күнөөлүү болгондугу үчүн ата-бабаларынын арбактарына көңүлү жай жүрө албастыгын айтат. Илимпоз карыган чал бул про-

блеманы арак ичип унутууну жана небересини бетин карай албай калгандыгын жазат. Өзгөчө повестте бала менен Орозкулдун бетме-бет келгенине көңүл бурат. Орозкул баланын аруу сезимдерин жок кылуу үчүн күч колдонсо да аны жок кыла албагандыгын, бала таза абийири менен бул дүйнөгө келген болсо ошол бойдон кеткендиги, жаман нерсеге аралашпай күрөшкөн күрөшү менен сыймыктануусу керектиги жана анын өлүмү женилүү эмес, тескерисинче адептүү жениши, ойлорунун таза жана ачыктыгы (Акматалиев, 1998:30-31).

Илимпоз, жазуучунун Ак кеменин башкы каармаңы бала деп тандап алышынын маанисине көңүл бурган жана бала кейипкердин образдаштырылгандыгын жана символдоштурулгандыгын билдирет. Тазалыктын, аруулуктун символу бала көргөн жакшы-жаман нерселерин сөзсүз ажырата билүүсү оной эле.Акматалиев Ак кеме бул баланын кыялында эмнени ойлонгондугуна байланыштуу "баланын таза тилеги, келечектеги максаты, идеялы"деген. Мүйүздүү Бугу Эне болсо бала үчүн эненин символу, акылдуу, күчтүү жана адамдарга жакшылык алып келген идеал болуп саналат (Акматалиев, 1998:106-107).

Акматалиев Айтматовдун кош тилдүүлүгүнө токтолуп жазуучунун орусча чыгарма жазса да улуттук баалуулуктарды сактагандыгын билдирет. Илимпоз Ак кемени мисал катары көрсөтүп орусча жазылган бул чыгармада кыргыз жашоосунун чыныгы сүрөтү тартылгандыгын, каармандар орусча сүйлөсө да сүйлөгөндөрүнөн улуттук сезилгендигин билдирет (Акматалиев, 1998:134).

Акматалиев китебинде баяндалган эркиндик жана көз карандысыздык деген макаласында Ак кеме повестинин саясий жана социалдык планда курч жазылган чыгарма экендигин белгилеп, чыгармага "экология, адам проблемалары менен бирге адамдын эркиндигине каршы саясий баскы "темасы камтылгандыгын да жактайт. Бул пикирлери менен Акматалиев Асаналиевге окшош көз карашта болгондугун далилдейт (Акматалиев, 2008:131).

Үкүбаеванын анализдөөлөрү жана жогорудагы ой пикирлер өтө так маалыматтар жана далилдер менен бышыкталган. Үкүбаеванын изилдөөсүндө повестеги окуя, каармандардын берилиши, жазуучунун окуяларга карата мамилеси, повестеги фольклордук элементтер, символдор, табигаттын сүрөтөөлөрү, диалогдор,повест жазылган доордогу саясий жана социалдык түзүлүш, кыргыз тарыхы жана салты, повестин тили, баяндалышы, повестен алына турган маалыматтар, повесттин кыргыз коомчулугуна карата аалам-дык денгээлдеги жол көрсөтүүчү функциясы берилген жана жыйынтыктап айтканда өтө маанилүү маалыматтар ортого коюлган.

Асаналиев менен Акматалиев да иликтөөлөрүндө айрыкча повестеги окуялардын жана кейипкерлердин түзүлүшүндө көшөгө артында калган Айтматовко тиешелүү маалыматтарды окурмандарга тартуулаган жана чыгарманын окурман тарабынан көбүрөөк талдалышына салым кошкон.

Үкүбаева белгилегендей Айтматовдун чыгармаларындагы каармандар чыныгы каармандар. Бул чындык каармандардын сүрөттөлүшүндө окуялардын арасындагы мамилелерде ачык билинет.

Бир топ илимпоздор Орозкулдун таш боор, адепсиз жана адамгерчиликсиз болгондугу үчүн бала көрбөй жазалангандыгын белгилешет. Мындай жоромолдун туура экендигин айтуу кыйын. Айтматов балалуу боло албаган абалды жаза катары санаган чечим чыгаруучу позицияда болгон эмес. Мындай абал жашоонун табигый көрүнүшү жана бир эле жаман адамдардын башына келчү иш эмес. Орозкулду таш боор кылган себептерди жазуучу ачып берген. Повесте Орозкул жаман болгондугу үчүн эмес баласы болбогондугу үчүн жаман абалга түштү. Орозкул дайыма өзү менен башкаларды салыштырп карайт. Балалуу болбошунун себеби катары аялына жана Момунга башка адамдардан айырмаланып таш боор мамиле жасайт.

Орозкулдун кыялдары эмне үчүн таш боор болуп калгандыгын ачыкка чыгарат. Дайыма шаардэ туруу-ну энсейт. Шаардагы адамдар эмнелер жасагандыгын элестетет:

Жашоо деген шаардагыдай болушу керек. Эң жакшысы ошол жака барып туруш керек. Жасаган ишине жараша сый көрсөтүшөт. Мындан башка эмне бар.-Анткени ушундай.Кызматтын маанисине карап сый урмат көрсөтүлөт. Маданиятуу адамдар..

Шаардык аялга үйлөнөнт элем... Сулуу аял менен колтукташып кинотеатрларга бармакпыз... Карасан балдарыбыз бар. Уулумду юрист кылып, кызымды пианино сабагына бермекмин...(70)

Орозкул айылга байланышкан ар нерсеге ирээнжип караган.Каргалар, жомоктор, кыш ... булардын баарын дайыма салыштырп караган. Салыштыруулары Орозкулдун адамгерчилигине маанилүү роль ойногон.Орозкулдун мүнөзү жана ишенимсиздигинен пайда болгон салыштыруларда дайыма кемчиликтерди көргөндүгү үчүн жамандыкка жана ынтымаксыздыкка жол ачат. Мына ушундан улуам жазуучу Орозкул жөнүндө мындай: Бул жашоо ал каалагандай эмес эле (75).

Бул мисалдардан байкалгандай жазуучунун повестеги каармандарынын адамгерчилиги факт, окуялар, жашаган чөйрөсү жана өтмүшүнө байланышкан.

Повестте Орозкулдун кылгандары өзүнө жана тегерегиндегилерге кайгы капа алып келет.Бирок жалпысынан повести жыйынтыктап карай турган болсок Орозкулдун адамгерчилиги же болбосо адамгерчиликсиздигинен эмес.

Дүйнөдө Орозкул сыяктуулар болгон жана боло берет.Жазуучу бул чындыкты окурман өзү билүүсүн каалап негизги айтайын дегени жашоодогу бул чындыкка каршы башка адамдардын мамилеси жана алардын адамгерчиликтери.

Орозкулду Орозкул кылган өзгөчөлүктөр повестте белгилүү болуп көрүнүп турса Момунду алсыз кылган сапаттар окурман тарабынан ойлонулушу максат кылынган.Момундун туулган жерине, салт санаасына, тарыхына жакындыгы, тажрыйбасы аны Орозкулдун жанында жогору бааланбайт тескерисинче повестин акырында Акматалиев белгилегендей баланын жүзүнө карай албай турган абалга түшүрөт.

Момундун мындай пассивдүү адамгерчилиги жазуучу тарабынан:

Момундун эч кадырлуу аксакал кейпи жок.Чондук да кылыа албайт, оройлук да кыла албайт, оор басырыктуулугу да жок. Балким анын жалгыз үстөмдүгү башкалардын алдында кичирейүүдөн коркпошу эмне дегенине туруштук берүү (20).

Повестеги окуялардын борборундагы баланын адамгерчилигин калыптандырган нерсе жалгыздык жана жаратылыш. Ошол эле мезгилде мындан башка символго айланган :чон атасынын айткандары, Бугу Эне уламышы, Чыпалак жомогу, дүрбүсү, сумкасы,

Ак кемеси, Кулубек ж.б. анын кыялдарын жана адамдык сапаттарын түзөт. Кыялы менен жашаган бала Орозкул жаан чөйрөсүндөгү жаман адамдарды көргөндө чон атасынан айырмаланып жашоону да ойлоно баштайт:

Адамдар эмнеге муну жасашат? Эмнеге жарымы жакшы жарымы жаман? Эмнеге бактылуу эмнеге бактысыз? Кээ бир адамдардан коркco кээ бирөөлөрдөн коркпойт? Эмнеге бирөөнүн баласы бар бирөөнүн баласы жок? Эмнеге кээ бирөөлөр башкаларга айлык бердирбейт? Эн жакшы адамдар айлыкты эн көп алгандар бы? Чон атасынын айлыгы аз болгондугу үчүн бардыгы аны ушундай күчкө салабы?

Айтматов бала адилетсиздик менен күрөшүү жолунда караган. Бирок бул жол сууга сүзүү менен аяктайт.

Бала, Момун, Орозкулдун тегерегинде Сейдакмат, Бекей, Гүлжамал, Нине, Кулубек сыяктуу каармандар окуяларда эн жакшы берилген.Повестеги ар бир элементтин максаты жана мааниси бол.он жана кээ бирлери символдоштурулган.Бул болсо повестин бардык доорго жана ар тарапка арналгандыгын ачыктайт.

Үкүбаева белгилегендей фольклорго болгон кызыгуусу бул чыгармада көп байкалган Чынгыз Айтматов Ак кеме романында ааламдын тарыхтагы мифологиясын повестте баяндоо мүмкүнчүлүктөрү менен доорубуздагы проблемаларды чечүү жолун сунуштаган.Жазуучу повесте колдонгон мифологиялык элементтер, сүрөттөөлөр, кейипкерлер кыргыз рухунун, маданиятынын таасирин сездирет. Өткөн замандын жана азыркы учурдун салыштырылышында тарыхка, салтка көнүл бурбаган адамзаттын трагедиялуу жашоосуна басым жасаган.

Чынгыз Айтматов башка чыгармаларындагыдай эле "инсанга"кайрылган бул повестинде да негизги проблемаларын ортого койгон. Бул багытта эн негизги нерсе адамдын бул дүйнөдө адамча жашоосу. Бирок, Үкүбаева айткандай социалисттик коомдо адам факторуна байланышкан канчалаган проблема жатат жана жазуучу өзгөчө буга көнүл бурууну каалаган.

Адабиятта социалисттик реализм өкүм сүргөн бул доордо өмүрү Советтик системага каршы болгон бир жазуучунун чыгармаларындагы каармандарын коруу үчүн болсо да мезгилдин шарттарына жараша мамиле кылуу керек экендигин белгилеген Асаналиев Айтматовдун кыргыз адабиятын эстетикалык жактан жогору денгээлге чыгарууну өзүнө чон маселе жана чон максат кылып алгандыгын билдирет. Чынгыз Айтматов эч кимге окшошпогон сапаты менен ар тараптан кыргыз маданияты менен сугарылган. Ак кеме да мунун мисалы.

Адабияттар

1. Акталиев А., Йылдырым сесли манасчы Айтматов, Манас йайынжылык басылмалары, Элазыг - 2008.

2. Акталиев А., Женгиз Айтматовун дүнйасы, Ататүрк Күлтүр Меркезинин басылмалары, -Анкара-1998

3. Айтматов Женгиз, Бейаз Геми / Которгон: Мехмет Өзгүл), -Стамбул - 2008.

4. Асакеев Д,Чынгыз Айтматовдун чыгармаларында сюжет куруу проблемасы, -Б.: БГУ, 2008.

5. Асаналиев К., Доор менен бирге, Ф., 1981.

6. Асаналиев К., "Женгиз Айтматовун Едебият адамлыгы деври", Чынгыз Айтматовдун 75-жылдыгына арналган Манас Университетинин басылмалары, (Кыргызчадан которгон: Айхан Челикбай)-Б.,2004.

7. Башаран Селман, Женгиз Айтматов хаккында Кыргызстан ве Түркиеде йапылан араштырмалар үзерине бир дейерлендирме, (Диссертация) -Б., 2011.

8. Үкүбаева Л., Чынгыз Айтматов: Эстетика жана улуттук негиз, -Б.: БГУ, 2004.

9. Үкүбаева Л., Чынгыз Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү, -Б., 2008.

К.Ибраимов,
К.Карасаев атындагы БГУ

БАЛДАР ФОЛЬКЛОРУНДАГЫ СӨЗ ОЮНДАРЫ

Бул топтогу оюндардын кыймылдуу оюндар менен анча деле байланышы жок. Оюндун өзү эле айтым сөздөрдөн турат, башкача айтканда муну сөз оюну десе болот. Мындай айтымдардын негизги белгиси - оюн элементтеринин болушу, максаты - күлкү, азил-тамаша жаратуу, ойлонтуу. Сөз оюну негизинен диалог түрүндө, кээде кезектешип айтылып, бири-биринен жооп күтөт, өз ара сөз жарышына, ой жарышына түшөт, ошол сөз оюндарынан улам тамаша-күлкү кызыгына батып, өздөрүнчө ырахат алат. Мындай оозеки чыгармаларга балдардын азил-тамаша айтымдарын, жаңылмачтарды, табышмактарды кошууга болот.

Азил - тамаша айтымдары (поддёвки). Балдардын диалог аркылуу бири-бирине тийиштик кылып, келекелеп сөзгө чалынтышы, азил-тамаша айтымдары аркылуу оюн-күлкү жаратышы ар бир элде бар. Орус балдар фольклорун изилдеген окумуштуу М.Н.Мельниковдун: "Это - весёлые шутки - балагурки, средство забавы, "за счет товарища", основанное на игре словом и вспомогательным действием" (1. 88) - деген аныктамасы кыргыз балдарынын репертуарындагы азил-тамаша айтымдарына да туура келет.

Балдардын диалог түрүндөгү азил-тамашалары ар кандай формада жолугат. Орус балдар фольклорундагы мындай чыгармаларды М.Н.Мельников "поддёвки-заманки", "поддёвки-искусственного диалога", "поддёвки-естественного диалога", "поддёвки-загадок", "поддёвки-шутки", "поддёвки-присловья" деп алтыга ажыратат. (2. 141). Казак жана өзбек балдар фольклорундагы азил-тамаша айтымдары деле бир аз айырмачылыктары менен ушул сыяктуу түрлөргө бөлүштүрүлгөн. (2. 3). Айрым окумуштуулар (С.Г.Ла-

зутин) болсо балдардын азил-тамаша айтымдарын оюндан тышкаркы фольклор катары карайт. Кыргыз фольклористикасында балдарга тиешелүү оозеки чыгармаларды, алардын ичинде балдардын азил-тамаша сөздөрүн да, жазып алууга олуттуу көңүл бурулган эмес, жыйналбай деле калган. Балдар арасында мындай чыгармалардын ар кандай жанрдык түрлөрү жашап келгендигинен шек санооо болбойт. Колдо болгон материалдардын негизинде азил-тамаша айтымдарынын айрым түрлөрүнө кыскача токтолобуз.

Диалог түрүндөгү азил тамашалар жасалма, же табигый түрдө болушу мүмкүн. Жасалма диалогдо курулган тамашаларды балдар атайылап ойлоп таап, оюн катары алмак-салмак айтышат. Балдардын бири экинчисине кайсы бир сөздү айтууну өтүнөт да, жолдошуна тийиштик кылып, анын намысына тийип, уялта турган уйкаш сөз таап айтат. Мисалы:

- Чылбыр дечи!
- Чылбыр.
- Чыча албай чыңыр!

Табигый диалог учурундагы азил-тамашалар аңгеме арасында капыстан айтылат. Маселен, сүйлөшүп отурган балдардын бири бир нерсени укпай, же чала угуп калса:

- Эмне? - деп кайталап сурайт.
- Темене! - дейт экинчи бала.

"Чалынтма"-суроолуу азил-тамаша айтымдарында балдардын бири экинчисине кайсы бир керектүү сөздү айттырып алууга аракет жасайт. Ал үчүн ар кандай ыкманы колдонот, ойлоп табат. Мисалы, кандайдыр бир нерсени көрсөтүп, тандап айтууну сунуштайт:

- Акпы, карабы?
- Кара.
- Башыңа чыксын жара!

Кээде табышмак аркылуу да оюн максаты ишке ашат. Канткен менен да керектүү сөзгө табышмак ойлоп табуу оңойго турбайт жана мындай айтым сөздөрдүн композициялык курулушу бир аз татаалыраак. Ал табышмактан, анын жандырмагынан жана ошол жандырмакка уйкаштырылган сөздөн, демек, үч компоненттен турат. Мисалы:

- Бели бүкүр, алыска түкүр. Бул эмне?
- Мылтык.
- Оозуңа жүн тык!

Мындай "чалынтма" - суроолуу айтым сөздөрдүн арасында кыймыл-аракетке негизделген түрлөрү да бар. Мисалы, ары карап турган курбусунун көзүн байкатпай келип баса коюп: "Күзгүбү, таракпы?" - деп сурайт. Эгер "күзгү" десе, көзүн бошотуп жиберет, же жумшак сылайт. "Тарак" десе, "тарак тарайт" деп көзүн оорута тарап, сыдырып өтөт. Буга окшош оюндар казак, өзбек балдар фольклорунда да кездешет. Казак балдар фольклорунда "күзгүбү, таракпы? дегендин ордуна "айна ма, тарак ма?" десе, өзбек балдар фольклорунда "сүтпе, каймак па?" деп айтылат. (2. 141). Оюн-тамаша катары, каяша айтып, сөздүн маанисин бура сүйлөөгө багытталган суроо-жооп айтымдары бар. Мисалы:

- Кимдин баласысың?
- Атамдын баласымын.
- Атаңдын аты ким?
- Атамдын аты жылкыда.
- Айылыңдын чоңу ким?
- Төө.
- Аксакалы ким?
- Теке ... - ушундайча уланып кете берет.

Балдар өз каршылаштарын алдап, "сөз тузагына" чалынтуу максатында алдамай-азилдерин айтышат. Алдамчы айтымдар аркылуу балдар бири-биринин шаштысын кетирет, келеке кылат. Мисалы:

- Максат, тигини карачы.
(Максат жалт карайт)
- Караттым, караттым,
Карганын богун жалаттым! - дейт.

Кээде кыймыл, иш-аракет аркылуу алдамай аракети бар. Мисалы, "Тигине, самолёт, самолёт учуп баратат" деп балдардын бири кыйкырса, калгандары "Кана, кана!" деп чуулдашат. Ал болсо, "мына, мына!" деп мурдун көрсөтөт, балдар аны жабыла кууп жөнөйт.

Жыйынтыктап айтканда, ар түркүн формадагы азил-тамаша айтымдары оюн-күлкү, эрмек катары балдар арасында кеңири тараган. Алардын көлөмү негизинен чакан, эки, төрт саптан туруп, көбүнесе уйкаштуу, шыдыр айтылган декламацияга окшошуп кетет.

Адабияттар

1. Мельников М.Н. Русский детский фольклор. - М.: Просвещение, 1987.

2. Матыжанов К.С. Казактын фольклорлык балалар поэзиясы. Дисс. на соискание ученой степени канд. филол.наук. - Алматы, 1990.

3. Сафаров А. Жанровый состав и поэтика узбекского детского поэтического фольклора. /Автореферат диссертации на соисканииученой степени док. филол. наук. - Ташкент, 1985.

М.Кеклик,
Кыргыз-Түрк "Манас" университети

ОМОР СООРОНОВДУН "КЫРГЫЗЫМ АЙ, КЫРГЫЗЫМ!" ЫР КИТЕБИ ТУУРАСЫНДА

Омор Сооронооводун "Кыргызым ай, кыргызым" деп аталган ыр китеби 2008-жылы басылып чыккан. Эки бөлүмдөн турган ыр китепте акындын Советтер Союзу жоюлгандан кийинки доордогу жана Кыргызстандын көз карандысыздыгынын алгачкы жылдарында жазылган ырлары хронологиялык түрдө берилген.

Биринчи бөлүмдөгү ырларында көбүнчө ата мекен, патриоттуулук, кыргыз тарыхы, кыргыз эли жана келечеги, эгемендүүлүк, достук, үй-бүлө, санат темасындагы ж.б.ырлары орун алган.

Акын киришүү бөлүмүндө төрт сап ыры менен бул жыйнактагы ырларынын жалпы тематикасын камтый алган:

Там бузулса талкалап, кайра салат,
Хан бузулса хандыкты башкасы алат.
Эл бузулса эсебин табыш кыйын
Чындык өлүп, ушактын шамы жанат.
(Сооронов, 6-б.)

Автор жогорудагы төрт сапта башка бир канча ырларындагыдай эле негизги айта турганын көбүнчө үчүнчү же төртүнчү саптарында курч бере алган.

Бул эмгекте берилген ыр өрнөктөрүнөн да байкалгандай Омор Сооронов ырларында кыргыз фольклорунда кездешкен кыргыз эл акындарынын маанилик тыбыштык өзгөчөлүктөрүн ырларынын аягына чейин колдонгон.

Китебиндеги дээрлик ырларында акын маанилик жактан биримдик катары төрт саптан кураган. Ырларынын көпчүлүгү 11ге чейинки муундук өлчөмдү түзө алат.

Он жыл ашты.Ырларымды ойготпой,
Жүрө бергем тул катындай, бойдоктой.
Кол жазмалар колтугумдан алышкан
Кылчандатпас кыйын ысык ойноштой.
(Сооронов, 22/1-б)

Бул төрт саптан да байкалгандай акын 11ге чейинки муун өлчөмү менен биргеликте аа ха түрүндөгү уйкаштык менен ырларында үндөштүктү сактоого аракет кылган.

Санат дигар,дигараст, казалдарын
Элине окап эми мен базардамын.
Молдолугун мойнума кабыл кылып,
Акындыгын жар салып азандамын.
(Сооронов, 8/1-б.)

Санатка байланышкан бул ырында акын максатына кайра эле сонку саптарында басым жасаган жана салыштырууларга орун берген. Бул болсо жогорудагы төрт сапка оригиналдуулук берген.

Шакирттери шалаакы болуп келдик,
Даярдабай, даярга конуп келдик.
Айткандарын аткарбай алп агайдын
Даражага, наамга онуп келдик.
Молдо Нияз дегенде агайды эстейм,
Болот десе Ниязден алыс кетпейм.
Эки аалымдын эмгегин баалабасан
Эгизим бол баары бир "Аман!" дешпейм.

Жогорудагы саптарда байкалгандай акын санатчы жана адамдык сапаты жагынан Молдо Нияз менен Болот Мураталы уулун даанышман жол көрсөтүүчү туткан. Автор бул оюн берип жатып да "сөз оюндарына" кайрылган, "Болот, эгиз, Аман" сыяктуу сөздөрдү көп маани катары колдонгон.

Акын ыр китебинин аталышындагыдай "ай" сөзү аркылуу бир топ ырларында уйкаштык жана үндөштүк элементтерине кайрылган. Башкача айтканда "ай " тыбышынын мааниси жана тыбыштык өзгөчөлүктөрү аркылуу бере алган.

О, кенебес элим ай,
Биримдигин кемин ай,
Бөлүнгөндү таштабай,
Баба сөзүн сактабай,
Мактанганын эмине ай?...

"Ойгон Кыргыз!" ырынан мурун айтылган төмөндөгү эки сапта акын "ай" тыбышын пайдаланып, кыргыз тарыхына жана жашоо турмушуна өкүнгөн жана капаланган көз карашын билдирген.

Айтылгандай эски жомокто:
Кыргыз кирип кокту-колотко
Тымтыракай, быт-чыт бөлүнүп,
Урук кууп кетти тозокко.
(Сооронов, 11/1-б.)

О, Кудай ай!Кайран элим ай!
Эсин кирет качан сенин ай!
"Бөлүнгөндү бөрү жейт" дейсин дагы
"Турдакун!"-деп Түндүк кыйкырса,
"Апсамат!"-деп Түштүк кыйтыйса,
Эне тилин тепсегендерге
Тирүүсүндө жерди сый кылса
(Сооронов, 12/4-б.)

Кыргыз элине кыргыз тарыхын жана маданиятын туу тутунушун сунуштаган.

Акын ыр китебинин атындай "Кыргызым ай, кыргызым" деген ырында кыргыз элине кейигендигин жана сындоолорун багыштаган. Бул кейиштүү сөздөрдөн автор 2005-жылы болгон ынкылабты колдобогондугу байкалат.

Мамлекетти Мекен деп билиш керек,
Кыргыз элим экен деп жүрүш керек.
Атажуртка аржай сөз айта бербей,
Ажого да абайлап үрүш керек.
(Сооронов, 44/3-б.)

Кыргызым ай, кыргызым- ала кушум,
Жалпы кыргыз ишинде жаралуусун.
Мекен таануу, эл таануу жагын алсак
Башка элдердин жанында жабагысын.
Биримдиктин бир сырын сакташ үчүн
Бүгүн керек кайрадан жаралышын.
(Сооронов, 45/3-б.)

Акындын бул ыры башка бир канча ырларынан айырмаланып алты саптан жазылган. Алты саптын акыркы эки сабы үгүт, насаат мүнөзүндө. Башка бир топ ырларындагыдай сөз санатына кайрылган эмес, ачык таамай айтылган тил менен оюн баяндаган. Акындын ырлары дүйнө таануусуна жана ички дүйнөсүнө дал келип таза кыргыз тили менен жазылган. Ырларында чет сөздөр жокко эсе. Өзгөчө ырларында даанышман катары билдирген көз караштарын жана каармандарын кыргыз тарыхынан алган;

Ойлонсом кыргызым бир арман окшойт,
Урпагы манкурт болуп калган окшойт.
"Манас"деп тилинен чан чыккан менен
"Элбиз"деп кыйкырганы жалган окшойт.
(Сооронов,39/1-б.)

Жомоктогу баатырларды мактайбыз:
Манас, Төштүк, Кожожашты жаттайбыз
Анык өткөн Алымкулду, Тайлакты,
Мамыр, Жусуп, Полот ханды айтпайбыз.
(Сооронов,46/3-б.)

Автор "Коноктогу кобур сөз", "Арка Анжыян", "Алыстап кетпестирбиз...?" деп аталган ырлары менен бирге башка бир канча ырларында социалдык жана технологиялык өнүгүүлөрдү тема катары көтөргөн, окуяларга сынчыл көз караш менен караган бирок көркөм ыкманы бере алган эмес. Анткени адамдардын жашоо стилин өзүнүн идеологиясы боюнча сезимдик аныктамалар колдонот жатат.

Биздин атка болгонбу "тамам!" белги,
Жол учуна аксандап жаман келди.
Ата-энесин алмашып "пул-пул"деген
Ыманы жок бир укмуш заман келди.
(Сооронов, 19/1-б.)

Эгемендик элиме куп келди эле,
Эл милдетин аткаруу жуп келди эле,
Ушундайда соодага сорулганын
Ай, кыргызым, абийирсиз сук белги эле.
(Сооронов, 20/1-б.)

1994-жылы жазылган "Ыманы жок бир укмуш заман келди" деп аталган ырынан алынган жогорудагы саптарда баяндалгандай акын кыргыз коомунун көз карандысыздыктан кийинки болгон тез өнүгүү өгөрүүлөрүнө карата тан калган өзгөчө сезимин далилдейт.Албетте бул санатчылардын сезимталдыгына жана даанышмандыгына жакшы өрнөк болуп саналат. Ошентсе да акын ашыкча сезимин көрсөтүү менен- коом туш болгон өзгөрүүгө карата сезген толкунданууcу аны көркөм жана ойдон жаратылган ыкмадан алыстаткан. Акын мындай ырларында, көз караштарын белгилүү бир ыр формасы менен ыр түзүлүшү ичинде көбүнчө муун жана уйкаштыктардан түзүлгөн үндөштүк менен "ай" сыяктуу сөздөр менен баяндоону тандап алган:

Кыргызым ай, кыйынынды иргебей,
(Кыйыгын да, кыйшыгын да биргедей)
Эл бузарлар эдирендеп мейлинче
Элдин башын басып барат сиркедей
(Сооронов, 46/1-б.)

2007-жылы жазылган жогорудагы ырда акын калк арасын бузган бузукуларды битке салыштырган. Арадан өткөн 13 жылда акындын ыкмасында көп деле өзгөрүү байкалбайт.

Акындын 2008-жылы жазылган "Башка элге кеткен жигитке", "Чет элде калган кыздарга" жана "Элим ай" деп аталган ырларында эгемендүүлүк жана глобалдашуу жараянында кыргыз кызы менен кыргыз баласынын абалы баяндалат.

Оокат издеп чет элге кеткен жигит,
Чынында оокат опасыз кептен бийик.
Ошентсе да оюмду тумандатат,
Ошол элге эл болуп кетсен кирип.
(Сооронов, 48/1-б.)

Кеткен кыз ай, кеткен кыз, козгоп дилин
Кыргызынды эстедин ойлоп кимин?
Силер менен аталып эне тилин,
Бейиш менен тен коет коргоп динин
(Сооронов, 51/3-б.)

Бул ырларда акындын жашап жаткан доордун проблемалары менен алектенгени, күнүмдүк турмушту андагандыгы, көрөгөчтүгү, кээ бир терс көрүнүштөрдү алдын-ала байкап эскертүү бергендигин көрсөтөт. Мындай жагдай акындын жетишкен жагы катары бааланса да эстетикалык ыкманы аныктай албагандыгы бул сыяктуу ырларынын тарыхый маалымат боло албагандыгы да кемчилик тарабы деп эсептөөгө болот.

"Ырларыма" деп аталган ырында автор ыр түшүнүгүн ортого койгон;

Мен ырларга өгөй, тажаал немедей
Мерез болгом аябастан кенедей.
Сылап-сыйпап таптагандын ордуна
Таштап койгом сууну чанган кемедей.
(Сооронов, 23/1-б.)

Кел, ырларым, кол жеткенин кылалы,
Бизден агат келечектин булагы.
Тоо томкоруп ийбесек да, улуулук-
Аксакалдык сөзүбүздө туралы.
(Сооронов, 23/6-б.)

Жогорудагы саптарда ырларынын акылман ойлорду ортого коюу максатында жазылгандыгын билдирет. Ошентсе да акындын ырларында коомдогу окуяларга, жашоо турмушка болгон көсөм пикиринин ордуна көбүнчө заманга нааразычылыгы жана коомдун кемчилигине басым жасалган сынчыл ыкма ээлегендигин айта алабыз. Мындай нааразычылык жагдайды уйкаштыктар жана "ай" деген кайрылуулар менен ачык түрдө айтылган жана ырларынын соңку төрт саптарында да буга карата чарасы айтылган.

Аксакалдан алты жашка чейин мас,
Кемпир да мас, көшөгөдө келин мас.
Күндөмаска күркөлөрүн жайнатып
Нан ордуна арак сатып элим мас.
(Сооронов, 25/3-б.)

Алдын ангек, үстүн үнкүр, элим ай,
Андасанчы аксап аткан жерин ай!
Түбүн түптөп, алдыга көз салбасан
Арылбайт го сенин арам терин ай.
Ойлонсончу, түшүнсөнчү, элим ай!?

"Элим" жана "Эне бейит биздин кыргыздар" деген ырларында автор кайрадан кыргыз элинин стабилдүүлүгүнө басым жасаган сынчыл көз карашын билдирет. Мындай суроолуу жана сынчыл көз караш акындын жөн гана мактоого жана даңазалоого арналган улутчул мүнөзүн эмес, бардык нерсени иликтеген, изилдеген аңдаган өтө терең улутчул түшүнүкө ээ экендигин далилдейт.

"Архивтерим"деген ырында чыгармаларынын максатын кагаз бетинде мындайча баяндайт:

Менден калчу аманат, архивтерим,
Кыргызыма баргыла кайкып белин.
Эмгектендим элиме аздыр-көптүр
Силер менен көрүнөт артык-кемим
(Сооронов, 37/3-б.)

2006-жылы жарыяланган бул ырында мааниле ш жана карама-каршы маанидеги сөздөрдү пайдаланып койгон максатын билдирген.Айрыкча бул ырынын маанисинен акын жазуучулук өмүрүн кыргыз элине жана тарыхына арнаган милдети деп эсептегендиги баяндалат.

Автор китебинин экинчи бөлүмүндөгү ырларын "Күндөлүктөн" деп аталган теманын тегерегинде топтогон. Бул бөлүмдөгү "Мырзаянга 60 жаш", "Сатыбалды Далбаевдин 70 жылдыгына", "Аселди күйөөгө узатканда", "Бегайымдын ыры" деген чыгармалары күндөлүк түрүнө окшош, акындын тегерегиндеги жакын адамдарга арналган ырлары болуп саналат. Акын жеке жашоосундагы кээ бир окуялардын ыр түрүндөгү күндөлүгүн жазган.

Анан конуп Эгемен тактысына,
Жеткен менен энсеген бактысына,
Айткан менен "Манас!"деп "Кыргызым!"деп
Жетпей келет биримдик ачкычына...
(Сооронов,66/1-б.)

Бул бөлүмдөгү көпчүлүгү төрт сап менен берилген ырларында кыргыз элинин келечегине басым жасаган. Бөлүмдөгү темасы жок ырларында түзүлүш, үндөштүк, шекил, тема деген элементтерге көңүл бурулган эмес. Бул болсо аталган бөлүмдөгү ырлардын күндөлүк түрүндө жазылгандыгына байланыштуу.

Ыр китептеги ырларга жалпысынан караганда китептин аты атап тургандай эле акын калкына, өлкөсүнө, улуттук кимдигине, тилине, динине болгон сүйүүсүн, көз карашын, он жана терс пикирин негизинен түшүнүктүү жана таамай түрдө ырларына чагылдырган.

Салтка айланган ыр формаларын колдонгон бул китепчеде акын көбүнчө социалдык жашоодогу маселелерге көңүл бурган. Сүйүү, өлүм, согуш, тынчтык, жалгыздык, жаштык ж.б сыяктуу дүйнөлүк темаларга арналган ырлары кездешпейт. Мындай жагдай адамзаттын орток сезимдерине чакырык салган жана жаны көз караштагы ырларды жазуусуна тоскоол болгон.

Тескерисинче, чыгармасында акын коомдун социалдык жана маданий, тарыхый жашоосуна болгон ашкере сезимин көрсөткөн.Автор эгемендүүлүктөн кийинки кыргыз коому башынан өткөргөн өзгөрүү, өнүгүүлөрдү болгон окуялар менен бирге бул китебинде бергенге, ачыктоого далалаттанган жана муну ишке ашырууда кыргыз жаштарына жол көрсөтүүнү, аларды багыттоону, эскертүүнү көздөгөн.

Коомдук окуялардан жана көз караштардан улам жазган ырларында ашыкча апыртмалар жок, оюн жөнөкөй жана түшүнүктүү түрдө бере алган. Ырларында кыргыз тилин чебердик менен колдонгон, салыштыруулары менен ырларына оригиналдуулук берген.

Адабияттар

1. Сооронов О., Кыргызым ай, кыргызым!, Б., 2008.

2. Сооронов О., Тоолорумдун зыйнаты: Поэмалар жана ырлар. - Ф.: Мектеп, 1971.

3. Сооронов О., / Түз: Ырлар жана поэмалар. - Ф.: Кыргызстан, 1976.

4. Сооронов О., Жараат сыры: Ырлар жана поэмалар. - Ф.: Мектеп, 1977.

5. Сооронов О., Тазалыкка чакырам: Ырлар жана поэмалар. - Ф.: Мектеп, 1979

6. Сооронов О., Ырларым менин - сырларым: Ырлар жана поэмалар. - Ф.: Кыргызстан, 1983.

7. Сооронов О., Аруу дүйнө: Ырлар жана поэмалар. - Ф.: Кыргызстан, 1985.

8. Сооронов О., Кайрылуу: Ырлар жана поэмалар. - Ф.: Адабият, 1990.

9. Сооронов О., Эки тоголок: Ырлар. - Б.: Адабият. 1993.

10. Кыргыз Адабияты, Энциклопедиялык окуу куралы, -Б., 2004

11. Сайт о писателях и поэтах Кыргызстана // www.pisateli.kloop.kg//

Н.Эшмамбетова,
К.Карасаев атындагы БГУ

Э РНИСТ ТУРСУНОВДУН РОМАНДАРЫН ИЗИЛДӨӨ МАСЕЛЕСИНЕ ТААНДЫК МЕТОДОЛОГИЯЛЫК ПРИНЦИПТЕР

Кыргыз адабиятында XX кылым менен XXI кылымдын тогошкон мезгилинде өтө көп түрдүү чыгармачылык менен эмгектенген сүрөткерлердин бири - Э.Турсунов. Анын чыгармачылыгын, өзгөчө роман жанрындагы изденүүлөрүн изилдөө проблемасына киришүү өз алдына бир топ маселелерди аныктоо зарылдыгын ачыкка чыгарды. Алардын бири азыр биз бул жерде кеп кыла турган *методологиялык принциптер.* Эгер бул проблема туура аныкталбаса, сүрөткердин илимий-теориялык жактан анализге алына турган чыгармачылыгына туура жана так баа берилбей калышы мүмкүн экендиги белгилүү. Ошондуктан, сүрөткердин чыгармачылык өнөрканасынын калыптануусуна, анын эволюциялык жол менен өнүгүүсүнө туура жана жеткиликтүү баа берүү үчүн сөзсүз методологиялык принциптерди тактап алуу зарылдыгы турат. Ал төмөнкүдөй кырдаалдарга байланыштуу түшүндүрүлөт:

1 Э.Турсунов чыгармачылыгын баштаган мезгилде кыргыз адабияты кандай көркөм-эстетикалык бийиктикте эле? Роман жанры кандай абалда болчу? Тагыраак айтканда, ал чыгармачылыгын баштаган жана өнүктүргөн адабий процесс кыргыз адабиятынын тарыхында "алтын тамгалар" менен жазылып калгандыгын адабиятчылардын көпчүлүгү белгилеп жүрүшөт. Маселен, кыргыз адабиятынын тарыхын изилдеген К.Артыкбаев XX кылымдын 50-жылдарынан кийинки мезгилге жогору баа берип, ал учур кыргыз адабиятынын тарыхында жаңы идеялык-эстетикалык сапаттарга көтөрүлгөнүн, адамдын психологиясын ачуунун зор чеберчилигине ээ болгондугун, каармандын дүйнө таануусуна ар тараптуу иликтөө жүргүзүү тенденциясынын күч алгандыгы менен байланыштырууга аракеттенсе [1], ушул эле проблемага кайрылган К.Асаналиев кыргыз адабиятындагы адабий-эстетикалык жаңылануу Ч.Айтматовдун чыгармаларына байланыштырып турмуш чындыгынын диалектикасын конкреттүү көркөм-аналитикалык чеберчилик менен берүү маселеси жолго коюлуп калгандыгын [2] көрсөткөн. Ал эми роман жанрынын кыргыз адабиятында пайда болушун, калыптануусун жана поэтикасын башка элдердин адабиятындагы ал-абалы менен салыштырып кеңири изилдеген А.Эркебаев ал азыр адабиятыбызда адабий-эстетикалык көркөм дөөлөттөрдү аныктоочу төл жанрлардын бири болуп калгандыгын белгилесе [3], К.Даутов "фактографиядан синтезге" ээ болгон бир топ романдар жаралгандыгын далилдеп [4] берип кеткен учурлары бар. Демек, Э.Турсуновдун романдары жарык көргөнгө чейин кыргыз адабиятында роман жанры өз ордун таап, сырттан келгендигине карабастан, адабий жанр катары ордун таап, ал тургай адабиятыбыздагы көркөм дөөлөттөр, ири жетишкендиктер ушул жанр аркылуу өз баасын алып калгандыгы ага өзүнчө терең маани берүү керектигин туюндуруп турат;

2 Азыркы мезгилде кыргыз романы татаал жана көп түрдүү адабий жанр. Улуттук адабиятта көркөм-эстетикалык дөөлөт аныктоочу касиетке ээ сапатты ага ким кааласа эле бере койгон эмес. Ал бул мезгилге чейин далай жолду басып өтүп, жанр катары өзүн-өзү таанытууда эл турмуш көркөм чагылдыруунун көп түрдүү жана ар тараптуу баскычтарында өз күчүн сынап көрүүгө жетишкен. Тагыраак айтканда, кыргыз романы кыргыз элинин өткөн тарыхый турмушун, андан берки советтик жашоо образды, ал бийликтин орношунан тартып, анын кыйрашына чейинки турмуш көрүнүшүн, Улуу Ата Мекендик согуштагы эрдиктер менен кыйынчылыктарды, андагы элдин баатырдыгын, азыр эл өз көзү менен көрүп жаткан реал-

дуу окуялар менен катар акыл менен гана таануурга мүмкүн болгон окуялардын подтексти аркылуу аңдаштырууга шарт түзүп берүүчү кыялый көрүнүштөрдү адабий ойлоонун индивидуалдуу касиети менен ачып берүүгө жетишип отурат. Кыргыз романына тиешелүү мындай сапат романдык сюжетти жайгаштырууда жазуучунун чеберчилигин гана көрсөтпөстөн, роман жанрынын улам жаңы формасын адабий процесске киргизип келет. Аны менен кошо кыргыз адабиятында бүгүн романдын өзүнчө түрү катары белгилүү болгон *автобиографиялык, окуялуу, социалдык-тармуштук, тарыхый, биографиялык, публицистикалык, философиялык, психологиялык, аскерий жана "өндүрүштүк"*, ж. б. формасына Э.Турсуновдун романдары кандай көркөм-эстетикалык кошумча киргизе алгандыгын аныктоо милдети да турат. Мында методологиялык принциптер роман жанрынын тигил же бул формасын кантип жана кайсы багыттар боюнча өнүктүргөнү менен чектелбестен, ошол формага жазуучу катары Э.Турсунов кандай өнүттөн мамиле кылып чыгышы, б. а. автордун жанрга карата философиясы кандай экендигине туура жана так мамиле кылуу милдети менен да айкашып турат;

3. Кыргыз романдары азыркы учурдагы көркөм-эстетикалык бийиктигине жөн эле, жок жерден кимдир бирөөнүн каалоосу менен жете калган эмес. Э.Турсуновдун романдары жөнүндө пикир айтуу, аны азыркы учурдун көркөм-эстетикалык нарк-насили менен кароо, баары бир кыргыз роман жанрынын контекстинде талдоо жүргүзүү зарылдыгын туудурат. Мунун өзү роман жанрынын пайда болушу жана калыптануу процессинде жанрдын өзү жөнүндө жана андай көркөм-эстетикалык бийиктикти багындары алган жазуучулардын конкреттүү чыгармалары тууралуу айтылган ой-пикирлер менен эсептешүүгө шарт түзөт. Ошондой эле методологиялык жактан мындай мамиле бир мезгилде СССРдин курамында турган элдердин, андан ары дүйнө элдеринин алдыңкы адабий тажрыйбалары менен карым-катнашта турган абалга туура баа берүү бирге Э.Турсуновдун романдарынын жаралуусуна себеп болгон коомдук-социалдык, адабий-эстетикалык кырдаалдарга туура баа берүүгө мүмкүндүк берет. Аны менен кошо Э.Турсуновдун роман жанрында ээ болгон көркөм-эстетикалык табылгаларын, ал аркылуу кыргыз прозасына келген идеялык-тематикалык, жанрдык жана стилдик изденүүлөрүн идеялык-философиялык, стилдик-поэтикалык багыттарын аныктоо менен байланыштыра алат;

4. Э.Турсуновдун романдары өлкөнүн эгемендүүлүгүнөн кийин пайда болгондуктан, бул тарыхый бурулушка мүнөздүү адабий-философиялык ой жорум жазуучунун чыгармачылыгында чагылбай койгон эмес. Ырас, анын чыгармачылыгында орун алган тематика кыргыз прозасында, деги эле кыргыз адабиятында кокусунан эле көтөрүлө калбагандыгы белгилүү. Андай тематиканын актуалдуу болушуна, эгемендүүлүктөн кийин башкы орунга чыгышына, ошол мезгилдеги коомдук-саясий турмуш, партиялык саясаттын курмандыгы катары "актай" калган тарых баракгарына жаңыча мамиле, унут болуп бара жаткан кыргыз эли кадырлаган тарыхый-этнографиялык баалуулуктардын ордун таап берүүгө болгон мыйзамченемдүү аракет да кепке алына турган романдардын жана жалпы эле кыргыз прозасынын маселелерине байланыштуу баасын алуу зарылдыгы да коюлууда.

Бул тарыхый окуяларга жана даректерге карата жаңыча мамиле кылуу керектигин ачыкка чыгаруу менен бир мезгилде "эл душманы" болуп келген инсандарга туура баа берүү, алардын тарыхтагы ордун так көрсөтүү менен бирге, кыргыз адамы жөнүндө көркөм образдын жаңы көркөм-эстетикалык дөөлөтүн кантип жана кайсы багыттар боюнча жаралып жатканын аныктоо максатын да алдыга коюуда. Мындай көрүнүш Э.Турсуновдун романдарына туура баа берүү кызыкчылыгы менен гана шайкеш келбестен, коомдук-социалдык, адеп-ахлактык жана адабий-эстетикалык дөөлөттөрдүн жаралуусуна, күндүн темасына карата жазуучунун мамилесин, поэтикалык жактан жанрдын ички касиетин аңдаштыруу багыттарын комплексттүү кароо зарылдыгын да ачыкка чыгарат. Роман жанрынын бир түрү болсо да автор тарабынан иштелип чыккан сүрөткерлик чеберчиликтин мазмундук жана формалык жактан табылгаларын конкреттүү мисалдар аркылуу ачып көрсөтүү маселеси тургандыгын айтпай кетүүгө болбойт, б. а. роман жанрынын ички табиятын аныктоодо өзүнчө касиет катары өз жүзүн көрсөтө алган психологизм, лиризм, драматизм маселелеринин жазуучу тарабынан кандайча иштелишине методологиялык жактан туура баа берүү принциптери өзүнчө мамилени талап кылууда;

5. Кыргыз романдары Э.Турсуновдун бул жанрдагы чыгармалары жаралганга чейин эле поэтикалык жактан көп түрдүү касиетке ээ болуп, жанрдагы ийгиликтер идеялык мазмундук жактан кандай сыймдуулукка ээ болгону аныкт. Ал эми анын романдары кыргыз прозасында аталган жанрды андан ары өнүктүрүүдө идеялык-эстетикалык жактан эмне аракеттерди жасаганын, ал аракеттер жанрды кайсы багыттар боюнча жаңылоого өз салымын кошконуна да реалдуу баа берүү муктаждыгы турат. Мында бир эле Э.Турсуновдун романдарынын ийгиликтери гана кеп болбостон, ошол кырдаалда жанрдын өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн жагдайлар жанрдын ички табиятын өнүктүрүүгө тикелей таасирин тийгизген философиялык көз караштар, алардын адабий процесске аралашуусуна себеп болгон объективдүү жана субъективдүү жагдайлары менен толук карашы керек болууда. Бир караганда, методологиялык жактан Э.Турсуновдун чыгармалары кандай булактарга таянып жаралганын билүү зарылдыгына байланыштуу болсо, экинчи жагынан аны жалпы кыргыз адабиятынын алкагында ачуу жазуучунун ар бир романынын идеялык жана көркөмдүк кудуретине реалдуу баа бергендик болуп саналат. Метедологиялык жактан мындай принципти колдонуу Э.Турсуновго чейин кайсы философиялык көз караштар адабият аренесында алдыңкы катарда андан кайсынысы экендигин аныктоочу ирерхияны да айырмалоо маанисин да түшүндүрөт. Ошондой эле Э.Турсуновдун чыгармачылыгына мындай мамиле анын чыгармачылык тажрыйбаларынын кыргыз адабиятына болгон жагымдуу таасирлерин да ачып көрсөтүүгө мүмкүндүк түзөт. Бул болсо философиянын жалпыдан жекеге жана жекеден жалпыга карай өтүп туруучу индукция жана дедукция методдорун көркөм чыгарманы анализдөөдө туура колдонууга шарт түзөт;

6. Адабий чыгармачылык азыркы учурда өтмө катар байланыштарга ээ болгондой эле анын табияты синтетикалык мүнөзгө айланып барат. Көркөм чыгармачылыктын алгачкы этаптарында ал адам ой жүгүртүүсүнүн бир формасы катары белгилүү болсо,

азыр аны ушул критерий менен чектөө мүмкүн эмес болуп калды. Тагыраак айтканда, бүгүнкү адабий чыгармачылык адамзаттык ой жорумдардын бардык түрлөрүн кучагына алып, көркөм аңдаштырууну ушул заманга мүнөздүү публицистиканын, адабий сындын, кинонун жана башка искусство тармактарын толугу менен синтездөө аркылуу окурманга тартуулап жаткандыктан, автордук мындай чеберчиликти да ошол эле "синтетикалык" жолдор менен баалоо зарылдыгы жашайт. Эгерде Э.Турсуновдун романдарында мына ушундай касиеттер бар болсо, ага түздөн-түз ушул өңүттөн мамиле кылуу талабы тургандыгын жокко чыгара албайбыз. Демек, кандай формада же мазмунда болбосун автор тарабынан келип кирген "синтетикалык" табылгалар болсо, аны талдоого алуудан мурда анын кыргыз адабиятында жаралыш булактарын аныктоо, Э.Турсуновдун чыгармаларына чейин келип жеткен бийиктигин айкындоо зарылдыгы да жок эмес. Мунун өзү автор тарабынан роман жана башка жанрдагы чыгармалардын ички касиетин, көркөмдүк сапатын байытууга маанилүү роль ойногон факторлор менен өтмө-катар байланышын ачып берүү бир караганда жазуучунун табылгаларын ачыкка чыгарууга шарт түзсө; экинчи жагынан көркөм деталдарды ага чейинки колдоно алган чеберчиликке айкалыштыруу менен бирге автор кандай жаңылык киргизгенин деталдаштырып көрсөтүүгө өбөлгө берет;

7. Кыргыз адабиятында коомдук-социалдык жаңылануулардын таасиринен улам адам мүнөзүнө, анын ишмердигине, турмушунуна, ал тургай кадимки эле пендечилик сапаттарына карай сүрөткердин көз карашы өзгөрдү. Бул бир гана Э.Турсуновдун чыгармачылыгына маанилүү роль ойногон фактор эмес, ал кыргыз адабиятын түп-тамырынан жаңылоо шарт түзгөн философиялык жана эстетикалык принциптер болуп саналат. Анын натыйжасында бир мезгилде адабий чыгармачылык үчүн маанилүү даражада турган "оң каарман", "оң образ" проблемасы жаңы мазмунга ээ болду. Тагыраак айтканда, марксизм - ленинизм окуулары аныктаган эстетикалык системага мүнөздүү бир жактуу "оң образ" түшүнүгүн аныктоочу категориялар көп түрдүү, плюрализм түшүнүгү менен айкындалуучу адамдын жалпы жана индивидуалдуу кайталангыс сапаттарынан жыйналган автордук концепция аркылуу толук кандуу бүткөн позицияга айланганын таануу милдети да турат. Мындай принцип методологиялык жактан автордук позицияны сыйлоого, анын ар бир чыгармачыл изденүүсүнө кылдат мамиле жасоого, өзгөчө көркөм чыгарманын нукура өздүк сапатын аныктоочу деталдарга - автордук баяндоо, лиризм, психологизм, драматизм, ж. б. ушул сыяктуу көркөм каражаттарга аяр мамиле кылуу менен андагы автордук чеберчиликтин ордун так көрсөтүүгө, сүрөткер тарабынан аны өнүктүрүүгө болгон далалаттарды туура жана так баалоого максаттандырат. Ал жазуучунун ар кыл мүнөздөрдөгү каармандардын көркөм образдарын түзүү аракеттери илимий-теориялык жактан кылдат мамиле кылуу керектигин ачыкка чыгарат. Ал эми илимий-теориялык жактан көркөм чыгармага карата туура баа берүү принциби жазуучунун "айткаңы менен болуп", кайсы багытка кетсе ээрчий берүү дегендик эмес. Тескерисинче автор берген ар бир идеялык позиция көркөм-эстетикалык жактан кандай иштелгендиги менен шайкеш келгендигин аныктоо мүмкүнчүлүктөрүн реалдуу фактылык материалдар менен таап көрсөтүүдө турат;

Жыйынтыктап айтканда, мында автор карманган позицияны жетектөө аркылуу көркөм сүрөттөөнүн ар түрдүү деңгээлдеринин аныктоого, эл турмушунан алынган реалисттик жана башка багыттар боюнча изденүүлөрүн адабий турмуштун жетишкен ийгиликтери менен кеңири масштабга ээ болгон сүрөттөө чеберчилигине таянып, азыркы мезгилдеги көркөм образды түзүү аракеттерине системдүү анализ берүү максаты да ачык коюлууда.

Адабияттар

1. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. -Б.: "ТАС" ЖЧК, 2004, 280-291-беттер

2. Асаналиев К. Кыргыз романы: көркөм критерийлер. // Ала-Тоо, 1973, № 3.

3. Эркебаев А. Киргизский роман: истоки, пути становления, поэтика и типология. - Б.: Полиграф-ресурс, 2010, 4-5-беттер.

4. Даутов К. Сентенциядан концепцияга, фактографиядан синтезге. / Китепте: Мезгил сыны жана мен. - Б.: "Бийиктик, 2004, 271-310-беттер.

ПЕДАГОГИКА

Омуралиева К.,
БГУ им. К.Карасаева

КАК НАУЧИТЬ ИНОСТРАННЫХ СТУДЕНТОВ ИСПОЛЬЗОВАТЬ СИНОНИМЫ В РУССКОЙ РЕЧИ

В современном русском языке существуют несколько разрядов синонимов, выделяемых в зависимости от разного характера различий между словами, при общей их смысловой близости: семантические или идеографические, стилистические и семантико-стилистические. В лексической системе языка синонимы, как правило, объединяются в синонимические ряды. Слова, образующие синонимический ряд, имеют общее смысловое содержание, но различаются оттенками значения, стилистической принадлежностью, либо тем и другим, вместе взятым.

Синонимы возникают в языке постоянно. Это обусловлено рядом причин. Одной из основных причин является стремление человека найти в уже известных предметах, явлениях окружающего мира какие-то новые черты и оттенки, то есть углубить и расширить существующие понятия окружающей действительности. Но студентов-иностранцев в первую очередь, преследует цель не найти в явлениях окружающего мира какие- то новые черты и оттенки, их интересует незнание новых слов. Интерес к значениям этих слов, приводят постепенно, незаметно к сталкиванию с синонимами.

В процессе обучения иностранных студентов наблюдались, что подбор синонимов играет очень большую роль в изучении русского языка. На каждом уроке должны использовать синонимы, которые служат для закрепления лексики, для развития диалогической и монологической речи, для того, чтобы иностранцы могли реализовать простые интенции: контактно-устанавливающие, регулирующие, информативные, оценочные в разных ситуациях общения.

Наша задача на начальном этапе изучения русского языка как иностранного - не изучение места и роли синонимов в лексико-семантической системе, а использование синонимов в речи у иностранных студентов. Поневоле сталкиваемся с такой ситуацией. Это происходит при выполнении различных упражнений или чтении текстов. Обучающиеся, встречая некоторые непонятные слова, задаются вопросами: А что это означает? Как понять это слово? Правильно или неправильно ? и др. Например, слова- синонимы, которые встречаются студентам иностранцам: ясный, яркий; трудный, сложный; добрый, сердечный; прекрасный, великолепный, отличный, замечательный, лучший; влажный, мокрый; свежий, новый; смелый, сильный, храбрый, мужественный.; крупный, большой, огромный и др. Читая эти слова, они приходят к выводу, что каждое звено имеет одинаковое значение.

На начальном этапе обучения мы говорим просто слова синонимы, так как для слушателей не обязательно знать о разрядах синонимов, выделяемых в зависимости от разного характера. Употребление синонимов, делает речь обучающегося , более точной, яркой и разнообразной. Особенно помогают в этом текстовые синонимы. Например, когда мы читаем текст об известной балерине Галине Улановой, слушатели-иностранцы встречают слова, к которым подбирают синонимы: Галина Уланова прожила нелегкую, но интересную жизнь(нелегкую- трудную). … Галя запомнила длинные вечера, …(длинные- долгие), (с.8). В тексте " в театре": Петр Ильич Чайковский - великий русский композитор (великий- известный). Он написал 10 опер и 3 балета. Мы смотрим прекрасный балет… (прекрасный- красивый, замечательный, удивительный), (Т.А. Коржова, Ю.И. Коржов " Смотри, думай и говори"). … Мы решили устроить (организовать, сделать) вечеринку, чтобы обсудить план с ребятами (Лестница. Учебник - книга, с. 276). …Дядя просит Шурика украсть (похитить, своровать) Нину, потому что Шурик - лучший друг Нины. (уч. пособие " Смотри, думай и говори", с. 39). В тексте " Мой друг" о настроении Володи может рассказать и его походка: она то спокойная, размеренная, то стремительная, летящая. (Л.И. Пущина, Л.А. Бегункова, " Общаться на русском легко", с. 87).

Анализ этих и других примеров характеризует системные отношения на уровне одного слова, которое является ярким и убедительным доказательством системных лексических отношений в группах близких по значению слов. Именно возможность синонимизации двух или более лексических единиц, позволяет говорить о силе их семантической связи между собой.

К лексическим синонимам относятся близкие и тождественные по значению слова, по разному называющие, одно и то же понятие о предмете, явлении, действии и так далее, но отличающиеся друг от друга либо оттенками значения, либо стилистической окраской, либо одновременно обоими признаками: быстро - скоро; быстрый - скорый; верный - преданный; легконесложно, просто, элементарно; конечно - разумеется, безусловно, несомненно, бесспорно и т.д.

Поскольку лексическая синонимия - явление семантическое, постольку наиболее существенным ее признаком будет близость или тождество значения. Именно этот признак позволяет говорить о значениях и использовать слова - синонимы среди студентов - иностранцев. В первую очередь они воспринимают их как взаимозаменяемыми словами, а так же считают основанием для сближения смыслов. Хотя, если такая соотнесенность нарушается, нельзя говорить о лексической синонимии. Например: Галине Улановой было легко и просто танцевать на большой сцене.

Взаимозаменяемость является важнейшим критерием синонимичности слов. Одинаковая лексическая сочетаемость синонимов - явление редкое. Чаще всего они имеют разный диапазон лексической сочетаемости. Например, синонимической паре: свежий, новый прилагательное новый имеет широкую сочe-

таемость, например : новый костюм, новый ученик, новый дом, новый проект, новый магазин, новая тема, новое пальто, новое слово и т.д., а синоним свежий сочетается с немногими словами: свежий воздух, свежие овощи, фрукты и др. , что имеет огромное значение в изучении русского языка и на что необходимо обратить внимание иностранных студентов.

Синонимы отличаются по употребительности т.е. нередко один из синонимов употребляется чаще, чем другой (или другие). Так, например:

бедный- нищий,

трудный- сложный,

отличный- великолепный,

новый- свежий,

большой- крупный, масштабный,

сильный, смелый- храбрый, отважный, мужественный, бесстрашный.

работать -трудиться,

работа -труд, дело,

восхищение -восторг.

Эти и другие слова используются в разговорной речи, однако из этих слов чаще иностранцами используются слова из первой колонки, нежели из второй.

В синонимические отношения вступают как знаменательные, так и служебные слова, например: существительные - работа, дело, труд; родина, отчизна и другие; прилагательные - великий, известный; удивительный, прекрасный; глаголы- трудиться, работать; поставить, создать и др. Наречия - сейчас , теперь; (Примеры из учебного пособия "Смотри, думай и говори " Т.А. Коржовой, Ю.Н. Коржова); категория состояния (мне) грустно, печально, уныло, невесело, скучно (учебник- лестница, М.Н. Аникиной, с.263,273);модальные слова- может быть, может, возможно (с. 130); союзы- и, да; пока, покуда, покамест; предлоги- около, возле, подле, близ и др. Например: Маша ждала друга около кинотеатра. У них была встреча в центре Москвы, возле станции метро "Лубянка". (Учебник- лестница, стр.48,271).

Не вступают в синонимические отношения местоимения, числительные, звукоподражания. Также многие имена существительные (например, собственные имена, названия многих конкретных предметов и т.д.), прилагательные, глаголы, наречия и др. Не так много синонимов среди терминов. Поэтому надо объяснять студентам- иностранцам, что не все слова выстраиваются в синонимический ряд.

"Soul", способность мыслить не свойственна, как в английском, так и в немецком языках. Если проводить сравнения применительно к русскому языку, то и здесь "душа" связана с другими функциональными процессами. В немецком языке слово "seele" охватывает множество явлений в сфере рационального. В английском языке "soul" наделена свойствами памяти, но как только возникает необходимость "мыслить", душа передает эту функцию "heart". Анализ эмоциональной выразительности данных концептов "сердце" и "душа" в английском и немецком языках не менее интересен по структурному признаку сходства с человеком, предметами, со стихиями и явлениями природы. По "сходству с человеком" сердце "ведет себя" подобно человеку - говорить, молчит, кричит, поет, порой диктует свою волю.

Так же "ведет себя" и душа. Она испытывает голод и жажду, радость или грусть, страдает от одиночества и даже умирает. В литературном наследии в обоих языках практически утрачены признаки, присущие концептам "soul" и "seele"в прежние эпохи: обладая множеством антропоморфных свойств, душа тем не менее уже не представляется как человечек, живущий внутри человека и внешне сходный с последним. Ушли в прошлое представления о душе как жизненном дыхании, паре, тумане, как и представлении, я о зооморфном облике души.

В эмоциональной (эстетической) сфере участвуют, хотя и не в равной мере, все четыре концепта. Главная роль отводиться концептом "heart", "herz". В английских и немецких языковых картинах мира они выражают практически одни и те же эстетические функции посредством языка (сердце любит и остается символом любви и вечного союза).

Немецкому "herz" присуща нежность, чувствительность, сентиментальность - практически весь спектр эстетических категорий участвуют в его характеристике. Красота и прекрасное, возвышенное и героическое заполняют обьем вокруг него и литературе и естественном языке. Сдержанность, стремление не показывать свои чувства окружающим - вот качества, которые окружают "сердце" в англоязычной культуре. Вследствие этого жизнь "heart" проходит скрыто от окружающих, и сдержанность человека, его спокойствие, контроль над собой принимают внешнюю форму бесчувствия. Это лишь внешнее бесчувствие - почти норма англоязычной культуры, которое дополняется выразительностью глаз, еле заметной мимикой лица и поведения.

Teaches and pupils may look coldly on you for a day or two, but friendly in feelings are concealed in their hearts (Ch.Bronte. Jane Eyre).

По выражению глаз можно судить о внутренней работе сердца и души: одно, как правило, соответствует другому. По глазам судят чаще о душе, чем о сердце.

And Tom did pray, with all his mind and strength, for the soul that was passing - the soul that seemed looking so steadily and mournfully from those large, melancholy blue eyes (H.Beecher-Stowe. Uncle Tom's Cabin).

В английском и немецком литературных языках осуждаются злоба, зависть, ненависть, скрываемые под приятным обращением. Но в англоязычной культуре не считается предосудительным прятать свое расположение, эмоциональные чувства к кому- либо под маской безразличия, холодность, реже глупости.

В немецком языке оба взятых для анализа концепта- "herz" и "seele" - участвую эмоциональной сфере, причем примерно в равной степени. В английском языке сфера эмоций, вернее, тот ее фрагмент , который образован исследуемыми концептами, оказывается, практически полностью поглощается "heart", которое определяет внутреннюю жизнь человека в обществе. Внешнее проявление эмоциональности английского "heart" и "soul" в литературе и естественном языке практически неощутимо, вероятнее всего, эту особенность можно понять при более глубоком анализе, в ходе изучения и дальнейшего знакомства с иностранным языком.

Выводы:

1. Использование работающих систем компьютерного перевода в период изучения иностранного языка показало, что в период анализа текста воздействие эстетической функции иностранного языка может быть утрачено или неправильно понято. Между языком компьютера и языком человека существует барьер отторжения между описаниями стационарных процессов в неживой материи, с одной стороны, и описанием нестационарных процессов, характерных для живой природы, в том числе для лингвистического поведения человека.

2. Компьютерный перевод иностранного текста наделен единственным смыслом, когда естественноречевое восприятие иностранного языка несет обычно три типа смыслов, из которых два диктуются прагматикой (речь идет об индивидуальных авторском и персептивном смыслах), а третий является независимым от них социологизированным, коллективным смыслом общества.

Литература

1. Акулова Л.А. Современные методы обучения иностранным языкам. Материалы второй международной научно- практической конференции "Языки мира и мир языка"

2. Петровский Р.Г. Лингвистический автомат и его речемыслительное обеспечение. -Минск: МГЛУ, 1999.

3. Higgins J., Jones T. Computers in Language learning. - Wesley: Collins ELT,1985.

О.Инанды,
"Себат" билим берүү мекемеси

ИННОВАЦИЯЛЫК ИШМЕРДИККЕ АКТИВДҮҮ КОШУЛУУ: ТАЛАПТАР, ЖОЛДОР, НАТЫЙЖАЛАР

Көпчүлүк инновациялык мектептер мектептин жашоосунун билим берүүчү жагына басым жасашып, билим берүүнүн жаңы, гуманисттик мазмунун калыптандыруу боюнча активдүү иш башташты. Бул мектептерде мугалимдер жекече пландар жана программалар менен сабак беришип, традициялык мектептер үчүн мүнөздүү болбогон курстарды иштеп чыгышып, окутуунун жана тарбиялоонун жаңы мазмунун кеңири сынактан өткөрүшүп, окуучулардын контингентин комплектилөөнүн, жогорку квалификациялуу тандоонун жаңы жолдорун жүзөгө ашыра башташты. Ишмердиктин жаңы уюштуруучулук-башкаруучулук деңгээлине чыга алды.

Бул мектептер кошумча билим берүүчү кызматтын түрлөрүн көрсөтүшүп, ишкердик менен алектене башташты, ал мугалимдердин жана окуучулардын социалдык корголгондугун жогорулатууга мүмкүнчүлүк берди.

Инновациялык мектептер гумандаштыруу, демократташтыруу, дифференциялаштыруу, билим берүүнүн вариативдүүлүгү принциптерин алгачкылардан болуп киргизишип, балдардын акыл-эс, адептик, эстетикалык, дене жагынан өнүгүшүнө, алардын жөндөмдүүлүктөрүн ар тараптан ачууга, ошондой эле калктын улуттук-маданий суроо-талаптарын канаттандырууга ыңгайлуу шарттарды түздү десек ашыкча болбойт.

Түрдүү педагогикалык жаңылыктарды өздөштүрүүнүн жана киргизүүнүн негизинде, инновациялык мектептер окуучунун инсандык сапаттарын өнүктүрүү ишинде жаңы деңгээлге көтөрүлө алышты, бирок анын кайтарымына кыска мөөнөттө жетише алабыз десек жаңылыштык болор эле.

Мектеп - бул инновациялык ишмердиктин натыйжалары ондогон жылдардан, мүмкүн андан да көп жылдардан кийин гана билине турган өзгөчө социалдык-педагогикалык система. Бирок мектеп жүргүзүлүп жаткан өзгөрүүлөрдүн ийгилиги үчүн кам көрүүгө милдеттүү. Инновациялык ишмердиктин ийгилиги - инновациялык мектептердин өзгөчө бир миссиясы.

Азыркы учурдагы инновациялык мектептердин башкы милдеттеринин бири жалпы орто билим берүүнүн көп түрдүүлүгүн жана вариативдүүлүгүн жүзөгө ашыруу болуп калды. Кыргыз Республикасында бул милдетти жүзөгө ашырууга алгачкылардан болуп гимназиялар жана лицейлер кириштн.

Бул типтеги мектептерди түзүү педагогикалык жамааттардан педагогикалык ишмердиктин жаңы приоритеттерин издөөгө, башкача айтканда, инновациялык ишмердикке активдүү кошулууну талап кылды.

Жалпы орто билим берүү жаатындагы Кыргызстанда жана дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө топтолгон алдыңкы тажрыйбага таянуунун негизинде, түзүлүп жана иштеп жаткан эл аралык "Себат" билим берүү мекеме-

синин кыргыз-түрк лицейлери өз алдынча өнүгүү жолуна алгачкылардан болуп киришип, азыркы учурдан тартып бир катар ийгиликтерге жетишти. Ошондуктан, бул лицейлерди "инновациялык" деп атоого болот.

"Инновациялык мектеп" - бул жаңы педагогикалык идеяларды таап, аларды иштеп чыгып жана өз практикасына киргизе билген мектеп. Андай мектептерде билимдин жаңы деңгээлин камсыз кылууга байланышкан ар кандай эксперименттерге тартынбай барат, жаңы нерселерден дайыма оң натыйжаларды алып турат.

Турмушубуздагы болуп жаткан өзгөрүүлөр билим берүү тармагын да өзгөрүүлөргө барууга мажбурлоодо. Экономикалык, социалдык жана маданий чөйрөлөрдөгү өзгөрүүлөр билим берүү процессин "мектептин" гана иши катары караган жана билим берүүнү мектеп менен чектөөгө болбой тургандыгын көрсөттү.

Мектептен сырткаркы мекемелерде билим берүү эң маанилүү ишмердүүлүк катары каралып жатат. Учурда мектептер ишканалар сыяктуу, ишканалар мектеп өндүү абалга жетүүгө мезгил жетти. Бүгүнкү күндө мектептер мурда болуп көрбөгөн атаандаштыкка туш келди. Эгерде алар өз убагында билим берүү түшүнүктөрүн өзгөртүшпөсө кардар (клиент) табууда кыйынчылыктарга дуушар болушат.

Ошондуктан окуучуларга билим берүүдө "маалыматты негизги борборго алган" билим берүүнүн ордуна "маалыматтардын кандайча жаратылаарын" үйрөткөн билим берүүнүн ыкмаларын колдонуу зарыл. Бирок аларды жүзөгө ашырууда окуучудагы жана коомдогу өзгөрүүлөр да чоң роль ойноорун кошумчалай кетишибиз керек [1].

Билим берүүдө жаңылануу түшүнүгү да өзгөрүүдө. Билим берүү мекемелери жаңы техникалык жана социалдык шарттарга ылайык өздөрүн кайрадан уюштуруулары керек. Ал билим берүүдөгү стандарттарды жаңылоо, каржылоо булактарын табуу, бир канча өзгөртүүлөрдү киргизүү менен чектелбейт. Билим берүүдө жаңылануу дегенде, бизге негизинен мектептеги окуу күнү жана сааттардын саны, материалдык кээ бир мүмкүнчүлүктөрү, класстардын чоңойтулушу, компьютердик билим берүү, мектепке таянган жетекчилик (School based management), өлчөө жана баалоо тармагынын жакшыртылышы, компетенцияларынын кеңейтилиши сыяктуу чаралар ойго келет. Бирок булардын бардыгы классикалык билим берүү ыкмасында кабылданып, аларды андан ары өнүктүрүүнү максат кылган демилгелер катары кала берүүдө. Бул сын көз караштарды эске алганда тарбиячылар тарабынан "Сумма - сапат - жетекчилик", "Класс - сапатсыз - жетекчилик", "Толук үйрөнүү" деп аталган ыкмаларга көңүл бурулуп келүүдө. Билим берүү системасы замандын талабына жараша өркүндөтүлбөсө, анда ал системадан сыртта калары же болбосо четке сүрүлөрү тууралуу пикирлер да бар [2]. Дүйнөдө жаңы билим түшүнүгүнө ылайык билим берүү мекемелерин уюштуруп жаткан кезде, Түркияда жалпысынан байкалган "Сумма - сапат - жетекчилик" деп аталган ыкмасы товар чыгарган мекемелерге ылайыктуу, а биз болсо бул ыкма менен адам тарбиялоодобуз жана биз "туура ыкманы" колдонуп жатабыз деген сыяктуу ойлор да учурайт.

Коомдук жана экономикалык өзгөрүүлөр менен бирге билим берүү уюмдарынын да ролдору өзгөрүүдө. Бул тармактагы жаңылануу процесси эки тараптуу өтөт. Алар төмөнкүлөр:

а) билим берүү - коомдогу өзгөрүүлөрдүн таасири астында болот жана ошол өзгөрүүлөргө ылайык өзүн-өзү кайрадан өзгөртүп турат;

б) билим берүү - коомдун жаңылануусунда авангарддык ролду аткарат.

Бүгүнкү күндөгү билим берүү мекемелеринин эң маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири - алардын окутуу-тарбиялоого багытталышы. Азыркы учурда жогортон ылдыйга буйрук берүү аркылуу иштөө ыкмасы менен билим берүү тармагында жакшы ийгиликтерди жарата албайсың [3]. Ошол эле мезгилде, билим берүү чөйрөсүн "коомдук турмуш" жана "жеке турмуш" чөйрөсү деп бөлүүгө болбойт. Мындай шарттарда, Түркияда колдонулуп жаткан "Кызматка чейинки билим", "Кызматта алынган билим" сыяктуу классификациялар да өз маанисин жоготууда. Булардын бардыгы "үзгүлтүксүз билим алуу" түшүнүгү менен алмаштырылды. Ушул жаңы түшүнүк Түркияда ишканалар менен окуу жайларды бири-бири менен жакындаштырууда олуттуу роль ойноодо.

Дж. Хейдж жана Х. Чарлстын пикири боюнча, индустриялык коом ар бир адамдан чыгармачылыкты талап кылат [4]. Бирок чыгармачылык жагынан алганда адамдардын ортосунда айырмачылыктар абдан чоң. Индустриялык коом көбүнчө кара күч ишмердүүлүктөрүнө таянат. Маалыматтык коомдо болсо иштердин басымдуу бөлүгү акыл ишмердүүлүгүнө негизденет. Транспорт мекемесинин ээси жүк ташуучу кишилерди эмес, жүк ташуучу машиналарды башкара билген адамдарды ишке алат [5].

Андыктан маалыматтык коомдо билим берүү мекемелери өздөрүн жаңылоо багытында. Бул коомдогу билим берүүдө жалпы адамзаттык баалуулуктарга кеңири орун берилип, жеке инсанга багытталган окутууга багыт алууга тийиш. Индустриялык коомдо билим берүү маалымат берүү функциясына таянат. Маалыматтык коомдо маалымат кеңири тарагандыктан айрым учурда окуучулар сандык жана сапаттык жагынан мугалимдерге караганда көбүрөөк билиши мүмкүн [6]. Демек, мындай жагдайга бардык тараптар өздөрүн даярдоосу керек.

Кээ бир футурист авторлордун аныктамаларында билим берүү мекемелерин өнүктүрүү жаңылануу менен гана сактап кала алат деген пикирди айтышса, башка авторлор ошол эле мезгилде мектептер ишкана турмушуна бир аз жакындап, ал ишканалар болсо мектеп сыяктуу иштөөгө өтөт деген сыяктуу божомолдоолор да бар. Билим берүү мамлекеттин негизги функцияларынын арасындагы, маанилүү милдеттердин бири бойдон кала берет.

Акыркы жылдары айтылып келе жаткан ар кандай деңгээлдеги сын-пикирлерге карабастан, мектеп турмушубузда маанилүү орунду ээлей тургандыгы жөнүндө өзүбүздүн иликтөөбүздүн негизинде төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдик.

1. Мектеп - окутуу-тарбиялоо максаттарын жүзөгө ашыруу үчүн түзүлгөн социалдык мекеме болуп саналат. Бирден ашык адам болгон бардык жердеги топтордун түрдүү талаптары мектептерге жүктөлөт. Түрдүү баалуулуктарга ээ болгон коомдук катмарлар мектептерди өзүнүн муктаждыктарына ылайык пайдалануу аракет кылышат. Себеби мектеп бардык баалуулуктар үчүн ачык жана аларды өнүктүрүүчү жай болуп эсептелет. "Улуттук билим берүүнүн негизи мыйзамында" көрсөтүлгөндөй ар бир катмар мектепте билим алууга укуктуу.

2. Мектептин пайда болушун камсыз кылган эң негизги фактор - бул инсан менен коомдун билимге болгон муктаждыктары. Мектепте колдонулган программалар замандын шартына жана ар бир инсандын ой-максаттарына, шык-каалоолоруна дал келбесе да, кардардын ага муктаждыгы жогору. Мындай жагдай, азыркы учурда иштеп жаткан мектептердин жаңылануу жана өзгөрүүгө муктаж экендигин көрсөтүп турат. Мисалы, азыркы учурда, миңдеген жаштар "Себат" билим берүү мекемесине караштуу кыргыз-түрк лицейлеринде билим алуу үчүн бири-бири менен атаандашууда.

3. Жалпы жонунан алганда, мектеп - белгилүү бир орду бар, белгилүү бир мөөнөт ичинде окуучусу жана мугалими өзгөрүүгө дуушар болгон, кенири чөйрөнү камтыган, билим берүү ишмердүүлүктөрүн пландуу жана программалардын негизинде жүргүзүп, сабак аркылуу окуу - окутуу ишмердүүлүктөрүн уюштурган мекеме болуп саналат.

4. Коомдо үстөмдүк кылган топтордун кызыкчылыгына жооп берген мектептер, ошол топтордун таасири астында болорун белгилөө. Кесиптик кошундар, коомдук уюмдар, ишканалар, түрдүү жамаатгар жана топтор мектептерге өз максаттарына жараша таасир этүүгө аракет кылышат. Бүгүнкү күндө ар кандай мамлекеттик, мамлекеттик эмес, чет өлкөлүк, эл аралык уюмдардын жалпы билим берүүчү мектептерге, мектептик билим берүүнүн мазмунуна таасир этүүгө аракет кылып жаткандыктары, буга ачык-айкын күбө боло алат.

Ошондуктан мектептер үстөмдүк кылган топтор менен алака түзүүгө аракет кылууга тийиш. Ошол эле мезгилде, мектеп алардын эч бирине эшиктерин жаппастан, алардын таасирине да кирбестен өз ишмердүүлүгүн жүргүзгөнү дурус. Бирок, мектептер коомдук уюмдардын таасирине кабылбай коё албайт. Эгерде мектеп колундагы мүмкүнчүлүктөрдү жакшы пайдалана алса, бардык коомдук уюмдарга таасир берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Адабияттар

1. Kaufman R ve Dougles, Z. (1993). Quality Management Plus. The Continuous Improvement Of Education. Corwin Press, Inc, 1993, 2 -б.

2. Bonsingl J.J. School of Quality. An Introduction to Total Quality Management in Education. Association for Supevision and Curriculum Development, 1992.

3. Сенге П. Бешинчи тартип. / Которгон, Айсегүл Илдениз жана Ахмет Догукан. "Yapi ve Kredi" басылмалары, 1993.

4. Hage J. ve Charles H.P. (1992). Post-Indutrial Lives. Roles and Reationships In the 21st Century. Sage Publications.

5. Бажанлы Х. Маалыматгык коомдо инсан жана билим // Маалымат коому симпозиуму, 18-29-март, 1995. Гази Университети, Датаси, -Анкара, 1995.

Султанова Г.К.,
КГЮА

РАЗВИТИЕ ТВОРЧЕСКИХ СПОСОБНОСТЕЙ СТУДЕНТОВ НА ЗАНЯТИЯХ ПО РУССКОМУ ЯЗЫКУ И КУЛЬТУРЕ РЕЧИ

Новая система образования ставит перед педагогической школой важную задачу: подготовить образованного, творческого человека, умеющего адаптироваться в быстро меняющейся социально- экономической среде, рационально организующего самостоятельную деятельность. Для того чтобы выполнить поставленную задачу нужно постоянно совершенствовать учебные программы, искать способы повышения мотивации обучаемых и пути превращения обязательного и в интересное и увлекательное путешествие в мир родного языка и культуры. Поэтому остается актуальным вопрос о том, какая методика поможет нам в формировании специалиста, который был бы не хуже знаком с практикой, чем с теорией. Практика показывает, что интерес к предмету возрастает тогда, когда он значим, когда студенты четко представляют себе перспективы использования полученных знаний, когда целью обучения становятся полезные навыки и умения, которые в будущем будут особо ценны и,следовательно, повысят личную конкурентоспособность и шансы на успех в бизнесе, науке или любой другой деятельности. А анализ востребованных на рынке труда профессий в разнообразных сферах экономики, маркетинга, информационных технологий убеждает в том, что сегодня все более необходимыми становятся специалисты, обладающие не только сугубо специальными знаниями и умениями, но и широким кругозором, нестандартно мыслящие, способные генерировать новые идеи иумеющие эффективно доносить их до окружающих.Поэтому вполне логично на занятиях по дисциплине "Русский язык и культура речи" уделить должное внимание развитию творческих способностей, а также развитие навыков работы с большими объемами информации. Автор статьи хотелбы поделиться одним из способов "пробуждения" творческого потенциала студентов, применяемого им при проведении практических занятий с текстовым материалом, который является главным источником развития речи. Что касается занятий по русскому языку со студентами, то работа с текстом на уроках русского языка позволяет развивать творческий потенциал студентов, пополнять их словарный запас, улучшать качество речи. Текст - это основа создания на уроках русского языка развивающей речевой среды. Использование текста при изучении русского языка обеспечивает решение таких важных проблем образования, как приобщение студентов к духовному богатству и красоте родного языка, воспитание бережного и вдумчивого отношения к слову. Также под текстом подразумевается объединенная смысловой свя-

зью последовательность высказываний, представленная любым способом, основными свойствами, которой являются самостоятельность, цельность, связность и целенаправленность. Учебный текст может быть коротким, длинным, простым, сложным, конечным,бесконечным, однородным, комплексным, древним, современным, интерактивным и др. в зависимости от вида работ, ее цели, когнитивных возможностей студентов и т.д. Например,при знакомстве с разнообразными стилями русского литературного языка студентам предлагается написать небольшой текст в художественном стиле речи. Подчас подобное предложение у многих вызывает недоумение, а иногда и неприятие, однако предложенная поэтапная подготовка к выполнению задания сначала заинтересовывает, а затем и увлекает всю аудиторию. Сначала совместно выбирается тема будущего сочинения из предложенных конкретных и отвлеченных наименований, например: путешествие, профессия, радость, и др. Затем каждый подбирает ассоциативный ряд квыбранному слову. Причем каждый участник может прочитать написанное вслух, адругие позаимствовать понравившиеся им ассоциации. Таким образом, развиваются инавыки работы в "команде", формируются умения слышать и воспринимать другогоучастника коллективного действия, что также весьма часто подчеркивается работодателямипри приеме специалистов на работу.

Далее к составленному ассоциативному ряду каждый подбирает яркие, красочные эпитеты. Аудитория оценивает предложенные материалы, отмечая наиболее нестандартные, образные определения, которыми может воспользоваться любой в своей итоговой авторской работе. Заметим, что попутно на таком занятии проводится мысль о возможности и необходимости взаимодействия и взаимообучения.

Следующий этап подготовительной работы может быть обозначен как "Учимся у мастеров слова". Преподаватель зачитывает студентам подготовленные заранее отрывки из произведений известных писателей, поэтов, публицистов, журналистов на сходную тематику. Услышанные фрагменты оцениваются учащимися, анализируются их тематика и проблематика, отмечаются наиболее яркие средства художественной выразительности. Идеи и образы, отдельные фразы и емкие определения могут быть впоследствии использованы в самостоятельной работе. Для высвобождения и раскрепощения творческой фантазии студентов предлагаетсяв качестве заключительного этапа подготовки к написанию будущей творческой работы разнообразный иллюстративный материал. Это иллюстрации картин известных художников, высокохудожественные фотографии, а также подобранные заранее компьютерные изобразительные материалы. Самые запомнившиеся картины, образы предлагается описать в будущей работе.

Этапы подготовительной работы закончены. У студентов возникло ощущение"погружения" в выбранную тему. В тетрадях записан необходимый словарный материал, который займет место в сочинении, создан необходимый настрой для работы, и результаты превосходят все ожидания: необыкновенные творческие миниатюры пишут даже те, кто до начала работы признавался в том, что в школе терпеть не мог писать сочинения. А лучшие работы, подготовленные на подобных занятиях по "Русскому языкуи культуре речи", можно опубликовать в студенческой газете. Опубликованные статьи в газете, становятся известны всему коллективу вуза. Также наиболее результативными, на мой взгляд, являются следующие формы и методы организации работы с текстом: комплексный и лингвостилистический анализы текста,

Вот примерный план анализа текста любого типа речи:

1.Выразительное чтение текста.
2.Словарная работа.
3.Тема текста.
4.Идея текста.
5.Тип текста.
6.Стиль текста.
7. Выразительные средства речи и их роль.

Приведу пример работы с текстом на уроке русского языка. Изучая тему"Сложные предложения".- Студенты работают с предложенным текстом (текст спроецирован на экран и у каждого студента лежит на столе):

Прослушав текст, студенты отвечают на вопросы:

- Действительно ли это текст? Докажите.
- К какому стилю и типу речи принадлежит данный текст?
- Какую картину вы представляли, когда читали этот текст?
- Какие художественные средства использует автор?

Затем студенты выполняют следующие задания:

1. Расставить в тексте знаки препинания.
2. Найти в нём все сложные предложения, выписать их, определив вид предложения.
3. Озаглавить текст?

После этого демонстрируются слайды. Задаю вопрос: Могли бы эти картины стать своеобразной иллюстрацией к нашему тексту?"

В заключение я предлагаю студентам побыть в роли творцов слова: опираясь на текст, с которым они только что работали, студенты сами сочиняют небольшой текст, используя сложные предложения. Данную работу они могут выполнять под музыку. Такая работа не только развивает навыки анализа предложенного текста, создания собственного текста, но и воспитывает.Поэтому целесообразно широко использовать работу с текстом на протяжении всего курса и отрабатывать навыки рационального чтения учебных, научно-популярных, публицистических текстов, формируя на этой основе общеучебные умения работы с книгой, обучать анализу текста, обращая внимание на эстетическую функцию языка; учить письменному пересказу, интерпретации и созданию текстов различных стилей и жанров. Поэтому очень важно проводить многоаспектный анализ текста:

- композиционно-содержательный (определение темы, главной мысли текста, выделение микротем и т. д.);
- стилистический (обоснование принадлежности текста к определенному стилю речи, выделение характерных для стиля языковых средств и стилистических приемов);
- типологический (выделение в тексте ведущего типа речи, указание на сочетание в тексте различных типовых фрагментов);
- лингвистический анализ отдельных элементов текста (фонетический, орфоэпический, словообразовательный, лексический, морфологический разбор указанных слов, синтаксический анализ словосочетаний и предложений);
- анализ правописания отдельных слов и пунктуации предложений (орфографический и пунктуационный разбор).

В заключении можно сделать вывод ,что работа с текстом даёт возможность обеспечить на уроке органическую взаимосвязь изучения нового материала и повторения, создавая условия для реализации внутрипредметных и межпредметных связей.

Безусловно, это лишь один из приемов, способствующих развитию творческихспособностей, однако он способен помочь студентам не только совершенствовать навыкиписьменной речи, но, как нам кажется, работает и на перспективу, формируя у будущегомолодого специалиста творческую индивидуальность, готовность к саморазвитию, открытость к инновациям. А это, несомненно, является важными составляющими будущей профессиональной деятельности, карьерного роста профессионалов.

Литература

1. Дружинин В.Н. Психология общих способностей. - СПб.: Питер Ком, 1999.

2. Чевтаева И.Б., Шампур.Формирование коммуникативной компетенции студентов.-Волгоград, Учитель, 2011.

3.Образцов П.И. Профессионально-ориентированное обучение русскому языку на неязыковых факультетах вузов: Учеб.пособие / П.И.Образцов, О.Ю. Иванова / Под ред. П.И. Образцова. - Орел: ОГУ, 2005.

4. Бабанский Ю.К. Избранные педагогические труды) Сост. М.Ю. Бабанский-М.: Педагогика, 1989.

5. Вергасов В.М. Активизация познавательной деятельности студентов в высшей школе : 2-е изд., доп. И перераб) В.М.Вергасов - Киев, 1985.

К.К.Сураналиева,
Ж.Баласагын атындагы КУУ

ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВДУН БИОГРАФИЯСЫН ТАРЫХЫЙ ОКУЯЛАР МЕНЕН БАЙЛАНЫШТЫРЫП ОКУТУУ

Жылдар	Тарыхый окуялар	Т.Сатылгановдун өмүрүндөгү урунттуу окуялар
1864	Падышалык Орусиянын Суусамыр, Кетмен-Төбөнү толук каратып алышы	Акындын туулушу
1882	Орус империясынын колониялык саясатынын күчөшү	Сопу бийдин ашында Арзымат менен айтышуу
1897	Кетмен-Төбөдө болуш шайлоо, «Бир ата» (Рыскулбектин балдары) менен «Жети атанын» талашы», Бактыярдын болуштукка көрсөтүлүшү	Токтогулдун «Жети ата» тарапта болушу
1898, 11-июнь	Анжиян көтөрүлүшүнүн басылышы	Кетмен-Төбөдө Токтогулдун кармалышы
1898, 3-август	Анжиян көтөрүлүшүнүн катышуучуларын жазалоо	Наманган сотунун Токтогулду өлүм жазасына тартууга (дарга асууга) буйрук чыгаруусу
1898	Орусиянын оторчулук саясатына каршы нараазылыктардын күчөшү	Москва түрмөсүнө чейинки жол жана алты айдай түрмөдө жатышы
1899, 13-июль – 1900, 17-март	1899-жылы 7-мартта Каракол шаарына М.В.Пржевальскийдин ысымы берилген	Тобольск түрмөсүнө камалышы
1900, 17-март – 1901, июнь	Орус демократтарынын таасиринин кыргыздарга тие башташы	Тюмен түрмөсүндө жаза өтөөсү
1901, июнь	Оторчулуктун дагы да катуу таасири	Иркутскинин «Александр централ» түрмөсү
1910 (дагы башка варианты бар)	Кыргыз жериндеги чоң жер титирөөнүн катталышы	Акындын Сибирден качып келиши
1910	Ж.Бөкөнбаев туулган	Наманган түрмөсүндө төрт ай камалышы, элдин аны бошотуп алышы
1928	Түштүк Кыргызстандагы жер-суу реформасынын башталышы, Кыргыз АССРинин БАКтын төрагасы А.Орозбеков, Эл комиссарлар советинин төрагасы Ж.Абдырахманов, Араб арибинин ордуна латын арибине өтө баштоо, Ч.Айтматовдун туулушу	музыка таануучу А.В.Затаевич менен жолугушуу
1933, 17-февраль	Кыргыздардын отурукташуусунун жүрүшү, бир жыл мурда башталган ачарчылыктын жүрүшү	Акындын каза болушу

60 - 80-жылдарда Т.Сатылгановдун өмүрүн жана чыгармаларын окутуу боюнча бир катар мугалимдердин тажрыйбалары жыйынтыкталып жазылып, **методикалык багыттагы эмгектер** жарык көрөт.

З.Усубалиев "Адабиятты окутуунун айрым маселелери" деген жыйнакта Т.Сатылгановдун өмүр жана чыгармачылыгын окутуу боюнча методикалык сунуштарын ортого салат: алар көркүү окуу; өмүр баянды түшүндүрүүнүн мугалим үчүн планы, "Беш каман" деген чыгарманы окутуудагы сөздүк жумуштары. Методист акындын санат, насыят, үлгү ырларын мектептик талдоонун технологияларын көрсөтөт, анын эмгегинин өзгөчө маңызы жана азыркы мугалимдерге да керектүү жагы - акындын ырларын тилдик жактан талдоого көңүл бургандыгы эле.

Т.Сатылгановдун чыгармаларын кыргыз орто мектептеринде окутуу боюнча 1965-жылы Кетмен-Төбө районунун мугалими А.Боркееванын тажрыйбасы жыйынтыкталып, ал "Мугалимдер газетасында" жарык көрөт. Дагы бир Талас районунун мугалими Б.Исаковдун иш-тажрыйбалары 1968-жылы жарыяланат. К.Жунусовдун, З.Усубалиевдин, Б.Маленовдун, К.Момбековдун, Б.Исаковдун, К.Самсалиевдин, К.Турузбаевдин, К.Саралаеванын ж.б. методисттердин жана мугалимдердин жарыялаган эмгектери да Т.Сатылгановдун чыгармаларын орто мектепте окутуу проблемаларына арналган. Бул орунда өзгөчө акындын өмүрүн жаны чыгармаларын окутуу боюнча кандидаттык диссертациянын корголгондугун белгилөөгө тийишпиз. Ал эмгекте акындын өмүр баяны анын чыгармачылыгы менен бирдикте окутуу, автордун жеке инсандык сапаттарынын чыгармаларга сиңирилгендигин ачып берүү, ыр-поэмалардын идеясын таптык-партиялык позициядан туруп талдоо, чыгармалардын мазмунун түшүндүрүү, акындын ырларынын тилин үйрөнүү, бул же тигил чыгарманы окутууда окуучуларга коюлуучу суроолордун варианттарын көрсөтүүсү ишке ашырылган.

Токтогул Сатылгановдун өмүр баянын жана чыгармачылык жолун топто иштөө жолу менен 8-класста өткөрүлгөн сабак-диспуттун жүрүшүн карап көрөлү.

Сабактын темасы: Токтогул Сатылгановдун өмүр баяны жана чыгармачылык жолу.

Сабактын максаты:

а) Билим берүүчүлүк жагы: Т.Сатылгановдун биографиясы жана чыгармачылыгы жөнүндө билимдерди жогорулатуу, акындын анын басып өткөн жолун үйрөнүү;

б) Тарбия берүүчүлүк жагы: Акындын өмүрүнүн татаалдыгын, көп жактуулугун, кыйынчылыктарын баалоо, окуучуларды мекенчилдикке, адамдык оң сапаттарга ээ болууга, көркөм табитин өстүрүүгө тарбиялоо, Токтогулдун кыргыз маданиятындагы ордун белгилөө.

в) Өнүктүрүүчүлүк жагы: Окуучулар Т.Сатылгановду биографиясы, чыгармачылыгы тууралуу тарыхый, адабий маалыматтар менен иштөөгө үйрөнүшөт, материалдарды анализдешет, салыштырышат, алардан белгилүү бир жыйынтык чыгарышат, өз көз карашын, пикирин айтышат, топто өз алдынча тапшырмаларды аткарууга бышат. Эне тилинин байлыктарын сактоого үйрөнөт.

Сабактын формасы: Сабак-диспут.

Сабактын методу: проблемалуу-изилдөө, суроо-жооп.

Сабактын тиби: компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу, билимдерди системалаштыруу сабагы.

Сабактын жабдылышы: слайд, фотолор, сүрөттөр, таяныч таблицалар, акындын чыгармалар жыйнактары, адабиятчылардын китептери, фильмдер.

Сабактын жүрүшү: а) Уюштуруу (окуучуларды сабакка даярдоо этабы, топторго бөлүштүрүү), Т.Сатылгановдун бир күүсүн угуу.

б) Үй тапшырма: акындын бир нече күүсүн угуу жана алардын маанисин чечмелөө.

Жаңы тема: Сабактын максаты менен тааныштыруу. Топтор "Маш ботой", "Кербез".

Т.Сатылгановдун өмүр жолу тууралуу мугалимдин кириш аңгемеси (окуу китептериндеги материалдарга таянуу менен).

Суроо: Токтогул Сатылганов тууралуу эмнелерди белесиңер? (Төмөнкү таблицадагы маалыматтарды чечмелөө).

Токтогул Сатылгановдун өмүрү жана чыгармачылыгын боюнча негизги маалыматтар.

2-тапшырма: Суроолор:

1. Т.Сатылгановдун эстелигин кайсыл жерден көрдүңөр, ал жерде акын кандай абалда турат?

2. Сибирге кимдер айдалган, эмне үчүн? (Бул суроого жооп берүүдө мындай маалыматтарды пайдаласак болот: 1878-жылы Молдо Калбек Сибирге сүргүнгө айдалган, 1895-жылы Курманжан датканын уулу жана эки небереси Токтогул жашаган Көйтүн деген айылда жашап туруп 1897-жылы мунапыс алып келген, 1898-жылга чейин 200дөн ашуун кыргыз Сибирге сүргүнгө айдалган).

3. Композитор дегенди кандай түшүнөсүңөр? Токтогул эмне үчүн улуу композитор деп аталат? (Бул суроого жооп берүүдө мындай маалыматтарды пайдаласак болот: ал "Ботой", "Кыз кербез", "Чоң кербез", "Мырза кербез", "Миң кыял", "Тогуз кайрык", "Ак куу" сыяктуу алтымыштан ашык айтым күүлөр менен залкар күүлөрдү жараткан, өзбекче, казакча, татарча, орусча окшоштуруп ырдаган, айрым элдик обон-күүлөрүн аткара билген, мондалин, дутар, комуз, балалайка, домура ж.б. музыкалык аспаптарда ойной билген).

4. Токтогул деген ат кимге коюлган, эмне үчүн балага ушул ат ыроолонгон?

3-тапшырма: О.Ибраимовдун төмөнкү пикиринин айланасында ой жүгүрткүлө: "Биз, кыргыздар, башка болсо да Токтогулду, анын өмүр таржымалын, чыгармачылыгын, татаал тагдырын жетишээрлик эле билебиз деп ойлоп келебиз. Чынында эле мектептен, ал гана эмес бала бакчадан баштап жогорку окуу жайларына чейин Токтогул тууралуу канча маалыматтар окулат, аты аталат, ырлары жатталат, күүлөрү менен санаттары угулат. А бирок дале болсо Токтогул тууралуу маалыматтарыбыздын бир топ тайкы экени, анын өмүрү тууралуу бир катар маанилүү фактыларды билбей жүргөнүбүз кийин билинди".

4-тапшырма: Акындын ырлары берилет. Силер ошол ырларын али окуй элек болсок да болжолдоп тематикасын, жаралуу мезгилин айтып көргүлө?



Акындын ырларынын аталыштары:

5-тапшырма: Бул ырлар менен акындын өмүр жолун байланыштыруу


6-тапшырма: Кетмен-Төбөнүн көрүнүшү акындын ырларында.

7-тапшырма: Слайд көрсөтүү менен сабакты жыйынтыктоо. Синквейн түзүү.

Үй тапшырма: "Токтогул - өлбөс акын", "Эркиндин жана Токтогул", "Улуу устат", "Токтогул - ойчул акын" ж.б. темаларда эссе жазып келүү.

Окуучулардын билимдерин баалоо: ар бир окуучуну анализдөө менен, алардын ийгилик-кемчилдиктери көрсөтүлөт.

Сабактын аягында Тургунбай Садыковдун "Затаевич Токтогулду угууда" (1962), "Токтогулдун апасы менен кездешүүсү" (1965) деген эки картинасы көрсөтүлөт жана алар талдоого алынат.



Адабияттар

1. Ибраимов О. Биз билбеген Токтогул [Текст] / О.Ибраимов // Азаттык, 2012, 25-май

2. Усубалиев З. Адабиятты окутуунун айрым маселелери [Текст] / З.Усубалиев, А.Садабаев. - Ф.: 1963. - 61 б.

3. Сабактын темасы - Токтогул [Текст] // Мугалимдер газетасы, 1965, 23-март

4. Исаков Б. Т.Сатылгановдун "Кандай аял тууду экен Лениндей уулду" чыгармасын окутуу [Текст] / Б.Исаков // китепте: Кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин иш-тажрыйбасынан. - Ф.: Мектеп, 1968. - 57 - 62-бб.

5. Жунусов К. Токтогул баскан жол менен [Текст] / К.Жунусов // Мугалимдер газетасы, 1971, 16-янв.

6. Усубалиев З. Токтогулдун "Кандай аял тууду экен Лениндей уулду" деген ырын окутуу [Текст] / З.Усубалиев // Эл агартуу, 1973, №2. - 13 - 17-бб.

7. Маленов Б. В.И.Лениндин образы элдик акындардын чыгармачылыгында [Текст] / Б.Маленов // Эл агартуу, 1975, №10. - 26 - 33-бб.

8. Момбеков К. Токтогул көсөмдү ырдайт [Текст] / К.Момбеков // Мугалимдер газетасы, 1980, 19-апр.

9. Исаков Б. Токтогулдун чыгармаларын окутуу [Текст] / Б.Исаков // Мугалимдер газетасы, 1981, 23-сент.

10. Самсалиев К. Токтогулдун "Эшен калпасын" окутуу [Текст] / К.Самсалиев // Мугалимдер газетасы, 1986, 19-дек.

11. Турузбаев К. Акындын ырларындагы В.И.Лениндин образын түшүндүрүү [Текст] / К.Турузбаев // Эл агартуу, 1987, №11. - 28 - 30-бб.

12. Саралаева К. "Кандай аял тууду экен Лениндей уулду" [Текст] / К.Саралаева // Эл агартуу, 1989, №8. - 17 - 18-бб.

13. Усубалиев З.У. Изучение жизни и творчества Токтогула Сатылганова в школе [Текст]: автореф. дис. канд. пед. наук: 13.00.01 / З.У.Усубалиев. - Ф.: КГУ, 1971.

М. Гөле,

Кыргыз-Түрк «Манас» университети

АВСТРИЯНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫ

Австрия жөнүндө кыскача маалымат

Австрия - Борбордук Европанын түштүгүндөгү деңиз менен чектелбеген тоолуу өлкө. Аянты 83855 км². 9 облустан турган федералдык жана демократиялык республика. Бул облустардын ар бири губернатор баш болгон бийлик тарабынан башкарылат. Төрөлүүлөр аз (демографиялык кризис), бирок калк узун өмүрлүү болгондугу үчүн өлкөдө улгайган адамдар көп жана жаштар аз (Pehlivan, 1991).

Экономикасы искусство, туризм жана дыйканчылыкка таянат. Калкы 8,17 миллион. Анын болжол менен 93% Австриялыктар түзөт (Avs. Konsolosluğu). 1995-жылы Европа Биримдигине мүчө болгон. Жылдык киреше 2008-жылы 42.220 Америка долларын түзгөн (Aslan, 2011). Расмий тили немис тили болуп саналат. Калкын басымдуу бөлүгүн Католик жана Протестан агымандагы християндар түзөт (Aslan, 2011).

Австриянын билим берүү системасына көз жүгүртүү

Австрияда билим берүү тармагында жасалган эң белгилүү реформа 1962-жылында болгон (Türkoğlu, 2005).

1999-жылы Европа Биримдигинин 29 өлкөсү тарабынан Италиядагы Болоня шаарында бардык Европа өлкөлөрүнүн билим берүү системасын бирдей кылуу максатында Болоня Деклорациясы кабыл алынган. Австриянын билим берүү системасы азыркы учурда да бул Болоня процесси боюнча жүрүп жатат.

Австрияда облустарга караштуу федералдык өкмөт бар. Башкаруу кызматы борбордук федералдык өкмөт жана облустар арасында бөлүнгөн. Бул жаатган алып караганда, Австрия борборлошуу (централизм) жана элеттешүүгө багытталган мамлекет болуп саналат (Memduhoğlu, 2008). Башкаруу облустар-

га караштуу болсо да, билим берүүнү башкаруу жана көзөмөлдөө борбордук өкмөткө көз каранды.

Билим берүү мекемелери федералдык, облустук жана аймактык даражада уюмдашкан. Мектепке чейинки билим берүү, башталгыч билим берүү, орто билим берүү мекемелерин башкаруу жана көзөмөлдөө иштери федералдык илим, билим жана маданият министрлиги (Federal Ministry of Education, Science and Culture), облустук билим берүү комитеттери (provincial school boards) жана райондук билим берүү комитеттери (district school boards) тарабынан жүргүзүлөт. Облустук башкармачылык милдеттүү билим берүү учурунда мамлекеттик мектептердин ремонтун, ондоолорун жана кандай иштеп жаткандыгын текшерип, контролдоп турат. Эң жогорку даражадагы көзөмөлдөө иши федералдык министрликке караштуу көзөмөлдөөчүлөр тарабынан аткарылат. Мындан сырткары, облустук билим берүү комитетине жана мектеп жайгашкан аймактык билим берүү комитетине караштуу көзөмөлдөө уюмдарында жоопту көзөмөлдөөчүлөр иштешет.

Австрияда билим берүү маселесине байланыштуу федералдык мыйзамдарды, башка мыйзамдардан айырмаланып, парламенттин көпчүлүгү, башкача айтканда, үчтөн эки бөлүгү кабыл ала алат же өзгөртө алат.

Мектептерде окутуу процессин пландоо, аны ишке ашыруу жана мектептерди башкаруу сыяктуу маселелерде окуучулар менен ата-энелердин да ой-пикири маанилүү. Мектеп комитетинин, же болбосо, мектеп форумунун үчтөн эки добушуна ээ болуу менен мектептерде окутуу программаларына байланыштуу өзгөртүүлөрдү жасоо, башка инспектор шайлоо жана жумалык сабак тизмегин (расписаниени) түзүү укугуна ээ болушкан (Memduhoğlu, 2008).

Австрияда билим берүүнүн жалпы максаттарын, же болбосо, ар бир тепкичтин кошумча максаттарын түзүүдө алгач диний жана адеп-ахлактык баалуулуктарга көңүл бурулат. Негизги максат - билим берүү менен окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүн жана таланттарын диний, адеп-ахлактык жана коомдук баалуулуктарга шайкеш түрдө өнүктүрүү, дүйнөлүк баалуулуктарды өздөштүрүү жана аларга туура, жакшы, кооз нерселерди жактырууну үйрөтүү болуп саналат.

Австриянын билим берүү системасында белгилүү бир тармакта адистерди эмес, илимий чөйрөдө көп тараптуу дүйнөлүк интелектуалдарды даярдоого көңүл бурулат. Бул өлкөдөгү билим берүү системасынын негизги принциптеринин бири - жеңилдетүү жана жардам берүү принциби. Бул принцип коом ичинде да жашоо философиясы катары кабыл алынган. Австрия жараны катары, окуучуга, мугалимге же академиялык ишкерге жардам менен кайрылганда алар жардам сураган адамга жардам берүүдө, анын маселесин чечүүдө, анын иштерин жеңилдетүүдө жана тездетүүдө өздөрүн жоопту сезишет (Memduhoğlu, 2008).

Австрияда башталгыч жана орто мектептеридин болжол менен 11 %ы жеке менчик мектептер. Жеке менчик мектептер негизинен чиркөөнүн, диний жамаатын жана диний топтордун көзөмөлдөөсү алдында ачылат. Мындай мектептердин мугалимдери негизинен Католик чиркөөсүндө билим алышат. Тандалган/элиталык билим берүү түшүнүгүнө багытталган бул мектептер мамлекеттик мектептерден катуу дисциплинасы менен айырмаланат (Memduhoğlu, 2008).

Динге байланыштуу сабактардын башка сабактар менен болгон катышы 7,6 % (Okçu, 2009).

Түп-тамырлуу билим берүү системасына ээ болгон Австрияда 1365-жылы Вена университети ачылган. Бул университет 16 жолу Нобел сыйлыгына татыктуу болгон (Pehlivan, 1991).

Австриянын билим берүү системасы

Австрияда төрт жашка келген ар бир бала мектепке чейинки билим берүү мекемелерине бара алат. Бирок, мектепке чейинки билим берүү мектеп системасынын бир бөлүгү болбогондугу үчүн мындай мекемеге ата-эне баласын өз каалоосу менен берет. Австрияда милдеттүү билим берүү же 4+4+1 же 4+5 түрүндө болуп тогуз жыл сүрөт (Memduhoğlu, 2008). Жеке менчик же мамлекеттик мектепке баруу окуучунун каалоосуна жараша болот. Бирок, жеке менчик мектептердин саны аз. Мамлекеттик мектептерде акысыз билим берилет. Бул мамлекетте ата-энелер менен окуучулардын каалоолору жана муктаждыктары эске алынып, мектептерде окуучуларга түрдүү окутуу жолдору сунуш кылынат (IBW, 2008). Билим берүү (окутуу) тили - немис тили.

Башталгыч мектеп

Австрияда ар бир баланын билим алуусу төрт жылдык башталгыч мектепте башталат. Башталгыч мектептерде экинчи жылга калуу жок. Класстын же мектептин парламентинин чечими менен ар жарым жылдыктын ортосунда же жыл аягында баа менен баалоо менен бирге оозеки түрдө да баалоо да киргизилиши мүмкүн. Өзгөчө айырмаланган кээ бир окуучулар ата-энелеринин ыраазычылыгы менен бир класс жогорулатылышы же төмөндөтүлүшү мүмкүн (Memduhoğlu, 2008).

Милдеттүү билим алуу жашына жеткен, бирок мектепке баруу үчүн даяр боло элек (мис, кол булчуңу өрчүй элек) окуучулар үчүн даярдоо класстары бар. Башталгыч мектептер - окуучуларды коомдук, эмоционалдык, илимий жана физикалык жөндөмдүүлүктөргө жана таланттарга шыктандыруу максатында кеңири жалпы билим берүүгө багытталган мекемелер болуп саналат (IBW, 2008). Атайын окутууга муктаж болгон балдар муктаждыктарына жараша жеке менчик мектептерде да, башталгыч мектептеги интерактивдүү түрдө окутулган класстарда да окуй алышат.

Орто мектеп - I даража


Башталгыч мектептерди бүтүргөн окуучулар ар бири төрт жылдык билим берген эки мектептен бирин тандашат. Алар: орто мектеп жана жалпы билим берген лицейдин алдынкы тепкичи. Жеке менчик мектептерде окуганды каалаган окуучулар жеке менчик мектептерде бешинчи, алтынчы, жетинчи жана сегизинчи класстарда окуусун уланта алышат. Орто мектептерде окуган окуучулар орто мектептин II даражасына өтүүгө мүмкүнчүлүк жана кесиптик жашоого даярдаган жалпы негизги билим алышат. Жалпы билим берүүчү лицейлердин алдынкы тепкичи болуп саналган мектептерде көп жактуу, терең билим берилет. Менчик мектептердин бешинчи жана алтынчы класстарындагы окутуу программасы менен орто мектеп жана жалпы билим берген лицейлердин алдынкы тепкичинин окутуу программалары бирдей. Жетинчи класстан баштап жалпы билим берген лицей түрдүү оордуктагы үч окууга бөлүнө баштайт: Латын тилине басым жасалган классикалык лицей, математика жана геометрияга басым жасалган лицей жана экономикага басым жасалган лицей (IBW, 2008).

Австрияда "polytechnique" деп аталган орто мектептердин алгачкы жылдарындагы байкоо стадиясы бир жыл сүрөт (Türkoğlu, 2005).

Австрияда мектептешүү пайызы төмөндөгүдөй: мектепке чейинки билим берүү мекемелери 90,5%, башталгыч билим берүү мекемелери 100 % жана орто билим берүү мекемелери 88,77%ды түзөт (Memduhoğlu, 2008).

Орто мектеп - II даража

Милдеттүү билим берүүнүн акыркы жылы орто мектептин II даражасынын биринчи жылына туура келет. Андан кийин мектеп системасынын түрдүү багыттарда бөлүнгөндүгү байкалат. Окуучулар кесиптик же жалпы билим берүүчү мекемелерден биринде окуусун уланта алышат. Кесиптик билим берүүчү мекемелер төмөндөгүдөй бөлүнөт: шакирттик билимге багытталган кесиптик мектептер (dual sistem), кесиптик билим берүүчү орто даражадагы мектептер жана кесиптик билим берүүчү лицейлер. Жалпы билим берүүчү лицейдин жогорку тепкичинде жалпы билим берилүүдө. Болжол менен 80% окуучу орто мектеп I даражадан кийин кесиптик карьерасын баштайт (IBW, 2008).



Онунчу класста окуган окуучулардын мектеп тандоосунун катышы (2005/2006)


Кесиптик билим берүү

Эгерде орто мектептин I даражасын бүтүргөн окуучу шакирттик билимге багытталган кесиптик билим берүүчү мекемеде өз окуусун улантуунү чечсе, алгач милдеттүү билим берүүнүн тогузунчу жылын бүтүрүүсү шарт. Негизинен мындай бир жылдык билимди кесипке даярдоочу политехникалык мектептерде алса болот. Мындай мекемелерде окуучулар сабак өтүшөт, ишканаларга барышат жана кесиптик практиканы камтыган түрдүү практикаларды өтүшөт. Ушулардын негизинде окуучуларды келечекте кесип тандоого даярдашат. Алардын мындан кийинки окуусу шакирттик ишканада (билим берүүнүн 80%ы практика) жана кесиптик билим берүүчү мекемеде уланат. Кесиптик мектептин негизги милдети - жалпы билимди терендетүү жана адистик билимин шакирттик ишканада толуктоо болуп саналат. Шакирттик билим берүү тармагына байланыштуу эки жана төрт жыл сүрөт. Көбүнесе, үч жылга созулат. Окуу аяктаган соң, ар бир шакирт шакирттик сынакка кирүүгө милдеттүү. Атайын билимге муктаж болгон жаштар мүмкүнчүлүгү чектелгендер үчүн атайын кесиптик билим берүү мекемелеринде билим алышса болот. Шакирттик билим берүүнүн 1-2 жылга созулушунун негизги себеби - бул убакыт ичинде жаштар өздөрүнүн жеке муктаждыктарынын түшүнүп жетишүүсүндө. Орто мектеп II даражада кесиптик билим берүүнүн дагы бир түрү кесиптик билим берүүчү орто даражалуу мектеп болуп саналат. Бул окутуунун негизги максаты - окуучуларга белгилүү бир кесип боюнча иштей алуусун камсыз кылган негизги адистик билимди берүү. Мындан сырткары жалпы билимди терендетүү да алдыга коюлган максаттардын бири (IBW, 2008). Кесиптик билим берүүчү орто мектептер (BMS мектептери) негизинен 3-4 жылга созулат, бирок 1-2 жылдык түрлөрү да бар. Жалпы медициналык мектептерине өтүүнүн атайын шарттары бар. Негизги шарты мектепте онунчу классты ийгиликтүү аяктоо болуп саналат. Бул окуу жайында да шакирттик билим берилет. Башкача айтканда, ооруканаларда практикадан өтүлөт, ал эми окуу жайында теориялык билим берилет. 1997-жылдан бери шакирттик билим берүү мекемесин, 3 же 4 жылдык BMS мектептерин же жалпы медицина мектептерин бүтүргөндөр кесиптик сынакка кирүү укугуна ээ болушат. Бул сынак төрт бөлүктөн турат (немисче, математика, актуалдуу чет тили жана кесиптик билимдер боюнча) жана жогорку окуу жайына өтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Жогорку окуу жайына өтүүнүн башка жолу - университетте окууга мүмкүнчүлүк берген сынакка катышуу. Бирок, бул сынак жалгыз гана бир тармак боюнча билим берүүгө багытталган. Орто мектептен кийин жана жогорку окуу жайына өтүүнүн дагы бир шарты - бир кошумча программаны бүтүрүү болуп саналат. Кээ бир окуучулар академиялык билим алуу үчүн даярдоо курсун окушат. Кошумча программаларды бүтүргөн соң кесиптик же жетилгендик сынагына киришет. Шакирттик билим берүү жана BMS мектептеринде кесиптик билим менен бирге окуучулардын орто мектеп I даражадан кийинки түрдүү тармактарда (мис, туризм, инженерия,электротехника ж.б.) жогорку билим жана жалпы билим берилет (IBW, 2008). BHS мектептери 5 жылга созулуп, окуунун аягында жетишкендик диплому берилет. Бул диплом окуучулардын кесип ээси болгондугунун белгилейт жана жогорку окуу жайына өтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Жалпы билим берүү

Жалпы билим берүүчү лицейлердин жогорку тепкичинде жалпы билим берилет. Бул мектептер негизинен университеттерге даярдайт. Төрт жылга созулуп, окуу бүткөн соң жетишкендик сынагы болот. Бул мектептерди бүтүргөн окуучулар университетке тапшырууга укуктуу болушат. Башталгыч жана орто мектептерди ийгиликтүү аяктоо менен кесиптик-жетишкендик сынагынын же университетке кирүү сынагын уюштуруунун негизинде окуучуларды жогорку окуу даражасына даярдайт.

Коомдук жана ден-соолукту чыңдоо тармактарында кызмат өтөөгө багытталган академиялык окуулар кийинчерээк кесиптик мектепте окууну каалаган башталгыч мектепти бүтүргөндөр үчүн колледждерге жана милдеттүү билим берүү мекемелерине мугалим даярдаган жогорку окуу жайларында окууну сунуштайт. Ушуну менен бирге жогорку окуу жай даражасындагы кесиптик жогорку мектептер жана университеттер да бар. Жаңы жогорку билим берүү мыйзамы боюн-



Австрияның билим берүү системасынын түзүлүшү (IBW, 2008)

ча жогоруда айтылган жогорку даражадагы мектептердин экөөндө тең 3 жылдык бакалавр даражасы жана андан кийин 2 жылдык магистратура окутулат. Магистратураны бүтүргөн студенттер университеттерде докторантура окууга укуктуу болушат. Университеттерде да, кесиптик орто мектептерде да университет сапатындагы программалар жана университет программалары сунушталууда. Бул окууларга кирүү үчүн жалпы жогорку мектеп жетишкендиги же бир нече жыл бою кесиптик тажрыйбасы болушу шарт. Шакирттик билим берүү мекемесинин бүтүрүү сынагын ийгиликтүү тапшыргандар 18 жашка толгондон кийин жана кесиптик мектептин бүтүрүүчүлөрү устачылык мекемелеринде теориялык кесиптик билимдерин тереңдете алышат. Бул окуулар да 1 же 2 жылга созулуп, аягында бүтүрүү сынагы болот (IBW, 2008).

Университеттик билим берүү

Австрияда жалпысынан 22 илимий жана 6 искусство университети бар. Жеке менчик университеттер жок. Мамлекеттик университеттерде окуу акысыз. Сынактын негизинде студенттер кабыл алынат. Тандалган адистик боюнча даярдоо курсун окуу талап кылынышы мүмкүн (Memduhoğlu, 2008).

Австриянын билим берүү системасында мындай тандоо чектөөлөрү же тармактан сыртқары тандоолорго байланыштуу чектөөлөр жок.

Академиялык ишкерлер изилдөө жана окутууда чоң күчкө жана эркиндикке ээ. Окутуу программаларынын мазмуну жана методу окутуу кызматкерлери, ассистанттар жана студенттик топтор тарабынан белгиленет.

Австриядагы университеттер Гамбольт (Humboldt) философиясынын негизинде билим берет. Европанын жогорку окуу жайларынын көркүн ачкан жана бул философиянын негизин түзгөн Берлин университетинин негиздөөчүсү белгилүү илимпоз жана философ Вильем вон Гамбольттун үч принциби бар: Билим берүү жана изилдөөнүн биримдиги, окуу жана окутуу эркиндигин өз ичине камтыган академиялык эркиндик жана көп тараптуу дүйнөлүк интеллектуалдарды даярдоо. Мына ошондуктан, илимий изилдөө иштерине, академиялык эркиндикке жана (бир тармакта жогору даражадагы адисти даярдоонун ордуна) көп тараптуу дүйнөлүк интеллектуалдарды даярдоого көңүл бурулат.

Университетте окуп жаткан студенттер адистик тармакка киришүүдөн мурун табигый, коомдук жана философиялык илимдер тармагы боюнча да жалпы билим алышат.

Үзгүлтүксүз билим берүү же Өмүр бою окуу

Алгачкы кесиптик билим, орто мектеп жогорку тепкич, орто мектеп же лицейди, андан кийин жогорку даражадагы окууну бүтүргөндөн соң жаңы окуу процесси башталса - бул үзгүлтүксүз билим берүү же өмүр бою окуу болуп саналат. Көбүнесе, мындай окуу программаларында окугандардын жаш курагы 20дан жогору. Австриянын үзгүлтүксүз билим берүү системасынын түзүлүшүнүн символу - окуу жайларынын жогорку даражадагы уюмдашуусу (мектептер жана жогорку мектептер, коомдук партнерлордун билим берүү мекемелери, коомго жардамдашкан билим берүү мекемелери, жеке сунуштоочулар ж.б.) жана булардын негизинде пайда болгон сунуштар (IBW, 2008).

Сунуштар

Билим берүү системасына байланыштуу жоопкерчиликтер жергиликтүү башкармачылыктарга бөлүнүшү керек. Мына ушундай чечим менен бор-бордук башкармачылыктын кызматы жеңилдейт жана жергиликтүү калктын муктаждыктары эске алынат.

Шакирттик билим берүүнү жалпы билим берүү системасына киргизүү менен бул окуунун маанилүүлүгү жогорулайт. Бул - орто адистик кесип ээлерине муктаж болгон өлкөлөрдүн олуттуу маселеси. Университеттик билим иш табуу үчүн жетишсиз болуп калды. Ошондуктан, окуучулар мектепти аяктоодо бир кесип ээси болуусу керек. Бул маселе боюнча Германиянын билим берүү системасынан пайдалануу керек.

Билим берүү системасында деталдуу түрдө талкууланбаган жана тез-тез болуучу реформалардан алыс болуу керек. Жасалган өзгөрүүлөрдүн жыйынтыктары пайда болгонго чейин убакыт өтүүсү шарт. Билим берүү жаатында аткарылуучу өзгөрүүлөр парламенттин көпчүлүгү тарабынан кабыл алынышы абзел.

Окуу программасына өзгөртүүлөр киргизүүдө окуучулар менен ата-энелер да катышуусу керек.

Окуу программасында диний жана адеп-ахлактык баалуулуктарга көбүрөөк көңүл бурулушу керек. Себеби, коомдун ичиндеги биримдик - бул баалуулуктар.

Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын билим алуусуна тоскоол болгон көйгөйлөр жок кылынышы керек. Мындай адамдардын кесип ээси болуулары үчүн керектүү болгон иш-чаралар аткарылышы шарт.

Билим берүү системасындагы тирешүүнү жок кылуу үчүн мугалимдер контракт менен ишке алынышы керек жана алар жөндөмдүүлүктөрү менен аткарган ишине жараша бааланышы керек.

Адабияттар

1. Австрия элчилиги. Өлкө жөнүндө маалымат, http://www.avusturyakonsoloslugu.com/avusturya/, 09/11/2011, 03.30

2. Institut für Bildungsforschung der Wirtschaft (IBW - экономикалык илим изилдөө институту). (2008). http://www.bic.at/downloads/tr/brftipps/01bildungssystem_tr.pdf, 07.11.2011, 03.43

3. Aslan Pınar. (2011). Австрия өлкөсүнүн отчету, http://www.google.com.

4. Memduhoğlu Hasan Basri. (2008). Түркия жана Австрия билим берүү системаларын салыштыруу, Түрк педагогика журналы, серия 6,http://www.tebd.gazi.edu.tr/arsiv/2008cilt6/sayi 3/545-559.pdf, 07.11.2011, 03.55

5. Okçu Davut. (2009). Түркия билим берүү системасындагы диний баалуулуктарды окутуу маселеси. Макала. Аалам дашуу прцессиндеги педагогикалык маселелердин философиялык өлчөмү конгрессинин жыйынтыгындагы билдирүү, http://egitimbirsen.org.tr/dokuman/bildiriler.pdf#page=204, 15.11.2011, 02.22

6. Pehlivan Inayet. (1991). Австрия билим берүү системасы, макала, Анкара университети, педагогика журналыі, серия 24, № 2, http://dergiler.ankara.edu.tr/dergiler/40/505/6104.pdf, 07.11.2011, 05.10

7. Türkoğlu Adnan. (2005). Европа биримдиги прцессиндеги билим берүүгө таасир тийгизген факторлор. макала, улуттук педагогика журналы, № 166, http://dhgm.meb.gov.tr/yayimlar/dergiler/Milli_Egitim_Dergisi/167/index3-turkoglu.htm, 19.09.2013, 20.03

Н.Ж.Касымбекова,
И.К.Ахунбаев атындагы КММА

ОЮН ТЕХНОЛОГИЯСЫН КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫНДА КОЛДОНУУ

Ар бир окутуучу системалык түрдө өзүнүн теориялык билимин терендетип, методикалык адабияттарын жаңылап, жаңы технологияларды колдонууга аракет кылуусу керек.

Бул багытта "Окутуу процессинде оюндар активдештирүүнүн каражаты" аттуу жекече методикалык теманын үстүндө иш жүргүзүп келем. Аталган темаңы тандоомо кыргыз тили КММАда ЖОЖдордо билим берүү боюнча мамлекеттик стандарттын негизинде гана окутулган предметтердин катарына кирүүсү жана орус тилдүү студенттер менен иштөө, республикадагы мамлекеттик тилдин абалы жана ага жараша студент-атуулдардын мамилеси себеп болду.

Көптөгөн окутуу технологияларын карап чыгып, оюн технологиясына токтолгонумдун себеби, алар сабактардагы таанып-билүү активдүүлүгүн жогорулатууга көмөктөшөт.

Максатым - окутуу процессинде оюн технологияларын пайдалануу боюнча тажрыйбаларды топтоо жана ыкманын эффективдүүлүгүн көрсөтүү.

Милдетим-1.Аталган тема боюнча илимий- методикалык адабияттарды изилдөө;

2. Оюн технологиясын классификациялоо боюнча ар түрдүү көз караштарды иликтөө;

3. Жеке практикалык ишмердүүлүгүмдөгү тахрыйбаларга таянып, оюндарды орундуу пайдалануу боюнча сунуштарды формулировкалоо;

4. Кыргыз тилин үйрөнүүдө интерактивдүү дидактикалык оюндарды колдонгон студенттердин билимди өздөштүрүүсү боюнча салыштырма анализ жүргүзүү.

Коюлган милдеттерди ишке ашырууда анализ жана синтез, педагогикалык, психологиялык, методикалык адабияттарды жалпылаштыруу жана интерпретациялоо, методикалык окуу куралдарын анализдөө, педагогикалык эксперимент, анкеттөө, аңгемелешүү, педагогикалык байкоо сыяктуу изилдөө ыкмалары пайдаланылды.

Оюн технологиясын сабакта орундуу пайдалануу окутуучудан көлөмдүү эмгекти талап кылат. Методикалык маалыматтарга таянсак, оюн пайдаланылган бир сабакка, болжол менен, 5-7 сааттык даярдык керектелет. Мында "традициялык ыкма менен эле сабак өтсө болбойбу?" деген суроо туулушу мүмкүн. Максат багыттуу, туура тандалган оюндардан келип чыккан жыйынтык кеткен "чыгымдарды " толугу менен компенсациялайт,-деп ойлойм.

Себеби, 1- ден, таланттуу психолог Л.С.Выготскийдин илимий аргументтерине караганда, оюн менен речтик ишмердүүлүктүн ортосунда өзгөчө байланыш бар. Адамга оюн тартуулаган оң эмоция речтик реакцияны активдештирет;

2 -ден, оюн коллективдүү мүнөзгө ээ болушу менен бөтөн тилдеги "жасалма тил" чөйрөсүнүн түзүлүшүн шарттайт;

3 -дөн, окуу материалына эрксиз көңүл бурууну пайда кылат;

4-дөн, студент окуу процессинин объектиси болбой, субъектисине айланат;

5 -ден, оюнду системалуу пайдалануу окутуучуну да чыгармачылыкка шыктандырат. Бул - шаблонго, трафаретке каршы күрөшүүнүн мыкты каражаты.

Белгилүү педагог В.А.Сухомлинский айткандай, "Бала - бул оюн аркылуу дүйнө таануучу жана изилдөөчү." Ал эми биз, улуу муундар (анын ичинде педагогдор) бул ишмердүүлүктү жөн эле механикалык эске тутуу, курулай жаттоо, жан кыйнаган эмгекке айландырбай, искусствого, кызыктуу, сырдуу процесске айландыруубуз керек.

Чындыгында ийгиликтүү тандалган оюндар топтомунда жакшы картина сыяктуу ашыкча да, кем да нерсе болбоого тийиш. Демек, оюндарды тийиштүү талаптарга жооп бергенде гана пайдалануу жол берилет:

1. Оюндар программалык талаптарга жооп берүүсү керек;

2. Тийиштүү дидактикалык материалга жана методикага негизделүүсүн талап кылат;

3. Көрсөтмө куралдардын кенири пайдаланылуусу зарыл.

Оюндарды классификациялоо:

Бул багытты талдоого алуудан мурун, бүгүнкү күндө философиялык, психологиялык, педагогикалык, методикалык адабияттарда бир багыттуу классификациялоо кездешпей тургандыгын айта кетели.

Мен алардын ичинен россиялык педагог, психологдор Н.П.Аникеева, М.Ф.Стронин, С.Л.Рубинштейндердин классификациясын өз практикамда пайдаланып келе жатам:

Фонетикалык оюндар

Тамгалар конокто

Кыргыз эли өзүнүн меймандостугу менен белгилүү. Келген коногун кучагын жая тосуп алып, мейманды төрүнө өткөрүп, мал союп, дасторконун кенен жайып сыйлашат. Ата -бабалардын салтын улап, "коноктору" сыйлайлы. Мисалы, конокко "О" тамгасы келген экен. Сыйлоонун шарты:белгилүү убакыттын ичинде ошол тамга менен башталган бир нече сөздөрдү табуу керек.

Мис.:ооз орок, орозо, Ороз,ой, оймок, оркестр, Оренбург, Олуя-Ата, оюн, ориентация, опера.

Лексикалык оюндар

Эрудит. Оюндун шарты: лексикалык мааниси боюнча түшүндүрмөгө ылайык сөздөрдү табуу (убакыт белгиленет). Мисалы:

Кан айлануу жолдорунун борбордук органы болгон булчуңдуу баштыкча. **жүрөк**

Адамдын баш терисинен чыккан калың, узун түк. **чач**

Сөз пирамидасы. Оюндун шарты: сөздөрдөн пирамида куруу керек. Негизги талап 1- сөз 1 тамгадан башталып, кийинки тепкичтерде тамганын саны иреттүү көбөйүү керек. Кесипке багыттоо максатында медициналык сөздөрдүн пирамидасын куруу талап кылынат.

Бекинген сөздөр. Оюндун шарты: бир нече сөз берилет. Ар бир сөздүн курамынан жаңы сөздү таап чыгуу керек. Мисалы тоок, тоо, ок, ток, бака, бак, ак, аба.

Кар томологу. Оюндун шарты: бир студент адамдын бир дене мүчөсүн айтат, экинчиси биринчини кайталап, өзүнүн вариантын кошот. Үчүнчүсү биринчи, экинчини кайталап, жаңы сөздү улайт.

Мисалы, 1- баш.

2-баш, кабырга.

3-баш, кабырга, кулак.

4- ... ...

Грамматикалык оюндар

Тапкычтар мөөнөтү

Оюндун шарты: каалаган студент сыртка чыгарылат. Калгандары аудиториядагы бир студентти белгилеп алат да, сырттагы адам келгенде, белгиленген студенттин жүрүш- турушу, мүнөзү, мамилеси жана башкалар тууралуу сын атоочтор аркылуу маалымат беришет. Сырттан келген студент ким жөнүндө сөз болуп жаткандыгын табуу керек.

Ою да бир, бою да бир.

Оюндун шарты: мында бир орундуу, көп орундуу сандар жөнүндө сөз болот. Сан канча орундуу болсо, ошончо тамгадан туруусу талап кылынат.

Мисалы, 10 -он

Бүркүттүн көзү курч,

Билимдүүнүн сөзү курч

Оюндун шарты: берилген сүйлөмдөрдөн белгиленген убакытта тактоочторду бөлүп көрсөтүү, тийиштүү синонимдер менен алмаштыруу, мүнөздөмө берүү.

1. Кылган ишин талдай билген адам катасын тез ондойт.

(тез, бат, дароо, бачым, шарт, шак)

2. Кары киши, картаң ат экөө жолдо **жай** баратты.

(акырын, жай-баракат, секин)

Досунду сүрөттө.

Оюндун шарты: группа жупташып иштейт. Бир нече секунда бири-бирин кунт коюп карап турат. Белги берилгенде, тескери карап туруп, бири-бирин сын атоочтордун жардамы менен сүрөттөйт.

Орфографиялык оюндар

Кемчонтойдун көчүрүп алгандарынан

Оюндун шарты: 1-баскыч:Тоголок Молдонун "Кемчонтой" поэмасындагы Кемчонтойдун образын түшүндүрүү максатында чыгармадан үзүндү айтып берүү;

2- баскыч: Кем акыл каармандын ар кайсы жерден көчүрүп алган медициналык тексттерин катадан арылтуу.

Баштоочу топтун студенттери үчүн сөздөрдүн жана сөз айкаштардын тизмеги сунушталат.

Чыгармачылык оюндар

Ким кызыктуу?

Оюндун шарты: Ар түрдүү кесиптеги адамдардын сүрөттөрү берилет. Сүрөттөгү адамдын жүзүнө, келбетине, кесибине жараша комедиялык текст түзүү.

Акроыр

Оюндун шарты:вертикалдуу жазылган сөздүн ар бир тамгасына ыр куроо.

Нур жүздүү кыз болсун деп апам, атам

Улуу күндүн урматына ат бериптир.

Рахат таап, адаштырбай ар бир кадам

Ийгиликке жетелесе деп тилептир.

Даңкы да, максаты да керек эмес,

Алсам экен батасын, белек эмес...

Билгичтер тергөө жүргүзөт. Медициналык тексттерден бир нече үзүндүлөр берилет. Оюндун катышуучусу кайсы оору жөнүндө сөз болуп жаткандыгын аныктоосу керек.

Жеке практикамда студенттердин окуу, таанып-билүү ишмердүүлүгүн стимулдаштырууда оюн технологиясынын эффективдүүлүгү бир нече ирет далилденди деп эсептейм.

Адабияттар

1. Выготский Х.С. Игра и ее роль впсихическом развитии ребенка // Вопросы психологии - 1966,№ 6.

2. Казанский О.А. Игра в самих себя. -М., 1995.

Ж.А.Осмонкулова,
КГЮА

KEEPING DISCIPLINE IN THE CLASSROOM

In the past, keeping discipline in the classroom was as important as teaching. Teachers were allowed to use corporal punishment, and some used it often. Of course, students didn't like it very much! British and American research done before 1960 shows that children don't like teachers who (among other things) are sarcastic and dominating, show favoritism, and students to keep discipline. However, that same research shows that teachers should not only be nice, patient, honest, and friendly but should also be able to keep order in class.

One of the main problems for every teacher, especially those starting their careers, is being able to keep peace and order in class. We all have heard of well-meaning new teachers who wanted to be very friendly with their students but encountered chaos when students paid no attention to them. When problems occurs, the teacher ends up wasting class time silencing students and calling for order, and sometimes doesn't realize what went wrong. Only afterward will that teacher realize he or she should have started by being strict with clearly defined rules and then later could have given students more independence.

For me and for my colleagues, discipline in the classroom is very important. We all know that there is no single ideal way to address the issue, so I decided to collect and summarize information on the subject. In this article, I will try to define discipline, then give some reasons why it is often difficult to keep *discipline*, and finally discuss some ideas for improving bad situation in class.

The word *discipline* is understood today to mean confirming to rules, to supervisors' orders, and to demands of the community or an institution. Even its derivations inseparably connected with education; it comes from the Latin word *discipulus*, which means student. Latin disciplina refers to the way treating students.

Many assumptions accepted by teachers, including those about discipline, have not been confirmed in the classroom. We can still hear from some teachers that students learn only when they are quite, silence being regarded as a sign of intensive learning. This is connected to another belief that the only one who can and should teach is the teacher. Problems with discipline in the classroom usually start from this type of belief by the

teacher. Teachers usually begin to have problems with discipline when they can't motivate students or keep their concentration and attention, or when they don't understand student's reasons for misbehaving.

For me, discipline in the classroom is based on mutual respect of rights and duties of the teacher and students so that the aims of the lesson can be attained. Discipline includes creating and keeping rules based on reciprocal understanding and tolerance and requires establishing limits that must not be transgressed. Where is the line between bad and good behavior? Probably there is no definition satisfactory to all.

Sometimes we hope that we give a thing a name, we will get some power over it. It is impossible to create a definition of discipline that would be both useful and acceptable to parents and others outside the classroom. Sometimes school behavior is too complicated to put it into a single definition.

Most contemporary educators and methodologists avoid definition of the word discipline because of its pejorative tone and frequent association with corporal punishment. In spite of the difficulty of finding a suitable definition, I hope that I have outlined enough of the topic to allow us to take a closer look at students' expectations about keeping order in the classroom.

What are the students' e::pectations about discipline? Even young children going to school for the first time have their own expectation of the institution of school and of the people working there. These expectations reflect the specific culture of the country. Also, teachers, even those with little classroom experience, have expectations of students and of themselves. Expectations and perceptions influence classroom interaction from the beginning. Research done amongst junior students led to the conclusion that they see the teacher in six dimensions, based on their expectations and perceptions at school. The dimensions are:

1. Keeps order vs. Can't keep order.

Children think that keeping discipline is a teacher's basic duty, more important than teaching. A teacher who is too soft arouses dislike, contempt, and disdain.

2. Teaches vs. Doesn't teach

To teach is to educate and give assignments, not to amuse with stories and jokes. According to young students, teaching consists of giving facts and other concrete data, not simply expressing opinions.

3. Explains difficult concepts vs. Doesn't explain well

For most students, it is the teacher who should make new and difficult material easier to understand. Incentives to do independent work can be perceived as not fulfilling a teacher's duty.

4. Interesting lessons vs. Boring lessons

This a very important dimension for children, although they can't always articulate what interesting teaching is. Generally speaking, and interesting and engaging lesson provides learners with new knowledge and has a consistent plan without any unnecessary interruptions.

5. Fair vs. Unfair

For some students, a fair teacher is one who isn't too strict. For others, however, fairness is more complex. For example, punishment may be considered fair only under certain conditions, such as after the teacher's warnings and threats have been disregarded. Blaming students who are not responsible for the problem is clearly unfair. Teachers can and should be strict and determined in punishing, but the punishment has to be viable; for example, the teacher can't demand complete silence during an entire lesson.

6. Friendly vs. Unfriendly

Inexperienced teachers may consider this dimension more important than students actually do. For some students, friendless of the teacher is optional, and other dimensions such as fairness, are important.

Whether it is due to students' expectations or a generation gap between students and teachers, students usually give themselves a rather passive role. They leave all the work of maintaining discipline to their teacher. For this reason, in the beginning, it is important for the teacher to be able to control the situation in class. Children expect the teacher to define the limits of behavior and then consistently enforce the rules, while allowing the students to make their own decision. This can make it difficult to introduce a democratic teaching style.

From my observation, it seems that often students themselves try to prevent a teacher from keeping order. Sometimes, in more or less conscious ways, students try to take over the lesson. It depends on the conscious ways; students try to take over the lesson. It depends on the character, knowledge, and experience of the teacher whether the teacher will control the class or the class control the teacher.

Students may try to control the teacher and the lesson for different reasons, some of which they themselves might not understand. They use a variety of games and strategies, which they might not be able to explain. The aim of many students is not really learning but getting the best marks at the least cost, or simply surviving, or staying unnoticed for as long as possible. These games and strategies, therefore, are not connected to learning. Students misbehavior for different purposes, one of which is to find out how much a teacher will allow or to test the teacher's limits. This tends to happen during the first few classes and can be beginning of a bigger discipline problem later. These games often consist of showing off in front of other students and include joking, making comments against the teacher or to contradict the teacher's orders, asking unnecessarily for the teacher's help, and forming alliances with like- minded classmates. Other examples are asking silly questions, misleading the teacher, asking for information that requires complicated explanations, pretending that the teacher isn't present, talking back, displaying insolence openly, laughing or making loud noises, and making rude or mocking gestures. Most experienced teachers realize that this type of disruptive behavior is usually temporary.

Other kinds of misbehavior are not temporary, and these I call strategies. For the purpose of this article, I will consider these strategies as methods to achieve some reaction in the teacher and/ or classmates, especially over a long period of time. A particularly strategy may not be chosen intentionally or consciously for a specific aim. Also, these strategies for controlling behavior or disrupting order may not be used consistently.

Research presents a combination of strategies with possible causes and responses, three of which are summarized in the chart on the next page. The first one, achieving learning goals, is not usually a discipline problem unless the teacher's response is mistaken.

The strategy that is most important for us is the strategy of rebellion because this one causes the biggest problems. It is used by students who want to disturb the teacher in an ostentatious way. The only solution for

rebellion is to be a difficult living situation at home, emotional problems, or the desire to be the center of attention. It is usually easier to draw someone's attention by behaving badly than by behaving properly, which can take more time and effort.

Rebellious students are often confused with good students who show their academic talents over their weaker groupmates in an equally ostentatious way. Rebellious students can easily be confused with overactive ones with a disposition for kinesthetic leaning./ So, the first step is to find out which students have real discipline problems. To avoid conflicts with rebellious students, teachers should avoid open tests of strength and alliances, praise them often for even small successes, emphasize their best qualities, and their abilities for the class. This could mean asking for their help in a way that will give them authority and meaning in the eyes of their groupmates, but not competition with the teacher.

What about the methods of keeping discipline I have successfully used three methods to maintain discipline: keeping students' attention, establishing clear rules, and, when necessary, explicitly addressing discipline problems. Keeping students engaged in the lesson is the basis for keeping order in then class. Here are several ways to do it: 1 .Provide a clear structure for the lesson. After greeting the students, begin by briefly starting an outline of the lesson. Separate parts of the lesson with expression such as we have finished our work on.... And now we can go on to ....Make clear conclusions. All of these steps can help focus learners' attention on the lesson. 2. Do many short activities instead of a few long ones. Short exercises that change the task and work required of the students can help their concentration. 3. Use an unpredictable order when calling on students. When learners know they are not going to have to answer, their minds wander. An element of uncertainty is necessary, to say the student's name after asking the question, not before. Avoid exercises with "chain" answering.

In conclusion I would like to say that in establishing clear rules students must feel their autonomy and take part in creating rules so that they feel responsible for obeying them. To avoid future conflicts, it is necessary to create strict rules together at the beginning of the course, even in the first lesson.

References

1. Albright, D. Why don't learners learn what teachers teach? The interaction hypothesis. In language learning in formal and informal contexts, ed. D.M.Singleton and D.G.Little. Dublin: IRAAL, 1999.

2. Bell, N.M.Grossen and A.N. Perret-Clermont. Sociocognitive conflict and intellectual growth. In peer conflict and psychological growth. New direction for child development, ed.M.Berkowitz. San Fransisco: Jossey bass, 2001.

3. Murphey, T.1992. Teaching one to one. London: Longman.

4. Murphey, T.1992. Action logging: Letting the students in one teacher reflection processes. The Teacher trainer, 6, pp.20-21

Г.И.Сагынбаева,
КМЮА

ЭКИ БАСКЫЧТУУ БИЛИМ БЕРҮҮ ШАРТЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН ТЕКСТТИН ЭҢ КИЧИНЕ БИРДИГИ БОЛГОН СҮЙЛӨМДӨРДҮН ТҮРЛӨРҮНӨ ҮЙРӨТҮҮНҮН АЙРЫМ ЫКМАЛАРЫ

Сүйлөм, анын айтылыш максатына карай жай, суроолуу жана илептүү болуп бөлүнүшү, жөнөкөй жана татаал болгон түрлөрү жөнүндөгү түшүнүктөрдү студенттер мектептен эле окуп-үйрөнүшөт. Андыктан синтаксистин системалуу курсун үйрөнүү ишин мектептерде өтүлгөндөрдү кайталоодон баштоо керек. Студенттердин сүйлөм боюнча билимин бекемдөө максатында сүйлөмдүн түрлөрүнө үйрөтүүдөн мурда студенттердин сүйлөмдүн негизги белгилерин, сүйлөмдүн айтылыш максатына карай бөлүнүшүн практикалык сабактарда ар кандай көнүгүүлөрдүн негизинде кайталоо максатка ылайык.

1.Сүйлөмдүн негиги белгилеринин бири - предикативдүүлүк. Бул сүйлөмдүн тутумундагы сөздөр бири-бири менен маани жана грамматикалык (чак, жак, жөндөмө мүчөлөр, жандоочтор) байланышып келүү аркылуу болуп өткөн, боло турган окуя жөнүндө кабар берет жана сүйлөөчүнүн ага карата болгон мамилесин билдирет, мына ушунун баары, жогоруда айтылгандай предикативдүүлүк деген түшүнүктү билдирип, сүйлөмдүн бир белгиси болуп саналат. Мисалы, *Асан алдыдагы иштерге карата өз оюн билдирди.*

2. Сүйлөмдү уюштуруудагы негизги каражаттардын бири -интонация, ал-сүйлөмдүн туруктуу белгилеринин бири. Биздин кебибизде интонация ар кандай милдеттерди аткарышы мүмкүн: белгилүү бир ойдун (сүйлөмдүн) аякталып бүткөндүгүн билдирет, ал аркылуу ар кыл сезимдер берилет ж.б. Кандай сүйлөм болсо да, анын өзүнө мүнөздүү интонациясы болот.

Сүйлөмдүн жогоруда көрсөтүлгөн белгилерин көнүгүүнүн бир нече түрлөрү аркылуу тушүндүрүүгө болот. Мисалы, *текстти көркүү окуп, аны айрым сүйлөмдөргө ажыратуу, сөздөрдөн, сөз айкаштарынан сүйлөм түзүү, сүйлөмдөрдү ойлоп табуу, сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрүн таап, алардын ортосундагы грамматикалык байланышты байкоо ж.б.*

Сүйлөмдүн негизги белгилери аныкталгандан кийин, төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга болот: биз өзүбүздүн ой-пикирибизди башка бирөөлөргө сүйлөмдөр аркылуу билдиребиз. Мааниси жагынан айтылып бүткөн сүйлөм интонация жагынан да аяктап бүтөт. Пикир алышууда алдыбызга ар кандай максаттарды коюшубуз мүмкүн: же бир нерсенин жайын, ал абалын баяндайбыз, же башка бирөөлөргө суроо берип, алардан жооп күтөбүз, же өзүбүздүн ички сезим-

дерибизди (кубануу, сүйүнүү, кайгыруу, ачууланууж.б.) билдиребиз.Ушуга байланыштуу сүйлөм айтылыш максатына карай жай, суроолуу жана илептүү болуп бөлүнөт.

Биз ар кандай максатта айтайын деген оюбузду дайыма эле бир сүйлөм менен бере албайбыз. Айрым учурда ойду бир эле сөз жыйынтыктап калышы мүмкүн. Оюбузду башка бирөөгө толук жеткириш үчүн же ойду берүүгө жараша сүйлөм бир же бир нече сүйлөмдөн да болуп калышы мүмкүн.

Өз алдынча турган бир сүйлөмдү жөнөкөй сүйлөм деп атоого боло тургандыгы белгилүү. Же болбосо маанилик жактан башка сүйлөмдөр менен тутумдашпай, өз алдынча туруп, айрым бир ойду билдирген сүйлөм жөнөкөй сүйлөм болорун алардын түрлөрүн, ал эми эки же андан көп жөнөкөй сүйлөмдөн турса аны татаал сүйлөм экендигин, б.а. татаал сүйлөм болуш үчүн эки же андан ашык жөнөкөй сүйлөмдөр мааниси жагынан бири-бирине жакын болуп, ал тургай мазмуну жагынан бири экинчисин толуктап турууга тийиш экендигин, эгерде жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосунда маанилик тыгыз байланыш болмоюн эч качан татаал сүйлөм түзүлбөшүн, тең байланыштагы татаал сүйлөм кантип түзүлөөрүн, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн курулушун түшүндүрүү менен аны сабактарда практикалоо максатында студенттерге бир нече көнүгүүлөрдү берүү талапка ылайык. Ошону менен бирге түрдүү темадагы чакан тексттерди түздүрүп, аларды сүйлөмгө ажыратып, кандай сүйлөм экендигин аныктоо тапшырмалары ар бир сабакта берилиши кажет.

Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түрлөрүнө кыскача маалымат берилет. Мисалы, кыргыз тилинде жөнөкөй сүйлөмдүн: *жалаң сүйлөм, жайылма сүйлөм, толук сүйлөм, кемтик сүйлөм, атама сүйлөм, ээсиз сүйлөм* деген түрлөрү бар. Алардын ар биринин өзгөчөлүгүн бири-биринен болгон айырмасын мисалдардын негизинде көрсөтүү талапка ылайык.

Алардын ар бирине төмөндөгүдөй мисалдарды келтирүүгө болот:

Асан келди.
Жол кыска. — Жалаң сүйлөм
Студенттер окуп жатат.

Осмонбек комузун колуна алды.
Алар кызуу ишке кириштиЖайылма сүйлөм
Жолдошу кеч келди.

Кабыл бүгүн шаардан кайтты.
Сен аны күтпө. — Толук сүйлөм

-Уулуң кайда, Күмүш?!(толук сүйлөм)
-Таң (Кемтик сүйлөм) — Кемтик сүйлөм

-Сиз көрдүнүзбү? (толук сүйлөм)
-Ооба.(кемтик сүйлөм)

Кеч күз. Чак түш.
Тынчтык! Бейпил заман. — Атама сүйлөм
Жаз.

Бизге телеграмма келди.
Ага азыр кетүүгө болбойт. — Ээсиз сүйлөм

Студенттерге суроо-тапшырмалар:

1. Суроолорго жооп берип, сүйлөмдөрдү диалог түрүндө жазгыла. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн кандай түрлөрү колдонулду?

Эмне үчүн юрист болууну чечтиң? Кандай белгилүү юристтерди билесиң? Дагы кандай кесипке ээ болгуң келет? Кайсы сабакты жакшы көрөсүң? Сүйүктүү жазуучуң ким?

2. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бардык түрлөрүнө сүйлөм түзгүлө.

3. Жөнөкөй сүлөмдүн түрлөрүнө кандай кластер түзсө болот?

4. Төмөнкү тексттен жөнөкөй сүйлөмдөрдү таап, кайсы түрүнө киреринаныктагыла.

Менин мекеним Жал айылы. Мен айылыма көп барам. Биздин Жалдан Ала-Арча суусу агып өтөт. Атына жараша заты бар. Жердин кооздугун айтпа. Тоодон соккон салкын аба, арча карагай, кайындардын буркураган жыты жерибизге өзгөчө көрк берет. Кызыл-тазыл гүлдөр көздүн жоосун алат.

Менин өспүрүм курагым айылда өттү. Айылдаштарым адам деген даражаны бийик алып келе жатышат. Алсак, Бүбүкалича - республикага аты белгилүү оймочу жана саймачы. Каныбек - бүгүн айылдын атактуу активи, Бектур - азыр да мугалим.

5. Грамматикалык тест

Ага каршы эч ким сөз айткан жок.
а) Жалаң сүйлөм
б) Жайылма сүйлөм
в) Толук сүйлөм
г) Кемтик сүйлөм
д) Ээсиз сүйлөм

6. Негизги бөлүктөр боюнча текст түзгүлө. Андан жөнөкөй сүйлөмдөрдү таап түрлөрүн аныктагыла:

1. Менин мекеним.
2. Окуган окуу-жайым.
3. Сүйүктүү предметим.
4. Бош убактымды кандай өткөзөм.
5. Спорт денени чыңдайт.
6. Эң жакын адамым.

7."Эмгек -бакытка жеткирет" деген темада текст түзгүлө. Аны сүйлөмдөргө ажыраткыла.

8. Жөнөкөй сүйлөмдөргө макал ойлоп тапкыла. Жөнөкөй сүйлөмдүн кайсы түрүнө киреринайтып бергиле.

1. Ажаан ит таяктан коркот.
2. Аксак кой түштөн кийин маарайт.
3. Аралдагы чөптү мал жебейт.
4. Ар жердин короозу бирдей кыйкырат.
5. Чаар кушка бир канат.
6. Аңдыганга аңкоо көрүн.
7. Асманды тиктегендин көзү акыят.

9. Төмөнкү берилген сүйлөмдөр, айтылыш максатына карай кандай сүйлөмдөр? Кандай ички сезимдерди билдирет? Сүйлөмдүн кайсы түрүнө кирет?

Сүйлөм	Сезим
1. Бали, жигит болсо, сендей болсун!	сукутануу
2. Эч нерседен жалтанбаган баатырлардын жүрөгү кандай!	таң калуу
3. Бах, суунун тунуктугун карачы!	кубануу
4. Кап, уулу эртерээк келгенде учурашып калбайт беле!	өкүнүү
5. Бас, азыр баарын айтып бересиң!	кекетүү

Мындан сырткары, татаал сүйлөм жана анын түрлөрү, татаал сүйлөмдүн курамындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара байланышы жөнүндө кыскача сөз болот. Кыргыз тилинде татаал сүйлөмдөрдү: багынычсыз татаал сүйлөм жана багыныңкы татаал сүйлөм деп эки топко бөлөбүз. Татаал сүйлөмдүн курамындагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара төмөндөгүдөй байланышта тутумдашарын айтып мисалдар келтирилет.

1. Интанация аркылуу: Бирди жеп уятың чыкканча, миңди жеп атын чыксын.

2. Байламталардын жардамы менен: Күн бүркөлдү, бирок жаан жааган жок.

3. Сөз мүчөлөрү аркылуу: Күн батып, күүгүм кирип келгендиктен, айлана көрүнбөй калды.

4. Жандоочтор аркылуу: Нуржан айылга кетип, жолдон кечиккен сайын, апасы тынчсыздана баштады.

5. Мезгилди билдирген сөздөрдүн жардамы аркылуу: Таң аткан убакта, үйгө жетишти.

Суроо-тапшырмалар:

1. Үй-бүлө, тарбия соода, ден соолук, илим-билим жөнүндө макал тапкыла. Алар кандай сүйлөмдөрдөн түзүлгөнүн айтып бергиле

Үй-бүлө

1.Кыз өссө-үйдүн көркү, гүл өссө бакчанын көркү.

2.Керегем сага айтам, келиним сен ук, уугум сага айтам, уулум сен ук.

Тарбия

1.Жакшылыкка жакшылык ар кишинин иши, жамандыкка жакшылык эр кишинин иши.

2.Эки жаман таарынышса амандашпайт, эки жакшы таарынышса жамандашпайт.

3. Курду мойнуна салба.

4. Жипти мойнуна байлаба.

5. Көзү өткөн адамды жамандабайт.

6.Жамандыкта журуп айылчылабайт.

Соода

1. Пулу бардын оозу чайнайт, пулу жоктун көзү жайнайт.

2. Соодагерге мал кайгы, оорулууга жан кайгы.

Ден соолук

1.Оору эмгектен качат, эмгек көнүлдү ачат. 2. Ичи ооруган күлкүнү сүйбөйт, ит күлүгүн түлкү сүйбөйт. 3. Соо жаныңды оору дебе. 4. Оорубаган онтобойт. 5. Дени соонун жаны соо.

Илим-билим

1. Илим өмүрсүз болбойт, куш канатсыз болбойт.

2. Билимсиз бирди көрсө, билимдүү миңди көрөт.

2.Төмөнкү тексттен татаал сүйлөмдү тап. Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара кандай байланышты?

Кит сууда жашайт, бирок ал балык эмес. Балыктар бакалоору менен дем алса, кит өпкөсү менен дем алат. Кит балдарын тууп, аны сүт менен багып чоңойтот. Киттин узундугу-30 метр. Киттин териси жылмакай, жүнү жок жана кабырчактуу. Терисинин астында калын майы бар жана ал китти жылытып турат. Башы өтө чоң болуп, денесинин үчтөн бирин ээлейт. Көзү уйдун көзүнөн бир аз чоңураак. Ал майда балыктар менен тамактанат. Киттин анчылары көп болгондуктан акыркы мезгилде өтө азайып кетти. Киттерди Түндүк Муз океанынын жана Антарктиданын тегерегиндеги деңиздерден гана жолуктырууга болот.

Адабияттар

1. Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б., 2010.

2. Жусаев Ж., Каныбекова А., Карабекова А., Кыргыз тили. - Б., 2002.

3. Акматов Б., Мукамбетова А. Кыргыз тили. - Б., 2008.

4. Өмүралиев Б. Кыргыз тилинин синтаксисинин окутуунун методикасы.- Ф., Мектеп, 1991.

5. Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. - Ф., Мектеп, 1979.

6. Усупбеков Ш. Кыргыз макал ылакаптары. - Ф., Кыргызстан, 1982.

7. Кодоров Б.А., Сыдыкбаева М.М., Мамырбаева Н.Б., Кыргыз тили.- Б., "Турар", 2009.

Н.К.Исаева,

Кыргыз-Түрк "Манас" университети

СТУДЕНТТЕРДИН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЫНА КӨНҮҮСҮНДӨГҮ КӨЙГӨЙЛӨР

Кайсы гана мамлекет болбосун, аның экономикалык, маданий ж.б. жактан өсүп-өнүгүүсү, туруктуулугу ошол өлкөнүн адам ресурстарынын потенциалына көз каранды болот. Адам ресурстарынын көпчүлүк бөлүгүн келечектеги кесип ээлери болгон студенттер түзүп турат.

Андыктан, студенттердин коомго карата социалдашуусу жана алардын жогорку окуу жайдын шартына көнүү көйгөйлөрүнүн изилдениши учурдагы социалдык жана педагогикалык проблемалардын эң орчундууларынан бири болуп эсептелет. Компетенттүү адистерди даярдоо жана алардын натыйжалуулугун арттыруу, инсандын ички резервдеринин жана шыктарынын ачылуусуна мүмкүн болушунча шарт түзүү талабын коет. Учурда эмгек рыногу адистерден бир гана кесиптик билим жана жөндөмдөрдү талап кылбастан, өлкөдө болуп жаткан өзгөрүүлөргө ыкчам жана кырдаалга жараша жооп берүү, кесиптик маселелерди чечүүдө компетенттүүлүктү, дегеле жалпы активдүүлүктү, чыгармачылыкты, жаңы чөйрө шарттарында жаңыча мамиле кура билүүнү, шартка карай өзүн өзү өзгөртө билүүсүн, керек болсо жаңы шарттарды өзүнө жараша өзгөртө ала турган талабын дагы коет. Күнүмдүк тажрыйба көрсөткөндөй студенттердин баары эле жогоруда белгиленген талаптарга ылайык көнүгүү шыктарына ээ эмес, же ээ болгон күндө дагы алардын деңгээлдери ар кандай экендигин эстен чыгарбоо зарыл. Студенттердин жогорку окуу жайындагы жаңы шарттарга көнүгүүсү, бир жагынан социалдык жана экономикалык абалдын туруксуздугу менен коштолсо, экинчи жагынан жаштарга мүнөздүү дүйнөгө болгон көз караштын да али толугу менен түптөлбөгөндүгү менен дагы коштолот.

Ушундай себептерден улам жогорку билим берүү системасындагы эң негизги маселелеринден бири болуп жаштардын жаңы чөйрөгө активдүү көнүүсү, алардын өз алдынчалыгын, өзүн өзү өнүктүрүү жана өзүн таанытуу, реализациялоо жөндөмдөрүн өнүктүрүү

жана андай жөндөмдөрү болбогон студенттерде жогоруда белгиленген касиеттердин пайда болуусуна түрткү берүү жана көмөк көрсөтүү° сыяктуу максаттар актуалдашат.

Жогорку окуу жайларында билим алуунун көбүнчө алгачкы этаптарында кездешкен көнүү көйгөйлөрү ар дайым актуалдуу болуп келген, бирок коомубуздун учурдагы саясий, социалдык, экономикалык жана маданий сферасындагы чон өзгөрүүлөр бул тармактагы проблемалардын масштабынын кеңейишин шарттоо менен алардын актуалдуулугунун курчушуна алып келет. Ошол эле мезгилде инсандын материалдык жана руханий дүйнөсүнө түздөн түз таасирин тийгизген баалуулуктар системасы дагы өтө тездик менен өзгөрүп бара жаткандыгы баарыбызга маалым. Демек, ар кандай мамилелер системасынын татаалдашуусу жоопкерчиликтүү, чечкиндүү чечим чыгаруу жана адамдын өз позициясын толугу менен андай билүүнү талап кылган инсандарды калыптандыруу маанилүү болуп турган учур келди.

Студенттердги жогоруда белгиленген өзгөчөлүктөрдүн түптөлүшү алардын инсандыгынын жана кесиптик идентүүлүгүнүн калыптануусунун эң активдүү мезгили жогорку окуу жайындагы билим алуу процесси менен дал келет. Себеби, жогорку окуу жайынын өзгөчөлүгү студентти бир гана кесиптик бекем билим менен камсыз кылуу болбостон, билим алуу, үйрөнүү процессинде өз алдынчалык жана чыгармачылык муктаждыгын жана башка социалдык талаптарын канааттандыруу болуп саналат. Студенттик мезгилдин психологиялык кыйынчылыктары өлкөдөгү социалдык, экономикалык жана акыркы убактагы саясий туруксуздукка байланыштуу болуп, келечектеги кесип ээлеринин перспективасынын ачык-айкын болбогондугу менен коштолот. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, студенттин жаңы окуу жайына келүүсү менен башталган жаңы шарттарга көнүүнүн ылдамдыгы жана ийгилиги ошол студенттин мындан аркы окуу процессинин натыйжалуулугунун алдын ала көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат [1].

Университет жаңы үмүт, жаңы перспектива, жаңы шарттар, процесс жана жаңы дүйнө сыяктуу. Ар бир жаңылануунда чексиз кооздуктарга ачылган эшиктер болгондой эле, терс жана көңүл оорута турган иштерге алып келген жолдор да кездешпей койбойт. Мына ошол жаман жолдорго алып бара турган эң чоң факторлордон бири, албетте, жаңы шарттарга көнүү көйгөйлөрү. Окуу башталган алгачкы күндөрдөн тартып студент ар кандай жаңылыктарга туш болот. Атап өтсөк, жогорку окуу жайынын шарттары, башкаруу структурасы, жаңы коллектив, жаңы окутуу системасы, жаңы окутуу усулдары, окутууда колдонулган инновациялык технологиялар, мугалимдер жана башка студенттер менен болгон алака-мамиле жана окутуунун объектиси эмес, субъектиси катары студентке карата коюлган талаптар ж.б. студентке карата билим алуу үчүн келген жаштарда көнүү кыйынчылыктарды жаратышы мүмкүн.

Шартка көнүү же адаптация илимий проблема катары көптөгөн илимдердин изилдөө предмети болуп саналат. Алардын ичинен гуманитардык жана медицина, биология илимдери бул маселени өз предметтерине байланыштуу өзгөчө көз караштан иликтейт. Бул маселени иликтеген ар кандай илимдин өкүлдөрү ошол илимдин мыйзам ченемдүүлүктөрүнө жараша изилдеп жана өз түшүнүктөрүн иштеп чыгышат. Ушул себептен улам адаптация түшүнүгүнүн так жана анык аныктамасы иштелип чыга элек, мунун өзү илимде фундаменталдык түшүнүктөрдү иштеп чыгуу абдан татаал жана узак мөөнөттү талап кыла тургандыгы менен түшүндүрүлөт. Адаптация жалпы адамзаттын кызыкчылыгына тиешеси болгондуктан көптөгөн илимдердин проблемасы болуп саналат.

Адаптация термини латын тилинен келип чыккан "adaptare" башкача айтканда "көнүү". Алгач бул түшүнүк биологияда организмдин түзүлүшү жана анын функцияларынын тышкы шарттарга көнүүсүн чагылдырган түшүнүк катары пайда болгон. Биологиялык өңүттөн алганда адаптация аркылуу организмдин бардык системасында оптималдык өз ара кыймыл жана "адам-чөйрө" системасындагы тең салмактуулук түзүлөт. Адамда көнүү муктаждыгы кандайдыр бир система менен өз ара кыймыл болгондо белгилүү бир келишпестик жана өзгөрүү муктаждыгы пайда болгондо келип чыгат. Бул сыяктуу өзгөрүүлөр адам карым-катышта турган система же болбосо адам жана система ортосундагы өз ара кыймылдын мүнөзүнө байланыштуу болот. Башкача айтканда, адаптация процессинин башкы механизми бул - адамдын демейдеги жүрүм-туруму, кыймыл аракети аз натыйжалуу же болбосо эч натыйжасыз болгон учурда дал ошол өзгөргөн шарттарга байланыштуу кыйынчылыктардан өтүү муктаждыгы туулат [1].

Көнүү көйгөйлөрү тууралуу сөздү, ушул көнүү (адаптация) түшүнүгүн жана абалын өзүнө камтыган социалдашуу түшүнүгүнүн алкагында кароо керек. Себеби, адамдын коомдук жашоо тиричилик эрежелерин өздөштүрүүсү, коомдук инсан катары калыптанышы, коомдогу өз ордун табышы анын коомго карата социалдашуусу же "коомдошуусу" аркылуу ишке ашат [2]. Ал эми адаптация болсо, ошол социалдашуу процессинин эң негизги бөлүктөрүнөн бири катары адамдын социалдашуусунун ийгиликтүү болушунун негизги өбөлгөсү болуп саналат.

М. Яницкийдин ою боюнча адаптация индивиддин "организм-чөйрө" системасын жөнгө салуудагы анын бардык элементтеринин катышынын диалектикалык өзгөчөлүгү менен мүнөздөлгөн систематикалык диалектикалык процесси болуп эсептелет [3].

Илим чөйрөсүндө "адаптация" түшүнүгү менен катар "дезадаптация" түшүнүгү дагы жашайт. "Дезадаптация" түшүнүгү "адаптация" түшүнүгүнүн карама-каршысын билдирүү менен чөйрөгө же башка шартка көнүгө албагандыкты билдирет.

А.А. Налчаджяндын пикиринде "Толук дезадаптацияда болгон же болбосо адаптацияда проблемалары бар инсандар, ал инсанга тиешелүү социалдык чөйрөгө керектүү социалдык ролдун талаптарын канааттандырууга кудурети жетпейт " [3]. Демек, жогорку окуу жайдагы студенттердин социалдык жана академиялык жактан ийгиликтүү болушу үчүн окуу жайларга көнүү көйгөйлөрүндөгү проблемалардын өз убагында туура чечилиши абзел.

Студенттердин алгачкы күндөрдө кездешүүчү көнүү көйгөйлөрү жогорку окуу жайга кирүү сынагынан баштала тургандыгын байкаса болот. Жогорку окуу жайларына өтүү сынактарын абитуриенттер үчүн чоң жарыш катары кабыл ала турган болсок, кээ бир студенттер өздөрү каалаган, ал эми кээ бирлери каалабаган бөлүм жана факультетке өтүп калышы кеңири тар-

каган көрүнүш болот. Каалаган бөлүмүнө өткөн студенттер сыймыктануу жана кубаныч ичинде болушса, каалабаган бөлүмгө өткөн студенттер окуу жайга өткөнү менен жеңилип калгандай абалда калышат.

Жогорку окуу жайга өткөндөн кийин пайда боло турган жаңы шарттарды же чөйрөдө белгиленген иште, жүрүм-турумду, жашоо шартты, максатты ишке ашыруу учурунда, чөйрө, инсан жана башка факторлорго ылайык аракетте болуу, ийгиликтүү билим алуу жана аягына чейин жөндөмдүүлүгүн сактоочу жаңы шарттарга көнүү деп айтабыз. Ушул эле түшүнүккө инсандын чөйрө жана башка факторлор менен уюша билүүсү, биримдикте болуусу, төп келүүсү жана башкалар менен бирдикте иш алып бара билүүсү дагы кирет. Университетке жаңы келген студент алгачкы мезгилден тартып окуусун дагы, жеке турмушун дагы окуу жайдагы шартка ылайык алып кете алса, көнүү көйгөйүн жеңди деп айта алабыз. Тескерисинче болгон учурларда көнүү көйгөйү чечилди деп айтуу кыйынчылыкка турат. Студенттерде кездешкен көнүү көйгөйүнүн бир нече себеби болушу мүмкүн. Булардын арасында кеңири таралгандары: жаңы чөйрөгө жана шарттарга кирүү, каалаган окуу жайга өтпөй калуу, каалаган факультет жана бөлүмгө өтпөй калуу, каалаган шаарга бара албай калуу, күтүүлөрүнүн жогору болушу, тилектеринин ишке ашпай калышы, үй-бүлө жана чөйрө тарабынан үмүттөрүнүн акталбай калышы, үй-бүлөсүнөн алыстоо, учурдагы социалдык чөйрөдөн алыстоо, эмоционалдык жактан жакын кишиден алыстоо, университеттин ата-энеси жашаган шаарда жайгашуусу жана үй-бүлөсү менен чогуу жашоосу, экономикалык көйгөйлөр, инсандык өзгөчөлүктөр (демилгелүү боло албоо, өзүнө болгон ишениминин төмөн болушу ж.б.), маданий өзгөчөлүктөр, аймактык социалдык, экономикалык жана географиялык өзгөчөлүктөр, мындан мурунку жашоосундагы тажрыйба жана адаттар ж.б. болушу мүмкүн.

Жогоруда белгиленген кыйынчылыктар аныктамалардан байкалып тургандай студенттердин жаңы шарттарга көнүү көйгөйүн түзүү менен бирге ар кандай себептерге байланыштуу окуу процессине жана андан тышкаркы коомдук жана жеке жашоосунда байкалат. Мисалы, булардын көпчүлүгү окууга барууну каалабоо, сабактарды окуй албоо, сабактарга маани бербөө, сабактардан төмөн баа алуу, окууда өзүн жаман сезүү, эч ким менен достошо албоо, өзүн жалгыз сезүү, окутуучулар менен тил табыша албоо, учурдагы мамилелеринин начарлашы, үй-бүлө жана сезими жакын кишилер менен болгон мамилелерде баш аламандык, экономикалык жана социалдык маселелерге тынчсыздануу, өзүн жаман сезүү, жасаган иштеринен канааттанбоо, болуп жаткан нерселерге бошоң, көңүлсүз жана кайдыгер болуу, өзүн бактысыз жана канааттанбаган сыяктуу сезүү ж.б. көрүнүштөр менен коштолушу мүмкүн.

Окуу жайдагы жаңы шарттарга көнүү көйгөйү ар бир инсанда ар-кандайча жүрөт. Адегенде, жөнөкөй эле көрүнүш катары кабыл алынган абал студенттин жашоосунда олуттуу терс өзгөрүүлөрдү жаратышы мүмкүн жана материалдык, моралдык зыян келтире турган жагдай катары кабыл алына баштайт. Ошондуктан, көнүү көйгөйүн өз учурунда байкап, анын мүнөзүнө жараша себептерин аныктап, студенттерди андан куткаруу аракеттерине бааруу керек.

Ошол эле себептен ар-бир студент жашоосунда болуп жаткан ыңгайсыз жагдайларды убагында байкап, алардан чыгуу жолдорун издеши керек. Ал эми андай абалдан чыга албай жалгыз калган студенттер психологиялык жактан кээде кыйналышы мүмкүн. Бул учурда куратор, жакын досу же тийиштүү окутуучунун багыттоосу менен студенттин абалын туура түшүнүү, студенттик шартка көнүү көйгөйүнүн келип чыгуу себептерин аныктоо жана аларды чечүү жолдорун табуу максатында окуу жайдагы студенттерге арналган психологиялык кеңешүү жана көмөктөшүү борборуна кайрылуу мүмкүн. Ал эми мындай борбор болбогон жерде алардын ачылышын камсыздаш керек. Белгилей кете турган нерсе, акыркы убактарда бул сыяктуу борборлорго болгон муктаждыктын улам өсүп келе жаткандыгы жана жаш муундардагы психологиялык талаптын өсүшүнө жараша мурункуга караганда актуалдуулугунун жогорулап бара жаткандыгы. Бул сыяктуу борборлор жаш өспүрүмдөр кеңешүү бөлүмү, психологиялык кеңеш же социалдык кызмат бөлүмү сыяктуу ар кайсы жерде ар кандай аталышы мүмкүн. Андай борборлордо психиатр, социалдык кызмат адиси, психолог, психолог-консультант жана медайым сыяктуу ар-тараптуу кесиптин ээлеринен түзүлгөн команда керектүү учурларда колдоо көрсөтүүгө даяр болуусу керек. Жаңы шарттарга көнүү көйгөйүнө кабылган студенттер бул борборлорго кайрылып, тажрыйбалуу адистер менен индивидуалдык жана группалык кеңеш кызматынан пайдаланып, керектүү колдоого ээ болуулары керек. Бул студенттик күндөрүнүн тынч, көңүлдүү жана көйгөйсүз өтүүсүнө жардам берет.

Адабияттар

1. Токторбаев К.А. Педагогическое сопровождение адаптации студентов к образовательному процессу в Вузе //дис. ...канд.пед.наук: 13.00.01 / Токторбаев К.А. - Б., 2012.

2. Асипова Н.А. Социалдык тарбия // КТМУ. -Б., 2004.

3. Яницкий М. С. Адаптационный процесс: психологические механизмы и закономерности динамики. / Уч. пособие. -Кемерово. Кемеровский государственный университет, 1999.

4. Налчаджян А.А. Социально-психическая адаптация личности. (Формы, механизмы и стратегии). Ереван, Изд-во АН Армянской ССР, 1988.-263 с.

5. Лысенко С. В. Содействие адаптации студентов к обучению в вузе Материалы VIII научной сессии преподавателей и студентов (28 апреля 2005 г.). - Витебск, УО ФПБ ВФ "МИТСО", 2005. - 62-65 с.

Ф. Елкуван,
Кыргыз-түрк Анадолу лицейи

ИСЛАМ ДООРУНДАГЫ ТҮРК ТАРЫХЫНЫН БУЛАКТАРЫ ЖАНА МЕДРЕСЕЛЕРДЕ ТАРЫХЫЙ БИЛИМ БЕРҮҮ

Түрктөр тарыхта отурукташкан жашоого кеч өткөн коомдордун катарына кирет. Отурукташкан жашоого кеч өткөндүктөн тарыхы тууралуу жазылуу булактар кийинки доорлордо келип чыккан же башка элдердин жазылуу булактары аркылуу тарыхы жазылып келген. Түрк элдеринин тарыхын изилдөөдө доорлорго бөлүп алуу тарыхчылардын ишин жеңилдетет. Түрк тарыхы бул багытты Исламга чейинки жана Ислам доорундагы Түрк тарыхы катары эки доордо каралат.

Ислам доорундагы Түрк тарыхына байланышкан жазылуу булактар арбын. Йолалжы Ислам доорунда Түрк тарыхына айланыштуу жазуу булактарынын көбөйүшүнүн себебин төмөндөгүдөй белгилейт: "Түрктөр Исламды кабылалгандан кийин Ислам өлкөлөрү менен болгон байланыштары жогорулаган, кагаз колдонула баштаган, натыйжада тарыхка байланышкан басылмалар көбөйгөн. Тактап айтканда Түрктөрдүн Батышка, Иранга, Анадолуга барышы, алардын маданий жактан өнүгүшүн шарттаган, шаардык жашоонун жайылышына себеп болгон жана илимий изилдөөлөр көзгө көрүнө тургандай деңгээлде өскөн". Ислам менен бирге Түрктөрдүн маданий жана социалдык жашоосунда жаңы кан кирген, жыйынтыгында маданиятта жаңы жетишкендиктер пайда болгон. Ошол эле мезгилде Түрк элдери дагы Ислам маданиятынын өнүгүшүнө зор салым кошкон (6).

Ислам доорундагы Түрк тарыхында эңмаанилүү тарыхый булактар Шехнамелер болгон. Шахнаме чыгармасы тарыхый жана маданий окуялардын ыр түрүндө айтылышы болуп эсептелет. Эң көрүнүктүү өкүлү Фирдоуси. Фирдоусинин эски Иран уламыштарынан улам түзгөн улуу эпостун аты. Иран адабиятынын эң ири чыгармаларынан бири болуп саналат. 60,000 баптан турат. Бул чыгармадан кийин мындай үлгүдөгү чыгармалардын баарына шахнамечилик деген аныктама берилип калган. Же башкача айтканда шахнаме формасындагы тарыхчылык усулу жаралаган. Ислам доорунда Түрк тарыхчылары ушундай усулдагы тарыхтан таасир алышып, ушундай маанайдагы чыгармаларды жаратышкан.

Түрктөрдүн Исламдын жогорку өнүккөн доорундагы тарых жазуу усулдарынын бирөөсү Менакыпнаамалар болуп саналат . Менакып: Дин аалымдарынын же болбосо тарыхый адамдардын өмүр жолу менен окуялардын берилиши. Мындай формадагы чыгармалар Осмон мезгилинде абдан көбөйгөн. Осмон мезгилинде маанилүү деп эсептелген жеңиштер, жана султандар үчүн Менакыпнаме формасындагы бир катар тарыхый китеп жазылгандыгын билебиз. Ашыкпашазаде тарыхында өз чыгармасында мындай түрдөгү менакыпнамелерди кыскача бергендигин баса белгилейт.

Ал доорго тийешелүү алгачкы маанилүү чыгармалар Караханлылар дооруна туура келет. Алардын биринчиси Йусуф Хас Хажиб тарабынан 1070 - жылы жарык көргөн Кутадгу Билиг болуп саналат. Бул чыгармада мамлекетти кантип башкаруу керек, идеалдуу башкаруунун негизги өзгөчөлүктөрү, адилеттүүлүк, билим берүү, соода, салыктык маселелер чагылдырылган. Бул чыгарма Түрк маданияты жана мамлекетик башкаруу концепциясын камтыган маанилүү тарыхый чыгарма болуп эсептелет (3).

Карахан доорундагы экинчи маанилүү чыгарма Кашкарлы Махмуд тарабынан 1074-жылы жарык көргөн Диван-и Лүгати-т Түрк болуп саналат. Бул чыгалма Түрк тилинин энциклопедиясы болуп саналат. Чыгарманы жазуунун максаты Араптарга жана башка улуттарга Түрк тилин үйрөтүү болгон.

Кашкари чыгармасын жараттууда бардык түрктөр жашаган аймактарды кыдырып, Түрк урууларынын тилдик өзгөчөлүктөрүн эске алууга аракет кылган. Сөздөрдүн маанисин түшүндүрүүдө, ал сөз катышкан бир сүйлөм, макал, ыр сабы ж.б. менен бирге берүүгө аракет кылган. Ошондуктан, Диван-и Лүгати-т Түрк Түрк тили, маданияты, адабияты үчүн орду толгус казына болуп саналат. Чыгармада Түрк элдери жашаган географиялык аймакты көрсөткөн картаны да жайгаштырган.

Жогоруда айтылган булактардан башка уйгурлар, газнелилер, жана хорезмшахтарга байланыштуу бир канча жазма булактар бар. Селжуктарга байланыштуу бир канча булак бар болгону менен ал булактардын көбү бүгүнкү күнгө чейин келип жеткен эмес (2). Бул мезгилге таандык тарыхый чыгармалар аз. Тарыхый маалыматтарды көбүнесе башка чыгармалардан же болбосо саякатчылардан алабыз. Ислам доорундагы Түрк мамлекеттерине таандык чыгармаларга кыскача көз жүгүртөлү.

Караханиддер (960-1212) мамлекеттин негиздөөчүсү Сатук Буура Хан жана андан кийинки такка олтургандардын ишмердүүлүктөрү Тезкиреи Буура хан аттуу менакыпта чагылдырылган. Жогоруда белгиленген Кутагду Билиг жана Дивану лугат ат турк дагы ушул доорго таандык чыгармалардан болуп саналат (6).

Газнелилер доору (963-1186). Газнели мамлекетинин атактуу аалымы Утби, Газнели мамлекетинин негиздөөчүсү Себүктекин жана уулу Махмуд менен замандаш башка өкүмдарлардын да тарыхын чагылдырган өзгөчө бир тарыхый китеп жазган. Мындан тышкары Газнели мамлекетинин аалымдарынын бирөөсү Абуль Рейхан аль-Бируни дагы ар кандай тармактарга байланыштуу эмгектерди жазып калтырган. Тарыхый багытта анын байыркы уруулардын хронолониялык тарыхын чагылдырган эмгеги, жана Хорезм мамлекети менен Газнелилердин тарыхын чагылдырган эмгеги белгилүү.

Хорезмшахтар доорунда тарыхый эмгектерди жазган бир катар окумуштуулар өсүп жетилген. Булардын ичинен эң көрүнүктүүсү Мухаммед Насави болуп эсептелет. Дагы башка аалым Нишапур болуп саналып, ал арап тилинде Хорезмшахтардын тарыхын жазган. Абуль Хасан Байхаки болсо хорезмшахтардын жалпы тарыхын чагылдырган бир эмгек жазып калтырган.

Селжуктар мезгили (1040-1157). Селжуктар доорунда Селжук тарыхчысы өсүп чыккан эмес. (Клауди 195) Балким бүгүнкү күнгө келип жеткен болбошу мүмкүн. Селжуктар жөнүндөгү маалыматтарды арап, иран тарыхчыларынан алабыз. Улуу селжук мамлекетинде 30 жылга жакын увазирдик кызмат кылган Низамүл-мүлк тарабынан жазылган Сиясет-Наме бул доорду ачык сүрөттөгөн эң маанилүү чыгарма болуп саналат. Бул чыгарма селжук мамлекетинини мамлекеттик түзүлүшүнөн кабар берет. Юсуф Хас Хажибдин Кутагду Билиг чыгармасына үндөш жазылган бир эмгек. Селжуктар мезгилине таандык жазылган чыгармалар жалпы жонунан Селжукнаама деп аталат. Бул доорго таандык Бейхакинин Тарихи Бейхаки аттуу чыгармасы менен Ибни Алишердин аль Күмил-фит Тарих аттуу эмгегинен башка Имадеддин аль-Исфаханинин (81.597/1200) Нусрет аль-Фитре жана аль-Катре деген чыгармасы маанилүү булак болуп саналат (4).

Түркия селжуктары мезгили (1077-1308). Түркия селжуктары Түркия тарыхында абдан маанилүү орунга ээ. Түркия селжуктарынан калган бүгүнкү күндө бир катар булактарды кездештирүүгө болот. Бул булактардын эң маанилүүлөрү күнүмдүк же болбосо маанилүү окуялар тууралуу жазылган векайинамелер. Түркия селжуктарынын тарыхый булактары тууралуу кенен маалыматты Гази университетинин Тарых бөлүмүндө окуган М.Кемалоглу өзүнүн магистратуралык илимий ишинде берет (4). Түркия селжуктарына таандык жазылган тарыхый китептер аз болсо да башка тарыхый эмгектер көптөгөн санда бүгүнкү күнгө чейин келип жеткен. Бүгүнкү күндө Түркиянын бир канча аймактарында селжуктардан калган мечит, медресе, хансарай, мончо сыяктуу эң маанилүү тарыхый эстеликтер бүгүнкү күндө да колдонулууда. Бул доорго таандык эң маанилүү тарыхый эмгек Ибн Бибринин Ель Евамир ель Алаие филь Умур ель Алаие аттуу селжукнаамасы болуп саналат. Фарсча жазылган бул эмгек 13-кылымдын ортосуна чейинки маалыматтарды берет. Бул доорго таандык башка бир маанилүү булак Керимүд дин Махмут Аксарайинин Мүсамерет ель Ахбар атуу чыгармасы. Бул эмгек да фарс тилинде жазылган.

Хорезмшахтар (1138-1231). Хорезмшахтар мезгилинде тарыхый эмгек жараткан бир канча окумуштуу өсүп чыккан. Булардын эң көрүнүктүүсү Мухаммед Насави болуп саналат. Анын Хорезмшах өкүмдарларынан Алаеддин Мухаммедтин жеңиштерин чагылдырган ири фарсча жазылган бир эмгеги менен Хорезмшахтардын акыркы өкүмдары Желаледдин Хорезмшахтын мезгилин чашылдырган арапча дагы бир эмгеги белгилүү. Дагы бир аалым Нишапур арап тилинде Хорезмшах тарыхын жазган. Абуль-Хасан Байхаки болсо, Хорезмшахтардын жалпы тарыхын чашылдырган бир эмгек жазып калтырган. Бул эмгек хорезмшахтар тарыхы үчүн абдан маанилүү булак болуп саналат.

Осмондор мезгили (1299-1920). Осмон тарыхынын жазылышы негизинен алганда Ислам тарых жазуучулугунун уландысы болуп саналат. Бирок 600 жылдык бир мезгил ичинде тарыхчылыктын ар кандай түрүндө ири өнүгүүлөр болгондугун байкоого болот. Мурда шахнаме, газаватнаме, менакыпнаме түрүндө башталган тарых жазуучулук, векайинаме, тарыхый география, биография, саякатнаама же болбосо Теварихи Али-и Осмон түрүндөгү эмгектер менен уланган. Убакыт ичинде чет элдик илимпоздордун эмгектеринен жана архивдик булактардан пайдалануу, мындан тышкары себеп жана натыйжаларды табуу сыяктуу жаңы тарых методдорун колдонушкан. Франз Бабингер, Осмон тарых жазуучулары жана эмгектери аттуу эмгегинде Осмон мамлектине таандык булактарды топтогон (1). Осмон мезгилине таандык маанилүү тарыхый китептерден бир канчасын мисал келтире турган болсок:

Йахши Факихке таандык Менакыб-ы Али-и Осмон аттуу алгачкы осмон тарыхый эмгеги. Алгачкы түрк булактарынан болуп саналат. Дайстан-ы Теварих-и Мүлик-и Али-и Осмон эмгеги болсо эски эпос салтыныны уландысы сыяктуу жазылган. Стамбулдун алынышан кийин Стамбулга келген бир катар акын Мехмед II тарабынан сарайга алынып, аларга атайы айлык чектелген. Иран шехнаамажылыгынын таасиринде калган заманынын падышахын мактаган бул акындар Осмон Түркиясында мындай үлгүнүн негиздөөчүлөрү болуп калышты. Хамиди жана Шехдинин эмгектери жоголуп кетсе да Муалинин фарсча жазылган Хүнкарнемеси менен Кашфинин Варна жана II. Косовасогуштары тууралуу фарсча жазылган тарыхый эмгеги Газанаме-и Руми бүгүнкү күнгө чейин келип жеткен. Наима тарыхы Хайрулла Ефендинин Девлет-и Алийеи Османие Тарихи, Исазаде Тарихи, Зүбде-и Векайат, Ушакизаде Тарихи, Силахдар Тарихи жана башка көптөгөн эмгектер Осмон мамлекетинден бүгүнкү кнүгө чейин келип жеткен.

Ислам мезгилинде болсо медреселерде тарых сабактарынын окутулгандыгын көрөбүз. Медреселерде формалдуу тарых сабагынын болбогондугун көрөбүз (5). Бирок медреселерде тарыхты окуп-үйрөнүү дайыма зарыл деп эсептелген. Медрселерде негизинен ислам тарыхы окутулган. Ислам тарыхый булактарынан медрселерде окутулушу зарыл деп эсептелген атайы тандалган бир китеп жок болгон. Же мугалимдердин багыттоосу менен же болбосо тарыхый китептер аркылуу тарых окутулуп-үйрөтүлгөн. Медреселерде эң көп окулган жана Ислам тарыхый булактарынын алдынкысы деп саналган Табери тарыхы болуп саналат (7).

Табери (838-923). Ислам дүйнөсүнүн эң ири тарыхчыларынан бирөөсү. Таберинин эмгенинин аты Тарих ель-Үмем вел Мүлүк. Бул эмгек кыскача Табери тарыхы же болбосо Тарих-и Жафери деген ат менен белгилүү. Бул эмгек Кызыр Адамдан 915-жылга чейинки окуяларды чагылдырат. Осмон мезгилинде бир канча жолу түркчөгө которулган бул китеп ислам тарыхынын башкы булактарынын бирөөсү. Китептин өзгөчөлүгү кандайдыр бир окуя тууралуу болгон маалыматтарды эч өзгөртпөстөн которгондугунда. Табери бул ар кандай маалыматтарды өз ой-пикирине карата өзгөртүүнү тарыхты талкалоо катары караган. Бул эмгекти негизинен эки бөлүккө бөлүп кароого болот. Биринчи бөлүк, жаратылгандан тартып Ислам жаралганга чейинки окуяларды камтыйт. Бул бөлүмдө дагы көбүрөөк Исраил уулдары жана Зердуштардын салтсанаасына таянат. Эмгектин маанилүү бөлүгү ислам дын пайда болушунан 915-жылга чейинки келген бөлүм. Бул бөлүм ислам тарыхынын эң башкы булактарынан бирөө болуп саналат. Айрыкча бул эмгек Исламдын Мавераннахр жана Кафкася жолу менен Түрк аймактарына кантип барууга боло тургандыгын чагылдырганы үчүн түрк тарыхы үчүн абдан маанилүү болуп саналат (7).

Табери тарыхынан башка Ислам тарыхынын булактарынын бирөөсү Вакиди болуп эсептелет. Эмгектин аты Фүтух ель-Шам. Бул эмгекте мусулмандардын Сирия, Ирак, Египет жана Африканын каратылышындагы сезимдери чагылдырылган. Башка бир эмгек Ибн

Саддын Китаб ель-Табакат аттуу эмгеги болуп Пайгамбарыбыздын өмүр жолунан кабар берет. Кийинки маанилүү эмгек Диневери жазган Китаб ель-Ахбар ель-Тывал. Диневери Сасаниддерге , Александрга жана кийинчерээк мусулмандардын Иракты каратып алуусу тууралуу маалыматтарды берет. Бул эмгектин өзгөчөлүгү VI-IX кылымдардагы түрк тарыхы тууралуу маалыматтарды камтыйт. Булардан башка Месуди, Ибни Кутейба, Белазури сыяктуу бир катар окумуштуулардын эмгектери бар. Ислам мамлекеттеринин медреселеринде бул эмгектер ислам тарыхынын окутулуп-үйрөтүлүүсүндө башкы булак катары колдонулган. Түрк Ислам мамлекеттеринде да бул улангандыгын көрөбүз.

Жогоруда кыскача айтылган Ислам мезгили Түрк тарыхына таандык маалыматтар бизге Түрк калктарынын тарыхый аң-сезими тарыхты окуп-билүү каалоосу тээ байыркы мезгилдерден бери уланып келе жаткандыгын көрсөтүп турат. Түрк элдеринде Исламдан мурда оозеки тарых билиминин кеңири жайылгандыгын айтып өткөн элек. Дүйнөдө жашаган ар бир улут, ар бир топ өтмүштө башынан өткөргөн окуяларды унутпай, улуттук баалуулуктарын барктап, баатырларын даңазалап улам кийинки муундарына үйрөтүп олтурган. Бүгүнкү күндө да бул нерсе уланып келе жатат. Ар бир мамлекет, ар бир эл өз тарыхына абдан маани берип, ынтызардуулук менен кийинки муундарына өз тарыхын окутуп келет.

Адабияттар

1. Babinger, F. Osmanlı Tarih Yazarları ve Eserleri Çev.: Coşkun Üçok, 1992

2. Cahen C. Selçuklu Devri Tarih Yazıcılığı, Çeviren ve notlayan: N. KAYMAZ

3. Genç R. Мамлекетинин Бийлик Түзүлүшү, / Которгондор: М. Үрекли, З. Мусабаэва -Б., 2004

4. Kemaloglu. M. Türkiye Selçuklu Tarihi Birinci Elden Kaynakları, Tarih Kültür ve Sanat Arastırmaları Dergisi (ISSN: 2147-0626).

5. Uzunçarşılı ?.H. Osmanlı Devletinin Ilmiye Teşkilatı, Ankara 1965

6. Yolalıcı, M.E, Türk Tarihinin Kaynakları, Samsun 2006.

7. Yurdaydın H.G. Islam Tarihi Dersleri, Ankara 1971.

Н.Р.Суранова,

Ош технологиялык университети

КОЛЛЕДЖДИН СТУДЕНТТЕРИНЕ КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА КОЛДОНУЛУУЧУ ТЕКСТТИ ТАНДОО МАСЕЛЕСИ

Колледждерде кыргыз тилин окутууда текст менен иштөө үчүн аны тандап алуу, адаптациялоо, сабактын максатына шайкеш пайдалануу сыяктуу орчундуу маселелерди чечип алуу талап кылынат. Алгач окутуучу сабакта пайдаланыла турган текст сабактын мазмунун түзүшү керекпи же мазмунду (теманы) түшүндүрүүнүн каражаты катары колдонулабы - ушул маселени чечип алышы керек. Кыргыз тили сабагында студенттер ээ болуучу билим, билгичтик жана көндүмдөрдүн жыйындысы окутуунун мазмунун түзө тургандыгы белгилүү. Ал эми ошол мазмундуу өздөштүрүүгө өбөлгө түзүп, көмөк көрсөткөн материалдар окутуунун каражаттары болуп саналат. Кыргыз тилин эне тил катары окутууга коюлган негизги максат окуучулардын, студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүү болгондуктан, биртекстти окутуунун мазмуну жана каражаты катары карайбыз.

Ар бир кыргыз тили сабагына, эреже катары, үч максат: билим берүүчүлүк, тарбиялык жана өнүктүрүүчүлүк максаттар коюлат. Кыргыз тили сабагында колдонулуучу текстти тандоо учурунда аталган максаттардын бардыгын же алардын ичинен бирөөнү тандап алууга болот. Бул милдет толугу менен окутуучуга жүктөлөт. Албетте текст тандоодо өтүлүүчү сабактын темасы өзгөчө мааниге ээ, б.а. текстгин мазмуну өтүлүп жаткан сабактын темасына шайкеш келип, аны түшүндүрүүгө, бышыктоого жана жыйынтыктоого кызмат кылышы шарт.

Азыркы учурда кыргыз тилин окутуунун мазмунун аныктоодо аны компетенцияларга бөлүп карoo кеңири тараган. Кыргыз тилин окутуунун негизги компетенциялары тууралуу Ж.Чыманов төмөнкүдөй түшүндүрмөлөрдү берген:

- тилдик компетенция - бул окуучулардын тил бирдиктерин жана алардын курулуш эрежелерин билүү;

- лингвистикалык компетенция - бул тил жөнүндө илимдин негиздерин, лингвистикалык талдоо жүргүзүүнүн методдорун, тилдин өнүгүшүн, тил жөнүндөгү белгилүү окумуштуулардын эмгектерин билүү;

- коммуникативдик компетенция - бул сүйлөшүүнүн максатына жараша түшүнө жана сүйлөй билүү жөндөмдүүлүгү;

- маданият таануучулук компетенция - бул эне тилин улуттук маданияттын казынасы катары, улуттук тарыхый тажрыйба, адамдын ички дүйнөсүн чагылдыруучу каражат катары өздөштүрүү" (1).

Колледжде кыргыз тилин окутууда аталган компетенциялардын бардыгын калыптандырып, өнүктүрүү талабы коюлат. Демек кыргыз тили сабагында колдонулуучу текстти тандоодо анын мазмунунун аталган компетенциялардын бирине жооп берүүсүн эске алуу зарыл. Кыргыз тилин окутуунун методикасы илими берилген компетенциялардын ичинен коммуникативдик компетенцияга артыкчылыктуу маани берилет. Бул кыргыз тилин окутуунун максаты кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү болгондугу менен түшүндүрүлөт. Мындан улам коммуникативдик компетенция - бул, барыдан мурда, тилди, тил байлыктарын туура жана орундуу колдонуу менен ар кандай шарт-кырдаалда, ар кандай адамдар менен сүйлөшө алуу, тил табыша алуу жөндөмдүүлүгү.

Ал эми тилдик жана лингвистикалык компетенцияларды көчүлүк учурда бириктирип, бир компетенция катары карашат. Бул компетенциянын негизги мазмуну катары тил бирдиктери (тыбыш, сөз, сүйлөм) жана аларды тейлеген эреже, аныктама жана тил мыйзамченемдери ж.б. эсептелет. Азыркы кыргыз тили окуу китептеринин негизги мазмунун ушул тилдик-лингвистикалык компетенцияларды калыптандыруучу маалыматтар түзөт. Биз бул компетенцияларды окутуп-үйрөтүүдө кыргыз тили окуу китептериндеги материалдар менен чектелбей, ага карата атайын тексттерди тандап алууну алгылыктуу деп эсептейбиз. Ошондуктан мында кыргыз тили боюнча жарык көргөн илимий эмгектерден тексттерди алып, аны сабактын темасы менен максатына ылайыктап, адаптациялап колдонууну сунуш кылабыз.

Кыргыз тилин колледждерде окутууда студенттердин маданият таануучулук компетенцияларын калыптандырууга да өзгөчө маани берилүүгө тийиш. Бул максатта элдик педагогикалык материалдарды пайдалануу алгылыктуу. Мисалы, сен деген - сенек сөз, сиз деген - сылык сөз; ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлө; ириген ооздон чиригн сөз чыгат сыяктуу макалдарды, бээ десе, төө дейт, оозуна келгенди оттойт, оозунан ак ит кирип, кара ит чыгат ж.б. Фразеологизмдерди сабакта колдонуп, алардын маанилерин чечмелеп, турмуштан мисал келтирип, аларды катыштырып сүйлөмдөрдү, андан соң тексттерди түздүрүү сабактын натыйжалуулугун арттырат.

Соңку мезгилдерде кыргыз тилин окутуунун мазмундук курамына өлкө таануучулук компетенциясы да киргизиле баштады. Бул компетенциянын негизги максаты - окуучулар менен студенттердин өз Мекени, өз өлкөсү тууралуу, анын тарыхы, маданияты, жерсуусу, көл, тоолору, мыкты инсандары ж.б. тууралуу толук кабардар болушу. Кыргыз тилин окутууда мындай максатты тилдин өзүн окутуу менен ишке ашыруруга дээрлик мүмкүн эмес. Ал үчүн өлкө, мамлекет жөнүндөгү ар кандай маалыматтарды камтыган тексттерди милдеттүү түрдө экендигин тастыктоого болот. Кыргыз тили сабагында колдонулуучу текстти тандоо боюнча К.Добаев, А.Акматов жана Р.Сулайманованын төмөнкү пикирин толук келтирүүнү зарыл деп эсептейбиз.

"Мугалим үчүн текст окуу китебинин коммуникациялык тилдик жана өлкө таануу компетенциясын калыптандыруунун каражаты болуп саналат. Текст - окуучу үчүн маалыматтын булагы. Түшүнүүнүн жана окуп-үйрөнүүнүн обьектиси.

Окуу текстинин саналып өткөн кызматтары ага карата негизги талаптардын комплексин аныктап, ага төмөнкүлөр кирет:

1. Билим берүүчүлүк жана маданий-тарбиялык баалуулугу.

2. Усулдук максатка ылайыктуулугу (тексттерди тандап алууга, ошондой эле усулдук аппаратка-текстти коштогон тапшырмалар менен көнүгүүлөргө карата талаптар).

3. Жеткиликтүүлүк (тексттин тилдик баяндалышына карата талаптар).

4. Азыркы адабий кыргыз тилинин чснемдеринин, ошондой эле оозеки жана жазуу кебинин ченемдеринин көз карашынан алганда элестүүлүк.

Тексттерде кыргыз тилин өздөштүрүүнү маанилүүлүгүн жана зарылдыгын, Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган адамдардын коомдук, экономикалык жана рухий жашоосундагы ролун ачып берүүгө өзгөчө көңүл бурулууга тийиш. Патриоттук ынанымдарды, киндик каны тамган, өздөрү жашап жана окуп жаткан жерди сүйүүнү, өзү бирдиктүү кыргыз эллине таандык экендигин ындап-түшүнүүнү калыптандыруучу тексттер зарыл" (2). Биздин оюбузча, берилген цитатада текстти тандоонун негизги талаптары, критерийлери берилген. Ар бир кыргыз тили мугалими, окутуучу текст тандоодо бул талаптарды эске алууга тийиш деп эсептейбиз.

Колледждин студенттерин текст менен иштөөгө, текст түзүүгө үйрөтүүдө көрсөтүлгөн талаптарга жооп берген диалогдук жана монологдук тексттерди пайдалануудан байкоону алгылыктуу деп билебиз. Мындай тексттерге коюлуучу негизги талап диалогдун сүйлөшүүнүн максатына жана жагдай-шартына жараша курулушуна, анда колдонулган тил каражаттарына көңүл буру болуп саналат. Диалог белгилүү бир максат көздөп, белгилүү бир темага арналат. Мында түзүлгөн текст да ошол мазмунду камтыйт. Эң жөнөкөй суроо-жоопто да тема менен максат болот. Демек диалог бул тек гана "ойду-тоону сүйлөө" сүйлөө эмес. Ал - коммуникативдик максатты көздөгөн кеп ишмердүүлүгү. Диалогдук текстти сабакта колдонуудагы негизги максат студенттер мындай типтеги кеп ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүүлөрүнө жетишүү болуп саналат.

Текст тандоодогу дагы бир орчундуу маселе текстти адаптациялоо же ыңгайлаштыруу болуп саналат. Текстти адаптациялоо да сабактын темасына, максатына, ошондой эле студенттин жалпы акыл-эстин өнүгүү деңгээлине, анын тилдик, коммуникативдик даярдыгына жараша жүргүзүлөт. Мында тексттин тилдик бирдик, каражаттарды толук алмаштыруу иштери жүргүзүлбөйт. Ал, негизинен, сюжеттик-композициялык түзүлүшүн жөнөкөйлөштүрүү, айрым жерлерин кыскартуу, сөз, сүйлөм кошуу же кемитүүнүн эсебинен жүргүзүлөт. Ашкере кайталоолор, сыпаттоо, баяндоолор кыскартылат. Мындай иштер тексттин негизги оюна, идеясына доо кетирбегендей абалда иштелүүгө тийиш. Текстти адаптациялоонун негизги максаты - анын студент үчүн жеткиликтүүлүгүн, түшүнүктүүлүгүн жана кызыктуулугун арттыруу.

Эгерде өтүлүп жаткан кыргыз тили сабагы лексикага арналса, ага карата текст тандоодо окутуучу төмөнкү жагдайларга көңүл бурууга тийиш:

- тексте студенттерге белгилүү сөздөр менен бирге эле алар түшүнбөгөн сөздөрдүн болушу;
- сөздөрдүн тике, өтмө жана кыйыр мааниде колдонулушунун чагылдырылышы;
- эскирген жана неологизмдердин болушу;
- тексттик мазмунунун кызыктуу болушу;
- жаңы сөздөрдүн жасалышына мисалдардын болушу;
- сөзгө байланыштуу макал-лакаптардын болушу ж.б.

Тилдин морфология, синтаксис бөлүмдөрүн окутуу үчүн текст тандоо аталган бөлүмдөр боюнча студенттердин билимин жогорулатууга багыттап жүргүзүлөт. Мында тексттин мазмундук негизин конкреттүү темага тиешелүү материалдар, маалыматтар камтылууга тийиш. Мисалы, сабакта же сабактар топтомунда кыргыз тилиндеги сын атоочтор өтүлүп жатса, аларга арналган тексттерде сын атооч сөздөр, алардын жасалышы, даражалары, өзгөчөлүктөрү тууралуу маалыматтар жетишүү болуусу зарыл.

Конкреттүү сабакка карата тексттерди адаптациялоо дайыма жана милдеттүү түрдө жүргүзүлбөйт. Ал айрыкча студенттердин жалпы эле текст боюнча түшүнүктөрүн калыптандырууда, текст талдоого үйрөтүүдө көп жасалат. Бирок студенттердин текст боюнча белгилүү бир түшүнүктөргө ээ болуп, текстти өз алдынча талдай алуу көндүмдөрүнө жетишкен учурда колдонулуучу тексттерди адаптациялоонун зарылдыгы жок. Текст түп нускада кандай болсо, аны эч өзгөртпөстөн ошол турушунда сабакта колдонуу керек. Ал тексттин мыкты жана кемчилик жактарын студент өзү таап, аныктап, баалоого көнүгүшү зарыл.

Адабияттар

1. Чыманов Ж. Кыргыз тили: Сабактын үлгүлөрү жана сабакты талдоонун методикасы. - Б., 2009. - 64 б.

2. Добаев К., Акматова А., Сулайманова Р. Кыргыз тилин бөтөн тил катары окутууга арналган окуу китептеринин мазмуну жана түзүмү. - Б., 2009. - 92 б.

3. Кыргыз тилинин сөздүгү.- Б.: - 2010. - 146 б.

4. Рысбаев С. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жана практикалык маселелери. -Б.-2011.-250 б.

5. Сартбаев К.К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. - Б.: 1978. - 308 б.

Ф.Елкуван,

Кыргыз-түрк Анадолу лицейи

ИСЛАМГА ЧЕЙИНКИ ТҮРК ТАРЫХЫНЫН БУЛАКТАРЫ ЖАНА ТАРЫХТЫ ОКУТУП ҮЙРӨТҮҮ

Тарых илими адам баласы пайда болгон мезгилде эле жаралган. Дүйнөдө жашаган ар бир улут, ар бир топ өтмүштө башынан өткөргөн окуяларды унутпай, улуттук баалуулуктарын барктап, баатырларын даңазалап улам кийинки муундарына үйрөтүп олтурган. Бүгүнкү күндө да бул нерсе уланып келе жатат. Ар бир мамлекет, ар бир эл өз тарыхына абдан маани берип, ынтызардуулук менен кийинки муундарына өз тарыхын окутуп келет.

Бир канча элдерде болгондой эле Түрк калктарынын да тарыхына өзгөчө маани бергендигин көрө алабыз. Эпостор менен, оозеки чыгармачылык аркылуу өтмүштөгү окуяларды, баатырдык көрсөткөн адамдарды, үрп-адат жана салт-санаасын жаңы муундарга өткөрүп олтурган. Мунун эң маанилүү далили Түрк тилдүү калктардын оозеки чыгармачылыгынын абдан бай экендигинде. Гөмеч, Түрк тилдүү калктарга таандык ар кандай дооорлордо пайда болгон 200 эпостун бар экендигин баса белгилейт. Бул нерсе бизге эски түрк тарыхынын булактарынын канчалык көп экендигин көрсөтүп турат.

Түрктөр тарыхта отурукташкан жашоого кеч өткөн коомдордун катарына кирет. Отурукташкан жашоого кеч өткөндүктөн тарыхы тууралуу жазылуу булактар кийинки дооорлордо келип чыккан же башка элдердин жазылуу булактары аркылуу тарыхы жазылып келген. Түрк элдеринин тарыхын изилдөөдө дооорлорго бөлүп алуу тарыхчылардын ишин жеңилдетет. Түрк тарыхы бул багытты Исламга чейинки жана Ислам дооорундагы Түрк тарыхы катары эки доордо каралат. Исламга чейинки Түрк тарыхы көбүнэсе археологиялык жана фольклордук булактарга таянатат.

Тарыхты так жана туура изилдөө, көптөгөн темалардын ачыкка чыгышы тарыхый булактардын терөнине түшүп изилдөө аркылуу кана мүмкүн. Түрк элдеринин тарыхы өтө терең. Ошондой эле Түрк элдеринин тарыхына байланышуу булактар дагы арбын жана көп түрдүү. Тарых илиминин, анын ичинде Түрк тарыхынын булактарын үч топко бөлүп карооо болот:

A - Ооз эки булактар

B - Археологиялык булактар

C - Жазылуу булактар

Ар бир булакты өз өзүнчө талдоого алып көрөлү.

A - Ооз эки булактар:

Фольклордук чыгармалар катары карооо болгон ооз эки булактар элдин өтмүшүн өз ичине камтышат жана азыркы күнгө чейин сактап келишет (4). Улама кеп, дастан, тарыхый анегдоттор, макал лакаптар, тоскоолдук, бешик ыры, алдей-алдей, ишеним, өрп-адат, түрүктүү сөздөр айкашы, өндүү фольклордук чыгармалар тарыхый окуялар тууралуу маалыматтардан кабар берет. Абдүлкадир Инан "Жазылуу документтер менен чечилбей турган маселелерди фольклор жана этнография аркылуу чечүүгө болот" - деп ооз эки булак катары фолькордун маанисин көрсөткөн (3).

Фольклордук чыгармалардын ичинен дастандардын орду өзгөчө. Дастандар көптөгөн мифологиялык элементтерди өзүнө камтыйт. Түрк тили жана адабиятынын казынасын түзгөн дастандар Түрк тарыхынын да негизги булактарынын катарында болуп саналат. Садеттин Гөмеч "Дастандар Түрк улутунун тарых сахнасына чыгышы менен башталып, азыркы күнгө чейин адаиятыбыздын баа жеткис байлыгы катары каралып келет. Дастандар улуттук баалуулуктарга жык толгон чыгармалар. Кылымдарды карыткан дастандар улуттук аң-сезим, рухту алып жүрөт"(2).

Орто Азия Түрк тарыхына тийешелүү эң негизги булактардын бири болгон дастандар алгач ооз эки түрдө болуп, кийинчерээк жазылуу түргө келтирилген. Аталган дастандардын эң негизгилери Огуз Каган дастаны, Эргенэкон дастаны, Бозкурт уламышы, Манас эпосу, Алп Эр Тунга дастаны болуп саналат. Жазылбай калган дастандар азыркы күнгө жеткен эмес. Ал эми азыркы күнгө чейин жеткендери дагы өзгөрүүгө дуушар болгон же кысартылган (5).

Гөмеч Түрк эпосторунун ичинен Манас эпосунун Түрк тарыхындагы мааниси тууралуу төмөндөгүдөй ойун билдирген: "Манас эпосу Кыргыздардын IX. кылымдан кийин мамлекетке ээ болгонун жана бул багыттагы согуштук аракеттерин өзүнө камтыйт. Аталган доордон XX кылымга чейин Кыргыздарда ооздон оозго өтүп келген жана Түрк маданиятынын миң жылдык бөлүгүн өз ичине камтыйт. Манас эпосунда эски Түрк диний ишенимдери жана Исламдын да издери бар. Эски көчмөн турмуш жана Түрктөрдүн жашоого болгон көз карашы негизги элементтерден болуп сана-

лат". Манас эпосу Кыргыздарга тийешелүү болсо да, Түрк элдеринин жалпы маданий баалуулуктарын өзүнө камтыйт жана Түрк тарыхын изилдөөчүлөр үчүн баа жеткис булак болуп саналат.

Кафесоглу айткандай, Түрк элдерин боордош кылган эң маанилүү фактор фолькор; тактап айтканда тил, маданият өндүү элементтердин бирдей болушу болуп саналат. Фольклордук булактарда кээ бир айырмачылыктар болсо да, негизинен тамыры бир экени жашыруун эмес. Түрк элдеринин тилдери, макал лакаптары, алдей-алдей, эпосторундагы улуттар, кийимдери, жашоо стили дагы көптөгөн тараптары дээрлик окшош экенин көрүүгө болот. Түрк элдеринин ортосундагы тарыхтын тереңинен бери келе жаткан жогорудагыдай орток баалуулуктар тарыхты окутуп үйрөтүүдө эске алынышы зарыл. Келечек муундарга мындай бир туугандык байланыштарды окутуп үйрөтүү, тарых сабагында бул маселеге жетиштүү деңгээлде орун берүү керек.

В - Археологиялык табылгалар:

Тарых илим үчүн эң маанилүү булактардын бири археологиялык табылгалар экени талашсыз. Исламга чейинки Түрк тарыхын ачып берүүдө археологиялык табылгалар табылгыс булак болуп эсептелет.

Гөмеч "Баардык улуттар сыяктуу эле, Түрк элинин да эски тарыхын жана маданиятын толук түшүнүү үчүн алгач арехологиялык табылгаларды карап чыгуубуз керек. Материалдык маданий табылгалардын катарында ташбалбалдар, мазарлар, турмуш-тиричиликте колдонулган бардык бюум тайымдар кирет. Көчмөн турмушта жашаган Түрктөрдун Чыгыгында Енисей, батышты Ортоңку Европага чейинки мейкиндикте жашоолорун чагылдырган табылгаларды кездештирүүгө болот" деген ойун айтуу менен Түрк тарыхына байланыштуу археологиялык булактардын көп түрдүүлүгүнө жана маанисине басым жасаган (2).

Көптөгөн археологдордун жүргүзгөн экспедицияларынын жыйынтыгында Түрк элдеринин тарыхына байланышкан жүздөгөн табылгалар табылган. Алардын ичинде курал жарактар, кийим кечелер, ат жабдыктары, айыл чарбасына байланышкан куралдар, кооздук буюмдары, шаарлардын калдыктары, чептер ж.б. бар. Мумияланган жана тоңуп калган адамдын денелери да бар. Алардын кээ бирлеринин ички органдары алынып кайра тигилгени да байкалган. Табылган шаар калдыктары жана чептерден улам Түрктөрдө отурукташкан жашоо стили дагы кеңири жайылганын көрүүгө болот (5).

Ээр кайыштары, таштар, керамикалардын бетинетүшүрүлгөн сүрөттөр аркылуу дагы Түрктөр дүн эски доорлордогу жашоошарты тууралуу баалуу маалыматтарды алууга болот. Мындай сүрөттөрдө аңчылык биринчи планда экени белгилүү. Айрыкча ОртоАзияда жашаган, бирок жок болуп кеткен жаны барлардын түрлөрүн көрүүгө болот. Ошондойэле, бул сүрөттөрдө Түрктөргө тийешелүү кийим-кечелердик өздөштирүүгө болот. Кийимдер негизинен согушкаыңгайлашканын байкоого болот. Түрктөрдүн мазарларынан табылган жаны барларда бар. Алар көз жумган адам менен бир гекөмүлгөн. Көктүрктөрдө жана Хундарда алар ат болсо, Кыргыздарда кой болгон. Археологиялык табылгалар Түрктөрдө айыл чарбасынынд амыкты деңгээлде өнүккөнүн көрсө түп турат.

Жогорудагы маалыматтар таасын далилдеп тургандай, Түрк элдеринин тарыхын изилдөөдө археологиялык табылагалар жана булактардын мааниси эбегейсиз. Археологиялык булактар Түрк элдеринин орток баалуулуктары бир-бирлерине абдан жакын экенин дагы бир ирет көрсөтүп турат.

С- Жазылуу булактар:

Орто Азия Түрк тарыхынын жергиликтүү жазуу булактары кеч калыптанган. Алгачкы жазылуу булак катары Орхон жазууларын көрсөтүүгө болот. Бул жазуулардын алгачкылары 732 - жылыпайда болгон Күлтегин жазуусу болуп эсептелет. 734-жылы Билге Каган жазуусу, кийинчерээк Тоникук жазуусу пайда болгон. Бул таш эстеликтерде алгачкы жолу Түрк тарыхы жазылган. Решат Генч Көктүрк алфавитинин тамыры Кыргыз алфавитине таянаарын айткан (1).

Орхон жазма эстекликтери жана бул өндүү башка жазма эстеликтер Түрк тарыхы тууралуу баалуу маалыматтарды берет. Бул эстеликтер аркылуу Түрктөрдүн саясый, маданий жашоосу, мамлекеттик башкаруусу, тили, өз ара мамилелери, тышкы байланыштары өндүү көптөгөн суроолорго жооп табуу мүмкүн.

Орхон жазуулары табылганга чейин Орто Азия Түрк тарыхына байланыштуу эң негизги тарыхый жазма булак Кытай булактары болгон. Кытай булактары Түрк тарыхынын көптөгөн аспекттерин чагылдырган. Айрыкча мамлекеттик катоолор дагы маанилүү маалыматтарды берет. Бул каттоолор б.з.ч. 206 - жыл менен 1644 - жылдардын ортосундагы доорду камтыйт. Бул каттоолор 235 томдон турат. Каттоолорго таянуу менен В. Еберхард Түрктөргө тиешелүү көптөгөн бөлүгүн жарыялаган (5). Эски Түрк тарыхын изилдөө жана жазууда Кытай булактары биринчи жолку жыйналуучу маалымат болуп саналат. Алгачкы Түрк мамлекетинин, башкача айтканда Хун мамлекети Кытай булактарынан улам билинген.

Жогоруда кыскача айтылган Исламдан мурда Түрк тарыхына таандык маалыматтар бизге Түрк калктарынын тарыхый аң-сезими тарыхты окуп-билүү каалоосу тээ байыркы мезгилдерден бери уланып келе жаткандыгын көрсөтүп турат. Түрк элдеринде Исламдан мурда оозеки тарых билиминин кеңири жайылгандыгын айтып өткөн элек. Түрк мамлекеттеринде жана элдеринде тарыхый окуяларды жана баатырдык өнөрдү келечек муундарга жеткирүүгө дайыма терең маани берилип келген. Огуз каган дастаны, Манас дастаны, Көктүрк эскерүүлөрү мунун ачык айкын далилдери боло алат.

Коомдук илимдердин ичинен эң маанилүүсү болгон тарых илими коомдордун кайдан келгендиги жана кайда бара жаткандыгын түшүндүрүү функиясын аткарат. Тарых адамзатка маалымат берип, аң-сезимин калыптандырат. Адамзаттын өтмүшү, учуру жана келчегинин ортосунда байланыш түзгөн тарых илиминин туура аң-сезимди калыптандыруудагы ролу эбегейсиз. Андыктан баардык коомдор билим берүү системаларында тарыхты окутуп үйрөтүүгө өзгөчө көңүл буруп келишет. Түркияда, Кыргызстанда дагы тарыхый билим берүүгө терең маани бериле тургандыгын айтууга болот.

Адабияттар

1. Генч Р. Карахандар Мамлекетинин Бийлик Түзүлүшү. / Которгондор: М. Үрекли, З. Мусабаэва - Б., 2004.

2. Gömeç S. Islam Öncesi Türk Tarihinin Kaynakları Özerine.

3. Inan.A. "Epope ve Hurafe Motiflerinin Tarih Bakımından Önemi" Makaleler _ve İncelemeler I, Ankara, 1987-194

4. Sakal.F. Folklor Ürünlerinin Tarih Araştırmalarında Kaynak Olarak Kullanılması, fahris@omu.edu.tr

5. Yolalıcı, M.E, Türk Tarihinin Kaynakları, Samsun 2006.

Н.Р.Суранова,
Ош технологиялык университети

КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫНДА ТЕКСТТИ КОЛДОНУНУН ТАРЫХЫНАН

Эгерде кыргыз тилин өзүнчө предмет катары, сабатсыздыкты жоюунун каражаты катары окутула баштаганын И.Арабаев менен Х.Сарсекеевдин кыргыз-казак балдары үчүн жазып, 1911-жылы Уфа шаарында басылып чыккан "Алифва йаки төтө окуу" китебинен башталат деп эсептесек, анда кыргыз тилин өзүнчө сабак түрүндө окуп-үйрөтүүгө 103-жыл болот. Демек бир кылымдан ашык окутуу тарыхы бар кыргыз тилин окутуунун баскан жолуна, тажрыйбасына, ийгиликтерине кайрылууга милдеттүүбүз. Албетте окутуунун тарыхына бүтүндөй кайрылбастан, андагы текстти колдонуу, ал боюнча иштөө, тексттин окутуудагы ролу менен маанисине гана, өз максатыбызга ылайык токтолобуз.

И.Арабаев менен Х.Сарсекеевдин аталган окуу китеби 75 сабактан туруп, анын 35и алиппеге, тамга таанытууга арналган да, калган сабактар толугу менен тексттер аркылуу өткөн. тексттердин негизин элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрү: макал-лакаптар, учкул сөз, жомок, аңгемелер жана атайын маалыматтар түзгөн. окуу китебин түзүүчүлөр жаштарга тамга таанытып, сабатын ачып, окууга жана жазууга гана үйрөтүүгө басым койбостон, алар менен бирге маалымат берүү, тарбиялоо, таанытуу максаттарын да көздөшкөн. мисалы толугу менен тарбиялык максатты көздөгөн "Жалко бала менен ишкер бала", "Жакшы бала менен жаман бала", "Ач карышкыр", "Бүркүт менен карга" ж.б. кызыктуу жана тарбиялык мааниси күчтүү жомок, тамсилдерди окуу китебинде беришкен.

Ошол эле Э.Арабаевдин "Жазуу өрнөктөрү" деп аталган экинчи кыргыз тили окуу китеби 1912-жылы Оренбург шаарында басылып чыккан. Бул окуу китеби кыргыз жаштары үчүн гана атайын иштелип чыккан алгачкы окуу китеби болуп саналат. Окуу китебинде мурунку китептеги салт улантылып, китеп эки бөлүктөн турган. Биринчи бөлүгү же алиппе, экинчи бөлүгү алиппеден кийинки бөлүм. Аталган окуу китебинин жакшы жактарын белгилеп келишип, И.Арабаев боюнча терең изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн окумуштуулар Э.Маанаев менен А.Осмонкулов, төмөнкүлөрдү белгилешкен: "Алиппеден кийинки бөлүмдө берилген тексттер окуучулардын таанып-билүүсүн, сезимталдыгын өстүрүүгө багытталып, негизинен, элдик педагогиканын каражаттарына таянуу менен бир топ маанилүү маалыматтарды камтыган аңгемелер берилген. Анда бизди курчап турган жаратылыштын көрүнүштөрү, жаныбарлар, өсүмдүктөр, жапайы айбандар жөнүндө, жаратылыш байлыктарын үнөмдүү пайдалануу боюнча окуучуларды кызыктырган тексттер аз эмес". Бул пикирди андан ары улап, аталган окуу китеби боюнча Ж.Чыманов мындай деген: "... алиппеден кийинки мезгилде кийим-кече, тамак-аш, дене мүчөлөр, идиш-аяк, айбанаттар ж.б. аталыштардагы жаңылмачтар, табышмак, макал-лакаптар берилген. Кыргыз элиндеги отуздан ашык оюндун аталышы, түрлөрү жөнүндө айтылган, үй жаныбарларынын алтымыш, канаттуулардын алтымышка жакын аттары аталып, бак-дарак, өсүмдүктөрдүн жетимишке жакын аттары келтирилген" (1).

Окуу китептеринде берилген материалдар менен маалыматтардын дээрлик бардыгы текст түрүндө берилген. Эң алгачкы И.Арабаевдин эки окуу китебинде материалдар, окуу китебинин мазмуну төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга негиз болот:

- тексттер кыргыз тили боюнча жарык көргөн алгачкы алиппе окуу китептеринен баштап эле кеңири колдонула баштаган;
- тексттер кыргыз тилин окутуунун каражатын жана мазмунун түзгөн;
- тексттер таалим-тарбия берүүнүн, таанытуунун өзгөчө каражаты болгон;
- тексттер окуу китептеринин негизги мазмунун түзгөн.

Алгачкы кыргыз тили окуу китептерин терең талдоо аркылуу алардын мааниси тууралуу Ж.Чыманов төмөнкүдөй корутунду чыгарган: "Алгачкы окуу китептеринде тил төмөнкүдөй функцияларды аткарган:

1. Сабатсыздыкты жоюунун, билим берүүнүн каражаты;
2. Таанып-билүүнү, ой-жүгүртүүнү өстүрүүнүн булагы;
3. Тарбия берүүнүн кубаттуу, таасирдүү куралы;
4. Инсанды өнүктүрүүнүн каражаты;
5. Окутуунун предмети;
6. Информация алуунун;
7. Идеологияны жайылтуунун каражаты" (2).

Тыянактап айтканда, кыргыз тилин окутууда текстти колдонуунун тарыхы кыргыз тилин окутуунун тарыхы менен бирге башталып, окутуунун ажырагыс составдык бөлүгү болуп саналган. Тексттерди сабакта колдонуу алгачкы алиппелерден башталып, ал кийинки окуу китептеринде, окутуунун өзүндө салт катары улантылып келгендигин көрүүгө болот. Фактыларга кайрылалы.

Алгачкы кызыл профессор Касым Тыныстанов кыргыз тил илиминин теориялык негизин кыргыз тили окуу китептерин иштеп чыгуу аркылуу түзгөндүгү белгилүү. Бул чыгаан окумуштуу кыргыз окуу китептерин иштеп чыгууда И.Арабаевдин китептерине, жалпы ээле ал кезде жарык көргөн түрк тилдүү элдердин эне тили окуу китептеринин тажрыйбаларына таянган. Аларды чыгармачылык менен колдонуп, байыткан. Б.А. кыргыз тили окуу китептерин иштеп чыгууда сабатсыздыкты жоюп, тамга таанытууда ал биринчи орунга тексттерди койгон. К.Тыныстанов алгачкы окуу китептери болуп саналган "Биздин тил" (1927, "Окуу - жазуу тил" (1927), аттуу эмгектеринде макал-лакаптарды, уламыш, жомок, тамсилдерди, ырларды, көркөм тексттерди өтө көп колдонуп, ар бир текст боюнча аткарылуучу иштерди, тапшырмаларды белгилеп көрсөткөн. Профессордун 1929-жылы жарык көргөн "Жаңы айыл" окуу китеби жалаң тексттерден туруп, ал кыргыз тили окуу китебине караганда адабий окуу китебине өтө жакын болгон.

Ал эми 1932-жылы басылган "Тил сабагы" китебинде тексттерди берип, ал боюнча тапшырмаларды берүүнү азайтып, окуучуларды өз алдынча текст

түзүүгө үйрөтүүгө басым койгон. Окуу китебинин аталышынан кийин "2-жылдыктар үчүн кыргыз тилинин иш китеби" деген кошумча аталыш берилген. Демек бул китеп сабаты ачылып, окуп-жазганды үйрөнүп калгандарга арналган. Мисалы, чакан текст берилип, ал боюнча окуучулар өз алдынча текст түзүүлөрү, берилген бир нече сөздөрдү катыштырып текст түзүү, берилген суроолорго жооп берүү менен текст түзүү ж.б. өтө кызыктуу тапшырмалар берилген. Демек К.Тыныстановдун кыргыз тили окуу китептеринен баштап кыргыз тилин окутууда текст менен иштөө кеңири жайылтылган. Ошону менен бирге эле окуучулардын өз алдынча текст түзүүгө көнүгүүлөрүнө көңүл буру, аны окутуу иштери башталган деп айтууга болот. Тилекке каршы, И.Арабаев, К.Тыныстанов тарабынан негизделип, кыргыз тилин окутуунун максат-мазмунун, каражатын аныктоодо эң сонун кызмат кылган тексттерди сабакта колдонуу практикасы кийин кеңири колдонулуп, өнүктүрүлбөй, атүгүл өткөн кылымдын 90-жылдарына чейин дээрлик көңүл бурулбай калган. Бул боюнча Ж.Чыманов төмөнкүдөй жыйынтык чыгарган: "Тилди үйрөтүү боюнча жүргүзүлүүчү бардык иштер конкреттүү берилген текст менен байланышта, тексттин негизинде жүргүзүлгөн. 1927-жылы жарык көргөн "Биздин тил" окуу китеби "Козубайдын каты" деген текст менен башталып (автор аны "Байкоо" деп берген), ал текст боюнча иштелүүчү иштер, көнүгүү-машыгуулар (окуу китебинде "суроолор жана кызматтар" деп аталат) берилип, текст толук окулуп, талдалып, ал боюнча көнүгүүлөр иштелгенден кийин гана анын негизинде тилдик-теориялык (грамматикалык) тыянактар, эреже-аныктамалар чыгарылган (3).

К.Тыныстанов өзүнүн алгачкы кыргыз тили окуу китептеринде эле текст менен иштөөгө өзгөчө маани берип, текст кыргыз тилин окутуунун өзөгү экендигин ошондо эле байкаганы таң калыштуу, өзгөчө көрүнүш катары көрүнөт. Бул пикирге, тилди окутууга мындай мамиле кылууга соңку, эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин гана кайрадан көңүл бурула баштаганы К.Тыныстановдун көсөмдүгүн көрсөтүп турат (4).

Кыргыз тилин окутуунун методикасы илимине негиз салган, алгачкы агартуучу С.Наматов болуп саналат (5). Анын 1936-жылы жарык көргөн "Эне тилинин методикасы" аттуу китебинде эне тилди окутуудагы негизги максат окуучулардын оозеки жана жазуу кебин өнүктүрүү экендиги айтылган. Аталган эмгекти текст жөнүндө, тексти окутуу жөнүндө түздөн-түз сөз болбосо да окуучулардын оозеки жана жазуу түрүндө аңгеме (демек текст) курууга үйрөтүүнүн мааниси, ыкжолдору тууралуу ары кызыктуу, ары алгылыктуу сунуштар берилген.

Бул эмгектен кийин кыргыз тилин окутууда текст менен иштөө, талдоо, түзүү сыяктуу маселелерге дээрлик көңүл бурулбай калган. Албетте окуу китептеринде айрым тексттер, макал-лакаптар ж.б. материалдар берилип келген. Бирок алар тексттин өзүн окутууга эмес, тилдин грамматикасын үйрөтүүгө гана кызмат кылып калган.

Кыргыз тилин окутууда текстке кайрылуу, текст менен иштөө, текст түзүү, текст талдоо сыяктуу маселелер кыргыз тилин окутуу процессине 1987-жылы кайрылып келген. Ушул жылы кыргыз тилинин өркүндөтүлгөн программасы иштелип чыгып, ага "Байланыштуу кеп" бөлүмү киргизилип, бөлүмдө тексти окутуу каралган. Текст боюнча илимий-теориялык, методикалык эмгектер кыргыз тилинде дээрлик жок болгондуктан, тексти окутууга программаны түзүүчүлөрдүн бири С.Давлетов кайрылып, өзүнчө чакан эмгек жарыяланган.

Адабияттар

1. Маанаев Э., Осмонкулов А., Арабаев Э.- Кыргыз элинин алгачкы агартуучу окумуштуусу жана саясий-коомдук ишмери. -Б., 2002.

2. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. - Б.: Турар, 2009.

3. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. - Б.: Турар, 2009.

4. Тыныстанов К. Алгачкы эмгектер. -Б., 2001

5. Наматов С. Эне тилинин методикасы. -Ф., 1936.

Ж.Оздемир,
университет им. С. Демиреля

О НЕКОТОРЫХ ВОПРОСАХ ИЗУЧЕНИЯ ТУРЕЦКОГО ЯЗЫКА В КАЗАХСТАНЕ

В настоящее время изучение турецкого языка становится практической необходимостью для подготовки учеников к живому диалогу параллельных культур полиязычного мира. Владение несколькими иностранными языками, первым и вторым, в том числе и турецким, в нашем современном обществе становится - нормой.

Турецкий - крупнейший по числу говорящих (около 70 млн, в т.ч. свыше 60 млн человек считают его родным) тюркский язык; входит в огузско-сельджукскую подгруппу огузской группы алтайской семьи. Турецкий находится во втором десятке языков мира по распространенности. Турецкий язык - это важное средство коммуникации, востребованное в сфере бизнеса, поскольку тесное сотрудничество с Турцией делает изучение данного языка перспективным. Поэтому сейчас возрастает перспектива изучения восточных языков, так как они выходят на лидирующие позиции на международной арене. Турецкий язык - один из них. Он становится востребованным в Дании, Германии, Австрии, Бельгии, Болгарии, Кипре, Греции и Франции.

Модернизация содержания образования на современном этапе развития общества не в последнюю очередь связана и с инновационными процессами в организации обучения иностранным языкам. Это раннее (обязательное) изучение иностранного языка. Другое достижение - организация школьного образования такого уровня, при котором учащийся имеет возможность изучать не один, а два или даже три иностранных языка. Во многих школах нашей республики уже складывается определенный опыт изучения учащимися не

одного, а двух и даже трех иностранных языков. В школе возможно открыть необозримые просторы для взаимодействия языков и культур, для воспитания гражданина мира в толерантности к другим народам, в стремлении к пониманию многообразного поликультурного и многоязычного мирового сообщества.

Вопрос о том, какие современные языки должны изучаться в качестве второго иностранного языка, на сегодняшний день может быть решен в минимальном приближении. Следует учитывать такие основные факторы, влияющие на процесс отбора языков, как :а} степень популярности и распространенности ИЯ ; б) социальный заказ общества; в) региональные условия и потребности; г) подготовка специалистов в педагогических вузах; д) коммуникативно-познавательные потребности и интересы школьников.

В настоящее же время в школах Казахстана в основном преобладают традиционно изучаемые языки, как английский, немецкий и в последнее время турецкий. В силу того, что в школах сейчас чаще всего изучается английский, можно предположить, что наиболее востребуемыми, изучаемыми в качестве второго языка, вполне могут быть турецкий и немецкий языки. Следует отметить, что турецкий язык в отличие от других иностранных языков является близкородственным к казахскому языку, что в комплексе и в сущности будет определять содержание, форму и методы его обучения в целом.

Процесс внедрения иностранного (близкородственного) языка в учебные планы школ происходит по инициативе педагогических коллективов и может быть охарактеризован как попытки школ ответить на социальную потребность в мультилингвальном образовании как можно большего количества членов общества. В связи с этим ощущается значительный интерес к теоретическим исследованиям в области обучения нескольким языкам, осознание необходимости анализа и обобщения уже накопленного опыта.

Наличие в учебных планах двух-трех иностранных языков стало показателем престижности образовательного учреждения, а разработка основополагающих проблем его преподавания приобретает особую актуальность. На сегодняшний день заметна сильная тенденция увеличения числа желающих изучать турецкий язык.

Наиболее рационально для достижения значимых результатов по изучению турецкого языка вводить его не ранее, чем учащиеся приобретут элементарный уровень коммуникативной компетенции по родному и первому иностранному языкам.

Вопрос о количестве часов может вызвать споры. Конечно, чем больше часов-тем лучше. Но реальность школьной жизни заставляет считаться с объективными возможностями базисного учебного плана. Часы для ведения второго иностранного языка выделены за счет часов школьного компонента. Важно определить в первую очередь минимальный (необходимый и достаточный) объем курса турецкого языка. При этом мы еще исходили из известного постулата о том, что вторым иностранным языком овладеть легче, чем первым, третьим, легче, чем вторым и т.д., т.е., объем курса турецкого языка компенсируется значительным лингвистическим опытом учащихся, приобретенным ими при изучении родного языка.

Рассмотрим эффективные методы обучения турецкому языку.

Это, во-первых, метод опоры на лингвистический опыт учащихся. Особенностью обучения турецкому языку является то, что у учащихся уже сформированы общеучебные умения, а именно:

- работать в разных режимах (индивидуально, в парах, в группах);
- наблюдать, сравнивать, сопоставлять, анализировать, аргументировать свою мысль;
- распознать и дифференцировать языковые явления и слова (артикли, глагол-связку, структуру предложения, имена собственные и т.д.)
- пользоваться словарем, догадываться по словообразовательным признакам и по контексту о значении незнакомых слов, извлекать нужную информацию.

Все вышеизложенное положительно сказывается на процессе овладения турецким языком.

Следующим очень важным методом обучения турецкому языку считается метод сопоставления. Речь идет о необходимости воспользоваться преимуществом взаимодействия родного (казахского) языка при овладении близкородственным турецким языком, которое происходит в условиях мультилингвального обучения. Опыт школьников в изучении родного языка даёт возможность осуществлять положительный перенос уже полученных знаний, умений и навыков в область обучения . Как известно, более чем в 80 % случаев казахский и турецкий языки имеют существенные черты сходства. Значит, чем больше лексический запас школьников в родном языке, тем больше опор они могут получить при изучении турецкого языка. Одним из эффективных методов обучения турецкому языку мы считаем когнитивно-коммуникативный метод, предполагающий осознанное освоение учебно-речевого материала. При когнитивном подходе к обучению на второй план отходят все виды чисто имитативных и репродуктивных видов упражнений. Главное место в процессе обучения отводится упражнениям и заданиям познавательного характера, когда изучаемый язык оказывается реальным средством постижения иных, до сего времени не известных учащимся лингвистических фактов, явлений, а также сведений из других знаний (история, культура, традиция и др.).

В процессе работы по обучению турецкого языка происходит развитие, совершенствование чувства языка, приобщение школьников к национальной культуре турецкого народа. Работа с текстом на уроках турецкого языка создает условия: для осуществления функционального подхода при изучении лексики, морфологии, синтаксиса; для формирования представления о языковой системе, реализации внутрипредметных (межуровневых), а также межпредметных связей; для формирования языковой личности; для духовно-нравственного воспитания учащихся, для развития их творческих способностей.

Немаловажную роль в обучении турецкому языку имеет метод ориентации на личность ученика, на его развитие, самостоятельность, на учет его возможностей, потребностей, интересов. Важно добиться формирования у школьников внутренних мотивов обучения, самооценки, творческой активности. Чтобы нормально адаптироваться к современной ситуации, когда мир становится единым многонациональным, мультикультурным и многоязычным целым, представители общества на всех его уровнях должны понять, как важно знать разные языки (не только родной и обязательный анг-

лийский, которым сегодня никого не удивишь, но и малораспространенные языки), поскольку изучение языков- это способ воспитания толерантности, способности к сотрудничеству, достижения взаимопонимания между народами, уважения к личности независимо от её расовой, национальной, религиозной, политической принадлежности.

20 век объявлен эпохой многоязычных личностей и полиглотов. Насколько данная цель высока и благородна, настолько она трудна и сложна в практической реализации.

При большом желании учителя и учащихся можно организовать качественное обучение, обеспечить минимально достаточный уровень коммуникативной компетенции по изучаемому турецкому языку.

Таким образом, какие, конкретно, результаты будут достигнуты при плюролингвальном обучении (в нашем случае, в обучении турецкому языку?

1) школьники овладевают основными видами коммуникативной деятельности как на родном, так и на турецком, одновременно развиваясь как лингвистически интересные личности;

2) в контексте новой языковой политики изучение турецкого языка может сыграть значительную роль и оказать положительное влияние на формирование речевой культуры, интеллектуальных способностей и воспитание международно ориентированной личности. И недооценивать это сегодня нельзя.

Литература

1. Лапидус Б.А.Обучение второму иностранному языку как специальности-М.,Высшая школа, 1980.

2. Барышников Н.В .Методика обучения второму иностранному языку в школе. - М.,Просвещение, 2003.

3. Вайсбурд М.Л.Методы обучения. Выбор за нами.-Иностр.языки вшколе,2000,№ 2

4. Богданова О.С. Формирование личностного отношения учащихся к знаниям при обучении иностранному языку.- Иностр.языки в школе, 1989,№6.

5. Давыденко Г.В. Обучение второму иностранному языку в условиях лингвистической гимназии.- Иностранные языки в школе, 1998,№6

6. Баур Р.С.,Ступина Т.Н.,и др-Билингвальное обучение в школе: к вопросу о разработке учебно-методических материалов.- Иностранные языки в школе, 1996,№4.

ПСИХОЛОГИЯ

Азбергенова Г.А.,
КНУ им. Ж.Баласагына

ФЕНОМЕН ОБРАТНОГО КУЛЬТУРНОГО ШОКА В ПОЛИКУЛЬТУРНОМ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОМ ПРОСТРАНСТВЕ: К ПОСТАНОВКЕ ПРОБЛЕМЫ

Любая сфера человеческой деятельности, чтобы быть востребованной, с необходимостью должна откликаться на те изменения, которые происходят в мире. Поэтому сфера образования, хоть и является несколько консервативной, также вынуждена меняться в соответствии с требованиями общества. Прежде всего, следует отметить мощные интегративные процессы, происходящие в мире, которые способствуют формированию единого информационного пространства. Знания становятся основой конкурентоспособности человека, в связи с чем система получения знаний становится непрерывной, выходит за рамки отдельного учебного учреждения, охватывает всю жизнь человека.

Важно при этом подчеркнуть, что человек в настоящее время приобретает все больше возможностей самому выстраивать линию своего развития, подбирать образовательные системы в соответствии со своими потребностями и возможностями[1].

Еще с конца 40-х годов XX века ведущие мировые державы начали рассматривать международные образовательные обмены и программы как часть своей внешней политики, поставив их по важности в один ряд с экономической помощью другим странам. Уже к концу XX века сформировалась целая отрасль мирового хозяйства - международный рынок образовательных услуг с потоками международной академической мобильности численностью в несколько миллионов человек в год.

